Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

М. ПАРПИЕВ, Б. АЛЫМОВ

# АДАБИЯТ

## IX КЛАСС ҮЧҮН ОКУУ КИТЕБИ

*Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги жалпы орто билим берүүчү мектептердин 9-класс окуучулары үчүн окуу китеби катарында сунуш кылган*

Төртүнчү басылышы

ТАШКЕНТ – «O‘ZBEKISTON» – 2019

http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

УЎК 821.512.154(075)
КБК 83.3(5Кир)
П 17

**Рецензенттер:**

**М. Темирова** – Андижан мамлекеттик университетинин доценти, фил.илимдери доктору;
**Х. Усманов** – Ташкент облусу, Паркент районундагы 33-мектептин кыргыз тили жана адабияты мугалими.

**Парпиев Мерген жана б.**
П 17 Адабият: IX класс үчүн окуу китеби /М. Парпиев, Б. Алымов. –4-басылышы. –Т.: «O‘zbekiston», 2019. –304 бет.

ISBN 978-9943-01-519-7

**УЎК 821.512.154(075)**
**КБК 83.3 (5 Кир)**

**«Республикалык максаттуу китеп фондунун каражаттары эсебинен ижара үчүн басылды»**

ISBN 978-9943-01-519-7

© «O‘ZBEKISTON» БПЧҮ басмасы, 2006, 2010, 2014, 2019

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КИРИШҮҮ

## КӨРКӨМ АДАБИЯТ ДЕГЕН ЭМНЕ?

Адабият – бардык искусствонун ичинен адам көңүлүнө эң бир узак уялаган сөз өнөрү. Адам баласы жаралгандан баштап, бүгүнкү күнгө чейин легенда-мифтердин, макал-ылакаптар, санат-насыяттардын атадан балага, муундан-муунга айтылып келе жатышынын негизги себеби да ал чыгармалардын ар кандай доордогу алдыңкы адамдардын мүдөөтилегин чагылдыргандыгынан улам болуп отурат.

Биринчи Президентибиз Ислам Каримов «Жогорку руханият – жеңилгис күч» деген китебинде адамдын «руханий дүйнөсүн жарата турган дагы бир кудуреттүү каражат» бул – көркөм сөз өнөрү, көркөм адабият экендигин баса белгиледи. Адабият эзелтеден элдин жүрөгүндөгүлөрүн туюнткан чындык менен адилеттин жарчысы болуп келген. Эгемендүүлүк жылдарында адабиятты өнүктүрүү, тарыхый чындык менен биргеликте бүгүнкү күн жөнүндө, заманабыздын каармандары жөнүндө жаңы-жаңы чыгармалар жаратуу замандын талабы болуп калды.

Дүйнөнү адам көркөм өнөр аркылуу да таанып-билет, өздөштүрөт. Бирок көркөм өнөр коомдук турмуш жана табият көрүнүштөрүн, адам тагдырын, иш-аракетин, ой-сезимин элестүү, конкреттүү жекече (айрым-айрым) көрүнүштөр, тагдырлар, кыймыл-аракеттер, ой-пикирлер аркылуу туюндуруп түшүндүрөт.

Ар бир чыгармада жазыла турган турмуш сүрөттөрү сүрөткердин сезими, ой-чабыты, учкул кыялы менен кайрадан жанданып жаралат. Ошондуктан адабий чыгармалар (бүт искусство чыгармалары) адамдын сезимин козгоп, ар кандай аракетке салат. Бирок жазуучу болгон окуяны болгондой баяндоо менен чектелбейт. Ал ошол өткөн турмуш окуяларын эми гана болуп жаткандай кайта калыбына келтирип, көзгө элестете сүрөттөйт. Демек, качантан берки ой-сезиминде терең уялаган чыныгы турмуштук окуялар жазуучунун жанын жай таптырбай, көңүл кушун көтөрүп, кыялынан кайра жаралып жазылса, ал **көркөм элес** деп аталат. Адамга тиричилик берген Күндү эле алалы. Эгер адабият Күндү илим сыяктуу жарык жана жылуулук берүүчү энергиялык булак катары баяндаса, анда Күн Белинский айткандай, зор фонарга же мешке окшоп калмак. Акын-жазуучу үчүн Күн чексиз нерсе. Анда жакшылыктын бардык белгилери бар: ал бирде өмүр менен жашоонун



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

түбөлүктүүлүгүн элестетсе, бирде чыныгы адамгерчилик менен мээрмандыктын, таза сүйүү менен сулуулуктун, достук менен тынчтыктын символу катары сүрөттөлөт. Мындай болгондон кийин көркөм адабияттын негизги белгисин анын **образдуулугунан, эмоционалдуу-экспрессивдүүлүгүнөн** издөөгө туура келет.

Сөз өнөрү адам турмушунун мурдагысын да, турмуштун бир эле учурун да, бүтүндөй бир элдин тарыхын да, бир окуяны да, эң татаал окуяларды да берүүгө кудурети жетет. Ал адамдын сырткы кейпин да, ошондой эле көзгө көрүнбөгөн ички дүйнөсүн да, жаратылыш кубулуштарын да сүрөттөй алат.

**Адабият предмети – адам жана анын турмушу.** Бирок көркөм чыгарма көп тармактуу адам турмушун кургак тизмелөө менен чектелбейт, тескерисинче, аны көркөм каражаттар аркылуу элестүү, экспрессивдүү чагылдырат. Жашоодогу жакшылык менен жамандык, өлүм менен өмүр, сүйүү менен жек көрүү сыяктуу бой тирешкен карама-каршылыктарды айра билүүгө, асылдыкты баалоого үндөйт. Байыртадан бери эле сөз өнөрүндө адам турмушу баяндалып, ошондон бери адам концепциясы негизги орунду ээлеп келет, бирок көркөм чыгармада жалаң эле адам жөнүндө айтыла бербестен, анын тиричилигинин фонундагы жаратылыш, айлана-чөйрө жөнүндө да сөз болот. Ал көрүнүштөр кейипкерлердин мүнөзүн ачуучу каражат катары кеңири пайдаланылат.

> «Табигаттын чексиз кыймылы, токойлордун шуудурашы, күн нуруна чагылышып жылтылдаган түлкүнүн булакташы, жайкалган эгинди термелтип эрке желдин жортушу, ырчы булактын чулдураган үнү – ушулардын бардыгынан адам кээде арфанын үнүндөй жалгызсыраган мунду күүнү укса, кээде асман алдында шапар тээп, жыргалчылыктын ырын ырдаган боз торгойдун жомогун угат. Адамдагы поэзия мындан дагы молураак...».
>
> *Белинский*

**Мазмун менен форма** бири-бирине активдүү таасир эткен, бирин экинчисинен бөлүп карооо болбой турган ажырагыс түшүнүктөр. Көркөм баяндалган турмуш окуялары, адам мамилелери чыгарманын мазмунун түзөт. Анан ошол мазмунда кандайдыр бир калктын үрп-адаты, салт-санаасы, жашоо-тиричилиги, улуттук өзгөчөлүгү камтылып, өз эне тилинде жазылат. Мына ушул белгилер адабияттын формасын да аныктай алат. Акын-жазуучулар башка тилде, бөтөн эл-жер жөнүндө да жазышы мүмкүн.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Мазмундун өзгөрүшү ар дайым жаңы форманы талап кылат. Повесть, роман, драма сыяктуу жанрлар кыргыз адабиятында 20 – 30-жылдарда гана пайда болду. Кыргыз жазуучуларынын дээрлик көпчүлүгү адегенде ырдан башташканы белгилүү. Бирок ошол учурдагы ири өзгөрүштөр поэзиянын бешигине сыйбай, арымына батпай жаңы форманы талап кылды. Ошондуктан чыгармачылык жолун ырдан баштаган Т. Сыдыкбеков алыскы тоо арасына кирип келген жаңылыктарды кучагына камтып, боюна сиңире ала турган форма катарында роман жанрын тандап алып, «Кең-Сууну» жаратты.

**Сөз өнөрүнүн коомдук мааниси.** Сүрөткер өз чыгармасында белгилүү бир ой-пикирди, кандайдыр бир алдыңкы үлгүлүү адамдардын мүдөөсүн жан алакетке түшүп жактайт, кээ бирлерин күйгүлтүктөнө жектейт. Айрыкча, башка мүшкүл түшкөн кыйын кезеңдер эл-жер үчүн өзүн курман чалууну, жогорку инсандык сапатты адамдар көркөм чыгармалардан үйрөнүшкөн. Бул адабияттын кандайдыр бир прогрессивдүү коом үчүн кызмат кыларына жандуу күбө боло алат. Ошентип, искусство элдин баатырдык кайрат-күчүн, жүрөк сезими менен акыл-эсин, социалдык түшүнүгүн курчутуп жетилтет. Коомдук турмуш, айлана-чөйрө жөнүндө адамдарга ары опоңой, ары тымызын түшүнүк берүү менен алардын ой-сезимин, көз карашын калыптандырат, сулуулук менен көркөмдүккө болгон ышкы отун тутантып, сүйүүсүн ойготот, чындык менен адилеттүүлүктүн жеңиши, салтанаты үчүн күрөшкө чакырат. Мындай күрөштө адабият эзелтен зор мааниге эгедер болуп келген, ошондой боюнча кала берет.

Көркөм адабият – турмушту таанып билүүнүн өзгөчө бир формасы. Н.Г. Чернышевский адабиятты «турмуштун окуу китеби» деп атап, анын үч милдетин белгилеген. Биринчиден, адабият турмуш чындыгын өзүндөй кылып чагылдырат; экинчиден, турмуш чындыгын көркөм туюнтуп, ал чындыктын кайдан, кантип чыгышынын жүйөсү менен себебин ачып, түшүндүрөт; үчүнчүдөн, турмушка өзүнүн өкүмүн чыгарат. Демек, адабият – көп кырдуу коомдук турмушту кеңири камтыган жандуу тарых, адам жашоосун, сезимин кылдат талдаган татаал эсеп.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Көркөм адабият тууралуу Н.Г. Чернышевскийдин ой пикири.
2. Адабияттагы «көркөм элес» дегенди түшүндүрүп бергиле.
3. Практикалык жумуштар: көркөм чыгарма жазып көрүп, аны илимий адабият менен салыштыргыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# XX КЫЛЫМДЫН БИРИНЧИ ЖАРЫМЫНДАГЫ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ

## КАСЫМ ТЫНЫСТАНОВ

(1901–1938)

Жашаган доорунан, өз мезгилинен озуп, замандаштары туя албаганды туюп, келечектин күрөө тамырын кармап, анын бир кылымдык болмушун боолголоп көрө билген көрөгөч даанышмандар чыгат. Дал ушундайлардын бири – Касым Тыныстанов.

**Балалык чагы.** Касым Ысык-Көл районундагы Чырпыкты айылында 1901-жылдын 10-сентябрында дүйнөгө келген.

Касым жети жашка чыкканда эле атасы сабатын ачат. 1909 – 1912-жылдарда Чырпыктыда мусулманча окуп, андан кийин Сазановка айылындагы өзбек медресесине кирет. 1914–1916-жылдары Караколдогу орус-тузем мектебинде окуп, аздыр-көптүр орус маданияты, адабияты менен таанышат.

**Билим жолунда.** Садыбакас деген таякесинин жардамы менен 1919-жылы Ташкентке келип, Казак-кыргыз агартуу институтунун даярдоо бөлүмүнө алынат.

1920-жылы К. Тыныстанов Кыргыз агартуу институтунун биринчи курсуна өтүп, окуп жүрүп, казак тилинде чыккан мезгилдүү басылмаларда, Түркстан Эл Агартуу Комиссариятынын алдындагы Казак-кыргыз билим комиссиясында маяналуу кызматтарда эмгектенип, 1920 – 1924-жылдары «Өрис», «Ак Жол» гезиттеринде, «Жас кайрат», «Сана» журналдарында кызматкер болот. Дал ушул институтта окуп жүргөн төрт жылда К. Тыныстанов кыргыз эли үчүн алгачкы жазуу-чиймени



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жаратууга, айрыкча мектеп үчүн окуу куралдары менен окуулуктарды түзүп, кураштырууга киришет.

**Коомдук ишмер.** 1925-жылы Кыргыз Автономиялуу облусунун Академиялык Борборунун Кыргыз бөлүмүнүн катчылыгына дайындалат. Ал кызматта 1926-жылга чейин иштеп, ошол эле убакта эки-үч ай «Эркин-Тоо» гезитинин жооптуу редакторунун милдетин да аткарат. 1927-жылы Кыргыз Автономиялуу Республикасынын Эл Агартуу Комиссары болуп дайындалып, үч жыл иштейт. Ушул эле убакта (1928–31-жж.) «Жаңы маданият» журналынын редактору, 1930–37-жылдарда Кыргыз маданият курулуш институтунда илимий кызматкер, эки-үч ай анын директору да болуп, мындан тышкары Кыргыз педагогикалык институтунда сабак берет. Жергебизде эң биринчи К. Тыныстановго 1932-жылы доценттик, 1936-жылы профессордук илимий наам берилет. Бул жылдары ал бир аз убакыт театрга директор да болду. Белгилүү инсандын коомдук жана жаратмандык иштери кыскача ушундай. Бирок бул кургак цифралардын ары жагында анын көп кырдуу, чиеленишкен, татаал тагдыры жашырынып жатат.

**Көч баштаган илимпоз.** «Эркин-Тоо» гезитинин 1926-жылкы 8-апрелдеги санында анын «Баку калаасында боло турган түркология съезди жана анын кадыры» деген макаласы басылып, ал курултайда өзү түзгөн латын алфавитинин долбоору боюнча баяндама жасаган. Мектептер үчүн эне тилибизде окуу китептери түзүлүшү зарыл эле. Дал ушул маанилүү маселени чечүүнү Касым жарандык-атуулдук милдетим деп эсептеп, окуулуктарды түзүп, кураштырууга биротоло отурат. 1924-жылы «Окуу китебин» түзүп, 1926-жылы «Чоңдор үчүн алиппе», 1927-жылы «Эне тилибиз», 1933-жылы «Социалдык-экономикалык сөздүк», 1934-жылы «Кыргыз тилинин морфологиясын», 1936-жылы «Кыргыз тилинин синтаксисин» жаратты. Ошондой эле «Эне тили», «Жаңы айыл», «Тил сабаты», «Кыргыздын адабий тилинин жаңы долбоору», «Жаңы алфавит түзүүнүн жаңы принциптери», «Биздин тил» ж. б. ушул сыяктуу макала, эмгектерди жазды. Булардын айрымдары бүгүнкү күндө да өз күчүн жогото элек.

К. Тыныстанов өзүнүн 37 жыл өмүрүнүн эс тарткандан кийинки бөлүгүнүн көбүн практикалык жумуштар менен алектенип, алпурушуп жүрүп, адабий чыгармачыл иштерге көбүрөөк көңүл бөлүүгө мүмкүнчүлүгү да, убактысы да болбой калды. Анын көркөм чыгармалар жаратуу үчүн белсенип киришкени 1919–24-жылдарга туура келет. Ташкентте чыккан «Өрис», «Жаңы өрис» гезиттеринде 1919–21-жыл-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

дарда бир нече ыры казак тилинде жарыяланды. 1922-жылы кыргыз элинин өз эне тилинде басылмасы жарык көрөрү белгилүү боло баштагандан кийин, ал биринчи жолу кыргыз тилинде ыр жазууга киришти. Анын биринчи өз эне тилинде токулган ыры – «Ала-Тоо» 1922-жылы жазылды. Дал ушул мезгилде К. Тыныстанов бир жагынан окуп билим алып, бир жагынан мезгилдүү басылмаларда маяналуу иштерде иштеп, көп коомдук жумуштарды аткарды. Анан окуу китептерин жазып, окуулуктарды кураштыруу жөнүндө алдына чоң максат койду. Ошентип, Касым убактысынын тардыгына карабай көркөм чыгарма жаратуу үчүн белсенип киришет. Поэзия менен бирге кара сөз өнөрүндө да өз күчүн сынап көрүүнү чечет. Анын бул максаты ишке ашып, Ташкентте чыкчу «Жас кайрат» журналынын 1924-жылкы төрт санына (№ 1-4) катары менен «Мариям менен көл боюнда» деген көлөмдүү аңгемеси «Келгин» деген ат менен жарык көрөт. 1919-жылы С. Карачевдин «Үйлөнүүдөн качты» аңгемеси басылганына карабастан адабиятчылар Касымдын бул аңгемесин кыргыз прозасынын алгачкы үлгүлөрүнүн бири катары баалашып, андагы «...пейзаж, биринчи жактан баяндоо, портреттерди түзүүнү жаңылык» деп эсептешет[1].

1924-жылы К. Тыныстанов «Окуу китебин» жарыкка чыгарып, анда мектеп окуучулары үчүн көлөмү өтө чакан аңгемелерди, тамсил менен жомокторду өзү жазып кийирген.

1925-жылы Москвадан чыккан «Касым ырларынын жыйнагы» акындын 1919–24-жылдары жазылган бардык ырларынан кураштырылган. Ага удаа поэзиялык котормолор топтому «Өзгөрүш ырлар» деген ат менен 1926-жылы Фрунзеде басылды. Анын биринчи жана жападан жалгыз жыйнагында казак тилинде жазылган он эки, кыргызча жыйырма бир ыры жана «Жаңыл Мырза» поэмасы кирген.

Элибиздин энциклопедиясы, руханий дүйнөбүздүн туу чокусу болгон улуу жомок, укмуштуу «Манаска», ага байланыштуу окуяларга, дегеле элдик мурастарга К. Тыныстановго окшогон чоң окумуштуу-сүрөткер кайдыгер карай албайт болчу. 1933-жылдын жазында, Касымдын жетекчилиги менен У. Абдукаимов, К. Карасаев жана Т. Саманчин «Манастын» «Чоң казат» бөлүгүн сапма-сап которушат. Аны адабий жагынан иштеп чыгуу үчүн Липкин, Тарловский, Пеньковский сыяк-

[1] *Эркебаев А.* Жаңы маданиятыбыздын көч башы. Бишкек. «Адабият», 1991. 182-б.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

туу белгилүү акындар Москвадан чакыртылат. Котормонун редактору да Касым болуп, баш сөзүн да өзү жазат. «Академия кечелери» пьесалар түрмөгүндө «Алмамбет менен Чубактын жол талашканы» жана «Үргөнчтүн жээгинде Айчүрөктүн кырк кыз менен турушу» деген эки көрүнүш жазылган. 1935-жылдын жайында «Манас» боюнча илимий конференция өткөрүлдү, анда «Манас» жомогунун кыргыз эли үчүн мааниси» деген биринчи баяндаманы да К. Тыныстанов жасайт. Ошентип, улуу эпосту дүйнө элине таанытыш үчүн К. Тыныстанов өзүнүн бүт өмүрүн сайгандыгы байкалат.

**Акын-жазуучу, котормочу, журналист.** Орошон ойлорго баш оту менен кирип кеткен К. Тыныстанов эки-үч эр-азаматтын жумушун жалгыз өзү аткарып, суткасына 18 сааттан иштеп, бир эле убакта бир нече жерде эмгектенет. Анын канчалык далилдүү экендиги жогорудагы маалыматтардан да даана көрүнөт. Ал жаш чагында кургак учукка чалдыгып, анын азабын тарткан. Тыным албай, күндөп-түндөп иштөөнүн натыйжасында 30-жылдардын башында Касымдын сүзөктүү эски дарты күчөп кетет. Акыры дарыгерлер аны эс алууга көндүрүп, бир жылча айыл аралап дарыланат. Кеселинен кадыресе айыгып, эс алуудан кайткандан кийин кайрадан көжөлүп иштөөгө киришет. Бирок чыгаан окумуштууну тагдырдын тамашасы улам чакмак алып калчап, акыры «эл душманы» деген жалаа жабылып, отуз жетиге гана чыкканда атылып кетти.

Акырында, кайра куруунун шарапаты менен 1989-жылдын декабрында К. Тыныстановдун мурасы, чыгармалары элибизге кайтарылып берилди.

...Бишкек шаарына жакын Чоң-Таш капчыгайынын оозу. Ата-Бейит көрүстөнү. Бул жерде эл үчүн эч нерсесин аябаган, ак жеринен шейит болгон кыргыздын зор инсандарынын, асыл адамдарынын сөөгү жатат, алардын арасында Касымдын да сөөгү бар. Элибиздин бактысы, келечеги үчүн иштеп, ак жерден курман болушкан уулдарын эскеришип, алардын арбагына атап куран окуу үчүн көрүстөнгө жергебиздин бардык бурчтарынан жыл сайын жүздөгөн адамдар келишет...

### Суроолор жана тапшырмалар

1. К. Тыныстановдун балалык чагы кандай өттү?
2. Кайсы жогорку окуу жайында окуган? Бул окуу жайында окуган Орто Азиялык кандай акын-жазуучуларды билесиңер?
3. Касымдын коомдук жана илимий ишмердигин айтып бергиле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

4. Кыргыз жазма адабиятына кошкон салымы кандай?
5. Өткөн кылымдын 30–40-жылдарында тоталитардык бийликтин кесепетинен курман болгон өзбек акын-жазуучуларынан кимдерди билесиңер? Алардын кандай чыгармаларын окугансыңар?

## АЛА - ТОО

Кечиккен соң зарыгып,
«Унутту» деп таарынып.
Коргоол менен күн санап,
Жүргөндүрсүң камыгып.
Түндө жатып уктабай,
Күндүзүндө токтобой.
Жолоочудан жол сурап,
Тургандырсың Ала-Тоо!
Баламдан кабар укчу – деп,
Санаймын эрте-кечти – деп.
Булуттан жоолук оронуп,
Ак чачың музга боёлуп.
Көз жаш менен сай-сайды
Жуугандырсың Ала-Тоо!

Балама залал болор – деп,
Кийимсиз болсо тоңор – деп.
Жолдо болсо жаш балам,
Жүрүүгө болсун оңой – деп.
Каршы туруп ызгаарга,
Күч көрсөтүп муз-карга.
Кагылбаган жаш балам,
Кандай жолго түштү – деп.
Зардап ыйлап, үн салып,
Башына түшпөй күн чалып.
Дөңдөн түшпөй эрте-кеч,
Тургандырсың Ала-Тоо!

Айлар, жылдар өттү – деп,
Кабарсыз болуп кетти – деп.
Катпаган балтыр баламды,
Кимиси мерт этти – деп,
...Жайлоого көчүп өткөндө.
Көч үстүнөн селкиге,
Көз ымдап өтө кеткенде.
Чыдабай селки: «ойт! чу! ай!»
Деген кезде капчыгай.
Үнүн созгон чыдабай,
Баары эсимде, Ала-Тоо!

Кийин кандай күн болду,
Кимдер көчтү, ким конду.
Неге десең бооруңда,
Тура албадым мен оңдуу.
Мурун сенден көргөндүн,
Сен эсептеп бергендин.
Чып-чыргасы коробой,
Баары эсимде, Ала-Тоо!
Каргыш шамы жанганда,
Жазыксыз кан тамганда.
Таяныч издеп тырмалап,
Жөөлөп жолго салганда.
Түштүк, түндүк катташын,
Буугандырсың Ала-Тоо!

Жер сагынбас эл болбос,
Эл сагынбас эр болбос.
Жатка моюн сунгандай,
Эр жүрөгү кир болбос.
Какпаган кирпик көзүндү,
Муңканып айткан сөзүндү.
Ким унутуп кетмекчи,
Зарыкпагын Ала-Тоо!
Долуланып, солкулдап,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Алай-дүлөй толкундап.
Узатып салган Ысык-Көл,
Зары эсимде, Ала-Тоо!
Мен аманмын барамын,
Мүнөзү бар балаңын.
...Эң биринчи саламым,
Сага арнап жазгамын.
Жакшы саатта күтүп ал,
Бул белегим, Ала-Тоо!

Көп жашадың, көп көрдүң,
Ачуу-таттуу жеп көрдүң.
Тагдыр чапкан балтага,
Кыңк этпедиң, эп көрдүң.
Илгерки күндөр үрөйүн,
Жемдегендей жүрөгүм.
Эркелетип сүйлөсөң,
Бул белегим, Ала-Тоо!

## КЫШКЫ ТҮНДӨ

Чыкылдап, темир аяз түндү бийлеп,
Так куруп, атар таңга каршы сүйлөп.
Бук кылат, ич бышырат, отко салат,
Бир эсе тынч жүрөктү мыкчып, сүйрөп.

Шам жанат жалкоолонуп бүлбүлдөгөн,
Түшүрүп начар шоола үлбүрөгөн.
Кыз ырдайт кубулжутуп, ачуу-таттуу,
Үн менен ак жибектей үлпүлдөгөн.

## МАНАС КҮМБӨЗҮ

Сай-сайдан чымырканып, кулатып таш,
Омкоруп кедергини кылган талаш.
Башталып Ала-Тоодон Чүйгө карай,
Күзгүдөй суусу тунук агат Талас.
Урматтуу көз жаш менен ал күмбөзгө,
Коюлган өткөн күндө баатыр Манас.

Күмбөздүн салынганын кандайчалап,
Болгонун нечен жүз жыл мурун эбак.
Манастын эл бакканын, эл чапканын,
Кимдигин, кандайлыгын чын аныктап.
Мурун да окуучуга сүйлөп берген,
Айлана дубалына жазылган кат.
Бул күндө ырайымсыз жат колунан,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Мурунку жазуу, сызуу түшкөн урап.
Али да турат күмбөз таңыркатып,
Көргөндү ойлондурат көңүлүн тартып.

Алыста көрбөгөндү даңкы менен,
Өзүнө куса кылат кумардантып.
Эрте-кеч тоонун жели жомок кылып,
Күмбөзгө толуп жаткан сырлар айтып.
Бул күнкү урпагынын жайын сүйлөп,
Уйкуда жаткан эрди кайраттантып.
Ала-Тоо асман менен деңгээлдешип,
Көтөрүп көкүрөгүн, бой тирешип.
«Манасым эл ичинде экилтик» деп,
Талашкын Айга, Күнгө теңештирип.
Капчыгай, бийик зоока, чер карагай,
Күмбөздү күзөтүшөт кезектешип.
Жылгадан туйлап аккан тунук булак,
Манастын сөзүн курат маектешип.

Элинин эт жүрөгү жараланып,
Эбаккы өткөн күндүн изин чалып.
Ырчысы ырга кошуп атын жаттайт,
Комузчу күңгүрөнтүп күүгө салып.
Уулу зар болгон күнүн сүрөттөсө,
Жашынын каны кызыйт, ичи жанып.
Какшаган комуз менен муңдуу чертип,
Жоктошот эр Манасын эсине алып.

## Суроолор жана тапшырмалар

1. «Ала-Тоо», «Кышкы түндө» деген ырларда табият көрүнүшү кандайча сүрөттөлгөн? Көңүл күүсү жагынан бул эки ыр бири-биринен эмнеси менен айырмаланат? Ал ырларга анализ жүргүзүп, өз ара салыштыргыла.
2. Ошол мезгилде акындын «Манас күмбөзү» сыяктуу ырларына «өткөндү көксөйт, эскини мактайт» деген айып коюлган. Буга кандайча карайсыңар? Деги ыр эмне жөнүндө? Анда ата мураска берилген мамиле кандайча берилген? Ырдагы табияттын ролу кандай маниге ээ? Бүгүнкү күндүн талабы боюнча Касым Тыныстановдун ырларын кандайча баалайсыңар?
3. «К. Тыныстанов – тилчи-окумуштуу» деген темада реферат жазгыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# СЫДЫК КАРАЧЕВ

**(1900–1937)**

Улуттук жазма адабияттын, журналистика жана котормо өнөрүнүн жерпайын түптөшүүдө кадыресе орду бар туңгуч калемгер Сыдык Карач уулу чейрек кылымдан ашык убакыттан бери жамы журтчулугубуз гана эмес, адабият күйөрмандарынын арасында да дарексиз, кабарсыз болуп келди. Арадан отуз жыл убакыт өтүп, Сыдык жалган жалаадан, саясий айыптан толук арылды.

**Өмүрү жана чыгармачылык жолу.** С. Карачев азыркы Түп районундагы Жылуу-Булак айылында 1900-жылы дүйнөгө келген. Ымыркай кезинде эле ата-энесинен айрылып, жетим калыптыр. Эс тарткандан кандайдыр бир белгисиз себептер менен Каракол шаарына келип, Салих аттуу татар мугалимдикине үй кызматкери болуп орношот. Ошол мугалимдин жардамы менен шаардагы татарча жаңы тартип (жадид) мектебинен окуйт. 1919-жылы граждандык согуш курчуп турган мезгилде жергебиздеги улуттук жигиттерден кызыл гвардия бөлүмү түзүлгөндө Сыдык да ага катталат. Бул жерде ал улуу манасчы Саякбай Каралаев, белгилүү темир комузчу Адамкалый Байбатыров менен бирге аскердик машыгуудан өтүп, Казакстандын Лепси аймагында, анан атаман Анненков башчылык кылган ак гвардиячыларга каршы согушат. 1920 – 1922-жылдары Ташкенттеги аскер мектебинде окуп, ден соолугуна байланыштуу окуудан чыгып, Караколдогу кошчу уюмунда иштейт. «Эркин-Тоо» жарык көрөр алдында аны Ташкентке атайын чакыртышып, жооптуу катчы кылып дайындашат.

«Эркин-Тоодо» Сыдык Карачев алты жыл иштеп, 1930-жылы Оштогу «Кызыл пахтачы» газетасына жооптуу катчы болуп которулду. Кыскасы, 1924-жылдан баштап анын бүт өмүрү басма жана чыгармачыл иштер менен байланышта өттү.

С. Карачевдин биринчи ыры 1918-жылы татар тилиндеги «Шуро» гезитинде жарык көргөн, адегенде жалаң татар жана казак тилинде



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жазган, 1919-жылы «Көмөк» газетасында «Сүйгөнүнө кошула албады», «Үйлөнүүдөн качты», ал эми 20-жылдардын башында ар түрдүү темалардагы «Армандуу эки жаш», «Алданган нур кызы», «Күкүк менен Зейнеп», «Ысык-Көл боюнда» деген аңгемелери басылган.

С. Карачев «Шаңдан жүрөк», «Аялдар салтанаты», «Айылдагы курбума», «Досума», «Эл сагынуу», «Күзгү түн», «Эркин-Тоого», «Май», «Жаңы турмуш – жарык күн», «Эл менен бүгүн биргебиз», «Эмгек таңында», «Күрөш учкундары», «Неге алдадың?», «Өткөн өмүр – бир өлүм» деген граждандык жана махабат ырларын жазган.

С. Карачев туңгуч прозаик катары чоң аброй күткөн. Кээ бир маалыматтар боюнча 1918 – 1919-жылдарда ал «Көмөк» газетасында «Окуу керек!», «Биз качан адам болобуз» аттуу макалаларын жарылаган. Изилдөөчүлөр «Эркин-Тоонун» 1924–1934-жылдардагы сандарында Сыдыктын ар кандай темадагы макалалары, фельетондору, очерктери жарыяланып, ал эми «Кара чаар менен болдомочун иттик кылды» жана «Бөдөнөнүн бөйрөгүнөн, торгойдун толорсугунан» сыяктуу жанытмалары кадыресе публицистиканын деңгээлине жеткенин жазып жүрүшөт. Бирок С. Карачевдин прозаик катары адабий чөйрө менен журтчулукка таанытканы «Үйлөнүүдөн качты», «Сүйгөнүнө кошула албады», «Эрик таңында» аңгемелери, бөтөнчө «Эрксиз күндөрдө» повести болду. Булардын ичинен «Эрксиз күндөрдө» (1928-ж.) менен «Эрик таңында» (1929-ж.) өзүнчө китеп болуп чыккан.

Ал эми «Теңдик жолунда» жана «Төрага Зейнеп» пьесалары 1928 – 29-жылдары удаа басылган. Эки эле жылда ( 1928–1929) С. Карачевдин төрт китеби жарыяланганы 20-жылдардын аягында анын жаратмандык эмгегинин өтө өндүрүмдүү болгонун айгинелейт. Сыдыктын котормолору да арбын. Ал Л.Н. Толстойдун «Шалпаң кулак» аңгемесин, А.П. Чеховдун «Талаа» повестин, Н.И. Островскийдин «Болот кантип курчуду» романын, Брет Гарддын «Самед кызы» жана Ромен Ролландын «Жан Кристоф» деген романдарынын үзүндүлөрүн которгон. А.С. Пушкиндин «Бекетчи» аңгемеси менен «Дубровский» повести Сыдыктын котормосунда 1937-жылы өз алдынча китеп болуп чыккан. Бул анын акыркы эмгеги. Ошентип, жүрөктүн үшүн алган саясий айыптар Сыдыктын жаратмандык кендирин кесип, оригиналдуу чыгарма жазуудан алыстатты да, өмүрүнүн акырында жалаң котормо иши менен алек болуп калды.

Бирок эмне болгондо да кыргыз профессионал адабиятынын жанрларынын салааларында эмгектенип, поэзия, проза, драманын, улуттук



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

журналистика жана котормо өнөрүнүн жерпайын түптөшүп, жаралышына өз салымын кошкон Сыдык Карачев кыргыз адабиятынын, журналистика жана котормо өнөрүнүн тарыхында өз ордун ээлөөгө арзыйт.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. С. Карачевдин балалык, өспүрүмдүк чагы.
2. Кандай поэзиялык, прозалык чыгармалары бар?
3. Котормолору менен пъесалары тууралуу эмне билесиңер?
4. С. Карачев өзүнүн талантын эмне үчүн толук ача албады?

## ЭРКСИЗ КҮНДӨРДӨ

*(повесттен үзүндү)*

### V

Күн себелеп жаап өттү. Жайлоонун көркү ачылды. Көк шибер сыдырым менен термелди. Көк кашка, тунук суулуу булактар шылдырап, таштан-ташка секирип, төмөн карай кулашты. Бадалдан кийик бакырып, балдарын түнөккө чакырды. Күн бою үңкүрдө жатып зериккен түнкү каракчы карышкыр тумшугун көтөрүп, созолонтуп улуду.

– Сарбайдын кызынын күйөөсү кечээ келиптир. Бүгүн оюну болот экен. Оюнга Жыпарды ала кетелик деп келдик, – дешти айылдагы кыналышкан кыздар.

– Жыпар бара албайт го. Ажы үйдө жок. Ал кечигип калса ачуусу келет. Баланы бейбаш үйрөтөсүң... деп жаман көрөр, – деп Кулан байбиче шылтоо тапты. Жыпар кыздарга көзүн ирмеп, амалдап жатат, асылып сурасаңар эле жиберет дегендей кылды. Байбиченин ак көңүл, жумшактыгын билген кыздар жалынып-жалбарышып, этек-жеңден алышты. Кулан байбиче туш-туштан жаалаган кыздарга күлкүсү келип, «бырс» күлүп, Жыпарга уруксат берди.

...Жыпар баятадан бери ырдаган жигиттерди ичинен сынап өттү, жүрөктүн түпкү жеринен кайнап, жалындап чыккан муңдарын укту, жаштык-мастыгы жайлоону жаңыртып барып, алда кайда жоголгон мунду үн боюн балкытты. Өзүн алда кайда ырааста булуттар арасында жүргөндөй сезди. Ана, жигит эчен-эчен күүгө салып муңданат. Анын үнү сайраган булбулдун үнүндөй жагымдуу, мунду, бойду эрит-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ти, көңүлдү көтөрдү... Ана, жигит соңку сөзүн айтты. Эл кобур-кобур болуп толкундады. Жигит ордунан козголду, токмок салган селкинин жанына келип колун жайып, талпынган бүркүттөй болуп, көз жумганча күймөлдү. Жар көрүшүп жигит менен айкалыша бергенде кыздын беттери албырып, муундарын билинер-билинбес калтырак да басат. Коюлган көздөр дароо учурашып, дароо четке кагылат. Көкүрөккө көкүрөк жакындаган сайын жүрөк дүпүлдөгүн күчөтөт.

Мындай бозой, селкилердин оюнунда Жыпар далай болгон, жар көрүшкөн. Далай жигиттердин муну менен термелген. Бирок ал бүгүн өзүн башкача сезди. Бүгүн турмушунда бир чоң өзгөрүш болордой жүрөгү алып учат... Кылт этип өзүнө кезек келгенин эстеди. Ойлогон ойлору алда кайда тарады. Көзү чайыттай ачылды. Олтургандарды сындап көзүнөн өткөрдү. Баятадан кыз-келиндерди шылдыңдап, сөздү туурасынан тебе качып олтурган күйөө жолдош жигитке көзү түштү. «Баятан бери кыздар ага неге токмок салбады?» – деп ойлоп, дагы күйөө жолдош жигитке карады. Ыманы ысык, жанга жакын көрүндү. Мурун көрүп, тааныбаса да көптөн берки сырдаштай көрүнүп кетти. Ишенген, үмүт кылган кишисиндей жакын өңдөндү. «Турмуштун бүтүн көркү, кызыгы, жыргалы – бел байлап ишенүүдө», – деп ошол жигитке чын ниети менен жазмышын тапшырды. «Эмне болсо – болсун!...» деп ордунан турду. Жүрөгү опколжуду. Ирең кубулуп ийменгенсиди. Бир азга дейре батына албай кынжылды. Көздөгөн жигитине кылгырган карагат көздөрүн түшүрдү. Уялгансып, көзүнүн асты менен телмире карап илгери басты.

Үйдө олтургандардын баары жымжырт. Жыпардын кадыры, анын сулуулугу далайга маалым. Аны баарысы урматтап, ызат кылышат. Адамгерчилигине, сылык мүнөзүнө кызыгышат. «Кимге... Кимге токмок салат?» дешет ар кимиси өз ичинен. Кепке кирип кеткен күйөө жолдош да кымырына түштү. Илгери аттаган Жыпарга азыраак таң калгандай болуп карады. Дагы бир, дагы бир кадам... Мына токмок күйөө жолдошко салынды. Бүткөн бою дүркүрөй түштү. Жыпардын жалдыраңкы тарткан көзүнө көзү туура келди. Көзү ымыр-чымыр болуп кетти. Жыпардын атагын, кылык-жоругун жанындагы теңтуштарынан угуп олтурган. Анын элге жайылган жакшы атагын угуп өзү да кубанган. Бирок ойлобогон, күтпөгөн жерден эле мындай боло коёрун сезген эмес. Жыпардын мындай капыстан кабыларына көзү жетпеген. Азыр сүрдөдү, чекесинен бир нече тамчы тер да чыга түштү. Олтургандардын баары ал экөөнү карашты. Күйөө жолдош биринчи келген



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

бала, анын ал-жайы, сыры көп кишиге маалым эмес. Жыпар олтуруп жатып, аны дагы бир карап алды. Күйөө жолдош бирдемени эстегенсип, азыраак ойлонуп турду... Кайраттанып өзүнүн бактысын бир сынап көрмөкчү болду. Жыпарды дагы бир карап алды.

– Айт, айт, Жунуш!.. Сени биз жакшы билебиз! – дешти бир топ бозой. – Жыпар да сизди билгенинен...– деп келиндер кобурашты. Бул сүрөөндөн кийин Жунуш көп маалката албады:

Жайлоонун башы жашылдан,
Ай, жылдызы жашынган.
Айдай сулуу, муң көздүү,
Жаралган кандай асылдан?!
Армандамын кой көзүм,
Таанышып албай башынан!...

Жигиттин муңдуу, угумдуу, коңур үнү түнкү тынчтыкты жарып зоо жаңыртып, жүрөктүн эң ичке жерлерине барып кадалды. Мемиреп жаткан жайлоого жан киргендей болду. Айыл-ападагы олтурган карыялар кулак салышып, жаш чактарын эскеришти. Үйдүн тегереги зоокчуларга толду. Жылчыктар жылдызданып көбөйдү. Жунуш созолонгондон созолонду. Ар түрдүү күүгө салып сабалады. Жаш жүрөктөр козголду, ойноду, туйлады... Айткан ыр, чыккан муң далайдын черин жазып, көңүлүн чайыттай ачты. Далайды ого бетер муңкандырып, терең ойго салды...

Жыпар өзүн унутту, алда кайдагы сыйкырдуу туман арасына кирип жоголду... Көптөн бери күткөн, күзөткөн үмүтү каршы алдынан чыккандай болду. Караңгы булут астына кирип жашырынган чолпону жаркырап чыкканы ушу да. Турмуш чиркин эми күлдү, эми сырын чечти, изденген жаш жүрөктүн оту дүрүлдөдү. Жадыраган көздөрүнөн сүйүү учкундары чачырады, элеп-желеп болуп, бою балкып тамырларына жылуу кан жүгүрдү. Ичи-тышынын баары «сүйүү, сүйүлүү» үмүттөрү менен толду.

Жунуш созолонгон сайын Жыпарга башкача жан кирди. Анын үнү муңдуу, жагымдуу сезилди. Улам уккусу келип, жүрөгү алып учту. Анын кирсиз, таксыз жүрөгү үмүт менен толду. Түпсүз-чексиз кыял дарыясына кирип, сүзүп кетти...

Кайгысыз, муңсуз көпөлөк,
Гүлдөрдү өпсө бөпөлөп.
Турмушту мактап, кубаттап,
Ойносо, учса көкөлөп:



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Биз да ойносок, кошулсак,
Айкалышып экөөлөп!.. –

деп Жунуш ырын мунданып барып токтотту. Жыпар үмүт, бакыт толгон көзү менен Жунушка карады. Олтурган элдин баары күрсүнүп, оңтойлонуп олтурушту...

Кыз-жигит экөө тең козголушту. Жунуштун колу колуна тийгенде Жыпардын денеси делбеленди. Жар көрүшөрдө жыргал турмуш элестеди. Түбөлүк ырыс-кешик алдында тургандай көрүндү, көңүлү көтөрүлүп, турмуш кызыгына көмүлүп турган Жунушту көрдү. Жунуш күлүмсүрөп, көзүн жайнатып жымыйды. Жыпар уялды, кысылды... Мала кызыл бетине кечки баткан күндүн кызылындай кызыл жүгүрдү. Бети албырып келбеттенди... Алар жар көрүштү, айкалыша келгенде эки жүрөк эки жактан дүпүлдөп, түрсүлдөдү. «Биз сүйүшүүгө, кошулууга, жашоого ылайыкпыз!» дешкенсиди. Жыпардын мууну бошоп, көз алды тумандады, көктөн жылдыздар учкандай болду. Турмуш кызыгы, өмүр жыргалы башын айландырды. Ашык болгон Айына дагы бир муңая карады да, ичинен терең күрсүнүп, ордуна олтурду.

Түн жарымы эбак өткөн, жайлоо тымтырс. Ой-тоонун баары талыкшып, терең, таттуу уйкуда. Жаштардын баары жай-жайларына тарашкан. Жылдыздар баштагыдан да айбаттуу, ажардуу жымыңдашат. Ай жайнап аскадан ооп баратат.

... Ак кар, көк муздуу мөңгүдөн мөпмөлтүр тунук суу таштан-ташка ыргып, ай жарыгында күмүш тамчылар чачыратат...

Жунуш менен Жыпар суунун боюнда олтурушат. Эки жаш жүрөк биринчи мертебе беттешип көрүштү. Жунуш көк шиберде чалкасынан жатып, ички сырларын тышка чыгарды. Жыпар жыгылган карагайдын үстүндө олтуруп, колундагы узун чыбык менен жер чукуп, Жунушту тыңшайт. Ал Жунуштун ар бир сөзүнө, аракетине баа берет, сындан өткөрөт. Жунуш ар бир сөзүн абайлап, өлчөп сүйлөйт.

Дегдеген жүрөк издегенин тапты. Далайдан бери тышка чыкпаган муң дарыядай ташып, четке жайылды, ойлогон ой, күткөн тилек тымызын келип алдынан чыкты. Келечек турмуштун бүткүл жашырын сырлары ушул жерде козголду. Ушул жерде жаңы турмушка негиз салынды. Жунуш алдыдагы тилек, алдыдагы турмуш тууралуу туюндурду. Жыпар этияттык менен этибар кылып баарын укту, кулагына куйду. Эки жаштын бири-бирине берген убадаларына асмандагы жылдыздар, жердеги өсүмдүктөр күбө болушту. Алар түбөлүк бирге болууга, түбөлүк ажырабаска убада беришти...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Сайдагы суунун шарылдаган күмүш үнүнө кошулуп, «чоп-чоп» добуш угулду. Бул – эки жаш жүрөктүн айтышкан антынын айныбас шарты.

## VII

Жыпардын Мамырбайга төртүнчү катын болуп келгенине бир жылга жакын болду... Жаштыгынын эң кымбаттуу, кадырлуу чагы өткөндөн бери далай суулар акты. Өмүрүнүн бүткүл жыргалы, бүткүл ыракаты артта калды... Жаштыгынын эң кымбаттуу учкундары Жунуштун жалындуу жүрөгүндө калды. Ал күндөр эми кайта келбейт, бүткүл дүйнөсүнөн, жан-теңиринен артык көргөн Жунушту эми көрмөй жок. Муңдуу коңур үн мындан кийин Жыпарды элжиретип турбайт.

Жыпардын кабагынан ар качан кар жааганы жааган. Келгенден бери анын кабагынын ачылганын көргөн киши жок. Мурунку толгон айдай жайнап, балкып турган ажардуу өңү өчүп, саргыч боёк каптаган. Кылгырган кыялдуу көз мурункудай нур чачпайт. Кайгылуу, муңдуу, сырдуу күйүт менен капталган. Ичтеги арман жалындап-жалындап Жыпардын жүрөгүн өрттөйт. Анын ичинде жалын балбылдап жаткананын ар бир киши сезет. Жыпар өзүн ырайымсыз турмуштун, алдамчы жазмыштын алданган, кордолгон кулу деп эсептейт. Жаш тилеги кара ташка тийген, канаты сынган кушка окшойт. Ак кар, көк музда адашып арманда өткөн жолоочуга теңейт өзүн, ээн талаа, эрме чөлдө калган, эл-журтунан айрылган, душмандын колуна түшкөн эрксиз Жыпар.

Жазмыш Жыпарды алдады, куткарбас торго, түпсүз орго салды. Ошол шумдуу, сааттуу түндөн бери сүйгөнү Жунуштан дарек жок. Анын жазмышы эмне болгону, кимдердин колунда жалдырап байлоодо жатканы Жыпарга белгисиз, эл арасы ыраак, жол алыс. Эч нерсенин аңырты угулбайт. Үй-бүлөдөн эч кимиси Жыпарга сырын айтпайт. Баары аны жек көрөт. Шектүү, күмөндүү көз менен карашат. Койчу Жумайдан Жыпардын айырмасы жок. Абысындары Жумайды кандай тилдеп каргаса, Жыпарды да андан кем кылышпайт. Жыпар Жумайды агасындай көрөт, аны ар качан жылуу-жумшак сөз менен каршы алат. Өзүнүн үлүшүнө тийген эт-мет, сорпо-морподон ар качан Жумайга алып коёт.

Жыпар Жунуш менен качпаса, балким, Мамырбай Жыпарга тил тийдирбес эле. Бирок айып Жыпардын өзүнөн кетти. Бир дубан элдин жакшысы, атактуусу Мамырбайды чанып, томаяктын топору менен качышы бардык ишти бузду. Мамырбайдын да, өз атасынын да



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

наамын булгады. Элдин баарын уят кылды. Наам булгаган Жыпарды Мамырбай албай турган болду. Мындан башка кыз элде түгөнүп калыптырбы?.. Мамырбайдан кыз аёчу ким бар? Бирок: «Катын намыс үчүн кара киет. Мамырбай колуктусун бир томаяктын топоруна тарттырып жибериптир», – деген сөз андан жаман. «Намысты колдон чыгарбоо керек. Эмне болсо болору болду, кызды алып намысымды кайтарам», – деп Макең кайта сабыр кылды. Намыска чыдабай эки жаштын тагдырына балта чаап, кызды колуна алды. Кыз Мамырбайды сүйөбү жокпу? Бул оюна да келген жок.

Адегенде Мамырбай Жыпарды эзүү, жанчуу оюнда жүрдү. Андан кандай болсо да өч алгысы келип, кыйкым таап, уруп-согуп алды. Көр жемени көбөйтүп, ата-бабасынан эч нерсе калтырбай боктоп, Жыпардын сай-сөөгүн какшатты. Күн-түн дебей жемелеп жүрөгүнө сары суу куйду. Сабап-сабап эшикке чыгарып таштаган күндөрү да көп болду. Мурун оюн-күлкүдөн башка уруу-согууну билбеген, турмуштун каарын көрбөгөн жаштын үрөйүн алды. Жыпар амалсыз, айласыз көндү, турмуштун ысык-суугуна моюн сунду, кайнар жаштарын төгүп, таң атканча солкулдап ыйлап, көз жашы менен бетин жууп өзүн-өзү соороттү. «Жазмышым ушу болгондон кийин кимге таарынам, кимден жардам сурайм!» – деп кулагын жапырып, укпамыш-көрбөмүшкө салды. «Бешенеге жазганын көрүү керек. Кудай тагдырыңды ушундай жазгандан кийин көнмөйүнчө чараң барбы?!.. Көн, чыда!.. Тагдырың ушундай!» – деп жазмышка моюн сунду...

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Жыпардын Жунушту алгач көргөндөгү сезими кандай болду?
2. Алгачкы жолугушуу кезиндеги жаштардын өз ара мамилелери, арман-тилектери кандай баяндалган?
3. Сүйүшкөн жаштардын баш кошо алышпаганына эмне себеп деп ойлойсуңар?
4. Өзбек адабиятында Жыпардын тагдырына окшогон аял-кыздардын тагдыры сүрөттөлгөн кандай чыгарма бар?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ААЛЫ ТОКОМБАЕВ

(1904–1988)

**Алтын балалык.** Залкар сөз зергери, кыргыз профессионал адабиятынын баштоочуларынын жана негиз салуучуларынын бири Аалы Токомбаев 1904-жылы азыркы Кемин районунун Кайыңды айылында туулган. Атасы Токомбай чорт мүнөз, айтканынан кайтпаган адам болсо, энеси Уулбала муңайым, сүйкүмдүү жан болуп, элдик чыгармалардын бардык түрлөрүнөн кабардар, аларды кыябындай кынаптап айта билген ыр жандуу аял экен. Энесинин ошол ширин сөзү жаш Аалынын шыгынын эрте ойгонушуна чоң шарт түзгөн. Баланын турмуш жөнүндө толгонуп ойлонушуна, улуу сөздү урматташына Урак аттуу дубана-манасчы айрыкча таасир калтырган.

Жазуучунун эскерүүсүнө караганда бул адам нукура турмуш-тиричилик жөнүндө нөшөрлөтүп ырдаган, «Манас», «Семетей», «Курманбек» эпосторун өзгөчө бир берилип, ынтаа менен айткан акылман акын болгон.

**Тагдырдын соккусу.** Аңгыча 1916-жылдын алаамат күндөрү кирип келип, кыргыз элинин зордук-зомбулукка каршы азаттык күрөшү башталат. Начар куралданган, жетекчисиз аламан элди падышалык жазалоочулар катуу жазалап, калың букара кыргынга учурайт. Кырылгандан калган эл жанталашып, Кытай жерине качты. Ал жерде деле эл катуу жабыр тартты. Ушул алааматта Аалынын беш бир тууганы бөтөн эл, бөтөн жерде көз жумат.

Падыша тактан кулаптыр деген кабар тарап, самсыган эл менен бирге Токомбайдын үй-бүлөсү да тууган жерге кайтат. Кытайдан келе жаткан Токомбай киндик каны тамган жерине жетпей, Орто-Токойдо өлүп, көп узабай Уулбала да дүйнөдөн өтөт. Бир үй толо үй-бүлөдөн он үч жашар Аалы жападан жалгыз калат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Көп жылдар бою жаш бала Кыргызстандын бүт түндүк өрөөнүн тентип кыдырып, 1919-жылдын аяк ченинде гана Ысык-Көлдүн күңгөйүнөн аталаш туугандарынын бирин таап, ошол жерде туруп калат. Ал жердеги мектепке акы төлөп киришке мүмкүнчүлүгү болбойт. Баланын окууга өтө дилгирлигин байкап калган Төлөгөн деген мугалим аны мектепке акысыз кабыл алат. Окуу китептин жоктугу мындай турсун, кагаз, калемдин табылышы да машакат эле. Бирок ал окуусун уланта албады. Кочкордогу жездеси алып кетип, ошол бойдон 1922-жылга чейин окуй албады.

**Ташкенттен алган таалим.** Кыргыз балдарынын айрымдары ошол мезгилде эле Пишпек, Ташкент сыяктуу шаарларда окуп калышкан. Атасынын иниси Курманалы бирөөнүн жоор атын карыз алып: «Эптеп ушуну жол кире кыл, калганын бактыңдан көр», – деп окууга узатат. Ташкентте интернатка орношот. Ал сабактан тышкары убакта казак жана татар тилинде чыккан көп китепти окууга үлгүрөт. Ушунчалык ынтаасын коюп окуган А. Токомбаев 2-класска сыйлык менен көчүрүлөт. 1923-жылы Орто Азиядагы университеттин даярдоо курсуна кабыл алынат. 1927-жылы аны бүтүрүп, Ата Журтуна кайтат.

**Ырдан эпопеяга чейин.** А. Токомбаевдин чыгармачылыгынын башталышы Ташкентте окуп жүргөн жылдарга туура келет. Ал кат тааныры менен эле ыр жазууга киришет.

Албетте, А. Токомбаевдин туруктуу кошуну – поэзия. Бирок анын чыгармачылык жолу кеңири жана көп кырдуу. «Өз көзүм менен», «Таң алдында» сыяктуу кыргыз элинин турмушун ар тараптан көрсөткөн кеңири полотнолуу роман-эпопеяга чейинки ары татаал, ары түйшүктүү узак чыгармачылык үзүрлүү жолду басып өттү. «Биз балапан кездерде» очеркинен, повесть жанрын биринчи баштаган «Жапардын канынан» тартып, «Мезгил учат», «Жараланган жүрөк», «Солдат элек» ж.б. повесть, аңгемелерди, «Токтогул» романынын айрым үзүндүлөрүн жазды. Анын «Ант», «Токой кожоюндары», «Тергөө жүрүп жатат», «Өлбөстүн үрөнү», «Күндүн чыгышы» сыяктуу драмалары менен далай театрдын көшөгөсү ачылды.

Акын «Таң алдында» сыяктуу керемет чыгармасын 30 жыл бою бел чечпей иштеди. Бул романда бүткүл кыргыз элинин жүрөгүн жаралап, көңүлүнө так калтырган 16-жылкы кайгылуу окуяны акын таасын да, таамай да тарткан. Азаптуу турмуштагы кыргыз элинин улуу күрөшүн, жеңилбес күчүн даана, көркөм жана таамай, элестүү чыгарма катары «Таң алдында» романы кыргыз адабиятын жогорку деңгээлге көтөрө



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

алды. Ал роман үчүн акын Кыргыз Республикасынын Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты болду.

Көркөм ойлоосу менен дүйнөсү бай, ары көп кырдуу сейрек талант, бардык жанрда жазган чоң сүрөткер көркөм котормого да өз үлүшүн кошту. Пушкин менен Лермонтов, Гейне менен Шиллер, Низамий менен Церетели, Абай менен Жамбыл, Маяковский менен Маршактын ырларын кыргыз окурмандарына алгачкы тааныштырган да А. Токомбаев. Ал эми көркөм адабий сындын өнүгүшүн ансыз элестетүү кыйын.

Адабияттын ар түрдүү жанрында алтымыш жылдан ашык эмгектенип, элибиздин кечегиси, бүгүнкүсү, келечеги жөнүндө учкул ой жүгүртүп, мезгил талабына ар дайым үн кошкон кылым жарчысы, заманыбыздын залкар сөз зергери Аалы Токомбаевдин чыгармалары – бул улуттук көркөм сөз өнөрүнүн өткөн тарыхы жана бүгүнкү сыймыгы.

## МЕЗГИЛ УЧАТ

*(повесттен үзүндүлөр)*

### ҮЧӨӨ

Айтике ара талаада отуруп, күңгүрөнө берди.

– Мен таалайдын изине түшүп кубалап баратам, ал көлөкөсүн көрсөтпөйт, менден качат, коркот!.. Жок, мен күнөөкөр болдум окшойт. Бул сөзүм кудайдын кулагына жетпесин... Ооба, күнөөкөр болдум, кечир кудай, мендей кулуңа ырайым кыл. Мени мындан ары кордобо, таман акым, мандай терим менен тапканыма өзүм ээ болоюн, ушул жашка келгенче ууру кылганым, ушак сүйлөгөнүм жок. Бирөөдөн суук тилди көп уксам да, бирөөгө катуу айткым келбейт. Балким, бул менин кемчилигимдир, – деп катуу улутунду да, дагы бирдемелерди айтмакчы болду. Бирок этеги тилик эски мата чепкендин үстүндө мемиреп жаткан бала уйкусунан чукуранып жиберди. Айтикенин оозундагы сөз учуп кетти, баланы жалт карады. Китирейген сары баласы эки колун ээгине такап, бүрүшкөн бойдон тишин кычыратып: «Апаке дейм, бутум, апаке, бутум, бутум», – деп назик үнүн чыгарып соолуктап ыйлап жиберди. Көзүнүн жашы кадимкидей тамчылап, эски чапанга төгүлө берди. Атасы баладан көзүн алган жок, сол колу менен жер таянып, эңкейе түшүп, алдында жаткан баланы арбап жаткандай болду. Бала колдорун жазып, бирдемени кучактагандай, бирөөнү чорбойгон эриндери менен өпкөндөй чопулдатып, жылмайып койду. Бала жылмайганда Айтике да жылмайды, бирок анын чекчейген кичинекей сары сакалы, ысык



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жаш менен эчак жуулган болчу, бала жылмайганда атасынын башына таалайдын жылдызы түшкөндөй болуп кубанды, бүткөн бою эриген коргошундай балкыды. Эмне кыларын ойлогон жок, ымдалышкан сакалын баланын бетине басып кучактай жыгылып, өпкүлөп жиберди. Бала чукуранса да ойгонгон жок, Айтике эки алаканын баласынын эки жаагына басып:

– Айланайын Жапарым, кагылайын кулунум, менин таалайым, медерим, жакшымдан калган керээзим, – деп бети-башынан көйнөк-көнчөгүнө чейин өпкүлөдү. Жапар көзүн ушалап күлүп ойгонду. Айтикенин моокуму канган жок. Жапарын бооруна кысып кобурай берди. – Сенсиз менин күнүм жок, сен киши болор бекенсиң? Кетпейбизби? Карачы, түш ооп кетти, кардың ачтыбы? Тыт терип берейинби? – деп койду да, баласынын сыйрык бетинен, тумшугунун учунан өптү. Жапар чочуган эмедей атасын карады:

– Чакалың чуу экен, – деп атасынын сакалын кармалады.

– Ооба, суу, – деди Айтике сакалын сылап. Үнү каргылданып, көзү жашка толо түштү. Жапар атасынын ыйлаганын биле койду да, төмөн карап ойлонгондой болду.

– Эмне, айланайын, эмне төмөн карайсың, мен сакалымды сууга жууп келдим, сенин кардың ачтыбы?

– Чок, и, кайдым ачкан чок, – деди Жапар, – атасынын сакалын дагы сылап. Жапар энесинен айрылганын элес-булас боолголойт: анын үстүнө атасынан дайыма угуп жүргөндүктөн энесинин элеси тирүүдөй сезилет, ал азыр эле келип эркелетип, тамак берчүдөй үмүтүн үзбөйт. Бала энесинин өлгөнүн, анын көмүлгөнүн, атасынын ыйлаганын, кичинекей колу менен энесине салган бир ууч топурагын эсине түшүрдү, ал чоочун болуп туюлса да, баланын кичинекей жүрөгүн муздатып жиберди. Кичинекей Жапардын башында аянычтуу сагынуу бар эле. Айтике баласынын жүрөгүндөгү кайгыны сезип, билмексен болгусу келсе да, жашырууга күчү келбеди. Ызаланган баладай кемшеңдеп:

– Таалайсыз атаңдын таалайы, апаңды сагындыңбы? – дей бергенде, бала шолоктоп ыйлап жиберди. Айтике далайга чейин сүйлөгөн жок, баласын тиктеди, бала да унчукпады. Шолоктоп ыйлаган бойдон атасынын мойнунан кучактап, башын анын арык ийнине коюп, жерди тиктеп жалдырады.

Ээрчитип жүргөн кара тайганы тыттын көлөкөсүндө жаткан эле, ал ата менен баланын кайгысын сезе койгонсуп, башын көтөрүп, баланы тиктеди. Көзүнө конгон чымындардан коргонуп башын силкти да, узун



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

тили менен жаланып-жаланып тура калды. Бала эркелетип үйрөнгөн итин көргөндө: «Учай, Учай, ме!» – деп колун сербендетти. Ит куйругу менен камчыланып, кыңшылап жүгүрүп келип, баланын колу-башын жалмалап, эркелей баштады. Бала атасынын мойнунан жылбышып түшө калып, тайганы менен күрөшө кетти... Айтике өзүнүн сооронгонун байкабай да калды.

...Айтикенин эрки да, өмүрү да, бактысы да баланын колунда сыяктуу эле. Бала көңүлсүз болсо, Айтике кайгынын дарыясына түшөт. Баласы көңүлдүү болсо, таалайдын тактысында олтургандай кубанат. Баласы ыйласа, өзүнүн сөөгүн бирөө чагып жаткандай сыздайт. Өзүнүн жашыктыгын дайыма каргайт «Бала үчүн менин көз жашым оор» деп түшүнөт, бирок аны баладан жашырууга күчү келбейт. ...Кээде чоң киши менен сүйлөшкөнсүп, баласы менен акылдуу сөз сүйлөшөт. Сөзүнүн көпчүлүгү: «Сен эптеп адам болор бекенсиң, баякынын баласы дедирип чоңоёр бекенсиң, мен сен үчүн гана тирүү жүрөм», – деген өңдүү тилектерин айтып, андан кийин сонун окуя, жомок сүйлөйт. Айтикенин бул сөзү Жапар үчүн жаңылык эмес, анткени бул сөздөрдү күнүнө беш-алты ирет кайталап берет. Баласынын тили «р», «с» тамгасына али келе элек кези, анын ошол кемчилиги баланы өтө жаш, өтө жылуу көрсөтө турган...

## ШЫКТЫН ЖАРАЛЫШЫ

Балким, бир жыл өткөндүр, балким, андан да көптүр... Жердин бети жашыл тукаба менен чүмкөнүп жаткансыйт, арыктын боюндагы гүлдөгөн жийделердин аңкыган жыттары талааны каптап кеткендей сезилет да, адамдын көңүлүн алда кайда закымдатат. Иштелип жаткан алты пакза коргондун түбүндө топон аралашкан баткак үй ордундай чуңкурду ээлейт. Эки жагын кылдаттык менен имерип койгон баткак ачыган камыр сыяктанат, тумшугун буурул чалган кара тайган боортоктоп, дубалдын түбүндө баткак менен ойноп олтурган Жапарды анда-санда карап коёт.

– Чен төө алачыңбы? – деп бала төөнүн сүрөтүн иттин тумшугуна ары-бери сүрө баштады. Ит тажагандай ордунан тура калып, бирөөнү сагынган эмедей, озондоп улуп жиберди. Короодон чыгып бараткан Ашымахун чочуп кетти.

– Акмак жолбун, башыңды жут, – деп муштумдай топурак менен итти бир койду, ит бир бутун көтөрүп алып, каңкылдап кача бергенде:



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

– Тийбе, тийбе! – деп Жапар чыңырып жиберди. Суу көтөрүп келе жаткан Айтике чаначын таштап, баласына карай жүгүргөндө, колунун топурагын тазалаган Ашымахун Айтикени көргөн жок, чыңырган балага карап:

– Ай, жубарымбек, падарыңа наалат, – деп сөөмөйү менен таптап койду да, чайпала басып кете берди. Айтике үнүн өкүм чыгарса да, ачууланбастан:

– Ашым аке, эмне болду? – деп сакалын сербейтти.

– Сиздин итиңиз, – деди Ашымахун, – кыямат кайымды чакырып улуганын кара! Аны өлтүрүш керек, өлтүрүңүз, – деди.

Бала озондогон бойдон тайганын кучактап:

– Байкушум, Куткайбасым, байкушум, бутуң оойуп калдыбы? – деп анын кулагын сыйпалап, – атаке, кайачы, тетигил уйду, – деп атасына даттанды.

– Кыямат кайымды чакырып келтирсе, мен эчак эле чакырат элем, сизге кыямат кайым болбойт, кыяматты кудай биздей мусапырларга калтырса керек. – Айтикенин бул сөзүнө Ашымахун багжаңдап күлгөн болуп: «Капа болбоңуз, иттин улуганы сизге гана зыян, мейли эмесе, кор болсоңуз сиз болосуз», – деди да басып кетти.

Ашымахун дубалды айлана бергенде, жалтанып турган бала атасын карай чуркады. Ушул сыяктуу ыгы жок түйшүк Айтикенин кыжырына тиер эле. «Кор болсоңуз, сиз болосуз» деген сөз чучугуна жете түштү. Баласын кучактап, жаңылбаган жалбарышын дагы баштады.

– Менин таалайым, сен адам болуп, баякынын уулу дедиртер бекенсиң, же кордукта жүрүп, жайрап өлүп калар бекенсиң, айтчы кулунум? – Бала бул сөздү миң ирет укkан, атасынын оозун тиктеп, кичинекей кир колу менен анын сейрек сакалын миң ирет кармалап томсоргон, ал андан башканы билчү эмес. Балага эс кирген сыяктуу... Жапар чедиреңдеп келип, топуактан жасалган эшегин, тактекесин, ээрин, итин чогултуп, бирөөнү колуна кармап:

– Мына менин күчүгүм, – деп чоподон жасаган томпойгон күчүктүн сүрөтүн, – токочум да бай, – деп татынакай жасалган топурак каламасын көрсөттү.

– Тигил эмнең? – Айтике жылмайып, бирдемени көрсөтүп, – киши го? Же сенсиңби? – деп жаңы жасаган оюнчуктарын карады. Чоңдугу жаңы төрөлгөн баладай, буту кыска, кыйшык баш кишинин сүрөтүн көрдү, ал сүрөттүн аркасына дөңгөч өңдөнгөн бирдеме жасалган, анын ар кайсы жерине майда чөптөрдү жапшырып койгон оюнчук эле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

– Ал чен, чен чанач көтөйүп келатачың, чага токоч жачап койдум, – деп токочун көрсөтүп мактана баштады.

Кубангандыктанбы же баланы аягандыктанбы, Айтикенин бою чымырап кетти, боз топурактын алдында түбөлүк жаткан аялы да эсине түштү. «Ушунун ыракатын көрбөдүң, ушул сени бакпайт беле... Кантейин», – деп күбүрөп койду да, капкайдагы ойлорду кербендей чубатып, комузун алып, назик үндүү кылдарын дирилдетип, тактекени ойнотуп черте баштады. Бала атасынын алдында тыбырчылап, секирип жаткан тактекени далайга чейин тиктеди да:

– Атаке, мүйүчүн чоң кылчы? – деди. – Баякы Атабекке бейгендей кылып бейчи. – Чынында да тактекенин мүйүзү токол боло турган. Атабекке берген тактеке атайлап сонун жасалган эле. Сыртына кулундун терисин каптап, мүйүзүн каркайтып даана жасаган болчу.

– Мен аны өрүктөн жасаймын, сен Атабекке берген тактекени унуткан жок экенсиң, сен акылдуу болосуң, айланайын, мен сага андан сонун кылып жасап берем, болобу?

Бала башын ийкеди. Алар дайыма дубалдын түбүнө жатышчу. Жатарда Жапар куурчактарын жыйнай баштады. Анан жакшы көргөндөрүн койнуна алып, калганын мандайына коюп, алар менен өзүнчө сүйлөшүп, кээде атасына суроо берип жатып уктап кетчү. Бала бүгүн да ошентти. Баласы уктаганда кайра туруп, чылгый чанач менен суу алып келчү эле, бүгүн анткен жок, далайга чейин комуз чертти. Ашымахундун нан саткыч жигити Ташбай дайым чоң өрүктүн түбүндө жатчу. «Ысык нан кимге, кимге ысык нан!» – деп жүгүрүп, аябай чарчап келип, жатары менен эле «кыр» этип коңурук тартчу. Ал бүгүн негедир уктаган жок, комуздун үнүн таңыркап тыңшап жатты да, ордунан туруп, Айтикенин жанына келди.

– Бүгүн сизге илхам пайда болду шекилди, сиз бүгүн бир нерсеге курсантсыз же капасыз? Сиздин колуңуздан бардык нерсе келер экен, үй-жайыңыз болгондур, бала-чакаларыңыз кайда? – деди Ташбай. Айтике комузду жерге коюп, Ташбайга жооп бере баштады...

– Ушундай экен да, хабба, – деп анда-санда кубаттап коюп, Ташбай Айтикенин сөзүн тыңшады...

– Мына, азыр кайырчыдай болуп калдык. Жалгыз танап жеримди Атабек тартып алды. Бул баланын энеси өлгөндөн кийин, өзүм сыяктуу жайсыз сандырактаган байкуштардан үч катын алдым, бирөө да жакпады. Ооба, бардыгы ушул баланын айынан болду. Аларды бир-эки айдан кийин эле жай-жайына жиберип турдум. Өгөй эненин чертип койгону,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

баланы балта менен чапкандай озондотот... Жок, жок, катындын бардыгы эле ажаан эмес эле. Баланы жүрөгүн түшүргөн мунун апасынан кийинкиси болду. Анын колунан аш да, иш да келчү, бирок тили да жанда жок эле, адамдын сөөгүн жылан чаккандай сыздатчу... Менин жалгыз эле тилегим бар, ушул ыйлабаса экен, ушул кор болбосо экен дейм. Баякынын уулу адам болду деген сөз калса болду. Караңызчы, уста боло турган, – деди баласынын жасаган топурак куурчактарын көрсөтүп, – өлбөсө оокат кылып кетет да, ким билсин, бала чегилбеген жумуртка менен бирдей, оймолоп-кыймалап Рават дарбаза жасай турган уста болор, – деп куурчактарды бир-бирден көрсөтүп, баласынын оюнчугуна корстон боло сүйлөдү.

## АПАКЕМДИ ДА ЖАСАП АЛАМ

Ферганандын талаасындагы мөмөлүү жыгачтар ырыскысына мас болуп, магдырап үргүлөгөндөй сезилет. Бөтөнчө өрүк сейил үчүн тизген чөлмөктөй болуп, жоон бутактарын тоо текенин мүйүзүндөй ийилтип, жерге карай салмагын салып тургансыйт, болор-болбос жел жүрсө, мөндүрдөй дыбырап, жердин бети өрүккө жайнап калат. Эзиле бышкандары жерге жетер менен сапсары болуп жытын буркуратат. Жемиш бөтөнчө сонун болсо да, быйыл Ашымахундун тилегине каршы мурункудай жумушчулар табыла койгон жок. Кетмен-чотун көтөрүп көчөдөн көчөгө кыдырып: «Арзан! Арзан! Арзан иштеймин, кимде жумуш бар?» – деп кыйкырып жүрчү жигиттердин бирин да кармай албай калды. Алар кетмен-чоттун ордуна беш атар көтөрүп, бүркүттүн томогосундай жылдыздуу шлем кийип, мекен коргоп, Бухара фронтуна кетишкен эле. Ошентип тизилип олтуруучу жигиттер Ашымахун үчүн келгинден кайткан куштай жымжырт болду. Эптеп тапкан үч кемпир, эки чал жана Айтике менен Ташбай Ашымахундун кыжырын кайнатпаса, көңүлүн көтөргөн жок. Алар канчалык аракет кылып иштесе да, Ашымахун аларды кекете турган болду. Карылар көлөкөгө олтура калган кезде Ашымахун боргулданып, көк чай ичип жаткан эле, тигилердин олтурганын көрө коюп, чок баскандай ыргып туруп, бакырып жиберди.

– Э, даңгасалар, биздин нанды жакшылап жейсиздер, иштеген убакта жүдө тез чарчайсыздар, бу кандай кеп! – деп колун аркасына алып чалкалап туруп, тур, туруңуз, – деп демитип калды. Баласы менен ба-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

сып бара жаткан Айтике себетин коё коюп, кожоюнду карай бергенде: «Атаке, чен муну алып бейчи?» – деп кайрылды Жапар.

– Макул, айланайын, кана, кайсыны, тетиги чоң өрүктүбү? – деп баланын колундагы узун жыгачты ала коюп, көрсөткөн өрүктү көздөй колун созду. Ал бутунун башы менен тура калса да, көрсөткөн өрүккө колу жеткен жок, салбырап, ыргалып майышып турган шакты сол колу менен төмөн тартып, оң колу менен таякты сунганда беш-алты өрүк катары менен кулады. Жинденип турган бай чалдарды таштай салып, короздой мойнун созо:

– Э, даңгаса! Жерге түшкөнүн жесеңиз кардыңыз жарылабы?! – деди. Айтикенин эң жаман көргөн сөзү «даңгаса» боло турган, бүткөн бою дүркүрөй түштү да, мукактана калып, сабырдуулук менен:

– Э, кожоюн, капа болбоңуз, балаңыз, – деди да, баласын кожоюнга таандык кылып, урматтагандай болуп, – балаңыз каалап калган экен, – деди.

– Балаңыз, дейсиз да... Куда балаңызды таалайсыз жараткан болсо, ошого канаат кылыш керек. Албетте, сиз таалайсыз адам, иншалла, балаңыз да таалайсыздур...

– Кафир болбоңуз! – Айтике мындай сөздү көп уккан болсо да: «Иншалла, балаңыз да таалайсыздур», – деген сөзгө чыдай алган жок, – кожоюн, сиз куда эмессиз, таалай сиздин колуңузда эмес. Менин таалайым ушул – ушул бала менин өмүрүм, баламдын таалайы, балким, алдыдадыр, балким, таалай сизден кача баштагандыр.

Ашымахундун көзү чанагынан чыгып, чын эле анын таалайы качып бараткандай сезилди, шаасы жетпей төгүлгөн өрүктөр: «Сенин таалайың элем, эми мен жок болдум» – деп сүйлөп жаткандай, таалай андан чындап кете баштагандай туюлду. Белгисиз көрүнбөгөн коркунучту көрө койду, бүткөн бою калчылдап, көзү тунара түштү да: «Кет, акмак, кетиңиз!» – деп Айтикени шилиден алып, сыртка карай сүйрөдү. Айтике акарат кылган жок, мойнун жикийтип, бир аз барганда: «Эсептешиңиз, кетем», – деди.

– Эсеп! Эсепти мен шура (кеңеш) өкмөтүнө берем, ал сенин өкмөтүң, бар, бара бериң, – деп тилдеди. Жапар күнөөкөр өңдөнүп, мурдун шуу-шуу тартып, тура калды да: «Атамды жибей, ме өйүгүндү» – деп колундагы өрүктү таштап, ыйлап жиберди да, кир колу менен Ашымахунга жабышты. Ал «А, иттин уулу, кийимди булгаба!» – деп түртүп жибергенде, бала чыңырып барып көмөлөнүп кетти. Айтике баланын чыңырганына чыдай алган жок.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

– Сакалың өрттөнгөн эшек! – Ал жулкунуп барып, дардайган Ашымахунду дубалга жапшыра түрттү.

– Ой, дат! Ташбай кайдасың карма, өлтүр! Өлтүрөм! – деп бакырып тура калды. Семиз колу менен тез-тез муштап, Айтикени жулмалай баштады. Бала: «Куткайбас! Куткайбас» – деп бакырды. Буурул тумшук кара тайган элеңдеп тура калып, көз ачып-жумганча жетип келди, мушташып жаткан Ашымахунду балтырдан алып силкип-силкип алды.

– Ал, Куткайбас, ал! – деп Жапар тегерене чуркады. Эстүү тайган күрөшкөн кишидей Ашымахунга бойлошо түшүп, кыжырданган бойдон тамандай калып, омуроодон алып көтөрүп уруп, талап жиберди. Өрүк жыйнагандар «чала» дегенсип, жай басып арачага жеткиче Ашымахундун эттүү башын Айтике тулуп кылып жиберди. Ал Айтикенин өмүрүндөгү биринчи мушташы эле. Айтике чыга бергенде, тайган да чыга берди, бала атасын кучактап:

– Жүй, атаке, өлтүйөт, кетебиз, – деп атасын жетелеп бышактады. Ашымахун эсин жыйа албай жатып, кызыл ала болгон омуроосун басып, көмкөрөсүнөн түштү. Корккон кемпирлер паранжыларын ачпастан:

– Ой, кандай кылай, ой, кандай кылай, – деп чалдарды жаңсап, – тургузуңуз, – деп тегерене берди. Чалдын бирөө белгисиз бирөөнү сөгүп, кылчактаган бойдон Ашымахундун үйүн карай жөнөдү. Калгандары Ашымахунду ордунан тургузуп, бактын көлөкөсүнө жеткирип, бирдемелерди сурагандай болушту. Ашымахун онтойт. Анда-санда «Ой, дат, ой, дат», – дегенден башка эчтеке айткан жок.

– Суу алып келиң, – деп чалдын бирөө Ташбайды жумшады. Ташбай Айтикеге акырая бир карап койду да, элпек чуркап калың өрүктү аралап кетти. Айтике мурдундагы канды сүртүп, чалдарды бир аз тиктеп туруп, баласын ээрчитип балаганды көздөй жөнөдү... Баласы менен балаганга жете бергенде, чайдоос алып, таяк кармап чуркап келе жаткан Ташбайды көрдү да, жүрөгү шуу дей түшүп, тура калды, тилин сунуп, ээрчип келе жаткан кара тайган Айтикенин көзүн карап жаланып койду да, боортоктоп жата кетти.

– Атаке, Ташбай сени уйат, – деди баласы.

– Урбайт, урса мен да урам, – деп оозу айтса да, ичинен кооптонуп койду. – Сен ыйлаба, сен жигит болдуң, ал урса мага болуш, шыйрактан ал, – деди. Бала унчукпай башын ийкеди. Айтике өзүнчө даярданып, какырынып барып олтура калды. Ташбай жакындай берип, эки



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жагын жалт-жалт карап: «Суу ичесизби? – деди чоң өрүктүн түбүнө олтура калып, – ичиңиз, өтө жакшы кылдыңыз, эми сизге кетиш керек, сизди өлтүрүп коёт. Сиз урушпасаңыз да акыңызды бербес эле. Анын эсеби боюнча сиз андан эч нерсе албайсыз, балким, бересиз, – деди. Айтике унчуккан жок, чайдоостун чоргосунан каадаланып, суу жутуп жатып, анын оозун тиктеди, кумганды коё коюп:

– Ырахмат, ардагым, биздин жерди Төлөйкөн деп аташат. Беш жыл бир жүрдүк, кожоюндан беш пулдук пайда тапканыбыз жок. Иштин акыры ушул болду, – деди.

– Мен шуранын батрактарына жазылган элем, балким, мен да кетермин... Кош болуңуз, балким, көрүшөрбүз, – деп Ташбай кумганын кармап жөнөй берди.

– Кош! Ташбай, аман бол, – деп Айтике көзү менен узатып, – замана чын эле биздики болуп жүрбөсүн? Мен эмне болсо да айылга кеттим, – деди.

– Атаке, кайда байабыз? – деди Жапар. Айтике өкүнүчтүү жалооруп карады да, салкын гана:

– Элге кетебиз, уулум, жүр – деди. Коркуп турган бала атасынан мурда жетип, ылайдан жасаган эсепсиз оюнчуктарын жыйнап, куржунга сала баштады.

– Балам, мунун баарын ташта, барган жерден дагы жасап аласың. Бала кыйыктанып туруп:

– Эмече мына муну алалы, – деди эшектин сүрөтүн кармап. – Мен муну айылдагы балдайга көйсөтөм, алайга үйөтөм... – Айтике баласын кучактап өөп-өөп алды.

– Алалы, көрсөт, – деп эски көйнөккө ороп куржунга салды. – Мына эми айылга барабыз, – деди Айтике, топурактан жасаган тактекени колтуктап.

– Айыл кайда? – деди Жапар. Айтике сербейген сакалын жогору көтөрүп, куржунду ыкшап койду да:

– Биздин айылбы? Биздин айыл тээтиги тоонун арасында, сен ошол жерде төрөлгөнсүң. – Айтике куржунду мойнуна салып ылдамдай басты. Жапар атасына жете барып:

– Апам ошол жакта өлгөн ээ, атаке! Атаке дейм, муну кайачы, мен ушундай кылып апамды да жачап алам, анан апамды үйгө коюп коём, – деди тактекени көрсөтүп, бактылуу жылмайып.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МЕН ЖОК БОЛСОМ АТАМ ЫЙЛАЙТ

Өткөн кишилер бул терекке бүгүн башкача көңүл бурушту. Анткени анын жанында чөптөн жасалган кичинекей кепенин босогосунда өзү менен өзү алек болгон самтыраган сары бала, айланасы толгон топурак куурчактар: эшек, күчүк, төө, тактеке, тоок, мышык жана бир канча адамдардын сөлөкөтү. Бала куурчактардын ортосунда өзү менен өзү сүйлөшүп, кумдун үстүндө бирдемелерди чиймелеп олтурат. Жогортодон келе жаткан эки киши теректин тушуна келишти.

– Ой, бала, – деди экөөнүн бирөө. Бала анын үнүн укkан жок, боортоктоп жата калып, кумду сылап, тооктун сүрөтүн тартып жатты. Атчандар бура тартып, кепенин жанына келгенде, баланын ары жагында жаткан кара тайган үрүп, тура калды. Бала көңүлсүз кылчайып итти карап:

– Эмне, коркуп жатасыңбы? Кел, кел! Муну карачы, – деп күлүп койду да, кумун чиймелей баштады. Карап турган кишинин бирөө камчысын бүктөп туруп, баланын алдына таштап жиберди. Бала жыландай буралган камчыны көрө коюп: «Атаке!» – деп ордунан ыргып турду.

– Ай, коркпо, – деди сакалын кырдырган кара жигит, – сен кимдин баласысың? Кайдан келдиңер? – Бала чоң киши менен эмес, балдар менен да аз сүйлөшкөн... Ал узун кирпигин үкүчө ирмеп, мукактанып, унчукпай төмөн карады. Жигит бир топ суроо берсе да, жооп ала албады, бала жер тиктеп сөөмөйүн оозуна салып, көзүнүн кыйыгы менен уурдана тиктеп, чоочуркай берди.

– Сен жакшы баласың го, оюнчуктар сеникиби? Мына бул төө экен го, сонун оюнчук турбайбы, – деди кара жигит. Ал аттан түшө калып, куурчактарды кармалап: – Бул мышыкпы? – деди. Бала сөөмөйүн оозунан ала коюп:

– Ооба, бул эшегим, тактекем, бул апам, – деди. Кара жигит баланын жоругуна жараша мамиле кылганына мактангансып, жолдошуна жылмайып, балага бурулду.

– Сен кимдин баласы элең? Сенин атың Казакбай беле? Бала таалайлуу жылмайып «жок» дегенди созуп:

– Жоок, – деп эркинирээк сүйлөдү. – Менин атым – Жапар. Сен кимсиң, байке? – Атчан турган киши ээрдин кашына өбөктөп жылмайды. – Менби? Мени тааныбайсың. Мен Сатар Төрөбаев деген сенин агаң болом, сен мени көргөн эмессиң. Анда сен мына мындай эле



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

болчусуң, – деп бала топурактан жасаган куурчагын көрсөтүп, – мына бул бала го, ээ, – деди. Жапар жигитке таңыркай карап «ии» деп, Сатардын сөзүнө кыска жооп берди.

– Мен тааныбай жатамбы, атаңдын аты ким?

– Тааныйсың эле, – деди бала ишеничтүү карап, – сен ойноп жатасың. Атам Айтике эмеспи.

– Кайсы Айтике, – деди атчан бүкүр киши. – Айтике Сарык эмеспи? Бала атасынын «сарык» деген ылакап кошумчасын жактырчу эмес.

– Жок, Айтике эле.

– Атаң комуз чертеби? Тактеке ойнотобу?

– Ооба, тактекени комуз менен ойнотот, тетигине, тетиги атамдын комузу, – деп кепенин ичин көрсөттү.

– Кана, алып келчи. – Атчандын көк сакалы шамал тийген бededей сеңселе түштү. Бала чиймеленген кумдан акырын аттап, комузду алып, чуркап чыкты. Чал аттан түшүп, комузду алып, алкымындагы күмүш кыялды эркелеткенсип, сылап-сылап алды да: «Атаң кайда, айланайын?» – деп баланы бооруна кысып, өпкүлөп жиберди. – Бул менин досумдун баласы, 1915-жылы Атабек тентитип жиберген, анда мени Темирбек дебестен, кедей зергер дешчү. Мына бул күмүш кыялды мен өзүм жасагам. Ушул баласы төрөлгөндө ушул комуз менен өзүм жентектеп баргам... Бар бол, айланайын, бар бол, атаң кайда?

– Атам эртең келем деп, таякемдикине кеткен, анан көчүп кетебиз деген. Сатар Төрөбаев бала менен чалдын сөзүн тыңшап, баланын куурчагына шүйшүнүп, биринен сала бирин кармалады. Кедей зергер балага толгон суроолор берип, Жапар Маргалаң, Кокондо жүргөндөрүн, атасы менен Ашымахундун урушканын, кара тайган атасына кантип болушканын, куурчактарынын бардыгы балаганда калгандыгын улам эстеп, улам токтоп, «анан, анан кийин» деген сөздү улам кайталап, бир топко чейин сүйлөдү.

– Сиз эрий баштадыңыз, бул тууганым менен өзүм да сүйлөшөт элем. Сиз Айтике менен көпөлөк кубалашып, жардан балапан издешип өскөн окшойсуз.

– Ооба, айланайын, ээ, Сатарым, бизди сен билбейсиң, бир буудайды бөлүп жешкен дос элек. Мен мындан көп улуумун. Байкуштун көрбөгөнү жок. Унутпа, аны кийин жолдон айтам, – деп кедей зергер комузду кыңгыратып жанына койду да, шадыларын санап, – о, бир топ жыл болгон экен. Бул байкуш эмдиге оңолбоптур, – деп Сатардын колундагы тактекени карап. – Ботом, бул чын эле тактеке го, бери кылчы,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

– деп олурайып карап калды да, Жапардын жасаган оюнчуктарын көрө баштады. Анан Сатар Төрөбаев: «кичинекей бөбөгүм, кел, кичинекей сүрөтчүм», – деп баланы эркелетип, бир топ суроолор берди. Бала Сатардын сөзүнүн көбүнө түшүнгөн жок. «Интернатка барсаң пионер болосуң, кызыл галстук тагынып шыгыр (ыр, хор) айтасың, балдарга печенье берет, шоколад берет» деген сөздөрү балага таптакыр чоочун угулду. Кыргызча сүйлөсө да эчтеме түшүнбөдү. Ошондуктан бала таптакыр унчуккан жок.

Сатар баланын түшүнүгүн биле койду да, «байкуштун атасы эмдиге эзилүүдөн чыга элек экен го» деп ойлоду, баланын жасаган оюнчугу менен маданий түшүнүгү бир-бирине төп келбегендигине таңыркабады. «Кан тырмак бирөөнүн колунда калган батрактын бири да, мындайлар али да болсо көп», – деп мурунку ойлогон оюн дагы бир ирет бышыктап, ошого токоорутуп (ыйгарып) койду.

– Жапар, сен кедейдин баласысың, сени окууга аламын. Сага жакшы кийим, тамак беребиз. Жакшы үйгө жатасың. Бардыгы бекер болот. Окуйсуңбу? Сендей балдар бизде абдан көп, мен ошол балдарды бага турган чоң кишимин, – деди Төрөбаев. Анын бул сөзүнө Жапар эми гана түшүндү. Жалооруган кичинекей көзү чекирейип чоңураак ачылды... Бетинин оту чымырап, ачыган камырдай көтөрүлүп бараткансыды. Маңдайындагы мезгилсиз жыйрылган наарлары ого бетер тереңдегендей болду.

– Айтчы, айланайын, окуйсуңбу? – Төрөбаев баланын башын сылап. – Карачы, сенин топуң абдан эски турбайбы, мен сага жаңы топу берем, карандаш, китеп, кагаз – бардыгын берем, барасыңбы?

Бала бир далайга чейин унчуккан жок, атасынан айрылса, жоголуп кетчүдөй, ачка болуп талаада калчудай сезди. Ошондой болсо да, Сатардын айтканына аябай кызыкты, «бар, бар» деп ичинен бирөөлөр шыбырап жаткансыды.

– Атамчы, атамы да аласыңарбы? – деди Жапар.

– Атаң чоң эмеспи, ал сага барып турат...

– Мен бул куурчактарды да ала барам ээ, байке.

– Ооба, ала барасың, анда мындан да сонун жасайсың, – деп Сатар жылмайып өөдө турду. Бала ага эркелегенсип:

– Атам издебесе, мен кете берет элем, мен жок болсом атам ыйлайт, – деп улутунуп койду.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## БУЛ – ТАЛАНТ

Интернатта кимдер болорун бала билчү эмес. Бирок атасын тууралп, Айтикени «куу таман, кызыл шайтан» деп түшүнчү... Атамдын жалгыз эле душманы ушул киши деп билүүчү. «Бул кызыл шайтанды өлтүрбөй, жан тынбайт», – деп Атабектин айтканы баласынын эсинен чыга элек эле. Атабектин баласы Айтике менен сүйлөшкөндө куду Атабек сыяктуу кемитип, шылдыңдай сүйлөдү.

– Сенин балаң ууру, азыр аны кармайбыз. Мен Сатар агайга айтам, – деп дубалдан аттай жөнөдү. Аксак бала Айтикени бир карап алды да, анын аркасынан жүгүрдү.

– Ай, бала, – деди Айтике, – анын муундары калчылдап, сакалдары сербейип, көзү тунара түштү. – Айтчы, айланайын эмне уурдады? Ал уурдабайт!

– Мен билбейм, аке, мен айткан жокмун. Бала жерди тиктеп илкий басып, жөнөп кетти. Айтике олтурган жеринен козголбоду, коркунучтуу кыялдарга бөлөнө берди. Көпкө чейин эси оогондой олтурса да, «ууру» деген сөздү ойлогондо, көзү умачтай ачылды. Бирок ордунан тура албады. Кулагына баланын чыңырганы, «ур, ур»! деген үндөр угулгандай болду. Терезеге келип шыкаалаган кишилерди көргүсү келбеди. Анын башында тилсиз, добуш чыкпаган сөздөр сүйлөнө берди.

– Сатар деген жигит урдурбас... Жок, Кеңеш өкмөтү калыс. Ууруну, байды, басмачыны аябайт. Ооба, баланычы? Баланы бакпаса аларды кайдан жыйнасын. Алда кулунум ай, эл катарына киргенибиз эки жылга толо элек го. Кийими бүтүн, карды ток эле, бирөө азгырган чыгар. Жок, ал өзү эч убакта уурулук кылбайт. Мен сураштырам... – Корккондуктанбы же уялгандыктанбы, кара терге чөмүлгөнүн Айтике турганда гана сезди, кайраттанып басты.

Сатар менен бирге эки-үч киши кошо чыкты. Атабектин баласы алардын алдына түшүп, интернаттын жатаканасындагы Жапарды көздөй жөнөдү. Ал «токто» деген белгиге караган жок, мышыкча басып Сатарга келип, шыбыраган добуш менен «тигине, уурдап жатат», – деп кытылдап күлүп жиберди. Сатар терезеден көзүн албай, шыбыраган балага колун жаңсап, «акырын» деген белги берди.

Сатар терезенин экинчисине барып, бир топко тиктеди да, билинер-билинмексен кылып, терезени черткиледи. Ар жактан белги болгон жок. Сатар «келгиле» дегенсип колун жаңсады, кроваттын төшөнчүлөрү жерде жатат. Анын алдына салган аппак тактайлардын



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

бети карала-торала. Жапар жаңы ойгонгондой, анын кичинекей жапкак көзү кроваттын тактайына кадалып турат. Ал дүйнөдө кандай чуу болуп жатканын сезбегендей. Кишилер шыбыраша баштаганда, анын тактайын калың кара көлөкө каптап калды. Жапар ошондо гана башын көтөрүп, терезеге бурулду. Ордунан туруп талыган мойнун ары-бери козгогондо гана кишилердин жабалактаган көздөрүн көрө койду. Алар балага таңыркаса, Жапар аларга таңыркады.

Шыкаалап тургандардын баары үйгө кирди. Жапар ого бетер эзилип кеткендей болду, жандуудай балбырап тердегени болбосо, суроолорго жандуудай жооп берүүгө жараган жок. Айтике кишилердин үстүнө кирүүдөн уялды... Ошондуктан үйдү имериле басып, тигилер шыкаалаган терезеге келип, көзүнүн кыйыгы менен карады. Сатар Айтикени жазбай тааныды, терезени ачып жиберди да: «Аксакал, быягынан келиңиз», – деп колун жаңсады. Айтике аны байкаган жок. Беш-алты кишинин ортосунда турган баласын көрө койду. Ал боргулданып, кирпигин мышыкча жартылап жай ирмеп, жөлөп койгон төрт тактайдын бетин тиктейт да, калтыраган үнү менен бирдемелерди айткан болот. Атасын да байкабады. Айтике көнөчөгүн коё коюп, дубалга сүйөнүп баланы карап олтура калды.

– Сиздин балаңыздан бөтөн касиеттер чыгып жатат, – деп Сатардын шыбыраганы Айтикенин кулагынын кырынан кетти. Өңү бузулуп, сейрек сары муруту каадасынча биринде түштү. Бетинен кулаган мончоктой тер узун бырышкан ичке мойнун көздөй шорголой берди.

Наташа кол жоолугун ала коюп, боргулданган баланын бетин сүрүп, быйпыйган кичинекей мурдунан чымчып эркелетип, олтургандарга бурулуп: «Вот киргизский Репин, жетер энди» – деди. Айтике түш көргөндөй болду...

Олтуруп бараткан Жапар атасынын үнүнөн таанып, жалт карап, эмне кыларын билбей, акырын жылмайды. Сатар баланы колдон алып, «атаңа учураш» деп, далыга кагып эркелетти. Айтике ар кимди бир карап: «Мен эчтемени билбей калдым, бул эмнеңер?» – деп баланы бооруна кысты. Сатар Наташага карап, тактайдагы сүрөттөрдү көрсөтүп: «Сиз такыр байкабагансыз. Мына бул сүрөттөрдү кагазга түшүрсө, Фрунзеге көргөзмөгө жиберет элек. Балага эмне керек болсо, бардыгын таап бериш керек. Кагаз, карандашты каалашынча бериңиз», – деп бирөөнө карады да, тактайды көрсөтүп, – бул элдин ырыскысы, бул талант, – деди...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Жапардын ата-энеси кандай адамдар болгон?
2. Жапардын жаштык чагы кай жерде, кандай абалда өткөн?
3. Жапарда алгачкы шык, талант кай кезде пайда болду?
4. Жапардын интернатка кабыл алынышы.
5. Жаш таланттын чыгармачылык жолунун ачылышы.
6. Жапардын балалык чагынын өзбек жергеси менен байланышы кандай болгон?
7. Жапар, Айтике, Ашымахун, Сатарды текстке жакындатып мүнөздөгүлө. Мисалы, Айтике: мүнөзү, сырткы көрүнүшү, сүйлөгөн сөзү, адамдарга мамилеси, иш-аракети.

## АДАБИЯТ ТЕОРИЯСЫНАН: АДАБИЙ КААРМАН ЖАНА АНЫН ПРОТОТИБИ

Сүрөткер чыгармасында өзүнө тааныш, өзү билген бир адамдын кыял-жоругун, кулк-мүнөзүн көрсөтүү менен гана чектелбейт. Жазуучу ошол киши жашап, өсүп-өнгөн чөйрөнүн, адамдар коомуна таандык жана мүнөздүү болгон моралдык мамилелер менен иш-аракеттердин, салт-санаа, кыял-жоруктардын эң мүнөздүү деп эсептелгендерин да иргеп алып, анын баарын бир кишиге таандык мүнөз катары көрсөтөт. Кээде сүрөткер кандайдыр бир каармандардын тагдыр-таржымалын, мүнөзүн ж.б. белгилерин көркөм иликтөөдө турмушта чыныгы болгон окуяны негиз кылып алат. **Прототип деген «образга негиз болгон» деген маанини билдирет.** Прототип жана прообраз – маанилеш түшүнүктөгү сөздөр. Ачыгыраак айтканда, жазуучу тарабынан жалпыланып көрсөтүлгөн ошол адабий образды жаратуу үчүн өмүр жолу, мүнөзү, кыял-жоругу, түспөлү негиз кылынып алынган, турмушта чыныгы жашаган адам – **адабий образдын прообразы же адабий типтин прототиби болот.**

Айрым учурда жазуучу прототиптин атын өзгөртүп да коёт (Гапар Айтиев – Жапар Айтикеев), кээде өзгөртпөй, өз аты менен да бере берет. Чыгармага прототип болгон киши адабий каарманга айланганда айрым өзгөрүүлөргө учурайт, алымча-кошумчалар киргизилет, бир канча адамдардын орток белгилери бир кишиге топтоштурулат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КАСЫМАЛЫ БАЯЛИНОВ

(1902–1979)

**Өмүрү менен чыгармачылыгы.** Ал 1902-жылы азыркы Ысык-Көл районундагы Көк-Мойнок айылында орто дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Эки жашка чыкканда энеси Жөргөлөктөн, тогуз жашында атасынан ажырайт. Үркүндө эл менен бирге Кытай жерине качат. Жетишсиз жетимдик турмуш жаш баланы далай көйгөйгө салды. Эл ата конушуна кайта баштаганда, эки инисин жетелеп, Касымалы да жөнөйт. Удаалаш иниси Абдылда ачкалыктан жолдо каза болот. Абдыбекти ээрчитип, эптеп Ат-Башыга жетет. Андан Токмокко келип, инисин балдар үйүнө киргизип, өзү орус, өзбек байларына малай жүрүп күн өткөрөт. Бир айласын таап малайлыктан кутулуп, ат багуучу, аптеканын кароолчусу, басмакананын кагаз ташуучусу, жол бөлүмү мекемесинде жумушчу болуп иштейт.

1919-жылы өкмөттүн жардамы менен Ташкенттеги алты айлык курска кирет. 1920-жылы Ташкенттеги мугалимдердин алты айлык курсун бүтүп, анан Алматыдагы Казак-кыргыз мугалимдер институтуна өтүп, бул окуу жайын 1925-жылы аяктайт. Жазуучунун чыгармачылык ишинин башталышы дал ушул институтта окуп жүргөн учурга туура келет. Бардык акын-жазуучулардай эле ал да адегенде ырдан баштайт. 1923–24-жылдары «Жетер бекем максатка», «Биз ким элек, ким болдук» деген ырлары казак тилинде жарыяланган. Анан ал биротоло прозалык чыгармаларды жазууга өттү. Анын алгачкы жазгандарында элдик адабий мурастардын баалуулугу жана аларды жыйноо жөнүндө да кадыресе пикир айтылган. «Эсиң барда этегинди жап», «Түлкү менен суур», «Чабалекей менен жылан» аттуу аңгемелери ошол мезгилдеги окурмандарга кеңири белгилүү.

Мугалимдер институтун бүтөр менен аны Москвадагы Борбордук басманын алдындагы кыргыз секциясына редактор кылып жиберет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1926-жылы Фрунзеге келип, Кыргызстан Мамлекеттик басмасынын башкы редактору болуп иштейт. 1928-жылы «Ажар» повестин жарыкка чыгарат. Ушул эле жылы К. Баялинов Москвадагы Жалпы Союздук журналисттер институтуна кирет. 1933-жылы аны бүтүп, Кыргызстан Мамлекеттик басмасынын редактору, Главлиттин башчысы, Кыргызстан Жазуучулар Союзунун башкармасынын төрагасы болуп иштеди.

Согуш жылдарында айылдагы эмгекчилердин эмгегин көрсөткөн «Көл боюнда» аттуу көлөмдүү повестин жазды. Бул чыгарма «Жапар менен Жамыйла» деген ат менен чех тилине которулган. Өмүрүнүн акыркы жылдарында элдердин достугун көрсөткөн «Боордоштор» аттуу үчилтигин жана «Курман жылга» повестин жазып, жарыкка чыгарды. А.С. Пушкиндин «Евгений Онегин», М.Ю. Лермонтовдун, М. Горькийдин чыгармаларын алгач которгондордон.

1968-жылы ага Кыргыз Эл жазуучусу деген ардактуу наам берилген. 77 жаш курагында белгилүү жазуучу дүйнөдөн кайткан.

## АЖАР

### *(повесттен үзүндү)*

...Калың бейитти бет алган жалгыз аяк жол менен үч аял келе жатты. Бирөөнүн үстүндө шайы, ала чапаны бар, жоолугу бош, ийинине түшүп, башы жылаң баш, аягында кепич-маасы, өңү саргайыңкы, жүдөңкү, ак жүзүнүн көркү кетип, көзүнүн алды кararган. Жашы 15–16 чамасында, сенделип буту араң гана шилтөөгө келип, көз жашы тыйылбай, үшкүрүгү таш жарат. Бул – Ажар деген кыз, беркилери ошол жердик аялдар. Булар көп бейиттин четинде турган бир кичирээк мүрзөгө келип токтошту. Ал – Ажардын энесинин мүрзөсү. Ажар аны көргөндө токтоп тура албай, мүрзөнү кучактап, буркурап-боздоп ыйлап жиберди.

– Жаным, апа! – деди Ажар. Үн жок... Жымжырт. – Жаным, апа, тур! Жетим тайлактай боздоп, жетимсиреп, артында калган жалгызың келип, жалооруп жанында олтурат. Жалгызыңдын сөзүн ук, ая! Жалгызың бүгүндөн баштап, ата-бабасы тааныбаган бөтөн журттун бирөөнө башы байланганы, ага сатылганы жатат. Андан кутказ, ал азапты көрсөтпө, койнуңа ал, ач койнунду!..

Сенин өлгөнүңө кайгырып, кан жутуп, санаа тартып жүргөн кезимде, багат-көрөт деген тууганың мени бир жат кишиге сатып кетип, сай-сөөгүмдү сыздатты, зарлантты, мундантты, мага да өлүм керексинтти. Бирок сага берген ажалды кудай мага ыраа көрбөдү. Жасаган ай, мунуң эмне?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Кантейин, эң болбогондо теңтуш болсо, кыздын барар жери күйөө дегендей, жаттыгына карабай, «мейли» деп коёт элем. Бирок ал маркум атамдан да карыган киши экен. Ага канткенде барам? Кантип аны өмүрлүк жолдош кылам? Андан канткенде кутулам? Кимден кеңеш, кимден жардам сурайм? Айт, апа! Мага айла тап! Менин сенден башка таянар тоом, жашынар караган-бутам калбай калды. Бирок сен, апа, жоксуң... Сен боору суук кара жердин койнунда түбөлүк уйкуда жатасың... – деп боздоп ыйлады...

* * *

Ажар – 16-жылкы үркүндө кытай элине сатылган кыргыз кыздарынын бири. Атасы Айткулу үркүндө окко учкан, энеси Батма кечээ жакында, кытай жеринде өлдү. Ажар Айткулунун карыганда көргөн жалгызы болчу... Үркүнгө чейин эч бир жаманчылык көрбөй, бир үйдүн эркеси болуп өстү. Эл үркту, Коңур-Өлөң, Ала-Башты каптап конушту. Түтүнгө бир кишиден ирет болуп, аскерликке чыксын деп манаптар буйрук кылышты. Айткулу андан калмакчы болуп, айыл манабы Сагындын алдына барды.

– Баатыр, мени иретке чыксын депсиз, бирок мен чыга ала турган эмесмин... Чычкандай жалгыз кызымдан башка бүлөм жок. Минтип журт бүлүнүп, жоо жакадан алып турган кезде, катын-баламды чыркыратып кайда, кимге таштайм? Мен бара албайм, мени коюңуз, башка бүлөлүү элден жибериңиз. Тиги Алымкулдун ортон колдой эки уулу да барбай калып олтурбайбы? Адилеттик кылып, ошого окшогондордон чыгарыңыз, – деди Айткулу.

– Чык эшикке, ит! Сен Алымкулга тең келгиң барбы?! Сен ким, Алымкул ким?.. Эртеңден калбай аттанасың, – деп Сагын Айткулуну үйүнөн кууп чыккан. Алымкул – Сагындын байы. Сагын Алымкул гана эмес, ага окшогон өзүнө жакын далай бай-манаптын балдарын иретке чыгарткан жок. Иретке чыккан өңчөй кедейдин балдары...

– Айткулу, аттан! – Эртең менинки алачыктын сыртынан чыккан Сагындын жигитинин ачуулуу үнү Айткулуну уйкусунан ойготту, төшөгүнөн шашып турду. Кийинди, белин мыктап курчанды. Куруна күзүндө бир кап арпа берейин деп, Эдилбай устага жасатып алган айбалтаны кыстарды. Алдына алып, Ажарды бетинен өптү. Ажар жумшак, ичке үнү менен ыйламсырап: «Атаке, кайда барасың?» – деди.

– Садагасы, ыраак барбайм, келем. – Бирок анын үнү каргылданып, жүрөгүндө бир коркунуч бар экендигин билгизет. Ал азыркы кеткен



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

бойдон үйүнө кайтып келбестей, Ажарды бүгүнкүдөй сүйбөстөй, мындан ары Батма менен ойноп-күлүп өмүр сүрбөстөй жүрөгү элеп-желеп болуп, алып учуп токтолбоду. Эшикке чыгып бара жатып:

– Эл көчүп калса, жүгүңдү көк өгүзгө жүктөп, Ажарды үстүнө мингизип ал. Көчтөн калба, – деди Батмага.

Айткулунун кеткенине үчүнчү күн болгондо, эл эртең менен бакашака түшүп, жапырт көчүп калды. Аскерге кеткен жигиттер да качып, айыл-айылына тарады. Айткулу менен бирге кеткен жигиттер да келишти. Бирок Айткулу жок. Айткулуну көрүү ордуна, «Айткулу окко учту» деген суук сөз Батманын кулагына угулду. Батма бакырып ыйлап жиберди. Ажар да ыйлады. Айыл-ападагылар келип:

– Нээти дурус киши эле, шейит болду, жаны жаннатта болсун. Мындай өлүмгө ыйлаган болбойт, ыйлабагыла! – деп, Батма менен Ажарга кайрат айткан болушту, ырайымдуу жылуу жүз менен каршы алып, жер каратпай, аларды көптөп багып ала турган сыяктанышты.

Батма менен Ажардын ыйына кошулуп, экинчи айылда дагы бир ый пайда болду. Көбөгөн абышканын баласы Жапаркул да окко учкан. Бирок ал душман колдуу болбой, өз колдуу болуп өлгөн. Бул тууралуу сөз укмакчы болушуп, Жапаркул менен бирге барган Кулубайды айылдагы абышка-кемпир, катын-балдар тегеректеп алышты.

– Беш жүзгө жакын киши элек, – деп сөзүн баштады Кулубай. – Биз көлгө түшүп, Жел-Тийбестен Кулумбайдын багына келип токтодук. Ичибизде беш гана бардаңке, он чакты кара мылтыгыбыз бар, калгандарынын колунда найза, кылыч, айбалта, союл, чокмор, шалк этме. Ар кайсы шектүү жерлерге кароолчулар чыгардык. Өзүбүз жаттык.

Экинчи күнү эртең менен «казак-орус келип калды» деген кабар алып, жапырт атка минип алардын келе жаткан жолун тостук. Бир аз жөнөй түшкөнүбүздө Боз-Бармактын талаасын каптап, жер-сууну бербей, бизди көздөй келе жаткан солдаттар көрүндү. Алардын карааны эки жүздөй киши эле. Шашып калдык. Тарсылдатып ата башташты. Эки кишибиз окко учту. Биздин мергенчилер да атышкан болушту. Бирок аны солдаттар тоотпой, жакындагандан жакындап, койчо жайылып келе беришти, бизди курчап, айлантып ала турган болушту. Биз кийин чегинип, мурунку багыбызга келдик. Көтөргөн ханыбыз Жакыпбек:

– Ушул жерден аламан койгула. Качкандар болсо атып таштайм, – деп жигиттери менен элди камчынын алдына алып кекетти. Бир мезгилде солдаттардан кырктай киши бөлүнүп, келген жолубузду бет алды. Сыягы, биздин жолду буумакчы болсо керек. Журт дүргүй түштү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

«Аламан койгула» деген хандын үнү чыкты. Кимди ким көрдү, аламандап кыйкырып, солдаттарды качыра бердик. Алар да шашып калды, кайта качышты. Ай, биз оңбойбуз го! Эгерде биз иреттүү, тартиптүү ошол солдаттардай болсок, аларды алып коймокчу элек. Солдаттарга жакындап кирип барганыбызда, бир-эки киши кайта качып жөнөдү, аны көрүп биз да качтык. Качып бара жаткан солдаттар кайта бурулуп, тарсылдактын алдына алышты. Көзүң жамандыкты көрбөсүн, туш-тушубуздан ок зуулдап өтүп жатты. Чиркин, жан деген таттуу го, атына ок тийип, кишиси жөө калып, аттуулар менен тең чуркагандар, кишисине ок тийип, атынын бооруна сүйрөлүп жүргөндөр да көп болду. Кыскасы, биз боо түшүп калдык. Эсептесек 72 кишибиз өлгөн экен. Журт кача турган болду. Хан: «Жакын келсин, эми бир аламан коюп көргүлө!» – деп каарын төктү.

– Жакын келтирип союлуң менен уруп ала тургандай сен аларды бөдөнө көрүп турасыңбы? Алар – биз эмес. Алар баштуу, тартиптүү солдат деген болот. Колдорунда биздикиндей союлу жок, мылтыгы бар, жабдыктуу. Биз аларга тең боло албайбыз. Ушунча кишинин убалына калганың да жетишер, – деп Жапаркул хан менен уруша кетти. Хандын бул кезде каны суюлуп, урушууга киши таппай турган кези эле. Жапаркулду жон талаштыра камчы менен эки-үч чаап жиберди. Мындай кордукка Жапаркул кантип чыдайт, тосуп туруп кайра аны бир чапты. Жапаркулдун камчысы хандын бетине тийип, айрып кетти. «Жеп салды, ат!» деген хандын үнү угулду. Мылтык тарс этти. Карай салсам, Жапаркул жерде сулап жаткан экен. Эл чогулуп калды. Мен түшө калып, Жапаркулдун башын жөлөдүм, ыйлап жибердим. Журт өлүккө үймөлөктөшүп турган кезде, солдаттардын топту байлап аткан мылтыктарынын үнү чыкты. Арабыздан эки киши аттан кулап, Жапаркулдун жанына жыгылды. Токтоп тура албадык, качтык... – Ушинтип Кулубай сөзүн бүтүргөндө, Көбөгөн кемпири экөө боздоп, өксөп ыйлаган. Экинчи айылдагы ый дегенибиздин маанеси ушул.

Эл кымкуут болуп көчүп калды. Батма бирин-экин жүгүн Айткулу айткан көк өгүзгө жүктөп, Ажарды анын үстүнө мингизип, эл менен бирге жөнөдү... Бир күнү Батманын өгүзү мүдүрүлүп кетип, үстүнөн Ажар учуп түштү. Батма бакырып барып баласын кучактады, анын бактысына Ажардын эти гана ооруп, эч бир жери майып болбоптур. Батма боз ала чаң болуп, аман-эсен ордунан тура калган баласын көрүп кубанды. Ажарга өгүздүн мурунтугун кармата коюп, канча аракет кылса да, жүктү жалгыз арта албай койду. Кимге ким карасын,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

тиги көчтөгүлөр да, бул көчтөгүлөр да Батмага кылчайып карашкан жок. Көчтүн артында кырчаңгы арык тору атка эмерегин артып, кемпири жетелеп, өзү атты айдап, бүкчүндөп кетип бара жаткан Көбөгөн абышка кездешти. Батманы башта эле таанычу. Айткулунун өлгөнүн да укkан. Ал токтоп кемпири экөөлөп жатып, Батманын жүгүн артышып берди... Батма Көбөгөн менен бирге жөнөдү. Бир кезде асынган мылтыгы бар бир топ атчан кишилер булардын жанынан кыя салып өтө беришти. Алардын бирөөнө барып, Көбөгөн:

– Өлтүр, мени, мени да өлтүр! Маңдайыбызга бүткөн жалгыз балабыздан ажыратып, минтип бизди боздоттуң, кудай сени боздотсун. Катын-баландын күнүн көрбөй ач бел, куу жолдо өл! – деп чылбырына оролуп, сүйрөлүп калды. Бул – Жапаркулду өлтүргөн Жакыпбек хан. Ал илгери бастырайын десе да Көбөгөн бастырбады, буркан-шаркан түшүп, кыйкырып-өкүрүп, ыйлап жатып алды. Жакыпбектин ачуусу келди. Атынан түшүп, абышканын эки колун эки жигитине карматып алып, аябай сабады. Шордуу кемпири да абышкасына болушуп, колундагы сынык ыргай сабоосу менен ханды чаап жиберди. Ал «ханга колу тийди» деп, жигиттери кемпирди да тепкинин алдына алышты. Жакыпбек абышка-кемпирди моокуму канганча аябай урду да, кылчайбастан кете берди. Артынан каргап-шилеп, боздоп ыйлап абышка-кемпир калышты. Аларга кошулуп Батма да ыйлады. Батманы көрүп Ажар да ыйлады.

Күн кечтеди. Эл арасына ызы-чуу түштү, кыйкырык-өкүрүк көбөйдү. Мал-жан жоготуп издегендер толуп кетти. Бирок Батма менен Ажарды издеген жан болбоду. Батма ал күнү айылын таппай, Көбөгөн менен бирге конуп, эртеси кечке сурамжылап, желектен улам өз айылын арап тапты.

Беш-алты күн өттү. Сагындан кордук көргөн бир топ кедейлер андан бөлүнүп, башка Тоң болушуна кетмекчи болушуп, сөз байлашты. Алардын ичинде Көбөгөн, Батма, Айткулунун кыйыр тууганы Козубек да бар. Козубекти жана дагы бир жигитти бир топ мал менен түн катырып, бир коктуга жашырышты. Таң атты. Журт жапырт алачыктарын сыйрып, көчө баштады. Көбөгөндөр көчүшкөн жок. Сагындын көчсүн деп жиберген кишисине:

– Түндө бир топ малыбыз жоголуп, эки кишибиз ошону издеп кетишти. Алар келбей, малыбыз табылбай, көчө албайбыз, – деп жооп бериштти. Булар Сагындын көчү узагандан кийин каткан малын алдыртып, Тоң болушуна жөнөшөт. Бирок муну куйту Сагын билип калып,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

артынан куугун жетип, Көбөгөн менен Козубекти баш кылып бир тобун урдурат. Шордуулар «жаңылдык-жаздык» дешип, Сагындын алдына Козубектин маңдайына бүткөн жалгыз кер атын тартышты. Кер ат жакшы ат болчу. Буга мурда эле Сагындын көзү түшүп: «Кедейге мындай аттын эмне кереги бар, мага берсин», – деп киши жиберип, атты алалбай: «Ай, сени!» – деп кекенип жүргөн. Эми Сакеңдин иши оңдой берди болуп, кер ат опоңой гана колуна тийди. Сакең атты алып, ачуусу таркап, буларды кайта көчүрттү.

Бир топ күн өттү. Эл Тянь-Шандын Бедел, Көк-Ирим, Ак-Өгүз деген ашууларына бөлүндү. Батманын айылы Ак-Өгүздү ашмакчы болуп, ашууну шыкап келип конушту. Эртеси көчтүн алды белге чыга берген кезде күн бүркөлдү, борошолоп кар жаады. Шамал болду. Журт шашты. Кар аралаш ызгаардуу суук шамал туманга аралашып, аскадан-аскага тийип, белдеги бардык карды ойго карай учуруп, көчтү жөнөтпөдү. Ордунан кыбыраган мал-жандын бардыгы тайгаланып, төмөн карай учуп жатты. Ар кайсы таштын кычыктарында жүнүн жеп, маарап турган кой-эчкилер; башын жерге салып, суулугун чайнап, калчылдаган жылкылар; чөгүп жаткан төөлөр; жүгү оогон уйлар; бутун үшүтүп, кан какшаган катын-балдар. Бирок буларга караган киши жок... Көч арасы да ызы-чуу, күрү-гүү... Кар жаап турат... Түн түштү. Эл турган-турган жерлерине кийизге, жуурканга оронуп жатышты. Таң атты. Күн мурункудай алай-дүлөй. Малды да, жанды да кар баскан. Карга көмүлгөн малдар араң гана кыбырап көзгө илинет. Кардын алдында үйдөй болуп, төмпөйүп жаткан жүктүү төөлөр, уйлар көрүнөт. Жамынган кийиз, жуурканлары менен бирге тоңуп, сырайып өлүп жаткан кишилер да көп.

Үчүнчү күнү күн ачылды. Туман тарады, шамал басылды. Аман калган эл эптеп, жөөлөп-жалаңдап олтуруп белди ашты. Батма да аман-эсен Ажары менен бирге ашты. Туу белге чыга бергенде, Батма өлүп жаткан бир жүктүү жылкыны, анын жанынан эки адамдын өлүгүн көрдү. Бул кемпири менен Көбөгөн абышканын өлүгү болчу. Журт Турпанга түштү. Шаар-шаарга тарап кете баштады. Батма, Козубек болуп Турпанда калышты. Экөөнүн тең колдорунда малдан түгү жок. Батманын жалгыз көк өгүзү ашууда калган. Козубектин бирин-эки кой-эчкиси да жолдо жоголду. Турпандык Сабитахун дегендин ат кепесин жумуш кылып бермек болуп, Козубек батирге алды. Ал терезесиз, эшиксиз, үстүндө жарык түшө турган киши баткандай гана тешиги бар, асты жер. Ымдашып, аттын чыласы жыттанат. Эшигине кийиз калап, жерине курмушу төшөп, эки үй-бүлө сарайга кириштн. Күн өттү, ай



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

өттү, кыш түштү, турмуш кыйындады. Жагууга отун, кийүүгө кийим, жешке тамак керек. Бирок аларды кайдан, кимден алмакчы? Тегерегиндегилер да «өлбө жаным, өлбө!» деп, өздөрүнө окшоп, ач олтурган качкындар. Турпандыктардан алуу үчүн бир нерсе сатуу керек. Сатмайынча алардан алуу кыйын иш.

* * *

Кыштын ызгаардуу түнү агарып, таң белгисин бере баштады. Чыгыштан жумуп-ачкан көз сыяктуу жылтылдап, Чолпон жылдыз көтөрүлдү. Берметтей тизилип, көктө жүргөн көп жылдыздар, «биз эми кетебиз, келерки күнгө чейин аман-эсен тургула» дегенсип, удургуп үркүп алып, батыш жакка тарады. Көп кечикпей анын артынан алтын нурга боёлуп, акырын гана козголуп, күн да чыкты. Дүйнөгө тирилик кирди. Журт оокатка кам урду. Бирок күн суук. Жер – тушардан кар. Тышка жан чыга албайт. Ажар, Козубектин балдары: Талып, Мурат төшөктө. Козубек эртең менен эле жаман керкисин алып, отун издеп кеткен. Кайта элек. Батма, Айша (Козубектин катыны) болсо, колдорун жеңине катып, бүрүшүп, калчылдап, балдардын жанында олтурушат. Бардыгынын кабактары салыңкы, үнсүз-сөзсүз, өлүм кайгысы бар. Бир жактан чыкылдап кыштын ызгаардуу суугу да ач курсакка бычактай тиет. Бир кезде эшикке каланган курмушу кийиз ачылып, кар аралаш суук жел төр жакка согулду. Аркасына көтөргөн азын-оолак отуну бар, бүткөн боюкар, сакал-мурутуна муз тоңуп, Козубек кирди.

– Эртеден бери жүрүп, алып келген отунуң ушулбу? – деп Айша жемелей баштады.

– Анан кантейин, керкимди турпандыктар тартып алды. Ушуну башка жерден колум менен жулгулап алдым, – деп Козубек ыйламсырап, терең үшкүрдү. Отунду Козубек шашкелик жердеги Кум-Арык дарыясынын жээгиндеги токойдон алып келүүчү. Бирок кийинки күндөрдө турпандыктар аны коруй баштап, качкындарды жолотпой койгон. Козубек анысына деле карабай, тосмочуларга көрүнбөй, таң заардан барып, жаш чырпыктарды көтөрүп келе турган.

– Апа, үшүп кеттим, – деп Ажар бир кезде ыйламсырады.

– Садагасы, үшүсөң кантейин, – деп Батма Ажардын жуурканын кымтылаган болду. Алып келген Козубектин отунун эптеп жагышмакчы болушту эле эшикке жабылган кийиздин тешиктеринен кирген борошо отту күйдүрбөй, үй ичи түтүнгө толду. Тоңгон бубак эрип, үйдүн ичин көлдөтүп суу кылды. Ач жатып калышты. Эртеси Козубек дагы



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

отун издеп кетти. Батма менен Айша тамак издеп кыдырышты. Кечке жүрүп бирөө жарым чака жүгөрү, бирөө бир токоч, бир чыны жүгөрү ун таап кайтышты. Бирок Козубек кечикти. Үйдөгүлөр: «Козубек отун таап келер, от жагарбыз, жылынарбыз, ысык тамак жасап ичербиз», – деген ойдо эле. Бир кезде колу-бутун суукка алдырып, эшиктен кирген Козубекти алар билбей да калышты. Ал аябай үшүгөн, тили сүйлөөгө келбейт, колу тытылган, айрылган, канаган...

– Ээ, сага эмне болду? Отунуң барбы? – деди аялы.

Отуну курусун, – жалооруп Козубек, – жер-суунун баары кар, колго илинген эч нерсе жок. Кардан кылтыйып башы чыккан чекенделер кездешти, жулгуласам былк этпейт. Чычырканак, алтыганалар көрүндү, бирок жабдыксыз эч бир алына турган эмес. Куру кайттым.

Үйдөгүлөрдүн ишенгени Козубек эле. Анын «куру кайттым» деген сөзү ийне менен сайгандай жүрөктөрүнө такалды. Жүгөрү унду укканда шилекейи чубуруп, Козубек келгенде тамак жасап ичмекчи болуп, үмүттөнүп төшөктө жаткан балдар кыңкыстап ыйлай башташты. Айшанын эки баласы: «Апа, курсагым ачты, тоңуп баратам», – деп ыйлап жиберишти. Ажар да араң турду эле, аларга кошулуп ал да ыйлады... Козубектин куру кайтканын көрүп, Батма эбак эшикке чыгып кеткен. Ал бир боо куурай көтөрүп кирип келди. Үй ичине шаттык, кубаныч кирди.

– Кожоюндун катынына жалбарып жатып сурап алдым. Акысына кир жууп бермекчи болдум, – деди Батма. Куурайдын жартысын, унду эртеңкиге калтырышып, жүгөрүнү кууруп жешти. Козубектин кичи баласы Мурат андан көп жеп коюп, ичи көөп, эртеси ичи өтүп, ооруп калды. Батма да кожоюнунун кирин жууп, кечке тышта болуп ооруга чалдыкты. Бир үйдө эки оорулуу. Батманын оорусу күчөдү. Төшөктөн тура албай калды. Бүткөн бою ысып, кыңкыстап, онтолоп, таң атканча жөөлүп чыгат. Айтканы – Ажар... Батма тилден калды. Ажар ыйлап, энесинин башын кучактап:

– Апа, жаным апа! Ойгонсоң, көзүңдү ачсаң... Мени карачы, мен кантем? Менин күнүм эмне болот? – деди.

Батма көзүн акырын ачып, Ажарды карап, бир нерсе айтмакчы болуп, «А-а-жар» деди. Бирок тили күрмөлүүгө келбеди. Сөзү токтоду. Көкүрөгүн көтөрүп, эң соңку демин алды. Жан берди... Ажар апакелеп, боздоп ыйлады. Анын көз жашын көрүп, муңдуу үнүн угуп, келген качкын кыргыздардын баары ыйлашты. Козубек Айша менен Ажарды ээрчитип, дагы эки-үч киши менен өлүктү жогоруда айтылган көп бе-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

йиттин жанына коюп кайтты. Эми Ажар – тоголок жетим. Ажарда ата да, эне да жок. Ажар – турмуш туткуну, турмуш кулу. Ажарга көрүнгөн ээ, көрүнгөн бий.

Март айы жаңырды. Жаз чыкты, сөөк жукарды. Качкындар биринэкин малын, буюмдарын сатып, кыштан эптеп чыгышты. Эми кара баштарынан башка эчтемелери калбады. Тамак издеп, туш-туш жакка тентишти. Басууга курсактын тогу, кийимдин бүтүнү керек го, кийим дегенден буларда эч нерсе жок. Үстүлөрүндө мурдагы эле кийимдери. Алары дагы жазгы койдун жүнүндөй самсаалап, тамтыктары кетип жыртылган. Жол боюнда ак шишик болуп өлүп жаткан кыргыздар: ынгыранып, кынжыйып, арыгынан баса албай келе жаткан катын-балдар; колдон-колго өтүп, сатылып жаткан кыргыздын кыздары, балдары. Баасы – бир кап жүгөрү. Оо, дүйнө ай! Ал күнкү окуялар кайсы кыргыз баласынын оюнан кете коёр экен?

Талыптын оорусу да күчөдү. Бүткөн бою ак шишик. Марттын орто ченинде ал да өлдү. Мүрзөлүк жерди сатып ал деп, турпандыктар өлүктү Батманын жанына койдурушпады. Сатып алууга Козубекте пул кайда? Өздөрү өлүм алдында олтурушат. Жанга көрүнбөй, таң алды менен барып, бир жерге өлүктү көөмп, Козубек кайтты.

Эл жөөлөп-жалаңдап, Какшаалдагы кыргыздарга кетмекчи болушту. Козубек да кетмекчи болду. Бирок Козубекти Сабитахун көчүрбөдү. Кыштан берки болбогон жалган чыгымын айтып, берген бир чымчым чайы, бир ичим көжөсү болсо да доолады. Козубек анын бутуна жыгылды, жалынды, жалбарды. Акысы болсо да кечип коюшун сурады. Ага Сабитахун болгон жок, каарын төктү. Бербесе, шаңыяга (болушуна) билгизип, набакка солоторун айтты. Козубек кыйналды, эмне кыларын билбеди. Ою алып учуп тоо-ташка урунду. Бир күнү ал Сабитахундун зордугу өтүп кеткенин, Ажарды сатсакпы деген оюн аялына айтты. Айша «койчу» деп секирип, Батма өлөрүндө Ажарды тапшырып, айтып кеткен керээзи эсине түшүп, эрине бир нерсе айтмакчы болду эле, эшиктен келе жаткан добуш угулду. «Акырын укпасын келе жатат!» – деди Козубек.

...Ажардын сулуу, сүйкүмдүү, ак жуумал өңүн көрүп, Сабитахун мурунтан эле ага кызыгып жүргөн. Анын ою иши кылып Ажарды колуна алууда. Сабитахун ал тилегине жетти. Ажарга баалап Козубекке бир эшек, үч зээр акча, бир пуд жүгөрү ун берди. Андан калганын доолаган акысы үчүн чегерди, Козубек көчүп Какшаалга кетти.

Эң оболу Ажар чоочуркап, ичкен-жегени аш болбой, анын үстүнө ата-энесин сагынып жүдөп кетти. Бирок кийинчерээк Сабитахундун үй



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ичи менен таанышып, үйүр алышып, оңолуп өңүнө кирди, каткан чери тарап, капасы, муңу жазылайын, унутулайын деди. Ошентип бир жыл өттү. Ажар 15ке чыкты. Ажар десе, Ажар дегендей эки бети алмадай, кара көзү балбылдап, көргөн жанды эрксиз өзүнө тарта турган болду. Сабитахундун тамыры турпандык Чыр деген бир бай дунган бар эле. Сабитахунга ал коңшу турчу. Ажарды ал эки-үч курдай көрүп, бир күнү Сабитахунга келди. Ажардын түп-жайы менен жакшылап таанышты.

– Бир олжоң экен, досум. Ажарды мага бер. Бул үчүн эмне алам десең да, мына мен даярмын, – деди Чыр.

– Досум, сенден эмне алмак элем? Колумдан чыккан чыгымдарымды төлөсөң гана болду! – деди Сабитахун.

Чыгымга келгенде, Сабитахун эшегин ат кылып, унун күмүш акча кылып көрсөттү. Андан Чыр качкан жок. Шагыраган накта алтымыш зээр акчаны ага санап берип, Ажарды алды. Аны алгандагы ою – карыганда Ажарга үйлөнүү. Ошентип аны кучактамакчы, сүймөкчү, өмүр кызыгын көрмөкчү. Чырдын мындай суук кабарын укkандан кийин Ажар ошол жердик эки-үч катын менен энесинин мүрзөсүнө барып, капкайдагы бук болгон ичтеги арманын, муң-зарын айтып ыйлаганын аңгеменин баш жагында айткан болчубуз.

* * *

Майдын кечки салкын жели сокту. Кошоктошуп көктө жүргөн ак булуттар каалгып учат. Жел аларды көрүнбөгөн сүйкүмдүү колу менен түртүп учуруп, Тянь-Шандын көк тирешкен аскаларына айдап барып токтотот. Кээде булуттардын үзүлгөн бөлүндүсү, күндүн үлпүлдөп батып бара жаткан көзүн каптап, Какшаалдын элсиз, мейкин талаасындагы нерселердин баарын да кара күүгүм, ала көлөкө тарттырат. Талаа тынч... Булуттардын көлөкөсү Ажар жаткан алтыгананын үстүнө түшүп, улакча ойноду. Коңур жел да Ажарды кытыгылады, эркелетти, ойготту. Ажар кыбырап туруп, жолуна түштү. Түн кирди. Кайрадан сулуу ай муңайып, алтын бууга боёлуп, чыгыш жактан көтөрүлдү. Аппак нур шооласы менен түндүн мээримсиз караңгылыгын алда кайда кубалап, кең талааны кубантты. Талаа да ыйлап сооронгон жаш баладай жылмайып, кучагын жайып, Ажарга жол берди. Аңгыча арт жагынан созултуп улуган, үргөн үн жакындай баштады. Ажардын жүрөгү опкоолжуп, дүпүлдөп алып учуп, оюна ар түрдүү коркуу сезимдер келди.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бир мезгилде Ажардын айланасына карышкырлар толуп кетти. Баары ач, кабыргалары саналып, кынжыйып эң эле арык, тилдерин салаңдатышып, кыңшылашып Ажарды камап алышты. Ал коркту. Ыйлап жиберди... Жан деген кыйын го, жанын корголоп жерден тырмалап таш алып, туш-тушка ыргытты. Качты. Жүгүрдү... Колу-буту ташка тийди. Айрылды. Кызыл ала болду. Шордуу ага карабай жаш денесин алып учкан кызуулугуна берилип, жүгүрүп отурду. Бирок илешкен жоо калчубу? Ажарды бура бастырбады, кутказбады. Тийип-качып, алды-артын тороп, бир алтыганага камады. Ажар жан талашып, жанын сыйпалап, жарты боо ширеңке тапты. Оттон карышкыр качат деген бала кезиндеги энесинен уккан сөзү оюна түштү. Ширеңкенин бирөөнү тартып жиберди. Карышкырлар отту көрүп, азыраак алыстады... Айтор, эстен танган Ажар карышкырлар жакындап кирип келген сайын ширеңке тартып жатып, көбүн жерге чачып, ширеңкенин да аягына чыгып, бир гана тал ширеңкеси калды.

– Шамдай жанган жаш жаным, ушул ширеңке өчкөндө, сен да кошо өчөт экенсиң, мына эми мен өчөм, карышкырга жем болом... – деди Ажар. Ал бирөө айткандай, жанындагы алтыганага өрт койду. Алты ай жазы менен жаан көрбөй, күнгө куурап, араң турган алтыгана ширеңке жандырганда эле дүркүрөп асманга чыкты. Оттун жалындуу кызгылт шооласы учуп ыраак кетти. Айланасындагы нерселерди апакай кылып, бадырайтып Ажарга көрсөттү. Карышкырлар жоголуп калышты, кеткендей болушту. Ажардын биртке акыл-эси кирейин деди. Анын медери, жөлөгү жалгыз ошол от. Андан ажырагысы келбейт. Бардык үмүтү, тилеги күн көрүү, өмүр сүрүүсү – ошол отто. Ошого байланышкан. От өчсө, от менен бирге Ажар да өчмөк. Аңгыча от басылды. Кайтып карышкырлар улушту, жакындашты. Ажардын алды-артын тороп, айлантып курчап алышты.

Ажар эми чындап жанынан үмүт үздү. Таянган жалгыз отунан ажырарын, жоосунун колуна түшөрүн, ырайымсыз жырткычтарга жем болорун билди, көңүлү караңгылады. Акылы, алы кетти. Эси ооду. Көзүнө жер, чөптөр, тоо-таш – баары жоо болуп көрүндү. Арбайып-тарбайып, оозун ачып, жакындап келе жаткан сыяктанат. Ага айла кылмакчы, каршы турмакчы болду. Колу менен чоктуу күлдү шилеп, жан жагына ыргытты, чачты. Карышкырлар болбоду, күчүнө алды, кыңшылашып туш-тушунан качырышты.

– Мына эми, мен силердики, алгыла! – деди Ажар. Башка сөз айтууга кубаты келбеди. Жыгылып кетти... Үстүнө карышкырлар үймөлөктөшүп



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

калды. Жемди талашты, ырылдашты, ары-бери сүйрөштү. Чырылдаган Ажардын аянычтуу үнү гана угулду... Асмандагы көп жылдыздар Ажарды аяшты, кызганышты, сулуу ай да муңайып, Ажарга актык нурун берип, кош айтышты.

Кош боорум! Сага окшоп, өз боштондук, өз теңдигин талашып, кулдуктан кутулууну самаган эчен миңдеген ага-туугандарың, эжесиңдилериң канкор падышанын куугуну, сүргүнү астында тепселишти, көбү максатына жете алышпай, арманда кетти. Кыргыздын далай кыздары, балдары жер-суусунан, эли-журтунан, ата-энесинен ажырашып, кан какшады... Сен ошолордун бирөөсүсүң. Сен көздөгөн тилегиңе жете албастан азаттык, теңдик жолунда, ээн жер, элсиз чөлдө арманда кеттиң... Кош, боорум Ажар!

## ЭРКИНДИК ЭҢСЕГЕН КЫЗДЫН ТАГДЫРЫ

«Ажар» повестинде жазуучу 1916-жылдагы кыргыз элинин азаттык күрөшүн, оор абалын колдон-колго өткөн шордуу Ажардын кайгылуу тагдыры аркылуу көрсөтөт. Энеси өлгөндөн кийин ал таптакыр бейтааныш адамга, Сабитахунга, буюм катары өттү. Адамгерчилик сапаттан куржалак калган Сабитахун жаш Ажарды Чырга сатып жиберди. Карыган чалдын үчүнчү аялы болгондон көрө, Ажар үчүн өлүм жеңилдей көрүндү. Бирок ал өлүм жөнүндө адегенде ойлонбойт. Кантип болсо да, Чырдан кутулуунун жолун издеп, максатына жетпей ач карышкырларга жем болду.

Ажардын образы. Эне да, бала да өз элине келбей, Ала-Тоосун көрбөй калды. Батма менен Ажардын бул тагдыры – ондогон кыргыз аялдарынын тагдыры. Ал кезде Батмага окшоп бир чөйчөк талкан же бир боо куурай үчүн өз өмүрүн кыйган кыргыз аялдары аз эмес эле. Ал эми Ажардын тарыхы – тагдырына моюн сунуп, кол куушуруп олтуруп албай азаптан кутулуу үчүн өлүмгө башын байлаган ондогон кыргыз кыздарынын тарыхы. Өзгөчө Батманын өлүмү аянычтуу. Бар болгону бир боо куурай анын өмүрүнө барабар турду. Турпандык соодагерлердин ат кепеси, бир чөйчөк көжөсү, бир кайнатым чайы, бир боо куурайы үчүн шордуу качкындар өмүрүн баалады. Апасынын мына ушул өлүмү турмуштук тажрыйбасы өтө жарды жаш кыздын өмүр жолундагы чоң сыноо болду. Эч кимиси калбаган жаш жетимди турмуштун агымы кайда алып барып таштары энеге да, балага да бел-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

гисиз эле. Энесинин жүрөк сезими Ажардын келечек тагдырын боолголоп байкады. Ошондуктан ал өзү өлгөндөн кийин жалгызымдын күнү эмне болот деп тынчсызданат.

...Сабитахунга барымтага байланып, андан Чырга токолдукка сатылышы Ажардын өмүр жолуна бурулуш жасады. Ый, жаш менен эч нерсеге жетише албасына, өлгөн апасынан эч кандай жардам жок экенине Ажардын көзү жете баштады. Ага «өлүүдөн, болбосо бир жакка качуудан» башка эч бир арга калбады. Ал Чырдыкынан качып чыгуу менен коомдук түзүлүшкө өзүнүн нааразылыгын көргөзгүсү келип, эрк талашып качып чыкты. Бирок Ажардын эрк талашкан жолунда Чыр менен Сабитахундан башка да экинчи бир тилсиз жоо – Какшаалдын суусуз талаасы жатат. Анын азаттык жолундагы бөгөт болгон мурдагы адам карышкырлары эми азуулуу карышкырлар менен алмашылды.

Ажар акыр аягына чейин жашоодон, турмуштан күдөрүн үзгөн жок. Ал керт башынын эркиндиги үчүн баарына кайыл, өлүмдөн да тартынбайт. Табияттын тилсиз күчтөрү: Какшаалдын какшыган чөлү, азуулуу карышкыр менен да кармашты. Эркиндик үчүн болгон күрөш аны баатыр кылды. Акыркы минутага чейин карышкырларга каршылык көргөздү, ага каршы турду. Бир тал ширеңке! Ал өчүп бүтөрү менен Ажар да өчтү. Бир тал ширеңке өчкөн жалындай болуп, Ажардын жалыны да жалп өчүп, эч кимге белгисиз бойдон кала берди.

Бул – бүгүнкү күндө өз алдынча эгемендүү өлкөдө жашаган адамдардын Ажарды ардак менен эскерүүсү. Эркиндик талашып, курман болгон Ажардай кыргыздын кыздары унутулбайт.

Ажар өткөн кылымдын баштарындагы феодалдык доордун курмандыгы болду десек жаңылышпайбыз. Анткени ал учурда коомдук турмушта теңдик, инсан эркы тууралуу сөз болуусу мүмкүн эмес эле. Бай-манаптар эмне кылам десе колдорунан келер эле. Бардык маселени дүйнө, мүлк, акча чечкен. Ошол үчүн Ажардын мүдөөсүн коргоп эч ким чыкпаган.

Азыркы кез менен ал кезди салыштыруу, дээрлик өлүм менен өмүрдү, түн менен күндү салыштыруу менен бирдей. Ошол үчүн азат элдин эркүү перзенттери эсебинде, мамлекетибизде жаштарга жасалып жаткан камкордуктар менен мүмкүнчүлүктөрдөн толук пайдаланып, жаркын келечек үчүн жакшы окушубуз, өнөр үйрөнүп, спорт менен машыгуу жаштардын парзы.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Чыгарманын прологунан эмнени түшүндүңөр? Пролог деген эмне? 1916-жылкы боштондук күрөштү кимдер уюштурган, анын жетектөөчү күчү кимдер? Бул окуяга арналган дагы кандай чыгармаларды билесиңер?
2. Айткулу менен Жапаркулду, ага карама-каршы тараптагылар – Сагын, Жакыпбек, Сабитахун, Чырды мүнөздөгүлө.
3. Турпандагы качкын ыргыздардын абалы чыгармада кандайча берилген? Эмнеликтен Ажар карышкырларга жем болду?
4. Чыгармада пейзаждык сүрөттөөлөргө көңүл бөлгүлө. Прологду жана VI бөлүмдү үн чыгарып окугула.
5. «Ажар – азаттык талашкан кыздардын бири» деген темада дилбаян жазгыла.

## АДАБИЯТ ТЕОРИЯСЫНАН: КӨРКӨМ ЧЫГАРМАДАГЫ ПРОЛОГ ЖАНА ЭПИЛОГ

Кээ бир жазуучулар каармандардын типтүү мүнөздөрүн, өз ара мамилелерин, карама-каршылыктарын, талаш-тартыштарын даана көрсөтүш үчүн, боло турган окуяга кызыктыруу максатында болуп өткөн окуянын негизинде пайда болгон натыйжа, жыйынтык жөнүндө алдын ала айтып коёт. **Чыгармага киришүүнүн алдында автордук ой менен тааныштыруу максатында берилген алгачкы түшүнүк пролог деп аталат.** К. Баялиновдун «Ажар повестинде кийинки окуя болуп өткөн окуядан мурда берилген. Бул – пролог. Башкача айтканда, мында Ажардын мурдагы өмүр жолу айтылбастан, окуя чү дегенде эле ырбаган жеринен – кульминациялык точкадан башталат.

Ал эми эпилог адатта чыгарманын акырында берилет. **Кейипкерлердин тагдырына байланыштуу убактылуу айтылбай калган айрым окуяларды жыйынтыктап, чыгарманын акырында берүү эпилог болот.** С. Карачевдин «Эрксиз күндөрдө» повестинин эпилогунда лирикалык каарман Жунуштун кийинки тагдырын, Жыпарга болгон сүйүү сезимин билүүгө аракеттенет. Жунуш бул суроолорго түз жооп бербей, ар кайсы сөздүн башын чаргытат. Чыгарманын акырында Жыпар аскадан учуп өлгөнү белгилүү. Ал эми эпилогдо повесттин башкы каарманы Жунуштун кийинки иштери, өмүр жолу туурасында кабар берилет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КАСЫМАЛЫ ЖАНТӨШЕВ

**(1904 –1968)**

**Өмүрү жана чыгармачылыгы.** Ал 1904-жылы Түп районундагы Тепке айылында туулган. Ата-энеси жарды адамдар болгон. Ошондуктан жаш кезинен эле турмуштун запкысын көп көрдү, эл башына түшкөн азапты бирге тартышты. 1916-жылкы кыргыз элинин боштондук кыймылында Кытай жерине качып барып, 17-жылкы төңкөрүштөн кийин гана эл менен бирге кайтып келет. Алгач өз айылындагы башталгыч мектепте окуп, андан ары билимин Ош педагогикалык техникумунда улантат. 1925-жылы Фрунзедеги педтехникумга которулуп, аны 1930-жылы бүтүрүп чыгат. Мезгил талабын туура түшүнгөн К. Жантөшев агартуу майданында иштөөнү чечет. Алыскы Ош жергесинин айылдарынын бирине барып, мугалим болуп иштейт.

Белгилүү сүрөткердин чыгармачылык жолу драма жазуудан башталат. Педтехникумда окуп жүргөндө эле «Койчулар» деген бир актылуу пьесаларды жазып, андагы айрым ролдорду өзү аткарып, режисссёрдук да кыла коюп, көзгө көрүнө баштайт. 1928-жылы улуттук театрыбыздын көшөгөсүн биринчилерден болуп ачкан «Карачач» драмасы аны элге таанымал кылды. Бул пьеса айрым боордош элдердин театрларында да коюлуп, жылуу кабыл алынган. Мындай ийгиликтер драматургду ого бетер шыктандырып, жаңы чыгармаларды жаратууга түрткү берди. «Алым менен Мария», «Дардаш», «Ушундай болду», «Кичинекей баатыр» аттуу пьесаларды удаалаш жазды. Бирок бул драмалар К. Жантөшевдин чыныгы чыгармачылык жүзүн даана ача албады. Аны бөтөнчө бир атак-даңкка жеткирип, калың калктын сүйүктүү жазуучусуна айландырган «Каныбек» романы менен «Эки жаш» повести болду. Мына ушундан баштап ал эки жанрда бирдей жемиштүү иштеди.

Согуш жылдарында жазуучу баатырдык эпостун сюжети боюнча «Курманбек» драмасын жазды. Элибиздин согуш учурундагы баатыр-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

дык иштерин чагылдырган «Азаматтар», «Өч», «Ким кантти?» деген пьесаларын жаратты. Жогорудагы драмалар учурдун талабына кадыресе жооп берди. Булардын ичинен ушул мезгилге чейин коюлуп келе жаткан «Курманбек» драмасы Жантөшевдин чыгармачылыгында гана эмес, бүт кыргыз адабиятында өзгөчө мааниге ээ. Анын Чолпонбай жөнүндөгү очерки да согуш күндөрүндө жазылган.

Согуштан кийинки жылдарда да сүрөткер чыгармачылык изденүүнүн үстүндө болуп, ири чыгармаларды жазды. Алар тематикасы, жанры боюнча ар түрдүү, сан жагынан да арбын. Бул жылдары «Эл ырчысы», «Бир үйдө», «Каныбек», «Биздин эл», «Азоого чалма» сыяктуу драмалары, «Хан-Теңирдик чабан», «Жалындуу жаштар», «Менин тагдырым» ж.б. роман, повесттери жарык көрдү. Кичинелердин чоң дүйнөсү да К. Жантөшевдин көз жаздымында калган жок. Айрым элдик жомокторду балдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайыктап иштеп чыгып, «Өнөрлүү балдар», «Эркин адашканда», «Кара шумкар» сыяктуу чакан, окуялары кызыктуу аңгемелерди жаратты. Өзгөчө «Тилек», «Ашуу ашкан суу» фантастикалуу повесттери окуучулардын сүйүктүү чыгармаларынан болуп калды.

## КУРМАНБЕК

*(5 актылуу, 6 сүрөттүү драма)*

Катышуучулар:

**Курманбек** – эл баатыры, 25 жашта.
**Аккан** – Курманбектин досу, 25 жашта.
**Чагыр** – Курманбектин жолдошу, 22 жашта.
**Айганыш** – Дөдөн баатырдын кызы, 19 жашта.
**Гүлай, Гүлгаакы** – Айганыштын теңтуштары, 18 жашта.
**Дарыгер** – Аккандын жолдошу, 60 жашта.
**Дөдөн** – Айганыштын атасы, 80 жашта.
**Салкын** – Айганыштын апасы, 55 жашта.
**Ырчы** – айылдагы ырчы, 40 жашта.
**Эдил** –Дөдөндүн айылындагы жигит, 25 жашта.
**Тейитбек** – хан, Курманбектин атасы, 60 жашта.
**Корун** – Калмак ханы, баатыр, 50 жашта.
**Доргу** – Корундун нөкөрү, 30 жашта.

### I акт

Мезгил түн. Тейитбектин үйү, бир жагында тактысы, анын бет маңдайында Корун, Доргу. Корун кызуулана сүйлөп турган болот.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Корун**:

Жаш чакта,
Жанаша жүрдүк.
Кекенгенден кек алып,
Кубанып күлдүк.
Сага болушуп келдим,
Сен мага алым бердиң.
Уулуң баатыр болду,
Алым бердирбей,
Ажыратып койду.
Эми иш мындай болсун!
Уулуң кастыгын койсун.
Кызым Шаазынды алсын.
Күйөө болуп калсын...
А экөөбүздүн убада
Калыбында калсын...

**Тейитбек:**

Достошконбуз,
Ал анттан жылбайм!
Сага каршы,
Кымындай иш кылбайм!

**Корун:**

Курманбекти
Акканга достоштурба,
Дөдөнгө баш коштурба.
Биздин сөздү уксун,
Аларга каршы чыксын.

**Тейитбек:**

Дал ошондой болот,
Айткanымды кылбаса,
Жаштайында соолот.

**Корун:**

Алган алымым үчүн,
Дөдөндү мага каратсын.
Элчиликке барып бер,
Каршылык кылбас үчүн,
Кызы Айганышты
Катындыкка алып бер...
Болбосо... *(Жакалап)*
Корун жайлап салат...
Миң баатыр болсо да
Уулуңдун эсебин табат...

**Тейитбек:**

Досум! Убада болду,
Келе колду!..
*(Курманбек, Чагыр кирет).*

**Тейитбек:**

*(Бөйпөңдөп)*

Эмне мынча
Ачууланып, балам?

**Курманбек:**

Айып этпе, ата...
Кайгуулга бардым.
Бул карышкырдын
Изин кубалай келип,
Үстүнөн чыгып калдым.

**Корун:**

*(Кылычын кармай)*

Ким карышкыр?

**Курманбек:**

*(Тап берип)*

Сен карышкыр!

**Тейитбек:**

*(Арага түшүп)*

Токтогула!
Үйгө келген кишиге
Тап бербе, балам!



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Курманбек:**

Корун жолобосун деп,
Акыркы ирет айтам.

**Тейитбек:**

Корун душман эмес,
Достук менен келди.
Мени кубандырып,
Жакшы кабар берди.
Кызымды алсын.
Курманбек күйөө
Болуп калсын дейт.

**Курманбек:**

Кар үстүнө көк чыкпайт.
Гүл өспөйт, ата!

**Корун:**

Мени душман дегениңби?

**Курманбек:**

Кылганың жамандык!
Болбосо айтчы, Корун,
Ойлодуңбу адалдык?

**Корун:**

Жакшылыгымды
атаң билет.

**Курманбек:**

Сага атам
Алданып жүрөт.
*(Тейитбекке)*
Кечириңиз, ата,
Сизде да толо ката.
Сизди адаштырып жүрөт,
Доспуз деген бата!
Ата! Бүгүндөн тартып.
Корун көрүнбөсүн.
Алакандай кыргыздар
Уйдун бөйрөгүндөй
бөлүнбөсүн!..

## көшөгө

I актынын II сүрөтүндө Айганыш нөкөр кыздарына Курманбекти тойдо көрүп, сүйүп калганын баяндайт. Корун аны алам деп Дөдөнгө күнүгө жуучу жиберет. Бул жөнүндө Дөдөн байбичеси Салкын экөө Айганыш менен акылдашып турганда Тейитбек өзү жуучу болуп келет да Дөдөндөн «жок» деген жооп угат. Буга Тейитбек аябай жинденип: «Башыңды кесип шыргыйдын учуна саям, элиңдин оозун кан менен чаям», – деп кектүү кетет.

II актыда Айганыш жоо кийимин кийинип, чалгында жүргөн Курманбекке жолугуу максатында нөкөр кыздары менен тоого жөнөйт. Ал жерде жаман түш көрөт. Түшүн кыздарга айтса, алар: «Элге кетели», – дешет. Ага Айганыш болбойт. Акыры кыздар да анын айтканына макул болушат. Гүлгаакыны чалгынга жиберип, Гүлайды ошол жерге калтырып, Айганыш калган кыздары менен булакка эс алганы



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жөнөшөт. Дал ушул учурда Корун нөкөрү Доргуну ээрчитип, Гүлайга кездешет. Мурдагы кеңеш боюнча Гүлай аларга өзүн Айганышмын деп тааныштырат. Корун аны сүйөрүн айтып жалбарат. Бирок Гүлай-Айганыш анын жүрөгү жалгыз гана Курманбекке арналганын билдирет. Корундун ачуусу ашынып, Курманбекти өлтүрүп, элин чаап, Айганышты аялдыкка аларын айтат. Чатак ырбап Корун менен Доргу экөө кызды жарадар кылып кете беришет. Досу Аккан, нөкөрү Чагыр менен Курманбек жарадар болуп жаткан кыздын үстүнөн чыгат. Аңгыча Айганыштар да келип калышат. Айганыш Гүлайды өлтүргөн Курманбектер деп ойлоп, баатырды жекеге чакырат. Курманбек бейкүнөө айыпка жыгыларда Гүлай көзүн ачып, аны Корундар жарадар кылганын айтат. Айганыш кечирим сурап, Курманбекке таазим кылат.

III акты Курманбек менен Айганыштын тоюнан башталат. Дөдөн менен Салкын жаш жубайларга ак батасын беришет. Бирок Тейитбек келип: «Дөдөн бул жерден кетсин, болбосо мен кетемин», – деп чатак чыгарат. Анын ниети чындап карайганын көргөн Дөдөн Курманбекке: «Бийликти сага бердим, эми элди өзүң асырап ал», – деп ак тилек алкышын айтып кете берет. Тейитбек да каарданып, ордосуна жөнөйт. Дал ушул учурда чабарман келип, Корун баштаган түмөндөгөн жоо каптап киргенин билдирет. Курманбек Телторуну суратып, Чагырды атасына жиберет...

**Тапшырма**. Окуу китебине кирбей калган драманын жогорку бөлүмдөрүн өзүнөрчө окугула.

## III акт

Тейитбек ордосунда, өз тагында отурат.

**Тейитбек:**

Оо, катындар,
Курманбектей бала
тууганча,
Туубас болуп өткүлө!
Оо, эл! Андай бала
өөдө карап,
Кубанып күлбөсүн.
...Уругу көбөйүп, беш
күн өмүр сүрбөсүн!

**Чагыр:**

*(Кирет)*

Алдыяр, хан ата!
Башка мүшкүл түштү!
Батаңызды бер, ата!

**Тейитбек:**

Ии, чуулгандуу, куйту кул!
Башка мүшкүл түшсө,
Мен силерге хан ата!
Той-тамаша иш келсе,
Мен жаман ата!..



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Чагыр:**

Алдыяр, ата!
Такыр эле андай эмес,
Угуңуз кеңеш!

**Тейитбек:**

Ии, айта бер, угайын!..

**Чагыр:**

«Кыргызды бүт чабам»,– деп,
Каарына алып Корун,
Келип калды, хан ата!

**Тейитбек:**

Ырас болуптур!

**Чагыр:**

Курманбек:
«Сырдакана тору атты,
Атам берсе минем дейт.
Канкор, бузук Корунга,
Ителгидей тием», – дейт...

**Тейитбек:**

Болду!
Айтканың мээме толду.
Бере албаймын атымды!
Менден жакын асырайт,
Кан төгүшкөн жатымды!
Ал деген кызды албай,
Өзүнчө алды катынды.
Менин жоом болгон,
Мага бийлетпей койгон,
Дөдөңдү өлтүрүп берсин,
Анан берем атымды...

**Чагыр:**

Сиз таарынган адамга,
Уулуң кантип жоо болот?
Элин өзү жок кылса,
Курманбек кантип
соо болот?

**Тейитбек:**

Көксөм суубайт таптакыр,
Курманбек бүгүн өлбөсө!
Атышып жүрүп Корундан,
Өлүп калса арман жок.
Тору атым эмес,
Томуктай берер,
Жардамым жок!

**Чагыр:**

Хан ата!

**Тейитбек:**

Кет! Жогол!
Кайран досум Корунга,
Жиберген кишим барган.
Эч кимге шек алдырбай,
Капыстан келип калган.
Эгер кудай берсе,
Курманбекти Корун жеңсе.
Элди чарк имерип алсам,
Курманбекке жакындарды
Курутуп орго салсам!...
*(Айганыш, Гүлай таазим кылышат. Тейитбек тетири карайт).*

**Гүлай:**

Атаке, келиниңиз келди!

**Тейитбек:**

Эң жакшы болду!
Көрөйүн деген көз
желкеде, кулак чокуда.
Өпкө өз ордунан кетип,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жүрөк жамбаштан
орун алды.
Айта берсин сөзүн!
Кулактын быягынан
Өтүп, тыягынан чыксын!..

**Айганыш:**
*(Гүлайга)*

Мени жек көрөт,
Кайдан көңүл бөлөт?

**Гүлай:**

Атаке!
Атыңды сурап келдик!

**Тейитбек:**

Өзүм минем.
Өз атымды өзүм билем!

Айганыш: Атаке!

**Тейитбек:**

Укпайм сөзүңдү.
Атаке дебе өзүмдү.
Силердей
шерменделер эмес,
Өзүмдөн туулган
бала жок.

**Айганыш:**

Кагылайын ата,
Антип болбо капа!

**Тейитбек:**

Тарт тилиңди!
Көрсөтпө мага жүзүңдү.
Эл-журтка бүлүк салган,
Элдин кусуруна калган.
Түмөн элди кыдырып,
Күлүн сузган
Уулум Курманбекти,
Абжип кылып бузган
Бузуку!.. Жүзү кара!..
Шерменде!.. Бетпак!..

**Айганыш:**

Мейлиң, ата,
Тилдеди деп кек кылбайм.
Өлгөнчө кызмат кылууга,
Антыман да жылбайм.
Уулуңуз Курманбекти
Атсыз жөө койбоңуз!..

**Тейитбек:**

А Курманбекти соём,
Бардыгын өрттөп...
Ысык канына тоём!..

**Айганыш:**

Каршылык кылсак да,
Ырайымга келиңиз!
Жоо камап кирип келди,
Атыңызды бериңиз!..

**Тейитбек:**

Эшектен туулуп, –
Итке телинген балам!
Унутпай жүргүн,
Сага деген батамды
Эсиңе салам:
*(Колун тетири жайып)*
Оомийин!.. Башыңдан
Балакет кетпесин,
Этегиң толорсугуна
Жетпесин.
Сокуңду минип...
Туурдугуңду салынып,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Туткучуңду темингин.
Ичериңе тамак таппай,
Куураган сөөктү кемиргин!
Алло акбар!..

**Айганыш:**
*(Чөгөлөп)*

Кагылайын, атаке!
Антип кылба капа!
Көңүлүң бизди –
Сүйбөсө сүйбөсүн...
Бирок тилиң тийбесин!

**Тейитбек:**

Тилим жылан болуп,
Уулум экөөңдү чаксын!
Камап келген хан Корун.
Эсебиңерди тапсын!
Сенин чачыңды кыркып,
Жерге тикеңден каксын!
Корундун болот найзасы
Курманбектин жүрөгүн
Тешсин жаралап.
Булак болуп кара кан
Агып турсун салаалап!..
Мага эмес, мага эмес...
Силерге кесир болсун.
Кыргыздын кызы күң,
Катыны жесир болсун!..

**Айганыш:**

Койгула,
Атыңарга биз ыраазы!
*(Кетенчиктеп кетишет).*

**Тейитбек:**

Булар оңбойт!
Жөн турганым болбойт.
Жоо кийимди кийип,
Телторуну минип
Кетип калайын.. *(Сыртка)*
О, кайдасыңар?..
*(Жигит кирет).*

**Жигит:**

Алдыяр, ханым!

**Тейитбек:**

Бол, чамда,
Телторуну токуп,
Жоо кийимимди камда!

**Жигит.**

Жарайт, ханым!
*(Жигит чыгып кетет).*

## IV акт

Сахнанын бир тарабы – аска таш, экинчи тарабы – көк жайык. Алыста бүркөлгөн асман. Аска ташка жашынышып Корун менен Доргу Курманбекти карап турушат.

Доргу:

Жүрү эртелеп,
Баш калкалап,
Кылалы далбас.
Кокус буга кабылсак,
Жаныбыз калбас!..

Корун:

Токто, качпа!..
*(Далыдан булкат).*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Доргу:**

Качпа, качпа!..
Баатыр, сен
Акылыңдан шашпа!
Бул Курманбек
Эзелки кегин кектейт,
Миң күнү мактансаң да,
Алыбыз жетпейт.

**Корун:**

Акылдан шашып,
Өтүгүңдү тетири кийбе,
Өтүмдү боюма таратып,
Акмак, жиниме тийбе!

**Доргу:**

Эмне? Акмак?
Акмак сенин
Эсебиңди тапмак...

**Корун:**

Коркоктун тили заар,
Бирок күчү жок...
Мен андайлардын
Тилин байлаймын...
Курманбектен мурда
Сени жайлаймын...
*(Качырат).*

**Доргу:**

Баатыр, баатыр!..
*(Тейитбек келет).*

**Тейитбек:**

Ай, ай, жан соога!..
Арба, баатыр Корун!
Курманбекти өлтүрүп.
Ачылсын жолуң!
*(Кучакташат).*

Телторуну бербесем да,
Оңбогон Курманбек
Чындап каарына алды.
Аягысы жок, бирок,
Экөөнө жетпей калды.
Күйбөгөндү күйгүзүп,
Кыргын салды.
Эми карагылачы,
Аты жүрбөй калды.
Аңдып туруп,
Аны жеңип ал.
Катыны Айганышты,
Өзүң энчиңе ал!

**Корун:**

Ырахмат,
Досум Тейитбек!

**Тейитбек:**

Айылга барам,
Өзүңдү тосуп алам!

**Корун:**

Кош досум!
Тилегиң кабыл болсун!
Достугубуз дагы күчөп,
Бакты-таалай консун!
Уулуңдун башын алып,
Каран түндү салам.
Артыңдан кошо барам!
Келиниң Айганышты,
Катындыкка алам!
Өзүңдү болсо кыргызга,
Хан көтөрүп салам!
Аккандарды талкалап,
Мен да баар табам!



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тейитбек:**

Болду,
Болду, ноёнум!
Айганышты болсо.
Макулдатып коёмун!
А Дөдөндү болсо,
Орго салып соёмун!
*(Кетет).*

**Корун:**

Көрдүңбү,
Курманбектин колун,
Тороп келет,
Биздин колдун жолун!

**Доргу:**

Эми, баатыр,
Акылды жыялы.
Али дагы күчү көп,
Эптеп амал кылалы!

**Корун:**

Анда жашын,
Абдан жакындасын.

**Доргу:**

Жарайт!

Жашынып калышат. Күн жаап, шамал согот. Чуу көбөйөт. Жоону кууп, Курманбек келет. Чабышкан кол. Чабыш бүтөт. Сахна жарык болот. Өлүп жаткан адамдар. Курманбек найзасын таянып, ойлуу. Жашынып, Корун менен Доргу чыгат.

**Доргу:**

Көрдүңбү, баатыр!

**Корун:**

Бирок бул оңбогур
Өлмөйүнчө кектейт.
Жекеге эми чыгалы!
Баатырлардын салты...
Нускабызды кылалы?!

**Курманбек:**

Атым жүрбөй калды,
Жөөгө чыгалы.

**Корун:**

Колума түштүң!
Башыңды кесемин,
Кудай сага баарын
Берсе да күчтүн!
Корун баатыр
Азыр сени соёт,
Бүт эл көрсүн деп,
Өлүгүңдү
Жолдун боюна коёт!

**Курманбек:**

Арсыз Корун, акмактын,
Кебин кыласың!
Баатыр болсоң,
Неге карап турасың?
Ким арсыз, ким ардуу,
Аны майдан сынасын!..

Ары жактан Доргу үч жоокер менен келет, чабышат. Курманбек экөөн жыга сайып, Доргуну качырганда, Корун Курманбекти саят. Курманбектин эси ооп, ташка сүйөнүп жыгылат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Доргу:**

Кош, Курманбек!
Эми жалгыз кала бер!..
Эки көзүң чакчайып,
Күнү-түнүн санасын.
Көмүлбөгөн денеңди,
Карга-кузгун таласын!..

**Курманбек:**

*(Алсыз)*

Абалаган ак кептер.
Элиме менин айта бар!..
Өлөрчө болуп Курманбек,
Акыл-эстен танды де...
Кайгырбасын эл-журтум,
Курманбектин ордуна,
Дагы баатыр болот де!
*(Жыгылып кайра турат).*
Душманына алдатып,
Жападан жалгыз өлдү де!
Баса, дагы элиме айт:
Менин атам Тейитбекти
Бүгүн жайлап салсын де!
Тирүү кеткен Корундан,
Кунумду кууп алсын де!..
*(Оңоло түшүп жыгылат, Тейитбек келет).*

**Тейитбек:**

*(Ыйламсырап)*

Курманбек,
Жалгызым, Курманбек!
Өлдү...өлдү...
Корун өлтүргөн жок.
Өзүм өлтүрдүм! Өзүм!..
О, жараткан!
Шумдугумду кара.
Даңкымды көтөргөн,
Баатыр уулум –
Курманбек кана?..
О, шумдук! Эмне үчүн
Сага кастык кылдым?
Неге атымды бербедим?

**Корун:**

Кош, хан Тейитбек!
Уулуңа жаның ачыдыбы?
Бул кызык элес...
Бирок көңүлүң ак эмес...

**Доргу:**

Эгер ак болсо,
Бизди мактар эле!
Жүрү, досум, Корун деп
Айылына баштар эле!

**Корун:**

Мейлиң, уулуңа ыйла!
Көзүңөн жашың тыйба!
Аккан, Дөдөндү чабам,
Каарыма алсам,
Сенин да эсебиңди табам!

**Тейитбек:**

Жок... Жок...
Кокусунан балалыгы,
Эсиме түштү.
А душмандыгым
Абдан күчтүү... Ооба...
Кайгырбайм, мейли...
Курманбектин өлүгү
Көмүлбөй калсын...
Досум, үйгө баралы.
Элге жар салалы.
Мен Дөдөндү өлтүрүп,
Сен Айганышты алып,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Чоң той жасап,
Бир кумардан каналы!

**Корун:**

Мына, кеп десе!
*(Кетишет).*

**Аккан:**
*(Дарыгер менен кирет).*

О, кошту түшүргүлө!
Курманбек досумдун
Жеринин чети ушул!..
Бүгүн эс алабыз,
Курманбектин үйүнө
Эртең кечинде барабыз!

**Дарыгер:**

Бул кандай шумдук!..

**Аккан:**

Капырай десең!
О, жүктү түшүрбөгүлө!

**Дарыгер:**

Бизди көрүп,
Амалданып жыгылганбы?
Же элдин баары
Өзү кырылганбы?

**Аккан:**

Уруш болуптур.

**Дарыгер:**
*(Ары басып Курманбекти көрөт).*

Канга батып кан жуткан
Мобу кайсы жан?..

**Аккан:**

Курманбек! Асыл досум!
Сен болбогун!
*(Козгоп, араң тааныйт).*
Курманбек!.. О, чиркин!
Араң гана жаны калган!

**Дарыгер:**

Чиркин жигит,
Мойнун ары бурган го,
Адам айла тапкысыз,
Акка моюн сунган го?

**Аккан:**

Кагылайын дарыгер,
Жан аяшпас досум эле,
Аралжы болгун жанына!
Отурам десең коёюн.
Кашкардын кара тагына!
*(Дарыгер унчукпай, дарылай баштайт).*

## V акт

Тейитбек менен Корун. Ал экөөнүн эки тарабында жаракту жоокерлер жана Доргу. Сахнада, анын сыртында да эл көп.

**Тейитбек:**

Башыңар менен ойлоп,
Кулак тосуп уккула!
Мына, Корун баатырды,
Хандык ордуна туткула!



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Үндөр:**

О, кайран Курманбек!
Эрлерден ажырадык!
Оңбогон Корун!..
Биздей болуп калсын!

**Корун:**

Тарт тилиңди!
Жоготом, кырам.
Бириң эмес миңиңди...

**Доргу:**

Бул дар ким үчүн?

**Тейитбек:**

Тил албагандар үчүн!
Ким чекилик кылса,
Же каршы турса,
Анын башын алабыз.
Же шириге салабыз...
Корун хан болду деп.
Кабар салгыла!..

**Корун:**

Атың жанында,
Үйүң үстүндө.
Мага каршы тентекти,
Сен өзүң тыясың..
Айтканымды кылбасаң,
Эгер кыжырыма тийсең
Кыргызды бүт таратам.
Кыргыз эмес,
Дүйнөнү колума каратам!

**Тейитбек:**

Болду, хан!..

**Корун:**

Андай болсо,
эмки кеп Айганыш
жөнүндө болсун!..

**Тейитбек:**
*(Доргуга)*

Жанагы ордо жаткан
эки кызды чыгар!
*(Доргу кетип, Гүлай,*
*Гүлгаакыны алып келет).*

**Корун:**

Ак сүйлөгүлө!

**Гүлай:**

Сүйлөр сөз жок!

**Корун:**

Айтканды айттыңарбы?

**Гүлгаакы:**

Айттык!

**Корун:**

Эмне дейт?

**Гүлгаакы:**

Көнбөйм дейт!

**Тейитбек:**

Көнөт! Болбосо өлөт.
Сыйы менен
Биздин ыкка кирсин,
Тул дегенден кутулуп,
Хан Корунга тийсин!
Бар айткыла! Токто...
Экөөң аны көндүр,
Болбосо экөөңдүн тең
Башыңды алам!..

**Гүлай:**

Айганыш өзү билет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Корун:**

Тил алдыргыла.

**Гүлгаакы:**

Ар кимдин башы
Ийнинде, тили оозунда.

**Корун:**

Чакырып келгиле!

**Тейитбек:**

Баргыла!
*(Эки кызды алып кетет).*

**Корун:**

Сен чыга тур!..

**Тейитбек:**

Макул!
Мен Дөдөнгө барам,
Кызыңды көндүр деп,
Ага акыл салам! *(Айганыш, Гүлгаакы келет).*

**Гүлгаакы:**

Биз келдик...

**Корун:**

Аны көрдүк.
Кулак сизде.

**Корун:**

Экөөң бара тур!
*(Кыздар кетишет).*

**Айганыш:**

Кош, Корун баатыр,
Сөзүң болсо башта.
Эрдемсип досуң экөөң,
Түн түшүрдүң башка.
Ага Айганыш зарлап,
Башына кара кийбес.
Курманбек өлдү деп,
Калың эл мөгдүрөп,
Сага башын ийбес!..

**Корун:**

Сени сүйүп,
Күнү-түнү күйүп,
Зарлаганым эсиңдедир?..

**Айганыш:**

Көптөн бери чапканың,
Арага Тейитбекти салганың.
Курманбекти өлтүрүп,
Атамды орго салганың,
Дагы, башкалар эсимде!
Бирок мойнуңду буруп,
Мага түз карап туруп,
Суроомо жооп берчи,
Курманбекти мен үчүн
өлтүрдүңбү?

**Корун:**

Курманбек
баатыр болгону,
Досумдан ажыратты.
Салыгымды бербей,
Көп энчимден какты,
Ошондуктан өлтүрдүм...

**Айганыш:**

Анда мен ыраазымын!

**Корун:**

Магабы?

**Айганыш:**

Бир катын үчүн өлбөй,
Эл үчүн өлгөн
баатыр Курманбекке!..



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Корун:**

Эрдигим үчүн мага да
ыраазы болорсуң?

**Айганыш:**

Сизге деген ыраазылык,
Ай карарып күйгөндөй...

**Корун:**

Түшүнбөдүм!

**Айганыш:**

Башыңа түн түшкөндө
түшүнөрсүң!

**Корун:**

Сизди чечен
деп уккамын,
Чечендердин сөзү терең,
мааниси кенен...

**Айганыш:**

Кыскарта чабыңыз...

**Корун:**

Баатыр Корун атыгып,
Ааламга хандык кылсам!

**Айганыш:**

Жылан айды көксөп
тилин сунат...

**Корун:**

Жаш баладай эркелеп,
Өзүндөй сулууга
колду сунсам!..

**Айганыш:**

Жору тарпка
тойсо, чарбакты эңсейт!

**Корун:**

Сиз менен
өмүр сүргүм келет.

**Айганыш:**

Кулаалы кутурса,
Туйгун менен туурдаш
болгусу келет.

**Корун:**

Күн-түн ойноп
күлгүм келет...

**Айганыш:**

Жылан канга
тойсо, куркулдайга уя
жасагысы келет.

**Корун:**

Тарт тилиңди...
Сөзүң сөөгүмө жетти!
Кулакты куйкалап,
Жүлүндү аралап кетти.
Мага тиесиңби, жокпу?

**Айганыш:**

Жакындаба!

**Корун:**

Тиесиңби, жокпу?

**Айганыш:**

Жыланга бут жаралса,
Сени сүйүүчү жүрөк
Мага да жаралар!..

**Корун:**

Сыйын, багын!
Болбосо өлтүрөм!..



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Айганыш:**

Жүрөк болк этпейт...

**Корун:**

Багын!..

**Айганыш:**

Жок!..
*(Тейитбек келет).*

**Тейитбек:**

Досум, бери кел!
Башка амал таптым!

**Корун:**

Кайта келгиче,
Макул болууну ойлон.
*(Кетишет).*

**Айганыш:**

О, асылым Курманбек!
Кыска беле өмүрүң!..
Аш ордуна кайгынын,
Уусун мага жегиздиң.
Кара бет тул дегиздиң...
*(Кыздар келип,*
*Айганышты кучакташат).*
Какшап ыйлап боздосок,
Өлгөн Курманбек келбес,
Каруулашып жеңбей,

**Гүлай:**

Таалайды бирөө бербес.

**Тейитбек:**

*(Кирет)*
А-а, Айганыш балам,
Ал-жайың кандай?
Көрүнүшүң жаман го,
Үлүңдөп күйгөн шамдай!..

**Айганыш:**

Уулуң өлдү деген кабар,
Көңүлүңө майдай жагар?!

**Тейитбек:**

Абдан сонун!
Балким, сага да жагар?

**Айганыш:**

Абдан жагат!

**Тейитбек:**

Мунун кайгысы,
менин кубанычым.
Эми Телторунун
жаны тынды.
Хан Тейитбек
өз ишин кылды.
Баса, балам,
сага акыл салам!
Эгер макул десең,
Хан Корунду
ылайык табам!

**Айганыш:**

Мен макул!..

**Гүлгаакы, Гүлай:**

Эже!.. Кантип?

**Тейитбек:**

Мына иш оңунда!
О, Корун ханым!..
*(Кетет).*

**Айганыш:**

Өз кайнатам
Жакшы сөзгө жарабаса.
Жүрөгүмдү уулантып,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Каткырып табаласа.
Жалгыз уулу өлгөндө,
Көзүнө жаш албаса.
Душманым Корунду
Күйөө деп мага
камдаса.
О, эл! Кандай арга
кыламын?
Эркин учкан кептер элем,
Ажыдаар менен бирге,
Кантип бирге турамын!
Жок, тура албайм!
*(Гүлай, Гүлгаакыга)*
Кош, Гүлгаакы, Гүлай!
Айганыш антын актасын!
Душманына кор болбой,
Ар-намысын сактасын!
Тинте да болсо колума,
Бекем кармап алайын.
Корунду жайлап
салайын!..

**Гүлгаакы:**

Кагылайын эжеке,
Эмнени баштадың?

**Айганыш:**

Ары тургула,
Мага тийбегиле!
Сөзүңөр болсо,
Жөн гана сүйлөгүлө!..

**Гүлай:**

Сабыр кыл, эжеке!..
Өлүмгө шашпа!
Ойлонбой иш кылып,
Душманга колтук ачпа!..

**Тейитбек:**

*(Корун менен келет).*
Мына, Корун баатыр,
Айганыш макул болду.

**Айганыш:**

Макул эмесмин.

**Тейитбек:**

А-а, айнымыңбы? Анда,
Силерди, силердейлерди...
Бирден шириге салам.
Ушинтип эсебиңерди
табам.
*(Каткырып Айганышка)*
Жок, жок, сен жолбун,
Тентиген күң! Кески!
Шерменде,
душманымдын кызы..
Курманбектин
өлгөнүнө кубанасың!
Мен да кубанам!..
*(Кайгылуу эл кирет,*
*Дөдөңдү алып келишет).*

**Айганыш:**

О, кара жер!
Кагылайын кулагым.
Ушул сөздү кантип
Чыдап угасың?!
*(Жоокерлер келет)*
Кагылайын элим!
Күкүгүңөр катты,
Күнүңөр эми батты.
Ажыдаарча оп тарткан,
Көрдүңөрбү мына бу
какбаш чалды?
Эримден ажыратып,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Мени да орго салды!
Кагылайын журт,
Башты төмөн салба.
Бир колуңа найза,
Бирөөнө кылыч карма!
Мына бул жыландардан
Өчүңдү албай калба!
*(Канжары менен Корунду качырат).*

**Дөдөн:**

Токто,
сабыр кыл, кызым!
Өлүмгө шашпа! *(өөп)*
Душманга тике кара,
Бирок колтук ачпа!
кагылайын кызым!
Айым, күнүм...
Эки колум байлоодо,
Сага жардамым жок.
Душмандан кек алууга,
Атаңдын дарманы жок!
Өлүм алдында турат,
Бир аздан кийин атаң,
Өлүмгө моюн сунат!

**Айганыш:**

Ата!..

**Дөдөн:**

Кайраттуу бол!

**Тейитбек:**

Кызыңды
Корунга тий де!

**Дөдөн:**

Өз элин өзү жериген,
Адамды итке телиген.
Өз уулуна көр казган,
Шерменделиктин көөсүн
бетине жапкан.
Сен өңдүү ит мен эмес!..

**Тейитбек:**

Тарт тилиңди!

**Корун:**

Алгыла башын!..

**Дөдөн:**

Кошкула элим!
Ушул өңдүү иттерге
Момурап турбагыла!
Булардан жакшылык
жок, өлсөңөр да
Моюн сунбагыла!

**Корун:**

Кана, Айганыш!
Атаң өлсүнбү?
Же макулсуңбу?..

**Дөдөн:**

Кызым, намысың болсо,
Макул дебе!
Намыс үчүн өлчү атаңа,
Кенедей да кайгы жебе!

**Айганыш:**

Кагылайын ата!
Кантип өлүмгө кыям?

**Дөдөн:**

Намыс үчүн
Ажалга тике кара!..

**Тейитбек:**

Алгыла башын!



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Айганыш:**

Атакебай!..

**Дөдөн:**

Жооң мыкаачы болсо,
Аны кутургандык жеңет!
Коркпо, кызым, бу ажал
Кийин сага да келет!..

**Корун:**

Мага
тийүүгө макулсуңбу?

**Дөдөн:**

Жок де!..

**Айганыш:**

Ата!..

**Дөдөн:**

Кызым!..

**Айганыш:**

Жок !!!

**Дөдөн:**

Эми сага
ыраазымын кызым!

**Корун:**

Өлтүргүлө!
*(Дөдөндү алып кетишет,*
*анын өлгөндөй үнү угулат.*
*Айганыш эси ооп жыгылат.*
*Эл чуулдап ыйлашат).*

**Үндөр:**

Бул ырайымсыздык!..
Тейитбектин арсыздыгы!

**Тейитбек:**

Кайдасыңар, келгиле!
*(Жоокерлер элди чегинтет).*

**Корун:**

Ким тилди албаса,
Дал ушундай кылам.
Бириң эмес,
баарыңды кырам!..

**Тейитбек:**

Макул бол!

**Айганыш:**

Арсыз, какбаш!
*(Бетине түкүрөт).*

**Корун:**

Алгыла башын!
*(Айганышты Доргу*
*өлтүрмөк болот).*

**Гүлай:**

Кагылайын, эже!
Көрөр күнүбүз
ушундай беле?..

**Гүлгаакы:**

Эжемди өлтүрбөгүлө!!!

**Эл:**

Өлтүрбөгүлө!!!
*(Аккан кирип келет.*
*Эл селдейет.*
*Айганыш экөө тиктешет).*

**Корун:**

А-а-а... Акканым,
Курманбектин
көңүлүнө жакканым!..



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Досуң өлүп жатса,
өкүрүп неге келбейсиң?

**Тейитбек:**

Убагында келдиң.
Кашкарлыктардын
кожолору көп...
Курманбек өлдү,
Аяшың жесир калды деп,
Бирөө шыбырагандыр.

**Аккан:**

Ооба, какбаш,
аяш атаң өлдү,
Барып, казышкын көрдү.
Тепкилеп көөмп,
Кара ашына той дешти.

**Тейитбек:**

Тарт тилиңди,
Урдум кожо-пириңди!
Бул жер меники,
Кашкардан ала келген
жериң жок! Азыр кайт,
Элиңе айт, хан Тейитбек
Кашкарлыктарды талайт!

**Аккан:**

Ит кутурса
ээсин кабат!
Чал кутурса
эсинен танат.
Сыйынгыла алдыма!

**Тейитбек:**

Эй, загарачы!
Тейитбектин жерин,
Сендейлер булгайт!
Чык жекеге,
Күч кары-жашты
ылгабайт!
*(Кылыч суурушат,
чабышмак болушат).*

**Корун:**

А-а-а...
Корун баатырды чапканы?
Бирок оюң орундалбайт.
Багын!
Кылычыңды таштап!
*(Курманбек кирип келет).*

**Курманбек:**

Ким кимге багынат?!

Эл:

Курманбек!!!

Курманбек:

Малыңарды талап чапкан,
Дүнүйөгө көзүн арткан.
Кызды кордоп,
кызыгына баткан.
Колуна тийгенди,
жыландай чаккан!
Корун өлсүн!..

**Эл:**

Өлсүн душман!!!

**Эдил:**

Кош, Корун,
Тейитбек экөөң
Бирге тургула!
Өзүңөр кылган
шумдук үчүн,
Ажалга моюн сунгула!



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*(Корун, Тейитбек, Доргу үйгө кире качышат. Артынан Эдил, Чагыр ж.б. жоокерлер кирип, кайра чыгышат).*

**Гүлгаакы, Гүлай:**

Жезде!..

**Курманбек:**

Жигиттер!
Тилегиңе жетпей тынба,
Кастарын тиккен душманга
Эч ырайым кылба!..

**Айганыш:**

Өңүмбү, же түшүмбү!
*(Көрүшөт).*

**Эл:**

Эл сыйы эрге консун!

**Курманбек:**

Бакты-таалай
Элге болсун!

## «КУРМАНБЕК» ДРАМАСЫ

Драма эпостун негизинде 1942-жылы жазылган. Эпосто басып алуучуларга каршы кыргыз элинин күрөшү көрсөтүлгөндүгү белгилүү. Согуш мезгилинде элдин патриоттук сезимин көтөрүү учурдун өктөм талаптарынын эң негизгилеринен эле. Ошондуктан чыгаан драматург К. Жантөшев элдик чыгарманы драма жанрынын мыйзам ченемдерине ылайыктап, кайрадан иштеп чыкты. Бул белгилүү чыгарма 5 актыдан, 6 сүрөттөн турат. Бирок «Курманбек» драмасы аты уйкаш эпосту карандай кайталаган чыгарма эмес. Драматург элдик чыгарманын сюжетине өзүнүн фантазиясы менен ой-кыялын кошуп, чыгармачылык өнөрканасы менен элегинен кайра өткөрүп, акыры барып оргиналдуу чыгарма жаратты. Антпесе драма эпостун көчүрмөсү гана болуп калмак. Ошентип драмада эпостогу окуянын эң ирилери, негизгилери тандалып алынып, айрым адам аттары, кала берсе анын финалы да өзгөртүлгөн. Бөлөктү айтпаганда да, эпос башкы каармандын өлүмү менен бүтсө, драмада оор жарадар болгон Курманбек сакайып, душмандарынан өч алышы менен аяктайт. Муну менен автор эл үчүн жасалган адилет иш эч качан өлбөсүн, жеңиш дайыма эл тарапта болорун өзгөчө бөлүп көрсөткүсү келген.

Чыгарманын сюжеттик өзөгүн Курманбек баатыр баштаган кыргыз элинин калмак басып алуучуларына каршы жүргүзгөн күрөшү түзөт. Өзүнүн жеке жыргалы үчүн Тейитбектин душман менен тымызын тил



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

таап, эл кызыкчылыгын, ар-намысын сатышы баласы Курманбекти катуу ойлонтот. Ал экөөнүн ортосундагы конфликт жөнөкөй эле ата-баланын кыжың-кужундарынан да эмес. Анын тамыры терең.

Тейитбектин душман менен келишим түзүшү, өз уулуна, эркиндикти эңсеген элге тикеден-тике каршы турушу, буга кошумча Корундун Айганышка үйлөнүүгө жасаган зордукчул аракети конфликтти ого бетер курчутат. Ал эми ата-баланын ортосундагы карама-каршылык – бул турмушка, жашоого болгон эки башка позициядан, көз караштан келип чыккан элдик таймашуу. Эгер Курманбек эркин турмушта жашоону эңсеген, өзүнүн бактысын бүткүл эл таалайы менен ажырагыс бирдикте караган, Ата Журттун көз каранды болбостугу үчүн кара жанын да аябаган чыныгы патриоттун типтүү өкүлү болсо, Тейитбек үчүн баарынан мурда башынын жыргалы жогору, бул үчүн элге каршы турууга да, душман менен келишим түзүүгө да даяр, баарына кайыл. Ошентип Курманбек менен Тейитбектин ортосундагы күрөш жөн гана эки адамдын, же ата-баланын ортосундагы келишпестик эмес, ал ак менен каранын, адилеттик менен адилетсиздиктин, теңчилик менен зомбулуктун ортосундагы катуу күрөш. Мына ушуга карап драманын негизги идеясы кыргыз элинин баскынчыларга каршы патриоттук күрөшүн, анын эр жүрөк баатырларынын эрдигин даңазалоо деп айтсак болот. Чыгармада, ошондой эле элдердин достугу идеясы да эң сонун берилген.

Драманын башкы каарманы – эл ичинен чыккан баатыр жигит Курманбек. Анын образы аркылуу автор эл башына күн түшсө, анын ысыгына күйүп, суугуна тоңо билген, Мекен үчүн керек болсо жанын кыйган патриоттун образын жараткан. Ал эл таалайы дегенде эч нерседен коркпойт, эч кимден тайманбайт. Курманбектин чексиз баатырдыгын, кала берсе анын душмандары да моюнга алууга аргасыз болушат: «Бирок бул оңбогур, өлмөйүнчө кегин кектейт. Тике качырган менен дагы эле алыбыз жетпейт», – деп Корун баатырдык салтты бузуп, артынан келип кол салып, аны оор жарадар кылат. Курманбектин моралдык артыкчылыгы анын адилет иш үчүн, элдин көз каранды болбостугу үчүн күрөшкөнүндө. Дал ушул жагдай аны душмандардан жогору коёт. Курманбек үчүн намыс өлүмдөн күчтүү. Гүлгаакынын жаңылыш айткан сөзү менен Айганыш аны жекеге чакырганда: «Кезек сиздики... актыгым үчүн сизге ырайым кылам, мыкаачы деген сөздү укканча, сиздин колдон өлүп тынам», – деп мыкаачы атка конгончо, сүйгөнүнүн колунан өлүүнү артык көрөт. Анын намыскөйлүгүн, эл алдында абийирин таза сактоого аракеттен-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

генин: «Досумду душман, душманды дос деп, калктын алдында кара бет болуп өлбөймүн» деген сөздөрү да айгинелейт.

«Алакандай кыргызды уйдун бөйрөгүндөй бөлгөн» атасына ал катуу нааразы. Курманбек үчүн элдин эркиндиги, көз каранды эместиги менен биримдиги баарынан кымбат, баалуу. Кээде ал эл үчүн жеке жыргалынан да баш тартат. Ошондуктан атасы сунуш кылган Корундун кызына үйлөнбөй койду. Биринчиден, канкор Корундун кызы Шаазынга үйлөнүүнү адепсиздик, эл мүдөөсүнө каршы чыккандык деп эсептесе, экинчиден, дегеле эски салт менен үйлөнүүгө каршы. Ал өз эрки менен каалаган, ошондой эле өзүнүн да сүйөрүн билген, ага ишенген, арзыган адамына гана баш кошууну каалайт. Жүрөгүнүн тереңинде Айганышты сүйүп жүрсө да, анын кандай ойдо экендигин билбегендиктен, жүрөк сырын ачууга батына да албайт. Анын ою боюнча «зордуктап жар сүйүү баатырга ылайыксыз».

Курманбек – башына канчалык кыйынчылык менен мүшкүл түшсө да бир мүңкүрөп койбогон кайраттуу, келечекке ишенген, адилет ишинин качан да болсо салтанат курушуна көзү жеткен, ары ашкан баатыр, ары кечиримдүү айкөл адам. Ал өз ишинин акыйкатына көзү жетип, атасы Телторуну бербей койсо да, басып келген душманга каршы теңдешсиз согушка чыгууга тобокел кыла бел байлайт. Өлүм алдында жатса да элдин келечегин ойлойт. Курманбектин образына эр жүрөктүүлүк, баатырдык, намыскөйлүк, адилеттик, ашкере айкөлдүк менен кайраттуулук сыяктуу элдик баатырларга таандык эң сонун сапаттар шөкөттөлгөн:

Дөдөн баатырдын
кызы Айганыш,
Ашкан сулуу деп уктум.
Ар нерсеге тетик,
Акылы жетик.
Сымбаты келген,
Өзү ашкан мерген.
Элге даңктуу чеченди,
Бир сөз менен жеңген,
Укмуш кыз деп уктум.

Эл кызы Айганышка Аккан дал ушундай мүнөздөмө берет. Чынында да Айганыштын сырткы сулуулугуна ички дүйнөсү төп келген кыздардан. Ал бир тойдо Курманбекти сыртынан көрүп ашык болот.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бирок анын сүйүүсү жеке кызыкчылыкка байланбайт: «Биринчиден, аны сүйөм, экинчиден, элиме күйөм. Курманбек – мен үчүн болсо алтын алка, элибиз үчүн болбойбу, болот калка!» – деп, эл баатырын эмне үчүн сүйгөндүгүн Айганыш ушундайча түшүндүрөт. Өзүнүн бул ишенимине ал өлөр өлгөнчө туруктуу, сүйбөгөн адамына баргандан көрө өлүмдү артык көрөт. Дал ошол эл камын ойлогондугу эзелки салтты бузуп, Курманбекти өзү издеп чыгууга түрткү берет. Мына ошол эл-жерди, Курманбекти сүйүүсү Айганышты ашкан баатыр кылып кайра жаратты. Ушул баатырдык канкор Корундан кайра тартпай, кайнатасы Тейитбек какбаштын бетине түкүрүп, өлүмгө тике карап, кала берсе адилет иш үчүн дал Курманбек баатырдын өзү менен жекеме-жеке чыгуудан да жалтанбоого алып келди. Ал өзүн кордоого жол бербейт. Намыссыздык, коркоктук, пастык өңдүү жоруктарды жек көрөт. Айганыштын образына кыргыз кыздарына таандык намыскөйлүк, туруктуулук, өзүнүн адилет ишине акыр аягына чейин ишенген оң сапаттар топтоштурулган. Ал эми Гүлай, Гүлгаакы сыяктуу кыздар анын образдарын ар тараптан толуктап турат.

Элдердин достугу менен ынтымакташтыгы, бир эл экинчи бир элдин каада-салтын, үрп-адатын урматтап сыйлашы Аккандын образы аркылуу эң сонун берилген. Аккан – достукту ыйык туткан, Курманбек үчүн бардык кыйынчылыкка даяр турган ак ниет да, баатыр да жигит. Айганыш жаңылыштык менен Курманбекти жекеге чакырганда, досунун ажалына аралжы болуп, тартылган жаага көкүрөгүн тосот. Оор жарадар Курманбектин өмүрүн сактап калыш үчүн колунан келген бардык аракетин аябайт. Кыргыз элинин биримдигин сактап, ички жана тышкы душмандан коргоодо ал – Курманбектин эң жакын жардамчысы.

Кыял-жоруктары, ой-мүдөөсү, максат-тилектери боюнча бири экинчисинен кескин айырмаланып, кайнаса каны кошулбаган Дөдөн менен Тейитбек – антипод образдар. Тейитбек өз кызыкчылыгы үчүн элден безип, ал гана эмес жалгыз перзенти Курманбектен да кечип кетүүгө даяр болсо, Дөдөн «карысам да элимди душмандардан калкалайм, эл мазар, элден азган азар», – деп дайым ынтымакка үндөп, басып алуучуларга каршы күрөшкө чакырган адам. Дөдөн менен Тейитбектин бири-биринен кескин айырмаланган карама-каршы мүнөздөрүн алардын сүйлөгөн сөздөрү, ички-тышкы монологдору, аракеттери да далилдеп турат.

«Тулпарыңар мамыдан качпасын, туйгунуңар туурдан учпасын! Асмандан айыңар түшпөсүн, маңдайыңардан шамыңар өчпөсүн!» Эгер



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Дөдөн эл мүдөөсү үчүн эч нерсесин аябаган Курманбек менен Айганышты дал ушундай чын дилден чыккан ак бата менен алкаса, Тейитбек: «Курманбектей балалуу болгуча куу баш өткүлө! Оо, эл, Курманбектей балаң болсо өөдө карап кубанып күлбөсүн, учу узарып, учугу көбөйүп, беш күн өмүр сүрбөсүн», – деп каргайт. Жеке кызыкчылыгы үчүн ал өз элине өзү каршы чыгып, Корунга тизе бүгүп, ар-абийирин сатат. Эл башына каран түн түшкөндө, Телтору атын бербей, жалгыз баласынын оор жарадар болушуна себепкер болот. Мына ушул жерде чебер драматург Тейитбектин билинер-билинбес, кармалып-кармалбас олку-солку психологиялык абалын ишенимдүү бере алган.

...Теңдешсиз майдан талаасы. Баатырдык антты бузган коркок Корун менен Доргудан оор жарадар болгон Курманбек кансырап жыгылган. Тейитбек өлүм алдында жаткан уулунун үстүнөн чыгат:

Өлдү... өлдү...
Корун өлтүргөн жок
Өзүм өлтүрдүм...
Өзүм...
О, жараткан!
Менин шумдугумду кара!
Менин даңкымды көтөргөн,
Уулум Курманбек кана?

Дал ушул учурда капыстан Корун менен Доргу кирип келет. Корундун: «Кош, Тейитбек, уулуңа жаның ачыдыбы?» – деген айбаттуу сөзү Тейитбекти селт эткизет. Эми эле «эмне үчүн мен сага кастык кылдым, неге атымды бербедим», – деп ыйламсыраган Тейитбек: «Жок, жок! Капыстан балалык чагы эсиме түштү. А чындыгында душмандыгым абдан күчтүү! Кайгырбайм, мейли, Курманбектин өлүгү көмүлбөй калсын! Ага каршы асман-жердин арасы жансын!..» – деп басып кетет. Ошентип жалгыз перзентинин өлүгүнүн үстүнөн чыккандагы саамга жылт этип жанган адамгерчилик сезимдин учкундары жалп этип өчөт да, чыныгы Тейитбектин жүзү бүт турпаты менен кайрадан кашкайып көрүнө калат.

Драмадагы Тейитбектен башка тескери кейипкерлер – Корун менен Доргу. Алар кыргыз элинин тышкы душмандары. «Максатсыз элди чабуу, мал тийип пайда табуу. Элди кыйнап зордоо, жазыксыз кыз-келиндерди кордоо». – Корун жөнүндө Курманбек ушундай мүнөздөмө берет. Бул кара кылды как жарган калыс баа, калыс бүтүм.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Байлыкты, бийликти баарынан жогору койгон Корундун колундагы эң негизги куралы – зордукчулук, басып алуучулук. Бул максатын ишке ашырыш үчүн ал арамзалык, ач көздүк, мыкаачылык, баскынчылык сыяктуу ар кандай ыпыластыктан тартынбайт, салтты бузуп, баатырдык жорук-жосунга таптакыр ылайык келбеген амал-айлага чейин барат. Анда баатырдык сапатка караганда коркоктук көбүрөөк. Бирок өзүнө окшогон коркокту да алыстан тааныйт. Ошондуктан Тейитбекти бир чети коркутуп, бир чети алдап, өзүнө тартат.

К. Жантөшев бул драманы жазуу менен элдик эпостун бүт духун, кооздук сапатын сактап калууга аракеттенген. Драматург ар бир кейипкерди кулк-мүнөзүнө, кыял-жоругуна ылайык сүйлөтүүгө көп күч жумшаган. Курманбектин ашкан баатырдыгы, айкөлдүгү, Айганыштын туруктуулугу, Дөдөндүн акылмандыгы, Тейитбектин өзүмчүлдүгү, Корундун зордукчулдугу, коркоктугу, амалкөйлүгү сүйлөгөн сөздөрүнөн эле байкалат.

## АДАБИЯТ ТЕОРИЯСЫНАН: ДРАМАЛЫК КОНФЛИКТ

Коомдогу ар кандай карама-каршылыктардын, адам күрөшүнүн көркөм чыгармада берилиши **конфликт** деп аталат. Сюжет да мына ушундай кагылыштардын, күрөштөрдүн негизинде өнүгөт. Ошондуктан жазуучу конфликтти таба билип, аны өз орду менен чеберчиликте колдоно алганда гана чыгарманын идеясы даана ачылат.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Драманын I актысында эмне себептен Тейитбек аркылуу Корун өз кызын Курманбекке таңуулап тартуу кылып жатат? Бул туурасында Курманбектин: «Кар үстүнө көк чыкпайт, гүл жайнап өспөйт», – деген жообунан эмнени баамдадыңар? Эмнеликтен ал Корундун кызына үйлөнүүнү каалабайт?
2. Дос, душман жөнүндөгү ата-бала: Курманбек менен Тейитбектин түшүнүктөрү кандай?
3. Баатырдык, эрдик деп эмнени түшүнөсүңөр?
4. Драманын V актысында Дөдөндүн мүнөзүнүн кандай белгилери көрсөтүлгөн? Дөдөн менен Тейитбектин образдарына салыштырма мүнөздөмө бергиле.
5. Курманбек менен Акканды, Тейитбек менен Дөдөндү, Корун менен Доргуну кандайча элестетесиңер? Алардын сүрөтүн кандай тартар элеңер?
6. Драмалык конфликт деген эмне? Эмне үчүн драма көбүнчө конфликттен башталат?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# МУКАЙ ЭЛЕБАЕВ

(1906–1944)

**Өмүрү жана чыгармачылык жолу.** М. Элебаев Түп районуна караштуу Чоң-Таш айылында туулуп, эң эле жаш кезинде ата-энесинен ажырайт. Топ жетим Элебайдын агасы Элебестин колунда калышат. Он төрт жандуу үй-бүлөнү багууга Элебестин чамасы жетпегендиктен Мукай жаштайынан эле Ыбыке ажынын коюн кайтарат, орус байлардын чочкосун багып, уйгур, дунган байларынын пиязын отойт. 1916-жылкы козголоңдо бүт кыргыз элинин тагдырына туура келген азаптуу, оор турмуш Мукайдын башына да түштү. Күндөлүк оокаттын айласы үчүн көрүнгөндүн эшигинде жалданып иштөөгө туура келди. Үркөн эл туулуп, өскөн жерлерине кайта баштаганда Мукай иниси Беккул экөө эптеп Ысык-Көлгө келишет. Бул тентиген турмуштун издери анын «Узак жол» аттуу чыгармасында толугу менен берилген.

Туулган жерге келгенден кийин да Мукай сыяктуу жетимдердин турмушу оңолуп кете койгон жок. Анын азаптуу турмушу, өмүр жолу дагы эле уланып жатты. 1921-жылы гана «Жаңы тартип окуусу» деп аталган Жылуу-Булак мектебине кирет. Ал мектепте эки айча гана окуп, Караколдогу казыналык мектепке барууну ойлоду. Анын бул максаты ишке ашып, Караколдогу жетим балдар интернатына алынат. Кийин эски орус чиркөөсүнүн (монастырдын) чарбагында ачылган Түптөгү айыл чарба мектебинде (техникумда) окуп калат. Бул окуу Мукайдын турмушу үчүн чоң жаңылык болду, анын көзүн ачып, жашоого жаңыча жана терең кароого үйрөттү. Билимдин зарылчылыгына, артыкчылыгына жаш жигиттин чындап көзү жетти. Москва, Ташкент сыяктуу чоң шаарларга барып билим алып, жан дүйнөмдү байытсам деп эңседи. Бирок ошол мезгилдеги айрым шарттарга байланыштуу анын бул тилеги оңой эле ишке ашпады. Акын өзүнүн жана жалпы эле кыргыз жаштарынын мына ушундай билимге болгон куштарлыгын,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

тилегин чагылдырган «Зарыгам» деген ырын жазды. Көпчүлүк окуу китептери менен илимий эмгектерде ал ыр «Эркин-Тоо» газетасынын 2-санына жарыяланган делип жазылып жүрөт. Чынында, «Зарыгам» «Эркин-Тоо» газетасынын 1925-жылкы 16-ноябрдагы 6-санында жарыяланган. Бул ыр жарык көрөр замат эл арасына тез тарап, ооздон түшпөй ырдалып кетти. Ушул эле жылы «Кедейлерге» деген ыры жарык көрөт. Буга удаа «Тоо жаштарына», «Жашка ишенет», «Чамда», «Бай балдары», «Кубулгандар», «Жаттар», «Өткөн күндөр», «Толкун турмуш», «Далайлар бар», «Он эки жыл» деген тап күрөшүнө арналган агитациялык мазмундагы ырлары жазылат.

Мукай Элебаев 1926-жылы Фрунзедеги Борбордук педагогикалык техникумга келип кирет. Техникумда окуу акындын чыгармачылык ишинин өнүгүшүнө жол ачты. 1930-жылы педагогикалык техникумду бүтүрүүчүлөргө арнап «Жаш балбандар» деген ырын жазат. Ошол бүтүрүүчүлөрдүн бири акындын өзү эле. Анын чыгармачылыгынын такшалган учуру да 1930-жылдарга туура келет. Бул жылдары «Мында кел», «Өлмөк эмес», «Ысык-Көл», «Ыр чыгарган бир акынга», «Экөөбүз» деген ырлары жарык көрөт. Ал ырларда кыргыз жеринин таанылгыс болуп өзгөргөнү, жетишкен ийгиликтери сүрөттөлдү.

Акындын 1-ырлар жыйнагы 1931-жылы басылды. Андан кийин акыркы эки жылда жазгандарын бириктирип, 1933-жылы «Майдан» аттуу ырлар жыйнагын чыгарат. Бул эки жыйнакка кирген ырлар топтоштурулуп, 1936-жылы «Ырларынын толук жыйнагы» басылат. 1938-жылы айрым өзгөрүүлөр, оңдоолор, толуктоолор менен «Ырларынын толук жыйнагы» кайрадан жарык көрөт. Акындын мындай эки-үч жылда бир гана ырлар жыйнагынын чыгышынын өзүнчө себеби бар. Анткени ал жазуучулук ишке өтө жооптуу караган. Турмушту үйрөнбөй, көп окубай туруп жаза берүү жакшы натыйжа бербешине терең ишенген. Ошондуктан кээ бир адабиятчылардын байкашында 30-жылдардын биринчи жарымынан баштап М. Элебаев аябай изденет: «Адабий билимин көтөрүүгө көңүл бурат, айыл-кыштактарга көп чыгып, жаңы замандын жандуу процессине тикеден-тике байкоо жүргүзөт. Кыргыз ырларына мүнөздүү, бирдей муундар сакталган көнүмүш ритмикадан баш тартат. Куюлушкан так уйкаштардан оолактап, бири экинчисине араң эле үндөшүп турган уйкаштыктарды, оозеки речтеги карапайым сөздөрдү арбын пайдалана баштайт» (С. Жигитов).

1943-жылы М. Элебаевдин «Улуу марш» деген ырлар жыйнагы чыкты. Бул жыйнакка кирген ырлардын дээрлик баары төгүлгөн кан



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

үчүн өч алууга арналган. Ал өзү да 1943-жылдын ноябрынан баштап согуш майданында жүрдү. 1944-жылы май айында согуш майданында курман болду. Анын «Узак жол», «Кыйын кезең», «Бороондуу күнү», «Зарлык», согуш убагында жазылган «Алыскы тоодон», «Соңку бир күн» деген чыгармалары белгилүү.

А.С. Пушкиндин «Хандын өлгөн кызы жана жети баатыр жөнүндө жомок», Л. Толстойдун «Хаджи Мурат», Н.В. Гоголдун «Өлүк жандар», «Шинель», Ч. Диккенстин «Бастилия туткуну», Ж.Б. Мольердин «Зордоп үйлөнүү», В.Г. Короленконун «Табышмактуу кыз», «Түндөгү от» деген чыгармаларын которгон. М. Элебаев – жаңыдан өнүгө баштаган кыргыз жазма адабиятынын негизин түзүп, алгачкы кышын коюшкан жазуучуларыбыздын бири. Таланттуу сүрөткер көөнөрбөс, көркөм дүйнөсүн элине калтырып, адабиятка адал кызмат кылып кетти.

## КЫЙЫН КЕЗЕҢ

*(повесттен үзүндүлөр)*

### II

Кыштын толугу. Быйыл кар опсуз калың түшкөн. Чилде барынча күчөп турган кез. Кабылдын Гаврилдикине келгенине да үч айдай болуп калган. Үйдө жүргөндө кылары: күндө таң заарынан туруп, көп малды топуратып айдап сугарып кайра тартат. Кайра келген соң жылкыны бир бөлөк камап, баарына чөп чачуу керек. Ушул кезде бул бекер жүргөндөн бетер: «Кабы-ы-л!» – деп атынын аягын созолонткон бир үн чыгат. Жетип барса, чакырып турган кызы – Наташа. «Суу алып келсеңчи!» – дейт ал.

Арабаны дароо кошуп жиберип, чоң челекти калдыратып жөнөп берет. Мындан келген соң отун жарып, самоор кайнатуу бар. Муну кайнатып, кийирип берип, алар тамакка отурган кезде: «Эми булар ичип болгончо сеп алам го», – деген ой менен Базарбайдыкына барып, тоңгон колун отко кактап отура калат. Биртикеден кийин казанга кайнаткан бир кружка чай оозуна тие бергенде анын атын жаңкыдай созуп чакырган дагы бир үн чыгат. Жапырт тыңшай калгандан кийин: «Кокуй, жөнө!» – дейт үйдөгүлөр. Барса дагы жаңкы кыз. Кабылды чакырганда кандай алыс жүрсө да крыльцодон бир да төмөн түшүп койбойт.

Бул жолу келип эмнеге чакырганын сураганда: «Чочконуку тамак тартсенчи», – деп кайра бурулуп жүрүп кетет. «Чочконуку тамак» дегени жугунду, нандын күйүк-сүйүгү, картошканын кабыгы сыяктуу то-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

луп жаткан эки челек бирдеме. Баарын бир сапар жеткире албайсың. Мелтиреген эки челектин алгач бирин көтөрүп, жолду катар чайпалтып кетип баратканда камакта турган чочколор тетигиндейден сезе коюп, кыбырап, коркулдап турат. Оор челекти майыша түшүп көтөрүп келип, кашаадан ашыра берерде чычкыланып турган немелер кээде жогору чапчый түшүп, тумшугу менен Кабылдын колун жаза-буза сүйкөп кетет.

Кеч болсо да мешке тезек тартат. Көң сарайдын артында. Беш-алты сапар келет. Ушу жерден күндө кечинде тезек көтөрүп келип, алдыңкы үйгө кире бергенде печтин үстүндө бир кемпир муңдуу кылып, бир калыптан жазбай акырын гана күңгүрөнүп, муңканып отурар эле. Бул Гаврилдин энеси, жашы сексенден ашып, чөгүп калганына бир топ жыл болгон экен. Шалдыраган бир куу сөөк. Эми өмүрү көргөнү – ушул печтин үстү болгон. Жайы-кышы дебей ушунда үңкүйүп отурганы отурган. Тамакты да ушул орунда берет. Ушу кемпирдин күндө бир убак кеч курун мунарып, күүгүмдөп бараткан таасирлүү жымжырттык алдында муңканып отурганы Кабылдын жүрөгүн жаралап, алда кандай бир белгисиз кыялга түшүрөр эле. Күндө ушул. Эмнеге ошентет? Же кудай мени ушул жашка келгенче неге албай, кыйнап койдуң деп касырет айтабы? Билбейсиң.

Кээде Кабыл тезек көтөрүп кирген кезде, келини жок болуп калса, өзүнүн жегенинен артып калган калачтарын калтыраган, көпкөк, тарамыштуу колдору менен ашыгып бере койчу. Таштап берген этти кагып алган тайгандай умтула берип, сырттан бирөө кирип келгиче, тапкан олжосун Кабыл жымыра коёр эле. Чынында кемпирдин бул ракымы, бечарага жаны ачыгандыктанбы, же өзү көр оозунда тургандыктан мындайлардын сообун ала кетейин дегениби, Кабылдын көзү жетчү эмес. Ушул кемпирден тараган үч киши, үчөө тең бар. Үчөө тең ушул көчөдө. Өзү колунда турган эң кенжеси – Гаврил да көк ала сакал. Ошенткен кемпирдин жаны неден бүткөн?!

...Чөпкө жөнөгөндө эң алдыңкы чанага Базарбай, арткы бешинчи чанага Курмаш отурат. Калаанын четине чыгып, талаа башталган кезде түнкү аяздын каарына чыдабай Кабыл дирилдей баштайт. Буту колдоюп тоңуп калган. Үстүндө – Алёшканын жалаңкат кара таары. Чындап үшүп келгенде чанадан түшүп алат да жүгүрө берет. Абдан күйүккөн кезде кайтып отурат. Бир аз бара түшүп, тери кургап тоңуп келатканда жана түшөт. Ушинтип отуруп күндүн мурду чачырай Аралдагы чөпкө жетишет. Бул жерден беш чанага зыкыйта чөп басып жөнөгөнчө түшкө жакын мезгил болот. Кайра келген соң буларды сарайга үйүш бар.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ушул көчөдө бир топ кыргыз малайлары бар. Бирок бул заманда жакын, ирегелеш отургандардын да бир-бирине катташуусу кыйын болчу. Күндүз түгүл, бар жумуш бүтүп, жандын баары жаткан кезде бадырайып басып келиш чанда. Булардын өмүрдө көргөнү тынымсыз түйшүк. Кезек-кезек, ара-чолодо түн жамына бир короонун эшигине баш кошо коёр эле. Бирок ошондо да эркин болбойт: «Келатат, бирдеме деп жүрбөсүн», – деп айбыгышат.

Бир күнү түн ичинде бир топ малай Гаврилдин крыльцосунун баскычына чогула калды. Мында Базарбайдан башка да: Жоломан, Ысмайыл, Беки деген бир топ малайлар бар. Буларды көрүп бир кезде Кабыл да басып келди. Бирлери крыльцонун туура жыгачына сүйөнүп, эки-үчөө туруп калып, эми бирөөлөрү крыльцонун баскычына жампайып, өйдө-ылдый болуп акырын гана кобурашып отурган. Сүйлөп жаткандары көбүнчө ар кимдин башынан өткөндөрү. Баарынын тең көргөнү көп, айтууга чама жок, убакыт тар сыяктуу. Күнү-түнү тынымсыз алышкан турмуштан мурча тийбей көптөн жыйнап жүргөн, буулуккан ичине толгон сырларын ар ким ушу жерде бир айтып калгысы келгендей. Айтып турган сөздөрү чын жүрөктөн чыккан сыяктуу.

– Дүнүйө деген кысталагың уктатпайт экен, – деди бир кезде Жоломан деген кара сакал, жайык бет, жапалдаш киши.

– Менин кожоюнум бир уктап турса «семирип» калат, бир ай жайлоодо жүргөндөй болуп... Эчтемеге мурчаңды келтирбей анан айдай берет. Асты мындай катаалды көргөн эмесмин, көп эле кишиге жүрүп...

– Э, анын эмнесин айтасың, – деди дагы бирөө кейип кетип, – ал баарыбыздын эле башыбыздагы мүшкүл. Ким бар дейсиң эки бутун сунуп жатып алган.

Бара-бара кызый аңгеменин төркүнү башка түргө көчтү.

– Бул жер бүткөндүн баарын кулактар алып койду, күнүбүз эмне болмок? Кыргызды неге кем жараткан кудай?..

Малайлар баягы баскычта дагы бир күнү күүгүмдө болду. Бирок бул жолу баштагыдай отурушкан жок. Ар кимиси бирин-серин билген жарды «жаңылыгын» аңгеме кылып олтуруп, аздан кийин тарап кеткен. Дагы бир чогулганда:

– Бу падыша тактан кулап, убактылык деген өкмөт турду дейт, аның деле жыргатып жиберген жери жок, – деди барбак мурун.

– Кайта баягыдан бетер төбөбүздү кандап жатат поселканын жоондору.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

– Баарынан да жерди айтсаңчы. Ушунда кептин баары. Биз ушинтип эле өмүр бою малай жүрүп өтмөк белек. Заман оңолуп элге биртке тынчтык орносо, бир тиричилик кылуубуз керек го, жер чукуп, кетмендесек да. Эми орточулар болсо, минтип көзүнө көрүнгөн жердин баарын алып отуруп, токум ордундай да жер калбады...

– Жаңы өкмөт орнойт деген сөз бышык болсо батыраак эле болсо экен деги. Ошондо гана бир жакшылык жышаанасы боло турган көрүнбөйбү...

– Ал да жанын аяп жатпаган неме көрүнөт го, – деди баятан сөзгө катышпай отурган чоң тончон.

– Дыйкандын көпчүлүгү большевик жагына кошулду дейт. Жумушчу, малайлар болсо го башынан ошол жагында экен...

– Акырын... Жолой болбосо булар али козголмок эмес эле. Ал жогору жактан келе жаткан бир карааңды көрүп: «Эми койгула. Бирөө келатат тигинде, тарайлы», – деп обдула бергенде, башкалары да тушу-тушка жапырылды.

Бир күнү эртең менен Базарбай, Кабыл болуп үйдө олтурушат эле. Бир кезде көчө калың чууга толуп кетти... Урунарга тоо таппай оолуккан көөдөк мастар... «Эмне болуп кетти?» – деп Базарбай сестее калды. Аңгыча болбой жамырай көчөгө чыкса, жарадар болгон кийиктей жан талашып качып бараткан бир жаман тебетей кыргызга бир тобу жабылып, колуна тийгени менен жиберип калып кууп келет. Жаш гана жигит. Бети-башында бир ийне саяр чолоо жок, күпчөктөй болуп шишип кеткен. Бир жеринен кан дирилдеп жүрөт. Ошого карабай бул шор аяк дагы тиричиликтен күдөр үзбөй жан талашып, бир жерден качып чыккан сыяктуу. Эгер Степан келип ажыратып калбаганда, бул жолу мунун аман калышы арсар эле. Кайдан жетип келгени белгисиз, мына бу тополондун үстүнөн бул карп-күрп чыга түшүп: «Айланайындар, ушуну мен үчүн берип койгула», – дегендей жигиттин үстүнө түшө калды. Алар мунун сөзүн тыңшабай баратты эле: «Бузулган иттер, жогол көзүмө көрүнбөй!» – деп Степан ачуу менен айланасына карады. Ошенткенде тигилер Степандын катаң түскө алганын байкай коюп, кан-жинге тоюп, эми жегиси келбеген иттердей чыга беришти.

Бирөөлөрү муну «бедный Степан» дешчү. Бул ага кедейлигинен коюлган ат эмес, кемитип айткан сөз сыяктуу көрүнөр эле. Жашы кырктар чамасында, көзү чүңүрөйүп чарчы бойлуу неме. Махоркага ышталган жездей сары муруту бар. Үстүндө чолок сары тон. Кыргыз малайлары муну жакшы көрөт. Өзү да кыргыз менен үйүр, тилге суудай. «Сени кудай алсын», – деп келет сүйлөгөндө, кыргыз малайлары-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

на кезиккен жерде, көптөн үйүр, сырдаш адамдай жайдаңдап күлүп, шылдың сөздөр айтып келет. Бирок орус кулактары муну жек көрөт. «Степан бузук, ал бир ант урган терсаяк. Ичкен ашына карасанайт», – деп мунун көзү жокто бүлдүрө берер эле. Мында катын, бала деген жок, керт башы. Өзү көрүнгөндүн эшигинде жумуш кылып жүрө берет. Колу бирдемелерге чебер: үй салат, арабанын дөңгөлөгүн жасайт... Кыргыз малайларына жан тартам деп жүрүп, мунун өзү да зыян тартып калган жери бар.

Бул мындай. Ушул көчөдө Жакып деген бир малай жигит ачтан өлгөнү жаткан бир качкынга түн ичинде бир чака дан салып берет да, чаканы суу бойдон алып барып илип коёт. Эртеси чакага жабышып калган арпадан улам кожоюну сезип калат. Жакыпты чычырканакка бөлөп өлтүрмөк болуп токойго алып барат. Степан ушунун үстүнөн дагы чыгып: «Буларды да жан деп жараткан. Сенин өзүңдү ошондой кылса кантер элең?!» – деп бир топ күйгүлтүк сөз айтат. Алар Степанды да жайламак болуп тап берет. Ал качып кутулат. Степан ушул жорукту малайлардын баягыдай бир кечкурун чогула калган жеринде сүйлөп отурду.

– Ачтан өлүп баратса ар ким кылат муну. Кудай аларды сүйгөнүнөн бай кылып, бизди жаман көргөнүнөн кедей кылды дейсиңби? Андай эмес. Бул жерде кылдай да жумушу жок кудайдын...

– Степан, ашыра чаап кеттиң го сен...

– Эмнени? – деди Степан кабагын чытып.

– Кудай тууралуу.

Жактырбаган кебете менен Степан жооп берди:

– Ал «кудайың» калыс болсо, кана сени жыргатып койгону? Алар «кудайга» жагып, биз эмне эчкисин уурдаптырбызбы? Сен билесиңби: Жер кимде? Күч кимдин колунда? Улуктар, өкмөттөр кимдин сөзүн сүйлөйт? Булар дүнүйөнү кайдан алат? Береги попторду карап көрчү монастырдагы. Сенин карамагында бир чейрек жериң жок. Ал тиги монахтар болсо миңдеген теше жерди басып жатат. Бак тигет, гүл эгет, эриккенде сайран курат, миңдеген мал монастырдын тегерегинде кыжылдайт, буларга өкмөт берет, сыйынып барган эл берет, ал аз келгенсип: «Кудайга сыйынгыла, колуңардан келгенин аянбагыла. Мунун кайырын тиги дүйнөгө барганда көрөсүңөр», – деп алдайт алар. Ошентип элдин колунда барын кагып алып, аларды тиги дүйнөдөн үмүт эттирип коёт да, өздөрү бу дүйнөнүн жыргалын сүрүп отурат. Ошолбу адилдик деген?..

– Айта бер, кулагыбыз сенде, – деди жаңкы киши, Степандын сөзүнө жыгылыштуу болгондой турпат менен...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## IV

...Жайдын кап ортосу болуп калган ченде, бир күнү Кабыл Гаврилдикинен качып чыкты. Кабыл уурданып эл жатканда чыккан. Түптүн чоң көпүрөсүнөн өтө бериште бир жаны чыкты дейсиң, өмүрүндө мындай коркуп көргөн эместир! Ушундан өткөн соң элсиз талаага салды...

Түптөн узап кетти. Бир кезде колкулдаган чоң өтүгү бутун жоорутканынан чечип колтуктап алган. Ушул кезде жаан төгүп жиберди. Төгөрөктүн төрт бурчу текши бүтөлүп алган, элсиз талаада шимшилеп, мына мында бир ит жүрөт. Асман сөгүлүп жаткандай тириде жок катуу дабыш менен күркүрөп келип, бирде жарк эте түшкөндө карай калса, кубарган иттен башка жан көрүнбөйт. Бирде жакын, бирде качып. Жердин баары чылпылдаган суу. Бир мезгилде караса, тоонун этегиндеги кара жолго келип калган экен. Ошентип, Кабыл Гаврилдикинен чыгып кетти. Эми бул көчөдө мындан өзгө малай калып да жарыган эмес. Кабыл узак жылдар туткунда жатып, зарыккан кишидей өзү да жедеп жадаган кези. Гаврилдин катыны Настя бар болгону:

– Кеткенде кайда бармаксың? – деген гана сөздү айтты.

– Бул жагын өзүм билем, – деди кыска кайрып.

Качан да болсо кожоюндан кетеринде малайлардын бир сарсанаасы үстүндөгү кийиминде болот. «Кайсынысын сыйрып калар экен» деген ойдо калат. Бирок Кабылдын анчалык убайым жей турган деле «дүйнөсү» жок. Алёшканын бир жалаңкат эски кара таарын кийип жүргөн. Анын ичинде бир көк көйнөгү бар. Мунусу да чолок, шымы төмөн түшүп кеткенде карды көрүнүп калчу. Ушул көйнөккө келгенде Гаврилдин аялы бир аз кыйылыңкырап турду да, артын ойлонуп жөн болду. Эгер муну чечип кет дей турган болсо, айтар кепти Кабыл да камдап турган. «Эмесе, эки жылдык мээнет акымды сана», – демекчи.

## VI

Ушу күздө Кабыл Түптө дагы бир байга туруп кетти. Келерки жылы кош айдалып бүткөн кезде, Боз-Учукка келип, Антон дегенге туруп, үч айдан кийин мындан куйрук түйгөн. Николаевскиде бир айча кыдырып, тезек куйду. Жети-Өгүз, Ак-Суу, Кызыл-Сууларда болду. Арадан эки жыл өткөн соң, күндөрдүн биринде айланып Чоң-Ташка Базарбайдыкына келди. Бул кезде кыш түшүп калган. Кара жолдун алдында саздын жээгинде бир түптүк бай орустун кырманынын жанына кыштап калган экен. Төрт түтүн. Үйлөрүнүн баары



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

сокмо там. Мунун бири Үсөнбай деген быйыл Кулжадан жаңы келген. Бүлөсү көп. Башына чымын консо тайгалангандай бир таз иниси бар.

Бул заман жаандын артынан тирилген кумурскадай кыргыз эли жаңы тирдигип келе жаткан кез эле... Ушул жылы ар кай жерге бирин-серин мектептер ачылып, эл ичине «жаңы тартип окуусу» деген сөз жайылып калган. Атам замандан бери биринчи угуп отурган кеп. Корумду, Чоң-Таш, Арал болуп үч-төрт кыштак үчүн ачылган мектеби Жылуу-Булактын боюнда экен. Кабыл келген кезде Кайнардан үч бала окуп жүргөн. Койчу эми, ушул жаңы тартип жөнүндө эл эмне деген гана сөз кылбады. Качан да болсо жаңы нерсеге жандын түшүнүгү түрдүү болот го. Мына бу жаңы тартип жөнүндө да ошол болду.

– «Аяк, табак», – деп окутат экен. Ушундай окутканын көргөнсүңөрбү... жан болуп жаралганы?

– Эмки замандын окуусу да бир укмуш. Биринчи, экинчи, үчүнчү!.. Он бешинчиси да болот бекен? Ха-ха-ха!

Ушинтип жаңы тартипке не бир адам таппаган аттар коюлду го! Бирок ушул өндүү кээ бирөөлөр муну кандай укмуш кылып айтып жатса да, ушундан окусам дегенде Кабыл үзүлүп түшүп, окуп жүргөндөрдү бактылуу санап, өзү келечекте бир чоң олжодон кур калгандай көрүндү. Кечинде мектептен кайткан балдардын алдынан утурлап барып, алардан окуунун жөнүн сурайт. Жаңы кабарларга канат. Ушул тууралуу бул айылдан көңүлүнө жаккан бир теңтушу – Абдылда. Жашы жыйырмаларда, күлүмсүрөгөн, капкара көзү бар, бети болтойгон бир кара бала. Тышы жыртылып, каруусунда самсаалап жүргөн бир жаман тебетейи бар. Бирөөнүн сырын тартып тургандай акырын кылмыйып гана ошол баса кийген тебетейинин алды менен карайт. Күндө кечинде келер замат Кабыл да даяр. Абдылданын карыган энеси бар. Абдылданын кирдеген, ушаланган кагаздарын экөө жарамсыз жарыкка салып окуп, бир-бирине маталып, эл жаткыча отурушар эле. Кабыл бардык дити менен кагазга кадалып карайт. Канчалык кадалып, жарым түнгө чейин отурса да бир талыгуу деген жок.

– Мына мунуң эмне? – дейт.

– «А». Экөөнү кошуп окуганда «ат» болот. Булар ушинтип окуп отурганда кемпир уктап калган болот. Ошол убакта тиги: «Эми мен жатам. Сен үйүңө бар», – дейт.

Жылуу-Булактагы мектеп менен Кайнар экөөнүн ортосу жыйырма чакырымдай. Мындан күн бата тараган балдар Кайнарга жылдыз толо келүүчү. Булар караңгы түндү жаңыртып, хор айтып келе



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жатканда, Кабыл кышкы чыкылдаган суукка карабай тышка чыгып алып, ошолорду тыңшап турар эле. Ошолордун ичинде болуп, хор айтып, көңүлүн өргө айдап көтөрүлүп келаткандай болуп таасирленип, жүрөгү ойноп кетет. Бирок бул заманда мектептерде бай-манаптардын таасири күчтүү кез. Айтор, кандай болсо да ушул ачылып жаткан мектептерде бир жаңылык бар экенин сезгендей жүрөгү белгисиз бирдемеге көтөрүлүп, жаңы тартиптен окусам дегенди дегдеп жүрдү. Бирок анын бул тилегинин ишке ашмагы кыйын болду. Бир күнү ушул жөнүндө тигилердин ою кандай экенин билейин деп каңкуулаганда Базарбай: «Эми сен окуп эмнеге жетмек элең? Окугандарды көрүп жүрөбүз го», – деп тилегин кесип койду. Мезгил өтүп барат. Кыштын кап ортосу болуп калган. Кабылды шаштырып бараткан ушул жагы.

## VII

Өткөн тажрыйба Кабылды мыктап окуткан. Буга качан да болсо бирөөнүн тегин тамагын ичиш кыйын болчу. Мындай учурларда ошол ичип жаткан тамагын ээси көп көрүп тургандай «ушуну бир жерден кайтарсам, э!» – деп ойлоп отурар эле. Быйыл Базарбайдыкына кыштап чыгышы да кыйынга түштү. Асылкан – албуут катын. Бир күнү төшкө айылчылап кетип кечинде келсе, Асылкан чамынып урушуп олтурган экен. «Арам гана тажаал, мен бир күнү жок болгонго урунарга тоо таппай буулугуп калган экенсиң го!»»– деди ичинен. Кабыл кирип баргандан эле сүйлөнүп кирди. Бети түктүйүп, ээрди калбайып кетти.

– Эшикте бир тутам куурай жок. Башкасы тиги... Мен болсом үйдө бала-бакырадан чыга албаймын. Кудайдан коркуп бир... Соңку кездерде Кабыл да тигинин өзүнө жараша тилин тартпай кырсыгып алган.

– Ошолорду өзүң эле иштеп койсоң эмне болосуң?

– Эмне дейсиң, я? – деп, обдулуп келе жатканда Кабыл унчукпай тартына берди эле кайтып басылып калды. Ошол ордунда отуруп алып кыйрата тилдей берди.

– Сен мага каяша берчү болдуңбу, я? О, узабагыр! Капыр, тозоку! Жетим киши кыйды болот деген ырас экен. Сен билген шумдуктун бирин дагы билбеймин мен...

– Ооба, билбей турган чыгарсың!..

– Бас оозуңду! Ушул кычкач менен жөн эле башыңды жара коём, мени бүгүн тозокко түртүп жиберсең да. Кылып берип жыргатканыңан да, жыласың өтүп кетти сенин. Азар болсо кетип каларыңбы?

– Кеткенден коркот дейсиңби? Карап тур кеткенди...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

– Кет! Жогол, көлөкөңдү көрсөтпөй. Айланганы турасыңбы... Сен кеткенде кайсы толуп жаткан жумушум кылынбай калып жатат. Кудай алсын, мындан жаманда да өлгөн эмесмин. Сен жокто да мындагы эл оокат кылып жүргөн. Бир колтук куурайды өзүм да көтөрүп алам.

Асылкандын ушундайынан улам кай бирөөлөр Кабылга: «Адам, ошого чыдап жүргөн сен да бир дулдул экенсиң!» – дешер эле. Чынында да ошондой. Кабыл түгүл ошол кездеги шартка карай эринен да бир айбыккан катын эмес. Эри чачтап, канчалык тепкилеп уруп жатса да, бир тилин тартып койчу эмес. Мунун сырын билген айыл-апанын баары зирилдеп туруучу. Эркектер, ургаачылар муну менен бирөө тартышып калса: «Кокуй, Асылканга тенелбе», – деп жакыны келип, кишисин алып кетер эле. Асылкан далай катындарды басып алып уруп да коёр эле... Кээде Кабыл менен аябай урушуп алып, артынан ачуусу тарагандан кийин соолугуп, кичирейип буга жан ачыгандай болуп коёр эле.

– Анан кантейин теги. Урушпайын десе деле кишинин жинин өзүң келтирген байкушсуң. Бар болсо сенден аяналы деп турганыбыз жок. Сенин бактыңа биз да минтип...

Кабыл акыры чыдаган жок. Бу көрөкчө бир жакка жоголоюн деди. Бир күнү шашке чен болчу. Бүгүн Асылкан менен аябай урушуп баягыдай «кет, жогол» деген сыяктуу не бир укпаган ачуу тилдерин угуп, чындап жаны кашайып алган. Үймөктүн үстүнө чыкты да, алыска көз жиберип, келечек тагдырын ойлонуп, бир чай кайнамдай отурду. Бир кезде үймөктөн түштү да, чыгышты карай бет алды.

Күндөрдүн биринде айланып, Жылуу-Булактагы «жаңы тартип» мектебине келди. Максаты – окумак. Бирок «кыштын көбү өтүп кетти. Эми бир ай, жарым айда балдар тарайт», – деп бир топко сүйрөп, араң алды, бир чапжаак кара киши. Баягы Абдылда деген баланы арага салган. Ал Кабыл үчүн аябай кириште. Ушундан тартып, күндө бир баланы ээрчип конуп келип «окуп» жүрдү.

Жаз келди. Байлардан бошоп, каңгырап калган короо-жайларга, чаңкайган ак сарай үйлөргө алды менен жергиликтүү бечараларды, батырак, кедейлерди орноштурушту. Муну кыргыз эмгекчилери эч качан унутмак эмес.

– Андан көрөк эми ушул өкмөттүн боосун бек кылсын, – дейт бирлери. Кокус бул бирдеме болуп кетчү болсо бизде күн жок дей бер.

Ушул окуянын артынан кечикпей бей-бечараларга жардам келди. Короо-короо малдарды, жылкыларды, өгүздөрдү бузбай-жарбай күтүрөтүп айдап келип, тизме менен үлөштүргөн кездер болду. Унаа



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

шаймандардан өйдө жеткирип, эл ичине «көк соко» деген сөз жайылып кетти. Ошентип бул жазда өмүрүндө түшүнө кирбеген жоруктар болуп, кыргыз арасында зор өзгөрүш тууду.

Бул кезде мектептер жабылганына бир жарым айдай болгон. Кабыл кез келген жерде жүрө берүүчү. Бирок баягыдай эмес, аз да болсо акыл, ою өзгөрүп калган эле. Ошондуктан минтип жүрө берсе, эчтеме чыкпасына көзү жеткен соң, эми багытын өзгөртмөк болуп, күндөрдүн биринде Тескейди карай бет алып жүрүп кетти. Кеткенде да бул элден биротоло куйрук түйдү. Чынында ушундай болушка тийиш эле. Ушундан тартып, өмүр экинчи сайга түштү...

## КЫЙЫН КЕЗЕҢДЕГИ ТУРМУШ

М. Элебаев көпчүлүк чыгармаларында өзүнүн жекече турмушу, бир үй-бүлөнүн ары узак, ары татаал тагдырын сүрөттөп жаткандай сезилет, бирок ал туундуларда бүткүл кыргыз элинин тагдыры, тарыхый-социалдык абалы таасын, даана көрүнүп турат. «Кыйын кезең» аттуу чыгармада да жазуучу өз башынан өткөргөн ошол азаптуу күндөр жөнүндө жазат. 1916-жылдагы кыргыз элинин падышачылыкка жана жергиликтүү эзүүчүлөргө каршы көтөрүлгөн азаттык кыймылынан кийинки турмуштун бир үзүмү повесттин сюжеттик өзөгүн түзөт. Элжерин эңсеп-сагынып келген кедей-кембагалдар туулуп-өскөн жерге келгенде деле жыргап кете алган жок. Анткени дүйнөдө болуп жаткан зор өзгөрүүлөрдөн четте калган алыскы тоо арасына жаңы замандын шарапаты дароо эле жете койбоду.

Чыгармада автор атайын көңүл бөлүп, чоң сүймөнчүлүк менен кеп кылган каармандардын бири – **Базарбай**. Ал Кабылга каралашып, колунан келген жардамын аябаган адам. Жер жыртып эгин эгип, кызыл күрөгөн дыйкан, кара жумуштун майын чыгарган иштерман. Колунан көөрү төгүлгөн мына ушул адам орус, кыргыз бай-кулактарына малай жүрүп, уулуу тилин угуп, ачуу таягын да жеди. Бирок Базарбай бул тагдырына моюн сунуп, дилинде аны ылайык көрүп, туура деп да ойлойт. «Кудайдын ушунусуна да тобо, эптеп эсен жүрсөк болгону. Кыштан эптеп чыксак, жер которуп жакшыраак бир байга малай жүрөрбүз». – Анын бар тилеги ушул. Адамдын керт башынын эркиндик-теңдиги, окуу, билим алуу деген түшүнүктөр негедир Базарбайга жат, чоочун, өгөй. Дөөлөттүү менен өкүмдардын күнү туып, бай-кедейи, алдуу-алсызы бар заман анын түшүнүгүндө эч качан өзгөрбөөчүдөй сезилет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Балким, аныкы туурадыр. Бир жолу Кабыл окуу жөнүндө анын оюн билейин деп каңкуулаганда Базарбай: «Эми сен окуп эмнеге жетмек элең? Окугандарды да көрүп жүрөбүз го» – деп кол шилтеген. Мына ушундай аң-сезиминдеги мүчүлүштүктөргө карабай Базарбай – биздин жүрөгүбүзгө жакын, сүйкүмдүү адам, аны аяйбыз, анткени ал – ак ниет, жөнөкөй жана эмгекчил.

Жазуучу Тилекмат, Жумагул, Жоломан өңдүү кедей-кембагалдардын да эсте каларлык мүнөздөрүн түзгөн. Гаврил сыяктуу орус кулактарынын нааандык, ташбоордук, зөөкүрдүк сапаттарын ачып, Степан аркылуу орус кедейлеринин адилет, адамгерчиликтүү мүнөздөрүн да элестүү берген. Автор Гаврилдин кыял-жоругун, мүнөзүн атайлап сүрөттөп олтурбайт. Чыгармада ал катышкан эпизоддор да аз. Бирок анын адамдык дасмиясы, турпаты тигил же бул окуянын жүрүшүндө, Кабылдын баяндоосунан улам дааналанып ачылып отурат. Анын кырс, түнт мүнөзү кадыресе ишенимдүү. Анан чолок-чолок буйра сүйлөгөнүнө кичине гана каяша айтсаң, бул орус көпөсүнүн карылуу чоң колдору өз өкүмүн чыгара тургандыгын жазбай сезесиң. Анын үйүндө бардыгы шайма-шай болуп тургандай. Бирок Гаврилдин кейпинде зор өкүнүч, ич күйдүлүк бар. Анткени болочок бороондун күчүн ал жакшы билет. Ошол себептүү баштагы ач айкырык, өкүм сөзү, «көк союлдугу» басаңдай түшкөн.

Степан орус болгону менен ар дайым кыргыздарга жан тарткан жапакеч. Анда боордоштук, тилектештик сезим күчтүү, түшүнүгү кең. «Кудай аларды сүйгөнүнөн бай кылып, бизди жаман көргөнүнөн кедей кылды дейсинби. Бул жерде кылдай жумушу жок кудайдын...» – дейт ал.

Элдин турмуш-тиричилигин эң сонун билген Мукай Элебаев бул чыгармасында өзүнө таандык кыска, деталдык сүрөттөөлөр аркылуу адамдардын жашоо тиричилигин, алардын ички дүйнөсүн, бир-бирине болгон мамилесин бөтөнчө элестүү бере алган.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Чыгарманын идеялык мазмунун текстке жакындатып айтып бергиле. Повесттин образ системасына, нарк-насилине кеңири талдоо жүргүзгүлө.
2. Адабиятчылар эмнеликтен Мукайдын акындыгынан прозаиктигин жогору баалашат?
3. «Кыйын кезеңдеги турмуш» деген темада дилбаян же реферат жазгыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ЖУСУП ТУРУСБЕКОВ

(1909–1944)

**Өмүрү менен чыгармачылык жолу.** 1909-жылы Караколдо дүйнөгө келген. ...Кордукка чыдабаган эл Кытай жерине качканда, Жусуп жаш эле. Алты жашар бала бүт эл менен бирге бардык азап-тозокторду башынан өткөрдү. Үркөн эл туулуп-өскөн жерине кайтканда, анын үй-бүлөсү да өз жерине келип, 1918-жылдары Караколго байырлашат. Көп узабай эле эне-атасы, карындашы өлүп, бир үйдө тогуз жашар Жусуп жалгыз калат. Көрүнгөндүн эшигинде жүрүп, эптеп жан баккан оор күндөр башталат. Ошол көрүнгөндүн колунда жүргөн азаптуу балалыгы жөнүндө ал кийинчерээк: «Таңдан кечке көргөн күнүм: куурай алам, тезек терем, музоо кайтарам. Кокус музоо ээмп кетсе, менин шорум... кызылдай союп урат... Отун жагып отуруп, өчүрүп койсом кычкач менен бир коёт. Бир кыш этиме жалаң тон кийип, жылаңаяк суу ташып жүрдүм», – деп эскерет. Акыры 1921-жылы Караколдогу жетимдер үйүнө кабыл алынат, 1924-жылы Түптөгү айыл чарба техникумуна которулат.

Ж. Турусбековдун адабий шыгынын ойгонушу дал ушул техникумда окуп жүргөн учурга туура келет. Ал казак, татар тилдеринде чыккан адабий китептерди көп окуйт, өзүнүн бир-эки ырлары техникумдун дубал газетасына да чыгат. 1928-жылы Фрунзе шаарына келип, «Эркин-Тоо» газетасынын редакциясына орношот. Чыгармачылыгынын башталышында эле өзүнө катуу талап коё билген жаш акын көңүлүнө толбогон алгачкы ырларын газетага жарыялаган да жок.

Жусуп да 1929-жылы кыргыз жаштары менен Тверь шаарындагы мектепке жөнөтүлөт. Тоо айылынан келген жаш жигитке бул шаар, анын маданияты зор таасир калтырат. Ал жерде орус тилин үйрөнүүгө, орус адабияты менен таанышууга астейдил киришет. Өзгөчө В. Маяковский, С. Есенин менен Д. Бедный, А. Безымянский менен А. Жаров өңдүү орус акындарынын чыгармаларына кызыгып, алардын айрымдарын которуп да көрөт. Акындын «Ук, жер жүзү», «Кызыл жоолукчан», «Эсимде»



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

сыяктуу граждандык лирикалары жарык көрөрү менен эл арасына терең сиңип, композиторлор аларга обон чыгарышып, бүгүнкү күнгө чейин ооздон түшпөй ырдалып келе жатат. Ал эми отузунчу жылдарда жазылган чыгармалардан Ж. Турусбековдун «Энем» поэмасы бөтөнчө айырмаланып турат. Бул лирикалык поэманын мазмунун чыныгы турмуштук окуя түзөт. Анда эне менен баланын турмушу реалдуу көрсөтүлүп, алардын мүнөздөрү, жандуу сүрөттөрү элестүү, ары таамай тартылат.

Ж. Турусбеков драматург жана прозаик катары да белгилүү. «Ажал ордуна» драмасы аны чебер драматург катары да таанытты. Мындан башка «Беш-Мойноктогу окуя» пьесасын, «Бир болгон иш», «Таза жүрөктөр сокконду», «Айласыз кезигишүү» деген аңгемелерди жаратты. Ал – «Айчүрөк» операсынын либреттосун жазышкандардын бири. 1916-жылкы элдин оор тагдыры атактуу «Ажал ордуна» драмасында бөтөнчө бир эргүү менен жазылган. Ал 1939-жылкы Кыргыз искусствосунун Москвадагы декадасында чоң ийгилик менен коюлган.

Согуш башталганда Ж. Турусбеков өз ыктыяры менен майданга аттанды. 1944-жылы согуш талаасында курман болуп, жеңишти көрбөй калды.

## ЭНЕМ

### I

Күткөндүрсүң,
келдим, эне, аманбы?
Кучактачы, сүйчү
беттен балаңды!
Беш жыл бою
тентип кеттим
дайынсыз,
Сагындың го
бир көрө албай
карамды!
Сагынганда
тентип кеткен
балаңды,
Жүзгө жооруп
жүгүрттүң го
санааңды?

Үстүбүздөн зуулдап өткөн
беш жылда,
Шайыр жаштар
арасында
өскөмүн!
5 жыл мурун
чүкө ойногон
баланды,
Тарбиялап,
шаардагы усталар,
Көрдүңбү эне,
балаң кайта
жаралды!
Эч ким менин
сындырбады шагымды,
Эч ким мени
уруп-согуп ыйлатып,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Эч ким менин
кейитпеди жанымды.
Койгун, эне,
кабактарда болбодум,
Кайра курдум,
мүнөзүмдү оңдодум!
Ой жеңди деп,
кайдан, эне, эстедиң,
Түшүн, эне.
Супсур ойдон
кеткемин.
Ойлой, ойлой, ойлой
келип шаарга,
Ойдун түйүнүн
жетүү менен
чечкемин.
Мени эч ким
сабабады тепкилеп,
Жулунбады
эч кимиси,
эч качан:
Бычак менен өлтүрөм
деп кескилеп!
Окуп, эне,
мектебимди
бүтүрдүм,
Шаардагы өмүрүмдө
5 жылдык
Көз ачылып,
көп нерсеге
түшүндүм.
Аячу элең жаның
ачып, энеке,
Мен кой айдап
түшкөн кезде
адырдан.
Мына бүгүн
Ал күндөрдөн
арылдым.
Мугалиммин, мен
жаштарды окутам.
Карысаң да бизге
энеке, керексиң,
Сабатыңды ачып
кетем, окусаң!..
Келдим, эне,
Элди, жерди
сагынып...
Эмнелер бар
эл ичинде
айтып бер.
Туулган жерим
кетиптир го
жаңырып?..

## II

Бул айылдын
жаңырганы
жалганбы?
Эмне, энеке,
сенин оюң
сандалды,
Унуттуңбу
айыл ичин
каптаган,
Өткөндөгү
үшкүрүк, муң,
арманды!
Эмне, энеке,
мынча неге
кейидиң,
Алигиче кала
элекпи,
жарыктык,
Жөнү жокко
кейий берчү



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

пейилиң!
Эмне, энеке,
эмнелерди
самайсың,
«Элге, журтка
бүлүк салган
балдардын
сен да бири» –
деген өңдүү
карайсың!
...Муң-кайгыны
кечээ баштан кечирген.
Бүгүн, эне,
чыгарыпсың эсиңден.
Жүнүн сабап,
чийин чырмап,
ар кимдин.
Сен элең го
бир кезекте
эзилген!
Жакшы болгон
Орунбайлар
айдалып,
Суусун куюп,
отун жагып...
Далай шордуу
жүрбөдүбү
чайналып,
...Бир окуя
эсиңде, эне,
бар бекен,
Карылыктан унут
кылып кетпесең,
Азыр дагы каным
жаман бузулат.
Ал кордукту эстесем.
абайлабай
Кысыр эмди
жабагысын эсирген.
Курган атам
бир түнү,
Жаңылбасам,
карышкырга
жедирген.
Бул иш үчүн
аябастан сабаган,
Ал кимдердин
ал-жайына
караган.
Азыр дагы
атам көзгө элестейт,
Көзү шишип,
жаагы айрылып,
канаган.
Орунбайдын камчысын
ким жебеди,
Аны кимдер:
«Окем жакшы»
– дебеди.
Бизге окшогон
байкуштарды
ал айбан,
Качан, эне,
жанга кошуп тенеди?
Кулактарга
тапшырмалар
берди деп!
Эмне, энеке,
кейийсиң
Сен кайгы жеп,
Кечээ күнкү
эзгендерди аяйсың,

Айтчы, энеке,
айтчы, энеке,
кандай кеп?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Булар менен
дагы алыша
жатарбыз.
Бир майданда
дагы күрөш
ачарбыз,
Бул өндөнгөн
артта калган оюнду,
Токто, энеке, кайта
биздер жазарбыз.
Эсиңдеби, кечээ
күнкү жокчулук,
Э, энеке, кошко
байлап семирткен.
Ат бар беле, бизде
турган кошкуруп.
Көп бечара биз да
бири сандалдык.
Мүдөөбүз көп,
өмүр бою
каржалдык.
Күчтү саттык,
көрүнгөнгө
жалдандык,
Дагы, энеке,
дагы сенин
эмнең бар?..
Бул жаштардан
далай айып табасың,
Үмүтсүздөй кээде
үшкүрүп
аласың.
«Абийирсиз өстү
жаштар бул күндө»,
Сезем, эне, деген
өндүү карашың.
Э, энеке,
айланды биз
табарбыз.
Бул оюңа
Далай бүлүк саларбыз,
Айылдагы шайыр
жаштар биригип,
сени дагы
Шайыр кылып аларбыз!

* * *

Поэма 1933-жылы жазылган. Анын окуясы акындын өз турмушу менен көп жагынан окшош. Жусуп 1928-жылы туулуп-өскөн Ысык-Көлдүн жээгинен илим, бакыт издеп жөнөйт. Ошондон тартып бул поэманын жазылышына чейин беш-алты жыл өтөт. Акын ушул убакыттын ичинде газетада иштейт, Тверге барып, мектепте окуйт. Анын түшүнүгү, дүйнөгө көз карашы бүтүндөй жаңырат. Акындын турмушунун өзгөрүшү, өзүнүн да тез аранын ичинде мынчалык зор ийгиликтерге жетишкендиги поэманын биринчи бөлүмүнөн көрүнөт.

«Энем» поэмасында ошол учурда өлкөбүздүн айыл чарбасы боюнча жүрүп жаткан окуя орун алган. Ж. Турусбековдун «Энем» поэмасында мына ушул элдин салт-санаасында болуп жаткан өтө



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

терең идеялык, психологиялык өзгөрүүлөр, жаңы коомдук мамилелери көрсөтүлгөн.

Өнүгүүнүн жаңы жолуна түшкөн эл да, жер да бүт өзгөрүлүп жатса, жалгыз гана карт эненин түшүнүгү өзгөрүлбөйт. Анын чексиз боорукер жүрөгү беш жыл мурда кеткен уулун эстеп кейийт. Ал гана эмес, мурдагы өзүн эзген зулум Орунбайды да аяйт. Бул караңгы эненин адашкан боорукердиги эле. Поэмада караңгы эненин адашканы, жаңылыш түшүнүгү ынанымдуу түрдө терең ачылып көрсөтүлгөн.

## КАРАКЧЫНЫН ТРАГЕДИЯСЫ

Буулугуп, жээкке урунуп, кемер кылып,
Жаш төгүп, соолуккандай кээде тынып,
Томсоруп колго түшкөн айыпкердей,
Рейн агып калат кээде жылып.
Кимдерден, эмнеликтен улуу өзөндүн,
Кандайча калды экен шагы сынып?
Миңи ыйлап, буга маашыр бири күлөт,
Миңдердин өңү азып, тирүү сүрөт...
Бул күндө рейндик катын, балдар
Кёльнанын көчөсүндө тентип жүрөт.
Алардын арасынан бир кайраттуу,
Берлинге кабак бүркөп, муштум түйөт.

«Балам...» – деп карыялар жашын төгөт,
Кээлери дайынын билбей көөнү чөгөт.
Көчөдө кайырчылар толуп кеткен,
Мундирчен: «Жолдон чык!..» – деп шалпып сөгөт,
Ачкадан бурч-бурчтарда өлгөндөр көп,
Аларга кайыр кылып, кимдер көмөт?!

Булар бир, Фрида бир, көргөн күн бир,
Ичте бук, жүрөк сыздап, көкүрөк кир!
Мукурап кечке сыныk нан таба албай,
Отурду кашатында Рейндин.
Жаш бала муун, жүүн жок, «эне, нан!..» – дейт.
Буларга тоюнар күн болобу бир?
Пааналап Фридага Макс мунжу,
Үшкүрүп терең кайгы ойдо турду.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жанында жалгыз жолдош жыгач балдак,
Ажырап эки буттан калган тулку.
Жалдырайт, карашында бир кайрат жок,
Бүтүндөй кеткен окшойт көздүн курчу.

Ичи өрт, каны качты, жаш акпады,
Сооротор Фриданы жан таппады.
Алдында улуу Рейн акпагандай,
Алдында өлүү өндүү жан жактагы.
Элестеп болуп өткөн бир окуя,
Дүркүрөп бүткөн бою сөз баштады:

– Фрида, айлаң канча сабыр кылгын,
Курган жан ыйласа да, өлүп тынчыр.
Өлкөнү талоончулар бийлеп турса,
Тынч алып, немец жашын кайдан тыйсын.
Көз жеткис Россия талаасында,
Немецтер миллиондоп тапты кыргын.
Ушул мен сенин жарың Ганс менен,
Өрт кечип, кан майданда болдум эчен.
Кокустан жаралуулар колго түшсө,
Сындырып сөөк-саагын ого бетер,
Өлтүрүп көчөлөргө сүйрөп барып,
Тепкилеп, өлүккө да кылдык кекээр...

Орустун огуна учтук, талаада өлдүк,
Көңүлдү сооротуучу нени көрдүк?..
Уруштун бир опаасын көрдүкпү биз?
Не үчүн дарыя кылып кандар төктүк?!
Жалгыз ок, мас болгончо ичип алып,
Таладык тынч кыштакты, олжо бөлдүк.

Бир күнү бир орусту туткунга алдык,
Штабга уруп-согуп айдап бардык.
Чаргытып суракка жооп бербеген соң,
Ишара менен гана болду жардык.
Көчөгө эл көзүнө алып чыгып,
Кыйнадык... анан кийин атып салдык. –
Деп Макс башын салды жерди карап,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Кыйнады көңүлүнө түшкөн жараат.
Өмүрүнүн өткөндөрү талоончулук,
Алдыңкы күнү улам – караңгыраак.
Оор ой басканына чыдай албай,
Үшкүрүп, кайта кирди сөзүн улап:

– Ганс дагы аяган жок канын-жанын,
Майданда өлсө дагы, көргөнү анын...
Баласы ачарчылык тырмагында,
Ыргалып араң сүйлөөр сенин алың, –
Дегенде купкуу эрдин кыбыратып,
Фрида деди Макска: «Болду... айтпагын!..»

Шалактайт колундагы жаткан бала,
Каны сууп, дени муздап, жүрөк сокпой.
Ачкалык алган экен эчак кана!
Түн түштү ушул жерден күн өлгөндөй,
Кайырчы... Рейн кызы Фридага...

– Кайырчы, мунжу азаптуу Германия!
Кызыңдын көргөн күнү байка мына.
Өлүмгө башыңды тос же көтөрүл!
Гитлерден күткөн жыргал ушул тура, –
Деп кургур өзөн бойлоп бара жатат,
Каракчы башкарса эгер, иш ушул да!..

* * *

«Каракчынын трагедиясы» – Жусуп Турусбековдун согуш темасына арналган бирден-бир негизги чыгармасы. Поэманын аты анын затына жана мазмунуна толук жооп бере алат, анткени анда каракчы Гитлер, анын жан-жөкөрлөрү, алардын каракчылык иштери жөнүндө кадыресе көркөм жалпылоо да, учкул толгонуулар да бар. Поэмада акын жакыр, самсыган элдин аянычтуу абалын улам тереңдетип жүрүп олтурат. Элдин кайгылуу трагедиясынын улам бир тарабы ачылып, жүрөктү мыжыйт. Бирок фашизм таңуулаган кайгы менен азап элди биротоло мүңкүрөтө алган жок. Эл Гитлерге нааразылыгын билдирип, «муштумун түйөт». Буга карапайым немец өкүлдөрү **Макс** менен **Фриданын**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

өмүрү толук күбө. Алардын кыймыл-аракети аркылуу поэманын бүт идеясы, акындын айтайын деген ою ачылган.

Макс менен Ганс талоончул согуштун азабын бирге тартты. Фриданын күйөөсү Ганс кыргын согуштан ошол бойдон кайтпай калды. Макс болсо мунжу болуп, катардан чыгып, эч кимге керексиз, жарым жан адамга айланды. Ошондо ал Гитлердин ким экендигин билип:

«Үч жылы удаа жүрдүм салгылашып,
Ойнодум, суу ордуна кандар чачып,
Гитлерге кокус бирөө сөз тийгизсе,
Койчу элем ит аткандай ордуна атып», –

деп ойго чөмүлөт. Мурда мындай суроону Макс алдына коё алмак да эмес. Согушта көрсөткөн нааданчылыгы менен мыкаачылыгына кайра мактанчу. Каракчылык, айбанчылык, акмакчылык иштерин эрдик деп эсептөөчү. Эми эки бутунан, бала-чакасынан ажырап, кожоюндарына керексиз болуп калгандан кийин гана баарын түшүнүп олтурат. Макстын андан аркы сөздөрүндө гитлердик фашизмге кыжырлануу да, немец элинин көргөн азабына жаны ачуу да, биздин элдин ченемсиз эрдигине эркси тизе бүгүп, таазим кылуу да ачык байкалат.

Поэма кайгылуу аяктайт. Фриданын атадан калган жалгыз туягы ачкалыктан көз жумат. Баарынан ажыраган Фриданын башына түн түшөт. Чындыгында бул бүткүл немец калкынын башына түшкөн оор трагедия эле. Бирок Фриданын жакшылыктан үмүтү чоң. Ал немец элин көтөрүлүүгө үндөп, «каракчы башкарса, иш ушундай болот» деп, фашизмге каршы күрөшүүгө чакырат. Мындагы каракчы деген сөздө гитлердик фашизмдин бүт кыял-жоругу, элге таануулаган кайгы-азабы камтылган. Жыйынтыктап айтканда, акын Фрида менен Макстын татаал тагдыры аркылуу бүткүл адамзатка фашизм кандай азап-тозокторду алып келгенин, ал канчалык чыныгы жүзүн жашырса да, акыры эл алдында айыбы ачылаарын жана элдин жеңилбес улуу күчүн даана көрсөткөн. Поэма бүгүн да өз маанисин жогото элек, ал адамдарды фашизмди, талоончулукту жек көрүүгө, элжерди сүйүүгө үндөп турат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## АДАБИЯТ ТЕОРИЯСЫНАН: ПОЭМА ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК

«Поэма» деген термин гректин «иштейм, жаратам» деген сөзүнөн алынып, лиро-эпикалык жанрга кирет. Адабияттык агымдардын тарыхый өнүгүшүнө байланыштуу поэма деген түшүнүк да улам-улам формасы жагынан да, жанрдык түрү боюнча да өзгөрүп келген. Мурда жазма түрүндөгү ыр менен жазылган чыгармалардын баарын эле поэма деп атай башташкан. Бул жанрга негиз салуучулардын бири – англиялык көрүнүктүү акын Байрон. Ал өз поэмаларында каармандардын жекече турмушундагы капысынан болгон айрым окуяларды сүрөттөйт. Ошону менен бирге ага карата өзүнүн жан тартуусун, күйүп-бышуусун, көңүл жайын да билдирген. А.С. Пушкиндин «Кавказ туткуну», «Цыгандар» сыяктуу көркөм дөөлөттөрү дал ушундай поэмаларга кошулат. Орус элинин көрүнүктүү акыны Некрасовдун чыгармачылыгында поэма чыныгы реалисттик мүнөзгө ээ боло баштайт. Ал өз каармандарынын жекече турмушун гана көрсөтпөстөн, көбүнчө алардын коомдук абалын сүрөттөгөн.

Бүгүнкү күндө ыр менен жазылган көлөмдүү чыгармаларды поэма дейбиз. Ал сюжеттүү да, сюжетсиз да боло берет. Көпчүлүк поэмалар сюжеттүү келет жана алардын камтыган окуялары да ар кандай.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Сүрөткердин прозаларын, драмаларын окуп чыккыла. Алар боюнча өз оюңарды жазгыла.
2. Замандаштары жана калемдештери Ж. Турусбековдун чыгармаларын кандайча баалашкан?
3. Кыргыз поэзиясын мазмун жана форма жагынан жаңылоодо Ж. Турусбеков кандай ийгиликтерге жетишкен?
4. «Ж. Турусбековдун өмүрү, чыгармачылык жолу» деген темада окурмандардын кечесин өткөргүлө.
5. «Энем» поэмасында лирикалык каармандын энеге деген перзенттик сүймөнчүлүгү кандайча баяндалган?
6. «Каракчынын трагедиясы» поэмасында фашизмдин элге келтирген кайгы-азабын сүрөттөгүлө.
7. «Фашизм менен терроризмдин бети ачылганда» деген темада дилбаян жазгыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ЖООМАРТ БӨКӨНБАЕВ

(1910–1944)

Жоомарт Бөкөнбаев таланттардын бешиги болгон Токтогул, Эшманбет, Коргоол сыяктуу ак таңдай акындарды берген азыркы Токтогул районундагы Мазар-Сай айылында 1910-жылы кедейдин үй-бүлөсүндө туулган.

Турмуш жыргалын аз көргөн акындын атасы Бөкөнбай, энеси Алтынай он алты балалуу болуп, алардан Жоомарт менен эжеси экөө гана тирүү калат. Жоомарт беш жашка чыкканда атасын Борбу бай өлтүртүп, энесин зордук менен токолдукка алат. Ошондон баштап энесинин да, эжеси менен Жоомарттын да абалы оордоду. Жаш бала кой кайтарып, малай катары жүрдү. Ошол кой жайып, балалык чагы өткөн жер, кооздугу менен атагы чыккан айтылуу Арым жайлоосу болду. Анын керемет сулуулугу, шылдырап аккан тунук булагы, көйкөлгөн талаасы акындын шыгын өтө эрте ойготту. Бала дүйнөнү дал ушул жерден таанып биле баштады. Апасы Алтынай эл чыгармаларын эң жакшы билген, сөз багып, аны урматтаган, бир укканын унутпаган куйма кулак, улуу кепти укмуштуудай айта да алган, оозунан бал тамган сөзмөр, ары жез оймок, ургаачынын узу эле. Ал жаш Жоомартка жомоктор менен уламыштарды, элдик ар кандай ырларды айтып берүүдөн тажачу эмес. Бул ансыз да талант даарып, табият берген Жоомарттын шыгына ого бетер от жагып, эң эле эрте ыр жаратууга эзликтирди. Жаш кезинен аздектегени улуу акын Токтогул болду. Чындыгында эле Токтогулдун бүткүл кыргыз журту тамшанып укkан ыр-күүлөрү акындын чыгармачылыгынын өнүгүшү үчүн чоң таасирин тийгизген. Өзүнүн залкар устатын Ж. Бөкөнбаев өмүрүнүн акырына чейин ыйык тутуп, анын талантына табынып, таазим кылып өттү.

Окусам дегенде ак эткенден так этип жүрүп 1922-жылы Кетмен-Төбөдө жаңы ачылган Арым мектебине кирди. Мында эки жыл окуп,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

көзү ачыла баштаган Жоомарт окуусун улантууну көксөп, 1924-жылы Жалал-Абадга келет. Андан Көк-Арт жетим балдар интернатына жиберилип, ал жерде эки жыл окуйт. Бирок өп-чап билимди дагы тереңдетүү зарыл болчу. Ошондуктан ал 1926-жылга чейин Оштогу, андан кийин 1931-жылга чейин Фрунзедеги педтехникумда окуду. Аны бүткөндөн кийин «Кызыл Кыргызстан» газетасында бөлүм башчы болуп иштеп, жаңы маданиятты курууга, саясатты иш жүзүнө ашырууга чакырган курч макалаларды жазып, жөндөмдүү журналист экенин көрсөттү, чыгармачылыгын өнүктүрдү. Анан Москвадагы журналисттер институтуна кирип, аны 1935-жылы ийгиликтүү аяктап кайтып, андан кийинки бүт өмүрүн биротоло чыгармачылыкка арнады.

«Жер алган кедейлерге» деген Жоомарттын биринчи ыры 1927-жылы жарыяланат. Анын чыгармачылыгынын андан нары өнүгүшүнө Фрунзедеги педтехникумдун өзгөчө мааниси бар. Бул окуу жайы өз убагында таланттардын уясы болгон. Анда келечекте кыргыз элинин сыймыгы болушкан акын-жазуучулар, сүрөтчү Гапар Айтиев, композитор А. Малдыбаев сыяктуу чоң таланттар тарбияланышкан. Андай адамдар менен бирге болуп баарлашуу, ошол кездеги таланттуу жаштарды бириктирип баш коштурган техникумдун алдындагы «Кызыл учкун» адабий ийримине активдүү катышуу Жоомарттын жаш калемин курчутуп, чыгармачылыгын жетилтти. Акындын «Эмгек», «Көкөш көзүн ачты», «Забойщиктер», «Жаз» сыяктуу ырлары эл арасына кеңири тарап, таанымал кылды.

Энесинин кордугун өз көзү менен көргөн акындын чыгармачылыгында аял затына арналган ырлар арбын. Анын алгачкы ырларынын бири да «Эжеме кат» деп аталат. Жоомарт окуунун артынан түшүп, Фрунзе, Москва сыяктуу алыскы чоң шаарларда окуйт. Иши менен да, акындык сөзү менен да кыргыз жергесиндеги маданий курулуш иштерине белсене киришет. Кыргызстандагы маданий-агартуу иштерине өзгөчө көңүл бөлүп, алдыңкы сапта турган жоокер катары жердештеринин, айрыкча аялдардын ийгиликтерине чексиз кубанат. Бул темада: «Эрик кызы», «Эжеме кат», «Мариям», «Сыргажан», «Кыздын канаты» сыяктуу бир канча ыр, поэмаларды, «Алтын кыз» аттуу музыкалуу драма жазып, кыргыз кызынын мыкты образын жаратты.

Драматургия демекчи, адабияттын бул түрүн түптөшүүдө Ж. Бөкөнбаевдин да кадимкидей салымы бар. Убагында анын «Семетей», «Каргаша» пьесалары, «Токтогул» музыкалуу драмасы көрүүчүлөргө аздыр-көптүр эстетикалык рахат берип, өз алына жараша кыргыз дра-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

матургиясынын өсүп-өнүгүшүнүн жүгүн көтөргөн. Ал «Айчүрөк» (авторлош), «Токтогул» операларынын либреттолорун жазып, «Кармен» операсынын (Мериме боюнча) либреттосун таржымалдаган. Прозада, котормодо да калемин сынап көргөн. «Токтогулдун өмүрү», «Комуз күүсү» сыяктуу аңгемелерди жаратып, Гёте, Лермонтов, Абай, Шота Руставели, Маяковский өңдүү залкарлардын ырларын которгон.

Согуш учурундагы жүрөк тереңинен кайнап чыккан жалындуу, патриоттук ырлар Ж. Бөкөнбаевдин чыгармачылыгына бөтөнчө бир көрк берип турат. Согуштун алгачкы эле күндөрүндө чын дилден жазылган акындын «Ата Журт үчүн майданга!», «Антым», «Кош, Ала-Тоо, уулуң кетти майданга!» сыяктуу ырлары Ата Мекенди сүйүүгө жана коргоого үндөп, жеңишке шыктандырган улуу чакырык катары эл арасына чагылгандай тез тарады. Аларды кан майданга жөнөп жаткандар да, узатуучулар да ооздорунан түшүрбөй ырдашты. Акын согуш талаасында болуп, анын алааматын көрүп кайтты. Адам каны суудай агып, жерди куйкалап кунарын кетирген кандуу майдан Жоомарттын каңырыгын түтөтүп, кайгыга салды. Бирок ушундай апаатта төгүлгөн канга, кыйылган кырчын өмүргө карабай кармашкан каарман жоокерлердин ноюбас күчү, кетилбес эркн акынды толкундатып, адилеттүүлүктү, өлбөстүктү көкөлөтө даңктаган чыгарма жаратууга түрттү. Ал ажал менен ар-намыстын кандуу кагылышын, өмүрдүн түбөлүктүүлүгүн көрсөткөн жүрөк титиреткен «Ажал менен Ар-Намыс» аттуу поэмасын жазды.

Ж. Бөкөнбаев өлкөбүздөгү бардык жаңылыктарга үн кошуп, кубаныч-кайгысына ортоктош болду. Көңүлү тетик, учкул кыял акын эч нерсени жашырбай, куюлушкан жамак сөздүн ыргагына салып айта да, жаза да билген. Анын ырлары адамдын көңүлүндөгү ойду таап, аны ар кимдин жүрөгүнө жеткире билгендиги, жатык тили, уйкаштыгынын элпектиги жана элестүүлүгү менен айырмаланып турат. Күн нуру менен жайдын кечине, шылдыраган булак менен көк мелжиген, аркайган аска-зоолорго, түбөлүктүү эне мээрими менен наристенин таза күлкүсүнө жүрөгү толкундап, чын дилден кубана билген таланттуу акын Жоомарт Бөкөнбаевди шум ажал чыгармачылыгы гүлдөп турган 34 жаш курагында арабыздан алып кетти.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## АЖАЛ МЕНЕН АР-НАМЫС

### I

Карагай көккө тирелген,
Калың чер токой арасы.
Карайып түтүн уюган,
Кан жүргөн уруш талаасы...
Жамгырдай октор төгүлүп,
Замбирек кулак тундурат.
Мурункудай нур чачпай,
Муңайып карап күн турат.
Булбул кончу кайыңдын,
Бутагы окко тонолгон.
Шылдыраган тунук суу,
Кызарып канга боёлгон.
Ызы-чуу ушул кыргында,
Ышкырып Ажал бийледи.
– Өмүрдү колдо өкчөгөн,
Өзүмдөн күчтүү ким? – деди.
Айлана муңга майышып,
Алсырап турду бул күнү,
Арааны жүрүп Ажалдын,
Адамдын башын мүлжүдү.
Суусаса канды шимирип,
Суктугун Ажал тартпады.
Топон суу жүрө жаздады.
Кылычы колдо жалактап,
Кыдырып Ажал жер кезди.
Кыйлалар менен мелдешти.
Кабагы түндөй салыңкы,
Каяша эч ким айтпады.
Токойду, сазды аралап,
Токтолбой Ажал чуркады.
Азуусун айга бир кайрап,
Ааламдан минтип сурады:
– Алдыма келип жүгүнөт,
Асманга башы тийсе да.
Алсырап талдай бүгүлөт,
Аңтарат жерди амалым.
Кары-жашты калтырбай,
Кааласам бир күн аламын, –
Бул сөздү Ажал айтканда,
Муңайды кара таш дагы.
Чытырман токой, агын суу,
Чың этип үнүн катпады...
Оозунан заар көбүгү,
Оргуштап чыгып кайнады.
Кайсыны жутсам экен деп,
Кайсалап Ажал тандады...
Алдынан Намыс жолугуп,
Ажалга колун сермеди.
– Ээлигип анча кутурбай,
Эр болсоң мени жең! – деди.
Чагылган оту жангандай,
Чамынды, Ажал жиндеди.
– Каарыма тайманбай,
Каяша берген ким? – деди.
Сурданды, Намыс толкуду,
Суусундай тоонун шарылдап,
Нускалуу сөзүн сүйлөдү,
Нурундай күндүн жалындап:
– Далайды жутуп тойбостон,
Дайрадай канды агыздың.
Каяша турсун өзүңдү,
Капкандай кармар Намысмын...
Кайраттуу элге бел болуп,
Кадимден бери келгемин.
Өмүргө шерик түбөлүк,
Өлбөстүн сүтүн эмгемин.
Эзелтен келген нарк ушул:
Эр жигит көркү мен менен.
Өлүмдөн качпай кармашса,
Өзүмдүн көркүм эр менен.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жарыкка бала келгенде,
Аймалап эмчек эмгенде.
Апасы минтип сүйлөгөн,
Ардагын көзү көргөндө:
– Тогуз ай сени көтөрүп,
Толгонуп азап тарткамын.
Арнадым сени Намыска,
Айбыкпас болсун жаш жаның.
Балбылдап таңкы чолпондой,
Бактыма менин көрүндүң.
Намыстуу жигит боло көр,
Наалатын албай элиңдин! –
Бул сөзүн Намыс айтканда,
Буулугуп Ажал чамынды:
– Чаң менен кошуп ылайлап,
Чачпасам, – деди, – каныңды,
Көтөргөн ошол жигитиң,
Көрөмүн, мага жүгүнөр.
Каарымды төгүп киргенде,
Калтырап жандан түңүлөр.
Ажалдын кебин укканда,
Арданып Намыс көбүрдү.
Арстандай чайнап коёрдо,
Артына Ажал чегинди.
Ачуусун тыйып Ар-Намыс,
Ажалга минтип сүйлөдү:
– Менменсип өтө мактанбай,
Мен менен кошо жүр, – деди.
Айтканын угуп Намыстын,
Айлана жеңиш күү чертти.

Асмандап учуп, жер кезип,
Ар-Намыс, Ажал бир кетти.
Бул экөө мындай мелдешти:
– Агылган кандар майданга,
Аралап бирге кирелик.
Азамат эрдин кашында,
Айрылбай бирге жүрөлүк,
Кимибиз ошондо жеңилсек,
Баштагыдай айгышпай,
Баш иелик түбөлүк...
Адыр куму шыркырайт,
Адамдын каны агылып.
Көп душман келет сандаган,
Көк муздай темир жамынып.
Кыргыздын бир топ уланы,
Жолборстой даяр комдонуп.
Аларга акыл, баш болуп,
Айтылуу Жапар бар эле.
Атайлап туулган намыска,
Атадан жалгыз бала эле,
Кабагын бүркөп жүрбөгөн,
Каткырып күлүп сүйлөгөн.
Ак пейил, шайыр жан эле,
Алты күн уйку көрбөстөн,
Окоптон чыкпай жатса да,
Алсырап койбойт дагы эле!
Көк түтүн каптап, уюлгуп,
Көрүнбөйт тоонун этеги.
Алоолоп өрткө чырмалган,
Осетин айылы кечеги...

Андан нары ошол осетин айылында өлгөн энесинин эмчегин тырмалап жаткан эки жашар баланы жоокерлер таап алышып, анын атын Эр Табылды коюшат. III бөлүмдө Жапардын жоокерлерге Прометей жөнүндөгү уламышты айтып бергени, IV бөлүмдө кыргыз жергесинен келген карыя акындын жоокерлер менен кездешүүсү баяндалат. Ал эми V – VI бөлүмдөрдө Табылдыны акынга таштап, Жапар баштаган жоокерлер маанилүү буйрукту аткарыш үчүн аттанып



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

кеткени, акындын кыргыз элинин баатырдык иштерин эскерип ырдаганы, командир осетин уулу Табылдыны таап, жардам бериш үчүн Жапардын артынан жөнөгөнү сүрөттөлөт.

## VII

Түн бою жамгыр тынбады,
Көнөктөп сууну куйгандай.
Асмандын түбү оюлуп,
Алсырап ыйлап тургандай.
Тоодон катуу сел жүрүп,
Томкоруп ташты баратты.
Талаанын бети күлдүрөп,
Тамыры менен тал акты...
Топон суу каптап кеткендей,
Томуктай кургак калбады.
Кайраттан тайып койбоду,
Кабылан кыргыз балдары!
Киргил суу толуп койнуна,
Кийими оордоп чыланды.
Жети жыл жамгыр төксө да,
Жеңе албай турган буларды!..
...Көчүрүп тоону дабышы,
Көрүнбөйт өзү тумандан.
Талкалап ташты күкүмдөй,
Таңкалар келет чубалган.
Окоптон башын көтөрүп,
Абайлап Жапар карады.
Жакындашып калыптыр,
Жайнаган танка карааны.
Жалындап жанып ачуусу,
Жаагынан чыгып жүндөрү.
Кыраандай көзүн
бир ирмеп, кылчайып
Жапар сүйлөдү:
– Кагылайын, курбулар,
Кайратың жансын тутанып.
Каптаган касты серпип сал,
Кабылан сындуу күч алып.
...Ажыдаар келет оп тартып,
Айбыгып көзүң жумбагын.
Каргышы тиет калкыңдын,
Кайра артка жылбагын.
Кимиң качсаң артыңа,
Киндикке кароол байлаймын.
Өзүмдүн коркок курбуму,
Өз колум менен жайлаймын, –
Жапардын айткан бул сөзү,
Күүлөдү тоонун туйгунун.
Албырып балдар тыңшады,
Акылы менен буйругун:
– Талпынып учуп чыккандан,
Тарбия алган биз элек.
Кызыл кан кечип чыңалган,
Кыяндай өкүм күч элек.
Жумшасаң ажал жолуна,
Жумбадык көздү жалтанып.
Алдейлеп баккан журтумдун,
Антынан кантип кайталык!
Кылчайып качар биз эмес,
Кыйкырып өзүң турганда.
Кыргыздын тийсин наалаты,
Кыянат ишти кылганга, –
Айтышты балдар бул сөзүн,
Ант берип кылыч өпкөндөй.
Агасы Жапар кубанды,
Асманга колу жеткендей...
...Сай-сайдын ташын талкалап,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Сапырып көккө самандай.
Жаландап каптап жоо келет,
Жарадар болгон камандай...
Жанакы качкан танкалар,
Жашырып көргөн жандарын.
Алар көп дешип барыптыр,
Көкүтүп артта калганын.
Ок төгүп токсон замбирек,
Оодарып көктү чаңытты.
Көк түтүн каптап ой-кырды,
Көргөзбөйт күндөн жарыкты.
Кылымдан бери жоо десе,
Кылчайбайт кыргыз эл деген.
Кан аккан мындай кыргынды,
Хан Манас өзү көрбөгөн...
Он-ондон танка бөлүнүп,
Ок төгүп турду катарга.
Оң колун таарып түбүнөн,
Ок тийди баатыр Жапарга.
Ал кетти кайран Жапардан.
Алсырап, көзү күүгүмдөп...
Ыргыган таштан булактай,
Ысык кан акты дирилдеп...
Туйбасын балдар муну деп,
Туюктан тапты акылды.
Жаралуу жерин билгизбей,
Жашырды Жапар, жашырды.
Аңтарылып жер көчүп,
Алынан кетип кубарды.
Шаңшыган бала барчындай,
Шаңкылдап үнүн чыгарды:
– Кагылайын, курбулар,
Кайрылып артка качпайлы.
Булгаба кыргыз атын деп,
Хан Бакай келе жатпайбы!
Эсинен тайган Жапарга,
Эрлердин баары көрүндү...

«Жаңырып калың чуу келет,
Жергелүү кыргыз элимби?»
Жапырып жоону кыйратар,
Жалындай өткүр күч келди.
Кылкылдап Жапар алдында,
Кыргыздын баары бүт келди.
Тоо башын жайпап жашырып,
Толкундап Ысык-Көл келди.
Абалкы Манас эр келди!
Асманды чапчып мингени,
Айкырып кара таш жарып
Алмамбет, Чубак бир келди.
Көпөлөк кууп чоңойгон,
Көркөмдүү, кенен Чүй келди!
Балдары келди «Папалап»,
Бактымы корго дегендей.
Тууган эл сырдуу үн берет:
«Тура бер, Жапар, кебелбей!»
Багынбай Жапар жалындап,
Баталбай турду душманы.
«Агалап» келди кыргыздын,
Ак уул, кызыл кыздары...
Кан агып суудай шарылдап,
Карайлап көзү тунарды.
Кийимден өтүп кызыл кан,
Киринтип жерди сугарды.
Кулагы тунуп, чуулдап,
Кумсарды Жапар иреңи.
Карчыга куштай бөпөлөп,
Кайратка Намыс сүрөдү!
Желбирейт жеңи колу жок.
Жер жайнап каны агыптыр.
Булдурап, араң күрмөлүп,
Бурулуп тили калыптыр...
Жалбарып барып Эмилбек,
Жабышты Жапар мойнуна.
Кучактап аны турду эле,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Куюлду каны койнуна...
– Куткарып алып кетейин,
Куп дегин менин кебиме.
Келбетиң эсен-соо калса,
Керегиң тиет элиңе...
Кыйкырып балдар Жапарга:
– Кыргындан, агай, кет! – деди,
Бир жүрдүк эле жан бирге,
Бир ырайым эт, – деди.
Балдардын сөзү Жапарга,
Балбылдап күйдү жалындай.
Жүрөгү нурга бөлөндү,
Жомоктун өчпөс шамындай!
Дөбөдөй болгон бир танка,
Акырын жылды алдыга.
Кыйратпай муну соо койсо,
Кыргынды душман салды да...
Белине беш чоң гранат,
Белсенип Жапар байлады.
Шарылдап ташып кайраты,
Шакардай болуп кайнады.
Сол колу менен бек кысып:
– Эмилбек, эсен жүр! – деди.
Алыска сапар кетчүдөй,
Акыркы сөзүн сүйлөдү:
– Кайрылып эсен эл көрсөң,
Карыга, жашка салам де.
Кубарган чөлдө калк үчүн,
Курмандык болду балаң де.
Бактынын балын бир соргон,
Баарына салам айта көр.
Жапаны тартып күйбөсүн,
Жарыма салам айта көр!
Аркамда калды үч бала.
Атайлап барып көрүп кой.
«Байкуштан калган туяк», – деп,
Маңдайын сылап өөп кой!
Жан алгыч мобу душмандан,
Жалтанып кантип качайын,
Жашынып жатып өлгүчө,
Жаздыгым ала жатайын. –
Эмилбек ыйлап турган соң,
Эчкирип көп сөз айтпады.
Ажылдап келген танканын,
Алдына боюн таштады...
Зеңирдей кара чоюнга,
Денеси барып урунду.
Жаңыртып, жерди термелтип,
Жаңырган үнү угулду...
Сагалап турган шум Ажал,
Саргайып өңү тунарды.
Ар-Намыс сүрүп өкүмдү,
Ааламга үнүн чыгарды:
– Желпинип Ажал мактанба,
Жеңбессиң асты буларды, –
Бүлбүлдөп өчкөн жалындай,
Бүрүшүп Ажал кубарды...
Чыңалган көп кол көрүндү,
Чыгыштан сүйрөп замбирек.
Астында аты шамалдай,
Осетин учуп ал келет.
Сабалап акын келатты,
Сакалы желге таралып.
Жабыгып турду Эмилбек,
Көзүнөн кара кан агып...
Күйүткө батып кең дүйнө,
...Күн бети муңдуу түнөрдү...
– Көксөгөн жанды кубантып,
Көрөм деп келсем силерди.
Уясы калып өзү жок,
Учурдук Жапар – беренди, –
Мурутун булкуп карт акын,
Буркурап ыйлап жиберди...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Поэманы толук окуп чыгып, идеялык мазмунун айтып бергиле.
2. Чыгарма эмне үчүн «Ажал менен Ар-Намыс» деп аталат? Ар-Намыс менен Жапарды эмне үчүн бири-биринен ажыратып карай албайбыз? Символ деп эмнени түшүнөсүңөр?
3. Ж. Бөкөнбаев бул чыгарманы жаратууда эмнеликтен эпостук ыкманы атайын тандап алган жана анын элдик дастандардан кандай айырмасы бар? Акындын романтикасы менен чыныгы реалдуу турмуш кандайча айкалышкан?
4. Жапардын кандай сапаты силерге өзгөчө жагат, анын өлүмү айласыз өлүмбү же?.. Ал курман болсо да эмне үчүн биз Ажал жеңилди деп эсептейбиз?..
5. Элин, жерин, эпостук баатырларды, үй-бүлөсүн эске түшүрүү өлүмгө бара жаткан Жапарды кандайча шерденттти?
6. Автор элдик оозеки чыгармачылыктын көркөм сөз каражаттарын кандайча пайдаланган? Поэмадагы табият көрүнүштөрү каармандардын мүнөзүн ачууда кандай кызмат аткарган? «Адам көркү – Ар-Намыс» деген темада дилбаян жазгыла.

## АДАБИЯТ ТЕОРИЯСЫНАН: СИМВОЛ ЖАНА ШАРТТУУЛУК

**Символ** – троптун бир түрү. Айрым образдар белгилүү даражада символикалуу да, шарттуу да болот. Андай символикалуу образ жалпыга мүнөздүү касиеттер менен белгилерди камтый алат. Мисалы, жогорудагы Ажал менен Ар-Намыстын образдары – шарттуу жана символикалуу. Себеби алар турмушта куду чыгармадагыдай болбойт, кездешпейт. Ажал менен Ар-Намыс абстрактуу түшүнүктөр, биз аларды көз менен көрө албайбыз. Турмуш – бири бирине карама-каршы көрүнүштөрдүн тынымсыз күрөшү. Ж. Бөкөнбаевдин бул поэмасында адегенде эле Ажал менен Ар-Намыстын айыгышкан күрөшү сүрөттөлөт. Чыныгы турмушта мындай болууга мүмкүн эмес. Бирок акын бири экинчисине каршы Ажал менен Намысты алат да, алардын образы аркылуу ар кандай адамдык сапаттарды көрсөтөт. Ажал менен Намыс кадыресе турмуштук окуяларга катышат, эрегишет, кан майданда, азамат эрдин кашында күч сынашат. Анан поэмада адам



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

көзүнө көрүнбөгөн Ажал менен Намыстын күрөшү кадимки турмушта жашаган реалдуу адамдар – Жапар жана ал баштаган кыргыз жоокерлери менен фашисттик мыкаачылардын ортосундагы кызыл кыргында өтөт. Демек, Намыс – жакшылыктын, өмүрдүн символу. Ажал – жамандыктын, мыкаачы, талоончул фашизмдин, өлүмдүн символу. Ошентип, **турмуштагы ар кандай кубулушту каймана маанидеги башка бир предмет, түшүнүк менен берүүнү адабиятта көркөм символ же символикалык образ дейбиз.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КУБАНЫЧБЕК МАЛИКОВ

(1911–1979)

К. Маликов Кант районуна караштуу Үч-Эмчек айылында кедейдин үй-бүлөсүндө туулган. Чоң атасы Маликти да, өз атасы Ыйманаалыны да жакырчылык жабыркатып, балалык чагы жетишпеген чөйрөдө өттү. Ыйманаалы көр оокаттын айынан кыргыз байларында да, орус кулактарында да малай жүрдү. 1916-жылкы окуяга байланыштуу турмуштары аябай начарлап кеткендиктен, 1917-жылы эптеп күн көрүү үчүн шаарга жакын көчүп келишет. Бул бөлөк жазуучуларга караганда акындын эртерээк билим алышына шарт түздү. Ал кезде шаарда татар мектеби боло турган, 1926-жылы Кубанычбек ошол мектепке кирип, кийинчерээк Борбордук педагогикалык техникумунан окуусун улантып, аны бүтүрөт. Айыл турмушунун кээ бир маселелери боюнча кабар жаза баштаган учурда К. Маликов он үч гана жашта эле. Кабарчылык аны чоң адабиятка алып келди. Акындын өз сөзү менен айткандай «газета сөзгө шыдыр, жазууга жатык кылды».

Педагогикалык техникумду бүтүргөндөн кийин К. Маликов «Ленинчил жаш», «Кызыл Кыргызстан» газеталарында кабарчылыктан баштап, редакторго чейинки кызматтарды аткарды.

Акындын биринчи жыйнагы «Кубанычбектин ырлары» деген ат менен 1933-жылы жарык көрөт. Отуз жылдан ашуун убакыттын ичинде К. Маликов алтымышка жакын китеп чыгарды. Сандаган очерктер, макалалар жазды. Пушкин, Толстой, Шевченко, Стальский, Горький, Маршактын ж.б. чыгармаларын которду. Ал – чоң драматург. «Жаңыл» (А. Куттубаев менен бирге), «Биз баягы эмеспиз» драмаларынын, «Манас», «Айчүрөк», «Токтогул» опералардын либреттолорунун биргелешкен автору. 30-жылдарда жазылган «Айылда», «Күлүйпа» аттуу пьесалары, кийинки «Жүрөк толкуйт», «Бийик жерде», «Осмонкул» аттуу драмалары көрүүчүлөргө белгилүү. «Бийик



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жерде» драмасынын кайрадан оңдолгон варианты Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыкка татыктуу болду. Кубанычбек Маликов 1979-жылы дүйнөдөн кайтты.

## ЖАҢЫЛ

### *(4 көшөгөлүү драма)*

### Катышуучулар:

**Жаңыл** – баатыр кыз, 20–22 жашта.
**Жаркын** – баатыр кыздын жоокери, 18–22 жашта.
**Жийде** – баатыр кыздын жеңеси, 25 жашта.
**Акыбек** – Жаңылдын жигити, 25 жашта.
**Түлкү, Үчүкө** – уруу башчылары, 30 жашта.
**Манжы** – калмак ханы, 50 жашта.
**Төлөк** – баатыр, 40 жашта.
**Ырчы** – 50 жашта.
**Калматай** – бай, 70 жашта.
**Атакозу, Чабак** – Түлкүнүн жакындары.
**Элчабар** – Түлкүнүн жигити.
**Кантай** – Калматайдын байбичеси, 66 жашта.
**Чал** – Жаңылдын айылынан, 70 жашта.

Эки тараптын кошуундары, кыз-келиндер, комузчу, ырчы, сурнайчылар, жылкычылар ж.б. катышат.

Көшөгөнүн алдында Түлкү, Үчүкө, ырчы.

**Ырчы.** *(Комуз менен ырдайт)*

Кең сары талаа боюнда,
Какшаал тоонун оюнда,
Тепкенин жазбас тынар бар,
Кыздан чыккан кыраан бар.

**Түлкү.** Жаңыл, Жаңыл мырза, баатыр кыз! Далайлардын шагын сындырып, канын ичкен, кыз башын эркек кылып, эркектин ырысын кескен бейбак!.. Ырчым, сен оозуңду ачсаң эле жомокту Жаңылдан баштоочу болдуң.

**Үчүкө.** Түлкү мырза, «Эрди намыс, коёнду камыш өлтүрөт» деген. Түлкү мырза Жаңыл кызга барат деген кабар эл ичине жайылып кетиптир. Эгер барбай калсаң, кай бирөөлөр сени сулуу, баатыр кыздан корунду, коркту дээр. Эр жигиттин өлгөнү кайсы, сынганы кайсы. Би-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

рок сен чын эле Жаңылды сүйөсүң. Өзүң билгизбейм дегениң менен кудайды кантейин, жүрөгүң билгизип эле турат, баатыр.

**Түлкү.** Бирок мен Жаңылга тогуздап жорго айдатып, башына кебез байлатып, башымды ийип, көп күйөөнүн биринделй болуп алдына бара албаймын. Жаңыл кыздын жылкысын тийип, желесин кыйып, бет алыша келгенде өзүн аттан оодара тартып, майданда багын басып, мүңкүрөтүп туруп, анан гана аялдыкка алармын. Экинчи мага: «Мен баатыр элем, жылдызды атып түшүргөн мерген элем», – деп айтпай турган болсун. Менин башымдагы даражам кайсы бектикинен кем экен?.. Түшүндүңбү эми, Үчүкө?

**Ырчы.** Жаңыл – калың нойгуттун көлөкөлүү чынары.

**Түлкү.** Токтот, ырчым! Мындан кийин Жаңыл чынар эмес, чырпык да боло албайт. Мен эми токтоосуз аттанышым керек. Анын баатыр атын өчүрүп, бактысын баштан кетирип, олжолоп алып келермин. Көзүмдүн агы менен тең айланып, башын ийип, көңүл бөлө турган болсо, мен ошондо гана аны сүйөрмүн. Намыс!.. Жаңылга көп күйөөнүн биринделй болуп барыш мен үчүн намыс! Жылкысын тийип, өзү менен ашуунун белинде, аттын жалында гана көрүшөм!

**Үчүкө.** Түлкү мырза, бир аз сабыр кылчы.

**Түлкү.** Кандай сабыр?! Сабыр кылып отуруп, саргайып да бүттүк. Барыш керек. Үчүкө, сен да мени менен барасың. Эми калган акылың болсо, Кыз Жаңылдын жылкысын тийип, кысыр эмди тайын Ак-Сай, Арпанын башына союп, мөөрөйүбүз колго тийип, той түшүп жаткан күнү айтасың!.. Кана, жөнөгөнүбүз ушул болсун. *(Чыгып кетишет).*

## 1-көшөгө

**Жаңыл** жалгыз. Акыбек кирип, бир баатыр кирүүгө уруксат сураганын айтат.

**Жаңыл.** Көксөп келген жан болсо, көрөлүчү, кирсин де! *(Түлкү, ырчы, Үчүкө жигиттери менен кирет).*

**Түлкү.** Эсенсиңби, Жаңыл мырза!

**Жаңыл.** Шүгүр, мырза жигит!.. Эсендик сураганың жакшы, бирок камчыңды сүйрөй киргениңе жол болсун.

**Түлкү.** Байкабай калган чыгарбыз. Айып бизде, мырза кыз. Бирок баштатан эле билбегендикин билгенибиз кечирип келген салтыбыз бар эмес беле.

Жийде. Жанына жакын жуутпайт, бул кайдагы немелер?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Жаңыл.** Жол болсун, мырза! *(Экөө ээндей калат).*

**Түлкү.** Кыз Жаңыл, атайын жуучу жиберсем, арзыгандай жооп бербедиң, ат арытып акыры өзүм келдим. Илебиң тартып өзүңдүн, мени тагдыр кыйнады. Сага деген толгон сыр, санаа менен жакшы тилек көкүрөккө сыйбады. Баарынан да оң жооп бербегениңе жаным кейиди, ичим күйдү.

**Үчүкө.** *(Өзүнчө)* Келишкен экен келбети, ак жүзүндө бермети, кем окшобойт акылы.

**Ырчы.** Кыз болсо да, бир тукум элдин баатыры.

**Түлкү.** *(Өзүнчө)* Бирок мен бийликте турганда, хандык менен атакданк менин гана башымда. *(Жаңылга)* Мырза, кыздын кызыта сүйлөгөн сөзү жакшы, бойду балкыткан, жанды жыргаткан сыры жакшы. Мырза, жообуңузду күтөм?

**Жаңыл.** Азамат алымдуу болсо, кыз мээримдүү болор. Жел желпинте соккон менен, таң мезгилсиз ата койбос.

**Келин.** *(Түлкүгө)* Жан жолдошуңуз ырчы окшойт го?

**Ырчы.** Түлкү мырза, Жаңыл мырзанын алдында эки ооз сөзгө уруксат кылыңыз?

**Жаңыл.** *(Өзүнчө)* Түлкү... Түлкү мырза ушул экен го.

**Түлкү.** Делебең мынча козголорбу, ырчым, дымагың канча? *(Ырчы Жаңылды мактап ырдайт)*

**Ырчы.** Ырчы көргөнүн ырдайт. Катам болсо кечириниз.

**Түлкү.** Ырчым, колуңду бооруна алып, кол алдына кирип бердиң го. Бирок экөөбүз эмне жооп алар экенбиз?

**Жаңыл.** Түлкү мырза, ырчыңыз тоодогу кыргыз элинде таалайга бүткөн жан экен. Келгениңизге кулдук! «Ашыккан калар уятка, саргайган жетер муратка» – деген. Келберсип жигит басуучу, менин да келишкен сулуу жерим бар. Кеңешин айтып жол берчү, кызматташ болчу тууганга, көңүлү сүйүп кол берчү, керемет Нойгут элим бар. Жолдун боюнда, кыз-жигиттин тобунда, ойлонбой ант бере салыш кызга уят, жигитке кырсык болор. Тагдыр сизди кыйнаса, мен үчүн жүрөгүңүз туйласа, көңүлүңүз мени сүйсө... Анда сабыр кылыңыз, мырза жигит!..

**Түлкү.** Сага айтпасам чынымды, Жаңыл, сөз атасы өлбөйбү. Кечиккен калар кечигип, тилимди ал Жаңыл, кечигүүгө көнбөйлү. Сунулган ушул колубуз, узарбасын жообуңуз. Тилегим берип чер жазып, менин түбөлүк жарым болуңуз! *(Жаңыл курбулары менен шыбыраша калат).*

**Түлкү.** *(Өзүнчө)* Майданда басып бактысын, олжо катын кылармын. Сыймыгың баштан учуруп, сууганда көксөм тынармын. *(Жигитине*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*шыбырап)* Тезинен кошуунга кабар кыл. Биз артыңан жете барабыз. *(Жигит кетет).*

**Жаңыл.** Мырзалар, алыстан келипсиздер, чарчаган чыгарсыздар... мынча келгенден кийин, өрүүн болуп кетиңиздер. Бул элден жакасы алтын тон кийип, дубандан чыккан ат минип кетүүгө ылайык адамдар көрүнөсүздөр.

**Түлкү.** *(Өзүнчө)* Ыкмачыл карабеттин торой баштаганын кара! Жок... Мени оңой менен кылтактай албассың! *(Жаңылга)* Зыяпатыңызга ырахмат, мырза! Аманчылык болсо эртең күндүз деле жайбаракат бастырып келербиз.

**Жаңыл.** Жолуңуздан калбаңыз! Мырзаны аткаргыла!

**Түлкү.** Кош, Жаңыл мырза!

**Жаңыл.** Саламат барыңыз, жигит. Сыр билбегендик кылдык окшойт. Жакшы-жаман ичиңизде болор.

**Түлкү.** Аман болсок, дагы нечен көрүшөрбүз...

**Жаңыл.** Эгерде тагдыр буюрса...

**Түлкү.** Жол башта, көсөм ырчым, мактагандай бар экен баатыр кызың. *(Кетишет).*

**Жаңыл.** Акыбек!.. Түлкү мырза түнөргөнсүп кетти бейм, артынан кошо барып байкачы. *(Акыбек кетип, кайра кирет).*

**Акыбек**. Баатыр!.. Түлкү көңүлүн карага бериптир. Желени сууруп, жылкыны айдап, кан жөткүртүп жергенди чаба баштады. Саргайтып элди, сан байлыкты чача баштады. Керемет келин, сулуу кыз, баатыр, олжого кетип баратат.

**Жаңыл.** Капырай де. Деги Түлкү экени ыраспы?!

**Акыбек.** Ооба, Түлкү мырза.

**Жаңыл.** Нойгут аттуу барсыңбы? Намысың болсо атка мин! Эр жигит бүгүн туу карма, үстүнө көпкөк темир кий!

## 2-көшөгө

Чатыр-Көлдүн чети. Алыста Ала-Тоо. Айлуу түн. Жылып аккан суу. Суу боюнда эт бышып жатат. Атакозу, Чабак, Элчабар, Үчүкө, Калматайлар олтурушат. Бир четте туткундалган кыз-келиндер, жигиттер.

**Үчүкө.** Абдан сонун иш болду.

**Атакозу.** Болгондо да кандай!.. Бирок арманда калганыбыз жаман болду. Атагы чыккан бейбак менен бир айкалышып токмок салышпай, же бетме-бет чыгып айбалта менен чабышпай арманда калдык...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Элчабар.** Бах!.. Аттигиниң десе!..

**Үчүкө.** Бах, бах, куш кеткен соң кулаалы мактанат. Жаңылдан жаның чыгып, чөп шырт этсе, ат үстүнөн селт этип, безгегиң кармагандай калтырап, араң келдиң го?

**Элчабар.** Өзү коркок киши өзгөнү коркок көрөт.

**Үчүкө.** Сенден коркок эмесмин, а Жаңылдан корктум.

**Төлөк.** Биз эмес Түлкү мырзанын деле жүрөгү болкулдаган чыгар. Баланчанын кызы сулуу, келини иштүү, эстүү дегенди укчу элек. Кызы баатыр дегенди эми угуп отурабыз. Ары баатыр, ары бир элдин башчысы, бул шумдук кыз!

**Элчабар.** Өлөйүн, бул сөзүң абдан туура.

**Түлкү.** Нойгуттун кары кызын оозуңардын эни жеткенче мактап келжиредиңерби? Жаңылдын жылкысын жылас кылып, жигиттерин жер каратып, тизелетип, кол куушуртпай, элин чеңгелдеп кармап черимди жазбай, агытпасмын атымды, чечпесмин бир да белимди. Жаңыл болбосо нойгут алда качан коёндой коркуп, сай-сайга житип калмак. Кесепеттүү Жаңылдын жаасын колдон алып, жанын тындырбай, келберсиген бетпактын бактысын баспай, Түлкү элине кетпес, эңкейип атынан да түшпөс. Ит агытып, куш салып, эми эр чыкпасын катындан! Жолуңду тороп, тил кайрып, талашпасын өкүмдү, биздей өкүм ээси баатырдан!..

**Ырчы.** Ээ, баатырлар, жомок айтып берейин: Эркек жолборс дейсиңер, ургаачы жолборс жок бекен? Баатыр Манастын заманында Сайкал деген баатыр кыз болгон...

**Түлкү.** Токтот, Сайкалыңды! Тилиң кесилген неме көрүнөсүң. Ырдатып жыргайм деп ойлодум эле, кайдагы бир бөйөн-чаянды таап алган окшойм. Атагымды көтөрүп, абийиримди сактайт экен десе, мунун сөзү айланып келип эле салмоордун ташындай мага тиет. Сени атайы ээрчитип келсем, кызды көрсөң эсиңен танып, эс ала түшүп, жаныңды үрөп, Жаңылды мактап, жаагыңды жанып жатып калдың. *(Жаңыл, Жаркын, Акыбек жардын башынан көрүнүшөт).*

**Жаңыл.** А, жоболоңдуу жолоочум мында экен го. Жылуу-жумшак жай таппай, таш жазданып, тикен төшөнүп талаага конгон турбайбы. Акыбек, сен кошуун жакка бар, доолбас кагылсын. Өзүң кайтып кел. Же жезде болчу шерди көрөрсүң, же кан шимирип жаткан жерди көрөрсүң.

**Акыбек.** Жарайт.

**Жаркын.** Мына, Түлкү мырзабыз жазы маңдай, алп дене, чыны баатыр сыны бар экен, эже.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Жаңыл.** Текебери – сөөлөтү, жигит сыны – келбети, кордоп болбойт, Жаркыным. Чыны толуп турган чагы экен. Деги артык туулган жан экен.

**Атакозу.** О, айланайын... дагы бир шумдук болгон бейм.

**Чабак.** Каран түн! Атакозу, кыз Жаңылдын кырк эмчек кер тайганы келген бейм? *(Чоочуп орундарынан турушат).*

**Үчүкө.** *(Чоочуп башын көтөрүп)* Кара бет Жаңыл жойлоткон, кара жолтой тайган го?

**Түлкү.** Ооба, канчыктын канчыгы.

**Жаңыл.** Жаркын жан, жааны бергин колума. Үчүкө, Түлкү бүтүптүр, убаралуу кыз Жаңылдын шоруна. Мен ат жалын тартып мингени, канчык атым калбады. Ким канчык, ким арстан экенин таанытсын бизге бул жерде согуштун сүрдүү майданы. *(Жаа тартат, Атакозу, Үчүкө жыгылат).*

**Түлкү.** Кадырды билбес кары күң, каршыгып мага келишиң – ажалды көздөй шашканың.

**Жаңыл.** Эр болсоң элеңдеп артка качпагын.

**Түлкү.** Багыңды басып, анан сени токолдукка алармын!

Жаңыл. Мырза жигит, сыйына сый, сыр аякка бал! Сага деген ширин аш менде да бар. Жигит болсоң намыстуу, жекеме жеке чыга кой. Жеңсең намыс сеники, тоюңду бүгүн кыла кой!.. *(Экөө кылыч менен чабышат, Акыбек, Жаркындар чыдамсызданып күтүп турушат. Жаңыл Түлкүнү таш кордонун түбүнө алып келип жыгат, байланып жаткан элди бошотуп, алар менен учурашат).*

**Түлкү.** Жаңыл жан, мен сага чын көңүлүмдү берген элем, бирок сүйүүгө жеткирбеди куру намыс. О, армандуу дүнүйө, колунан сүйгөнүмдүн өлгөнүмбү?!

**Жаңыл.** Ырас, Түлкү баатыр, ар ким өз намысын талашат, элимди чаап, төбөмдү басып келатып менин кылычымдан жан берген кишиден менин колум титиреген жок. Өрттөй албырган жаштыктан, жүрөктөгү сүйүүдөн эл башына келген намыс күчтүүлүк кылды. Намысымды коргогонума күнөөкөр эмесмин. Кош, текеберчиликке курман чалынган, Түлкү мырза! Тирүүндө сүйүп калгандыгым үчүн мүрзөңдүн жанынан өткөндө эстей жүрөрмүн! Кош, кан күйгөн жер! *(Жаңыл кетет.. Калматай,Төлөк, Элчабар келет).*

**Калматай.** ...Сындырдың, Жаңыл, белимди.

**Элчабар.** Араң-зорго кутулдум, көрөрмүн мен да элимди.

**Төлөк.** Түлкү баатыр.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Түлкү.** *(Чала-була тилге келип).* Өлдүбү Атакозу, Үчүкө, Чабак? Эми Түлкү да артынан барат. Төртөөбүздү бир көргө койгула, о, армандуу дүнүйө! *(Өлөт).*

**Калматай.** Кош, мырзалар, мен өз антыма турам. Жаңылга күйүттүү болуп жүргөн калмактын ханы Манжыны чакырып, Жаңылдын туусун жыгам. Жайдак атка мингизип, Жаңылга кылбаган санатты кылам. Кошкула!..

## 3-көшөгө

Кечке маал. Ала-Тоонун этеги, калың мүрзөлөр. Түлкүнүн мүрзөсүнө сайылган найзалар. Калматай көрүнөт. Кароолдо жигиттер.

**Калматай.** Менин кууганым кун, аларым кек... Бул кара бет Жаңыл айылына баргандын азабын берди, жолун тоскондун жүрөгүн жарды. Эми эл да мени ээрчибей калды. Бирок ишим оңдой берди болду. Жаңылды аламын деп жүргөн талапкердин бири Манжы. Бир кезде Жаңыл аны ченине жолотпой койду эле. Эми Жаңылдан кек алууга Манжы төрө өзү келди. О, кудай, катынга койсом алдырып, калкыма болом жаманат, ынтымак кошсом Манжыга, ханзаада болсом айлыма, ошондо олжого келчү Жаңылды, оролто кармап мойнунан, менден бөлөк ким алат?

**Жигит.** Манжы келатат. *(Манжы, Төлөк кирет).*

**Төлөк.** О, байым, килемдей гүлдүү жер турса, көрүстөндүн ичине кирип кеткениңизге жол болсун?

**Манжы.** Ээ, Төлөк мырза, алтын көрдө болсо көргө кир да, ордо болсо орго кир, эгер ажал төрдө жатса да караба. Кайкалап жаткан ашууну бороондуу, ызгаардуу түндөрдө ашкан, касиеттүү Калматай бай кайсы жер гүлүстөн, кайсы жер көрүстөн экенин биле турган чыгар дейм.

**Төлөк.** *(Өзүнчө)* Жыландан сыр сурасаң, чаянды калыс кылат. *(Калматайга)* Байке, чалгынга кеткендер келбеди.

**Калматай.** Түнкатар кайда? Кызыталактын кереги тийбейт бекен мындайда?

**Төлөк.** Мен өзүм барып келейин. *(Кетет).*

Калматай. О, Манжы досум, короодогу коюмду, өрүштөгү жылкымды, токой менен жерди алгын, илбесинин жайнатып, толкуган Чатыр-Көлдү алгын! Калкымда жүрсөң танапташ, калкылдап учсаң канатташ Калматай бай колуңда. Мындан ары экөөбүз ынтымакта жүрөлү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Манжы.** О, өмүрү пайда менен байдан качкан жан эмесмин. Кудайыңа кандай ишенсең, мага да ошондой ишенип кой. Бул кимге кылбаган Жаңыл дейсиң... Бурут байым, сага кошулуп, Жаңылдан кек алышка ар качан даярмын.

**Ырчы.** Канаты сынып калса да, кузгундун көктө санаасы.

**Манжы.** Кулак салгылачы, буруттун төрөлөрү! Кайнаган чөлдө камыкпай, каргалар менен катташкан, кузгундар менен сырдашкан – мына менмин. Менин тилимди алсаңар силерге аярдын амалы, алптын күчү жетпейт.

**Калматай.** Бали, төрөм, уул экенсиң, кош, анан?

**Манжы.** Кошун жоону аңдып жашынып жатсын. Нойгуттар жылкыны айдаганда капыстан кол салалы. Жаңыл мүрзөгө келгенде, таттуу ойлор эсине түшүп, Түлкү тирилип келип, алдынан тосуп чыккандай, санаасы санга бөлүнүп кетер. Мына ошентип Жаңыл бозоруп мүрзөнүн жанында туруп, бейиштен үмүт кылып турганда, тозок акең тоорулуп жетпейби да, капысынан кармап албайбы...

**Калматай.** Бали, Манжы досум, акылдын атасы, өлгөндү тирилткендин өзү сен турбайсыңбы! Сени унутсам кудай, арбакты унуттум. Арбап, алдап албасак, Жаңыл алдыра койчу жан эмес. Эмесе, менин жардыгым – кокту-колот, жылгага калбай жылып баргыла, күзгү чөптөй кубарып, жатып калгыла. *(Баары жашырынат. Жаңыл кирет).*

**Жаңыл.** Жоо... Эл менен жоолашкан кандай жоо өзү?.. Бул көрүстөндүн ичинен кайсы баатыр жоо күтүп, кайсы жигит таалай издесин?.. Бул тунжураган талаанын, томсоруп жаткан көрлөрдүн сырын бүгүн мен гана билем. Жоо сайып, эл багып жүргөн кыздын жүрөгүндө эмне сыры барын ким кайдан билсин?.. О, шумдуктуу сыр, жылып аккан тунук суу, менин дартымды сен гана билесиң... бирок эч кимге айта албайсың. Мына, Түлкү мырзанын мүрзөсү, топурагы төмөн түшүп, чөбү куурап кетиптир. О, дүйнө... ырайымсыз өлүм! Андан бери эчен жолу күн чыгып, эчен жолу ай батты. Сен болсоң көөдөндөн жаның чыгар замат кыз азабынан кутулдуң да калдың... Бирок мага боору суук кара жер гана унуттурбаса, тирүү турган күнүмдө жүрөгүмдүн башына бүткөн айыкпас жара болдуң. О, текебердүү мырза, сени намыс үчүн ажал отуна айдап, бирок сага көңүлү оогон кыз Жаңыл эми келип, сени тирүүдөй көңүлү сезип, мүрзөңдүн үстүндө мөмөдөй салбырап, башын ийип турганын билбессиң, ээ!.. Өтүп кеткен жигитке өкүнүчтүү кыздын муңун кандай керемет жеткирмек эле?.. Намыс!.. Камыштай эрдин мойнун кыйган намыс, түбөлүк жүз



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

көрүшкүс кылган намыс, бирөөнүн телегейин тегиз кылып, күлкүсүн бирөөлөрдүн тыйган намыс!.. Кош чиркин, муңдуу кыздын көңүлүн тарткан жер! Мен ыраазы арбагыңа учурашсам! *(Чачын жайып, кылычын таянып, кайгылуу турат. Туш-туштан душмандар аңдып келе баштайт. Баары жаа, найза менен кезешет).*

**Жаркын.** *(Алыстан)* Эжекебай...

**Жаңыл.** Укмуш! Көрдүңбү, Түлкү, сенин көрүндү көрканачылар тепседи, буга мен жазыктуу эмесмин! Тарткыла колуңарды. *(Кекээрлеп)* Мындай нарктуу, салттуу болорсуңарбы? *(Манжы, Калматай жигиттери менен кирет).*

**Калматай.** Чамаң кандай, Жаңыл мырза?

**Жаңыл.** Ит кутурса көрканачы болот, сендей абышка кутурса калкынан чыгып, намысын сатып, каракчы болот. Силер жолборстой жондон чайнашып, бүркүтчө баштан мыжый кармашып, кош тизгин колдо карышып, айланып учуп качпастан, ат үстүнөн алышып, коктуда бугуп жатпастан, көрүнөө тике келдиңер. Бали, өнөрүңөргө, Калматай!

**Калматай.** Ээ, нойгуттардын кара жаак мырзасы, жеңгендин иши – жеңген. Кекээрлөөчү убагың өтүп кеткен.

**Төлөк.** Жаңыл мырза, салтка баш ийиңиз. Канткен менен да колго түшкөн туткун болуп калдыңыз.

**Жаңыл.** Куш жаңылып торго, эр жаңылып колго түшөт. Кош, элим, жакшылыктан үмүтүңдү үзбө, балким, дагы ичер суу, көрөр күнүбүз бардыр! *(Бардыгы кетишет. Жаркынды айдоочулардын бирөө кежигеден түрткөндө, ал аны жыга коюп басып кетет).*

**Ырчы.**
Кең-Сары талаа оюнда
Какшаал тоонун боюнда.
Тепкенин жазбас тынар бар,
Кыздан чыккан кыраан бар...

## 4-көшөгө

**Зындан,** зынданда Жаңыл.

**Жаңыл.** Чиркин дүйнө, ак албарс шилтеп, жаа тарткан кайран колду эми кара чынжыр капкандай капшыра кармап, кесип баратат. Кайран өмүр!.. Чын ажал мени торойбу жеткирбей тилек-оюма? Буулуккан менен канчалык, менин боштондук тийбейт колума. Жок, мен түнөргөн булут таркап, улуган карышкырдын үнү өчүп, кадимкидей жаркырап таң атарда чачырап чыккан Чолпонду көргүм келет. Ала-Тоонун атырылган азоо тулпарын минип, ак чокулуу көк музда күлүмсүрөп,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жолборс кайрат жигитти, жоруктуу кызды, саймалуу жердин сандаган гүлүн көргүм келет. Алтын чирибейт, акыл зордукка багынбайт, элин күткөн эр өлбөйт, дебеди беле. О, чиркин эл! *(Ырдайт).*

**Төлөк.** *(Өзүнчө)* Чиркин, Жаңыл! Кайгы тартып, кан жутуп олтурган экен десе, ой ойлонуп ырдап олтурган турбайбы? *(Жаңылга)* Баатыр, алыңыз жакшыбы?

**Жаңыл.** Жакшы... Төлөк мырза... дагы?

**Төлөк.** Жаңыл мырза, баркыңыздын кете элегинде баш ийип дегендей, ургаачы атыңыз болгондон кийин, ак өргөөгө кирип бергениңиз ылайык болор.

**Жаңыл.** Ар ким өз көзү менен көрүп, өз тили менен сүйлөсүн. Мен силерден барк сураган жан эмесмин. Төлөк баатыр, сенин тилиң кандай таттуу!.. Сен ошондой элден суурулуп чыгып, элчиликке жаралган окшойсуң. Мен сени журт аралап, жөн билген азамат деп ойлочу элем. Калматай бегиңе айта бар: баатыр көңүлүңө кетпесин, өзүң да угуп, жүрөгүңдүн башына түйүп кой. Калматай мени ай менен күн бир чыгып, бир батып, асман жерге кошулганда, токой тоо болуп, тоо толкуган деңизге түшкөндө, так ошондо алат. Мен кыз оюн куруп, сен токмок алып туруп, Калматай менен ат жалында, кыштын бороон түнүндө, кылычтын мизинде, жоругубуз жомокко айланып, жүрөктү кызыл жалын чалып, айтканыңыздай айкалышабыз! Жуучу жигит, бегиңе айткан саламым ушул. Эгер мени сыйласаң, көргөнүңдү көргөндөй, укканыңды укпандай кылып айтып баргын. Кош, баатыр!..

**Төлөк.** Мага да намыс керек. Кулдук, мырзам! Арстанды чычкан ала албайт. Аны мен жакшы билем. Кусуру урар элимдин, сиз дегенде бузук болсо тилегим. Кимдин ким экенин өзүңүз көрө жатарсыз, баатыр, кош болуңуз!.. *(Кетет).*

**Жаңыл.** Ох, таңдайым так катып, тилим күрмөөгө келбей бара жатат да. Алтын булак, тунук суу, сен да менден алыстадыңбы? *(Уу кошкон кымыз алдырып Кантай кирет).*

**Кантай.** Кагылайын кызым, бул тегеректегилердин сени көрөйүн деген көзү жок. Өлбөгөн жаның жүрө берсе, түшүңдө көрбөгөн шумдукту өңүңдө көрөт экенсиң да. Балага эне эле жакын болот, менин деле сендей болуп бойго жеткен кызым бар, кагылайын, сен бирөөнүн маңдайынан сылап олтурган эркесисиң, ичим түтпөй эки жакта киши жокто агылгалап келе калганым да ошол, алтын кызым!.. Ачууну ачуу басат... Байга арнап байтал бээнин сүтүнөн ачыткан кымыздан эле. Карынын кайгысын, жаштын күйүтүн ак айран, кызыл кымыз басчу.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Каның катып, суусагандырсың. Азырынча колумдан даам сызганың ушул болсунчу.

**Жаңыл.** Байбиче, улууга урмат, өзүңүз ооз тийиңиз.

**Кантай.** Ээ, ботом, өз тамагымды өзүм ичкеним уят эмеспи. Ичип жибер, садагаң.

**Жаңыл.** Сиз ооз тийип эле бериңизчи, менин да каным катып бара жатат!.. Мына сырты жумшак, ичи заар. *(Байбиче шашып качмак болот, кубулуп дубанача кийинип алган, белине көнөчөк, койнунда жаа, ак уруп бир чал кирет).*

**Кантай.** Айланайын дубанам, сенин сураганыңды берейин, дегениңе көнөйүн, ушул кыздын көзүн тазалап бере көр.

**Чал.** О, байымдын касиеттүү байбичеси. Айтканыңыз эки болбосун, былк этпей жата бериңиз. *(Кантай кетет).*

**Жаңыл.** *(Чыныны жыттап)* О, шумдук, кара чаар жылан далдаланып, оп тартып келген экен го. Бул – уу!..

**Чал.** *(Жаңылга жакындап сүйүнүп)* Алла үй, алла үй! *(Кылыч берет).* Атаң Койгут берди. «Кызыма айт, арманы менде болбосун», – деди.

**Жаңыл.** О, акебай, мен ыраазы сиздерге! *(Калматай, Жаркын, ырчы кирет. Ырчы Жаңылды мактап ырдайт).*

**Калматай.** ...Жүрөгүңдү жарып, ала жатам! *(Жаңылга кылыч көтөрөт, Жаркын Калматайды өлтүрөт).*

**Жаркын.** Кагылайын эжеке, сени аман көрдүмбү?!

**Жаңыл.** Садагаң, Жаркыным! *(Манжы жигиттери менен кирет).*

**Манжы.** Аха, Жаңыл мырза, амал менен бошонуп алган экенсиң го *(Кылыч көтөрөт, Жаңыл Манжыны жыгат).*

**Төлөк.** *(Кирет)* Мырза, мен сендик! Кегиң болсо ал... Манжынын колун жеңдик! *(Көп эл Жаңылдын үстүнө кирет).*

**Жаңыл.** Мен ыраазы силерге!.. Кокусунан торго чалынган шордуу кызыңарды унуткан эмес экенсиңер!

**Чал.** Оо, айланайын Жаңыл! Сенин саадагың тийген саргайып, найзаң тийген алсырап, акылдан тансын. Кадырман калың элиңдин жер-суусун өз колуңа ал. Өзүнөн чыккан бир кызга, чырагым, ишенсин элиң тагдырын!

**Жаңыл.**
Тууңду сенин жыкпаска,
Жаным курман сен үчүн.
Калк намысын бербеске,
Айныбас антым алгының!

Жоокерлер, кыз-жигиттер. Жаңыл, Жаңыл, Жаңыл!



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Драманы толук окуп, идеялык мазмунун айтып бергиле.
2. «Жаңыл мырза» дастаны менен бул драманын айырмачылыгы эмнеде?
3. Эмне үчүн Жаңылды мырза дешет? Бул сөз эркек-аялга бирдей таандыкпы? Драманын тилинен кандай өзгөчөлүктү байкадыңар? Силер түшүнбөгөн сөздөр барбы?
4. Жаңыл мырза менен Түлкү намысты кандайча түшүнүшөт? Эмне үчүн Түлкү өлөрүндө: «...Сүйүүгө жеткирбеди куру намыс» – деп арман кылды?

## «ЖАҢЫЛ» ДРАМАСЫ

К. Маликов А. Куттубаев менен бирге эл оозунда айтылып жүргөн дастандын негизинде «Жаңыл» аттуу драманы жазган. Чыгарманын негизги идеясы – Ата Мекенге болгон ыйык сүйүүнү көрсөтүү жана аны душмандардан коргоп, эркиндик үчүн күрөшкөн баатырын даңктоо. Демек, «Жаңыл» – эл бактысы үчүн күрөшүп, анын эркиндигин баарынан жогору койгон баатыр кыздын тагдыры жөнүндө баян.

Драманын башкы каарманы Жаңылды ырчы: «Тепкенин жазбас тынар бар, кыздан чыккан кыраан бар», – деп сүрөттөйт. Чын эле Жаңыл – ашкан баатыр, ары сулуу. Бирок аны журт сүймөнчүлүгүнө бөлөп, атак-даңкка жеткирген баатырдыгы гана эмес. Андагы эң жогорку касиет – элге болгон тунук сүйүү жана таза адамгерчилик. Эл бактысы үчүн ал бардык кыйынчылыкка каршы турууга даяр: «Журтумдан чырпык кыйдырсам, Жаңыл болбой өлөйүн», – деген антын ал өмүр бою ыйык тутту. Демек, Жаңыл үчүн эң кымбат нерсе – эл бактысы. Эли эзилип кыйноодо жатса, аны элес албай керт башынын баатырдыгына чиренип сайран курган киши эч качан бактылуу эмес. Журт алдындагы милдетти сезбеген адам элдин эң коркунучтуу душманына айланат. Жаңылдын мындай оюн Түлкүнү өлтүргөндөгү көрүнүштөн ачык байкайбыз. Жаңылга жуучу жиберип, ары баатыр, ары сулуу кызга баш кошсок деп эңсегендер көп болгон. Ошолордун ичинен Жаңылдын жактырганы жалгыз Түлкү эле. Бирок ал өз сүйгөнүн да аябады, анткени Түлкү нойгут элин талоонго учуратты. Жаңыл Түлкүнү өлтүрүп жатып: «Өрттөй албырган жаштыктан, жүрөктү жандырган сүйүүдөн эл башына келген намыс күчтүүлүк кылды. Намысымды коргогонума күнөөкөр эмесмин. Кош, текеберчиликке курман чалынган, Түлкү мырза! Тирүүдө сүйүп калгандыгым үчүн, мүрзөңдүн жанынан өткөндө



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

эстей жүрөмүн!» – деп зээни кейип, каңырыгы түтөйт. Бул сөздөр Жаңылдын намыска бектигин дагы бир жолу ырастайт.

Жаңыл – адамды баалай билген, андагы жакшы касиеттерди ардактай да алган акылман. Ал үчүн адамдын тагдыры – эл тагдырынын ажырагыс бөлүгү, экөөнү бөлүп карооо болбойт. Андагы бул сапатты кең пейилдүүлүк, ынтымакка чакыруу толуктап турат. «Мырзалар, алыскы жерден келипсиздер, чарчаган чыгарсыздар... Мынча келгенден кийин биздин айылда өрүүн алып кетиңиздер. Бул элден жакасы алтын тон кийип, дубандан чыккан ат минип кетүүгө ылайык адамдар көрүнөсүздөр», – деп теңине албай кергиштеп, камчысын сүйрөп кирген Түлкүгө, анын жан-жөкөрлөрүнө да адамгерчиликтүү мамиле кылат, алардын текеберчилигин да кечире билет. Жаңыл үчүн эл-жери кандай ыйык болсо, таза махабат да ошондой ыйык, кымбат. Ал сүйгөнү да эл-журттун камын ойлогон баатыр да, акылман да киши болсо экен деп эңсеген. Бирок Түлкү баатыр болсо да, уруучулук коомго таандык болгон куру намыстан ажырай албай, өзүнүн сүйгөнүнүн колунан каза тапты. Жаңыл аны өмүр бою унута алган жок, ыйык сүйүү үчүн Түлкүнүн бейитине келип, ар дайым таазим кылчу.

Ошентип Жаңыл – нукура элдик баатыр. Ал элди бардык күч-кайраттын булагы, жашоонун негизги жана бакыттын кенчи катары карайт. Ошондуктан ал колго түшүп, кыйноодо жатканда да: «Оо, чиркин, эл, кайдасың?! Ох, мөңгүдөн эрип чууруган, күзгүдөй тунук агын суу! Керме тоонун алтын булагы, мен сени сагындым», – деп арман кылат. Бул сөздө анын эл күчүнө болгон чексиз ишеними жатат. Чындыгында да Жаңылды туткундан эл куткарат жана Төлөк сыяктуу баатырлар да эл тарабына өтөт, анткени чыныгы эл баатырын элден бөлүп карооо болбойт. Туткундан кутулган Жаңыл элинин туусун жыкпаска ант берет.

Драмадагы экинчи бир негизги каармандардын бири Түлкүнү Жаңылдан ажыратып карооо мүмкүн эмес. Түлкү да Жаңыл сыяктуу эле баатыр, дайыма элдин атынан сүйлөйт. Бирок ал Жаңылга окшобойт. Анткени ал – уруучулук коомдогу тескери көз караштын тепсендисинде тебеленип, эл ишеничинен ажырап калган жалгыз баатыр. Анын ою боюнча бул дүйнөдө ким кара күчтөн артыкчылык кылса, байлыгы көп болсо, ошол адам гана бийлик жүргүзүшү керек. Ал эми эл – буйрукту аткаруу үчүн гана жаралган топураган жандар. Түлкү өзүн ааламда жок баатыр, көзү жок эр санаган, дүйнөдө өзүнөн башка киши жок деп эсептеген өзүмчүл. Ошондуктан ал Жаңылдагы



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ашкан асыл сапаттарды кадырлап, баалай албайт. «Жаңыл кыздын жылкысын тийип, желесин кыйып, бет алыша келгенде, өзүн аттан оодара тартып, майданда багын басып, мүңкүрөтүп туруп, анан кийин алам», – деген ойго түбөлүк кул болуп калган. Жаңыл анын алдында бөйпөңдөп жүгүнүп турууга тийиш, анткени анын башындагы даражасы төрө, кайсы бектикинен кем экен. Демек, ал үчүн эрдик – башка элди багындыруу, адамды коркутуу, кың дегизбей бийлөө. Эгер анте албаса, намысынан ажырап калышы мүмкүн. «Намыс!.. Жаңылга көп күйөөнүн биринде болуп барыш мен үчүн намыс! Жылкысын тийип, өзү менен ашуунун белинде, аттын жалында гана көрүшөмүн», – деп эрдемсийт. Ошентип Түлкү намысты өтө тар мааниде түшүнөт. Эгер Жаңыл үчүн эл-жерин коргоп, алардын эркиндиги үчүн күрөшүүдөн артык намыс жок болсо, Түлкү үчүн намыс башкаларды басынтып, өзүнүн жеке бийлигин чыңдоо. Түлкүнүн мындай «намыскөйлүгү» аны өз бактысынан ажыратууга алып келди, ал куру намыстын курманы болуп кала берди. «Жаңылжан, мен сага чын көңүлүмдү берген элем. Бирок сүйүүгө жеткирбеди куру намыс!» – деп өлүп баратканда гана өзүнүн кемчилигин мойнуна алды.

Драмада элдин үмүт-тилеги, адилеттүүлүк үчүн күрөшү Жаңыл менен ырчы аркылуу берилген. Элдик идея, асыл тилектер алардын образдарында толук камтылган. Ошондуктан ырчы дайым Жаңылдын эрдигин эл атынан ырдайт.

Арийне, К. Маликов эл оозунда айтылып жүргөн дастан негизинде 4 көшөгөлүү драма жазган учурда кыргыз адабиятында драмалык чыгармалар жазуунун мектеби калыпташкан жок эле. Алгачкылардан бири катары драмага кол урса дагы, орус адабиятынан көп өнөгө алган жазуучунун бул чыгармасы бүгүнкү күндө дагы өзүнүн идеялык, көркөмдүк бийигинде калды.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Өзүңөрдүн көңүлүңөргө жаккан тема коюп, «Жаңыл» драмасы боюнча толгонуу дилбаян жазгыла. Азыркы кыздардын Жаңылдан айырмачылыгы эмнеде? Классташ кыздарыңарды 50 жылдан кийин кандайча элестетесиңер?
2. Драманын бир көшөгөсү боюнча сахна-сабак даярдагыла. Бүт классыңар менен драманы мектеп сахнасында коюп, экиден ашпаган мыкты аткаруучуга өзүңөр каалаган драматург же артисттин атындагы лауреат деген наам бергиле.
3. Өзбек адабиятында Жаңылга окшогон каармандар барбы? Тарыхтан өзбектин баатыр кыздарын эске түшүргүлө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# АЛЫКУЛ ОСМОНОВ

**(1915–1950)**

Жалындап өткөн жаш өмүр. Таланты таш жарган акын Алыкул Осмонов Панфилов районундагы Каптал-Арык айылында 1915-жылы кедейдин үй-бүлөсүндө туулган. Ал жаш кезинен эле ата-энесинен ажырап, жетимдиктин азабын да, турмуштун кыйынчылыктарын да башынан өткөрөт. 1925-жылы Фрунзе шаарындагы балдар үйүнө кабыл алынат. Бир аздан кийин эле ал балдар үйү Токмок шаарына көчүрүлөт. 1925–1928-жылдары ошол балдар үйүндө тарбияланат. Мына ушул жерде адабий китептерге өтө кызыгып, өз алдынча ыр да жазып көрөт.

Он төрт жашында Фрунзедеги педагогикалык техникумга кирип, анын алдындагы адабий ийримге катышып, орустун белгилүү жазуучуларынын чыгармалары менен таанышат. 1930-жылы «Сабаттуу бол» газетасынын сентябрь айындагы санында биринчи жолу анын «Кызыл жүк» деген ыры басылып, адабий тушоосу кесилет. Ушундан баштап анын ырлары газета, журналдарга үзбөй жарыяланат. 1933-жылы техникумду бүткөндөн тартып, ал биротоло чыгармачылык иштин артынан түшөт. Дүйнөлүк адабияттын мыкты үлгүлөрүн үзбөй окуп, билимин, тажрыйбасын тереңдетет.

1935–1950-жылдардын аралыгында ал ондон ашуун ыр китептин ээси болду. «Таңдагы ырлар», «Жылдыздуу жаштык», «Чолпонстан», «Махабат», «Жаңы ырлар», «Менин жерим – ырдын жери» деген жыйнактары жарык көрдү. «Мой дом» аттуу ырлар жыйнагы 1950-жылы Москвадан орус тилинде басылды. Бул китеп жалпы союздук окурмандар тарабынан жылуу кабыл алынып, акындын атагын алыска таратты.

Алыкул Осмонов эң мыкты котормочу да болгон. Ал Пушкиндин, Шекспир, Низами, Шота Руставели сыяктуу дүйнөлүк адабияттын алптарынын көркөм дүйнөсү менен кыргыз окурмандарын биринчилерден болуп тааныштырат. Айрыкча, улуу акын Шота Руставелинин «Жол-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

борс терисин жамынган баатыр» поэмасынын Алыкул таржымалдаган котормосу аңызга айланып, атпай Ата Журтубуздун бүт булуң-бурчуна жетти. Шекспирдин «Отелло», «Он экинчи түн» сыяктуу драмаларын да кыргыз көрүүчүлөрү анын котормосу боюнча сахнадан көрүүгө мүмкүнчүлүк алышты.

Ашкере айкөл, ташкындаган таланттын туз-насиби 35 жылга гана өлчөнгөн экен, залкар акын 1950-жылы 12-декабрда дүйнөдөн кайтты. Көзү өткөндөн кийин, 1964–1967-жылдары чыгармаларынын үч томдугу жарык көрдү. 1984–1986-жылдары ырлары, котормолору, поэмалары менен драмалары кайрадан үч томго топтоштурулду.

## ЗАМАНДАШТАРЫ А. ОСМОНОВ ЖӨНҮНДӨ

«...Талантты башкара билүүнүн өзү да искусство, ал ар кимдин эле колунан келе бербейт. Алыкул өмүрүнүн акыркы сегиз жылында искусствону толук ээлей баштаган эле. Ал дүйнөдөн эң эле эрте кетти. Кеткенде да чыгармачылыгы өркүндөп турган учурунда, тажрыйбасынын жетилген кырдаалында, элдик чыгармалар менен жазма адабияттын дүйнөлүк мурастарынын казынасына кең-кесири киришип турган чагында түбөлүккө карай кетти. Бирок анын татынакай чыгармалары Алыкулдун экинчи өмүрү болуп жашай берет».

*А. Токомбаев*

## БӨБӨККӨ

Эң жаш калып, эсте калбай ата-эне,
Кайнап, бышып, далай кыйын кездерге.
Балбан турмуш түбү калың болсо да,
Керек жерин жара тээп кирерде.

Тооруй басып, тосуп чыгып жолумдан,
Бурай кармап, майыштырып оңумдан.
Жаш өмүрдө жаңы бөбөк көрөрдө,
Таш боор өлүм тартып кетти колумдан.

Күндөр болду ырас, аздым, жүдөдүм,
Эртесинде кайра унутуп күлгөмүн.
Бирок чиркин, бөбөк деми күч экен,
Эч мынчалык ууланбаган жүрөгүм.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Эң таза эле сүт үстүндө каймактай,
Сайрайт эле булбул кушту сайратпай.
Бирок тагдыр жеткирген жок ал күнгө,
Ай, чиркин ай, өмүрүнүн кыскасы ай.

Алтын да бар, асыл да бар элдерде,
Не бир түркүн сонундар бар дүйнөдө.
Ошончолук кымбаттардын ичинен,
Атасы үчүн бөбөккө тең жок эле.

Сулуу тоолор, көркөм көлдөр четинде,
Көп гүлдөр бар, кызыл-жашыл түрлөрдө.
Жер аңкыган ошончо жыт ичинен,
Атасы үчүн Жыпардай жыт жок эле.

Жаштык ширин, сүйүү ширин билгенге,
Андан ширин бир боор тууган ата-эне.
Ошончолук көп ширинди ичинен,
Атасы үчүн андан ширин жок эле.

Түпсүз кубат, чексиз элес болучу,
Сырга чоң сыр, ойго кенеш болучу.
Энесиндей эссиз эмес болучу,
Атасындай кекчил эмес болучу.

Өлдү бөбөк, жүргөн каны токтогон,
Бир жылт этип өчкөн чырак окшогон.
Учсуз жердин бир ууч куну кеткен жок,
Бети жок ай, жер уялбайт ошондон.

Кетти бөбөк, жана гана бар болгон,
Жарык таанып жаңы гана ойногон.
Түпсүз көрдүн карыш жери кеткен жок,
Ары жок ай, көр уялбайт ошондон.

Бар болсо экен картайганда көргөнү,
Соо болсо экен жаштын жаңы жөлөгү.
Өмүр алда, эртеңкиге тобокел,
Өлбөсө экен башкалардын бөбөгү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ТИРҮҮЛҮК

Кеткен кетти, өткөн өттү бирдеймин,
Кечтим дайра агымынын миңдейин.
Кемибеген кенч экен го тирүүлүк,
Кенч дебесем анан аны не дейин?
Кайдан чыгып, качан келдим бу жерге?
Жел миндимби, суу миндимби, билбеймин.

Калган калды, бирин көзгө илбеймин,
Бастым ашуу, тайгак жолдун миңдейин.
Шаан-шөкөт, той экен го тирүүлүк,
Той дебесем анан аны не дейин?
Жашоо чиркин, бир тамшаным нерсе экен,
Кант жедимби, бал жедимби, билбеймин.

## АДАМЗАТ

Мүрөктүн суусу жөн суулардай шылдырап,
Агып жатса мал кечпес жашыл аралда.
Көк арчадай өңдөн азбас болсун деп,
Өзүм ичпей, ичирер элем адамга.
Мүрөктүн суусун ичирейин дегеним:
Адам деген картайгыч тура бечара.

Замзамдын суусу кайнар суудай шарактап,
Ташып жатса куш жете албас ырааста.
Эти калың пилдей күчтүү болсун деп,
Бүт агымын бурар элем адамга.
Замзамдын суусун агызайын дегеним:
Адам деген чарчагыч тура бечара.

Олуя табып Улукман аке дарысы,
Жазгы гүлдөй тепселип жатса талаада.
Жүрөк оору, өпкө оорунун сообу үчүн,
Өзүм ичпей ичирер элем адамга.
Дары чөптү ичирейин дегеним:
Адам деген оорукчан тура бечара.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ак шайы көйнөк, күмүш кемер сыяктуу,
Адамдын жаны сатылып турса базарда.
Дагы жыргап, дагы жашап көрсүн деп,
Өзүм албай берер элем адамга.
Жандарына жан кошоюн дегеним:
Адам деген көп өлгүч тура бечара.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Акындын өмүр, турмуш, жашоо жөнүндөгү дагы кандай чыгармаларын билесиңер? «Бөбөккө», «Тирүүлүк» деген ырлар кандай шартта жаралган? Бул ырлар менен акындын өмүр жолунун кандайча байланышы бар? Эмнеликтен «Толубай сынчы», «Бөбөккө», «Отуз жаш» А. Осмоновдун сапаттык өсүшүн көрсөтүүчү жаңычыл чыгармалар деп эсептелет?
2. «Адамзат» деген ырда акындын адам баласына болгон сүйүүсү кандайча берилген? Ырды жаттагыла. Жогоруда айтылган ырлардын көркөмдүк сапаты жөнүндө эмнени байкадыңар?

## АТА ЖУРТ

Жылуу кийин, жолуң кыйын үшүүрсүң,
Кыш да катуу... бороон улуп, кар уруп...
Суугуңду өз мойнума алайын,
Жол карайын, токтой турчу, Ата Журт!

Түндөр жаман... кырсык салып кетпесин,
Наалат келип, ат тизгинин шарт буруп...
Азабыңды өз мойнума алайын,
Из карайын, токтой турчу, Ата Журт!
Жазда башка... Жел тийбесин абайла,
Көпкө турбас мобул турган сур булут.
Бүт дартыңды өз мойнума алайын,
Сен ооруба, мен ооруюн, Ата Журт!

## КОШТОШУУ

Кайда жүрбөйт эр жигиттин жаш башы,
Кайда калбайт сүйгөн жардын көз жашы.
Алыс сапар кең Маскөөгө жол алып,
Коштошорго толкуну жок көл жакшы.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Аман болсун эр жигиттин жаш башы,
Неге керек сүйгөн жардын көз жашы.
Жолтоо кылып «кош» дегенди угузбай,
Коштошордо күздүн күнкү жел жакшы.
Кайда жүрбөйт эр жигиттин жаш башы,
Кимге керек ата-эненин көз жашы.
Эгер «кел» деп Ата Мекен чакырса,
«Аманбыдан» «кош» деп айткан сөз жакшы.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. «Ата Журт» ырында акындын Мекенге болгон ыйык сезими кандайча берилген? Ырды бүт жаттагыла. Жогорудагы эки ырдын идеялык-көркөмдүк сапатына байкоо жүргүзгүлө.
2. Эмне үчүн акын «аманбы» деген сөздөн «кош» деген сөз жакшы дейт. Чын эле ушундайбы?
3. Бул темага арналган акындын дагы кандай ырларын билесиңер? «А. Осмоновдун Мекен жөнүндөгү ырлары» деген темада сабак-семинар өткөргүлө. «А. Осмоновдун Ысык-Көл ырларынын түрмөгү» деген темада дилбаян жазгыла.

## ӨЗҮМДҮ ӨЗҮМ

Мен өзүмдү үй сыртынан тыңшасам,
Күрс, күрс эткен оор жөтөл үн чыгат...
Бүткөн экен кайран өмүр, кайран жан...
Деп жалооруп көңүлүм шондо бир сынат.

Мен өзүмдү бир көчөдөн карасам,
Баскан өңдүү алсыз, арык сөлөкөт...
Албуут бала, эми болуп араң жан,
Айыкпас дарт болгон өңдүү өнөкөт.

Мен өзүмдү уктаганда карасам,
Жаткан өңдүү бир өлүк жан, каны жок.
Жүрөк күчүн тамырынан санасам,
Чарчагандай араң согот, алы жок.

Мен өзүмдү өлгөн кезде карасам,
Күлүмсүрөп керилген бир шер жатат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бул акыйкат жазмышына жарашкан,
Тагдырына рахмат айткан азамат.

Билген билер, билбегенге не чара,
Менсинген жаш муну кимден кем көрөт?
Кең пейилдүү, ачык колдуу бечара,
Кыйын жашап, жакшы жазган өндөнөт.
Мен өзүмдү бир кылымдан карасам,
Тээ алыстан чаң ызгыткан шаң чыгат.
Өлбөстүктүн өжөр эркин талашкан,
Эрдигинен эчен тирүү жан чыгат.

## МЕН ТАНСАМ

Мен тансам: жаштан танам, ырдан танбайм,
Ыры жок өмүрүмө канаттанбайм.
Кудайга миң мертебе калп айтсам да,
Ырыма бир мертебе калп айта албайм.

## МЕН КЫРГЫЗДЫН АКЫНЫ

Ким берсе да жакшы берген бактымды,
Ким койсо да жаман койгон атымды.
Ушакчыдан не кылам деп сурасам,
– Беш тыйынга мага сат дейт даңкынды!
Сатам!
Алсын!
Кайдан билсин баркымды?
Чайга салып жутар кезде:
Заар тилин куйкалачу,
Мен кыргыздын акыны!

Карлуу күнү берсе керек бактымды,
Аяз күнү койсо керек атымды.
Ичи арамдан не кылам деп сурасам,
– Бир тыйынга мага сат дейт даңкынды!
Сатам!
Алсын!



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Кайдан билсин баркымды?
Кантка салып жутар кезде:
Кара көңүлүн куйкалачу,
Мен кыргыздын акыны!

Таш идишке куйса керек бактымды,
Татты идишке куйса керек атымды.
Кароолчудан не кылам деп сурасам,
– Балам алсын бекер бер дейт даңкынды.
Берем!
Алсын!
Сатпайм кадыр-баркымды,
Уйчу, койчу, кетменчинин
Менмин кымбат акыны!
Баалай келсе тең келе албайт,
Бул ааламдын алтыны!

### Суроолор жана тапшырмалар

1. «Өзүмдү өзүм» деген ырда акындын жекече турмушуна байланыштуу кандай нерселерди байкадыңар? Бул ырда эмне үчүн акын өзүн «алсыз сөлөкөткө», «өлүк жанга» салыштырат?
2. «Мен өзүмдү өлгөн кезде карасам, күлүмсүрөп керилген бир шер жатат», «Билген билер, билбегенге не чара» деген саптардын маанисин чечкиле.
3. «А. Осмонов поэзиянын максаты, акындын милдети жөнүндө», «А. Осмоновдун өмүр-өлүм темасындагы ырлары» деген темаларда сабак-семинар өткөргүлө.

## ПУШКИНГЕ

Куюн өңдүү боз айланткан алыстан.
Мен жыңайлак бактым менен жарышкам.
Он үчүмдө ыр көлүнөн суу ичип,
Он бешимде сени менен таанышкам.
Кыялы терс бир кез эле ал күнүм,
Анда күчтүү өзүмчүл курч бүтүмүм,
Ар бир кыйын, ар бир улуу акындан,
Көңүлүм калып муздаганды сүйчүмүн.

Ошол өңдүү кез келишип өзүңө,
Күч жетпеске үстөм кылган күнүмдө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Мен өзүңдү чөктүрүүнү ойлогом,
Жарым кашык дарыямдын түбүнө.

Бирок чөкпөй, сен күчүмдү кенебей,
Кантсең дагы калкып чыгам дегендей.
Ошондо эле ызаат кылып баш ийгем,
Бүт өмүрүмө зор жаралган немедей.
Ошондуктан акындыктын жолу улуу,
Илимдүүлөр баары өзүңдөн окуду.
Неге десең акын түзөт эмеспи,
Университет, академия, докторду.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Ырды көркөм окугула жана жаттагыла. А.С. Пушкиндин улуулугу кайсы саптарда кандайча ачылган? «Мен өзүңдү чөктүрүүнү ойлогом, жарым кашык дарыямдын түбүнө», – деген саптарды кандайча түшүнөсүңөр?
2. Төмөнкү көркөм сөз каражаттарын талдап, алардын кандай мааниде колдонулганын аныктагыла: **«куюн өңдүү боз айланткан»; «мен жыңайлак бактым менен жарышкам»; «ыр көлүнөн суу ичүү»; «көңүл калып муздоо»; «жарым кашык дарыя».**

## ШОТА РУСТАВЕЛИГЕ

Шота аба, чын достуктун эң кымбаты,
Эр үчүн, керек жерде ак кызматы.
Жөнөй бер дагы сонун жерге алпарат,
Алдагы мен берген ат – кыргыз аты.

Таарынба, белегимдин көрдүң азын,
Сынагын кандай экен ичин ачкын.
Ал белек сага тааныш – сулуу Нестан,
Мен аны кыргызчалап кайра жаздым.

Тариэл – сен көргөндөй баа жетпес эр,
Автандил – жүзү жылуу акылман шер.
Түз талаа, бактуу калаа, тунук суулар...
Баары бар... Тинатин кыз үн салган жер.

Баягы кара үңкүрдө күткөн Асмат,
Батмажан виного мас, күлгөн шат-шат...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Айтылды өз түрүндөй Фридон дос,
Не сулуу, айлуу түндөр күмүштөй ак...

Айыбы жок жаш сүйүүнүн кайгылары,
Эң таттуу, эң бир укмуш муңу, зары.
Арфа ыры, жанды эриткен коңур үндөр,
Таарынуу, сүйүнүүлөр, баары... баары...

Жок күтпөйм, алдын алып айтпа рахмат,
Өзүң көр, өзүң өлчө таразалап.
Арманым ошол сүйүү бул күндө да,
Кайрадан жаралсачы, атаганат!

Шота аба, чын достуктун эң кымбаты,
Эр үчүн керек жерде ак кызматы.
Жөнөй бер дагы сонун жерге алпарат,
Алдагы мен берген ат – кыргыз аты.

## МУЗЫКА

Мен суу ичпейм таңдай катып турганда,
Мен нан жебейм алдан тайып курганда.
Музыкадай мага таттуу суусун жок,
Берчи мага,
Берчи мага,
Жарым кашык музыка!

Мен ыйлабайм капа тартып турганда,
Мен кубанбайм бак-дөөлөткө тунганда.
Дарым ушул кайгы жана шаттыкта,
Берчи мага,
Берчи мага,
Жарым ууртам музыка!

Эмнелер жок бул дүйнөдө, жарыкта,
Не бир сонун... не бир кымбат асыл баа.
Мен кетерде ошончонун ичинен,
Сагынарым,
Эң аярым,
Эң кымбатым – музыка!



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Ырда эмне ойлор камтылган? Жогорудагы «Пушкинге» деген ырдан айырмалуу бул ырда кандай көркөм ык пайдаланылган?
2. **«Жөнөй бер, дагы сонун жерге алпарат, алдагы мен берген ат – кыргыз аты», «Жок, күтпөйм, алдын ала айтпа рахмат, өзүң көр, өзүң өлчө таразалап»** деген ыр саптарынын маанисин ачып бергиле. Ырдагы эпитеттерди, метафораларды тапкыла.
3. Кандай себептер менен А. Осмонов XII кылымда жашаган акындын улуу дастанын которуп калды?
4. Ырды жаттагыла. Куплеттердин аяк жагындагы кайталоолордун маанисин түшүндүргүлө. Адам турмушундагы музыканын ролун көрсөтүү үчүн автор кандай көркөм ыкмаларды пайдаланды?
5. Бир нече белгилүү кыргыз күүлөрүн уккула. Ошол күүлөрдөн улам силерде кандай ойлор пайда болду? Музыка «жарым ууртам», «жарым кашык» менен өлчөнөбү? Өлчөнбөсө акын эмнеге бул сөздөрдү колдонуп жатат?

## ЭШИМКАНДЫН ТЕРЕГИ

*(уламыш)*

Эшимкан биздин күндүн жай адамы,
Өзөндүн так боюнда үй-чарбагы.
Ал өзөн шары катуу Жыламыш суу,
Сан кылым тынбай ичкен калк ардагы.

Эшимкан удаама-удаа, беш жыл удаа,
Сыйланып ударниктин сыймыгына.
Урматтап жаңы күндүн жаз элесин,
Кубанды көтөрмөлөп айыл-калаа...

Бир жылы он эчкиси отуз тууду,
Отузу жыл айланбай жүздү тууду.
Ошентип, майда жандык дүр дей түшүп,
Азайтпай жайдын жааны, күздүн суугу.

Бир жылы көк кунаажын сыйлыкка алды,
Барк албай мал ичине кошуп салды.
Жаз алды кырк литрден ашып кетти,
Үч жолу байбиченин сааган сааны.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бир жылы (эсимде жок кайсы экени),
Эшимкан калаа жактан түндө келди.
Аялы ушул жашка төрөбөгөн,
Апаппак эркек уул төрөп берди.

Эртеси эми бошоп коноктордон,
(Адети кеч жатса да эрте ойгонгон).
Эшимкан эшик ачып чыга калса,
Мамысы кучак жеткис терек болгон.

...Картайып кары кышта кары болбойт,
Саргайып сары күздө сарыга оңбойт.
Жашарып, жай күнүндөй дайым жашыл,
Анткени ак ниеттин күчү колдойт.

Аз болсо мындагылар жүзгө жашайт,
Жүз эмес кай бирлери андан ашат.
Оору аты ойго келбей унутулуп,
Заманды соо денелүү калктар басат.

Уландар ырдап, бийлеп, оюн курат,
Секирип жаш селкилер кошо чуулап.
Кыз-күйөө турмуш куруп кошулушат,
Теректин өмүрүнө бакыт сурап...

Кубаты медер кылган, жан эрмеги,
Баягы эркек уулу үчкө келди.
Эшимкан баласынын урматына,
Эл жыйып, эстен кеткис чоң той берди.

Той берди, тойго тойду далай адам,
Бир базар мезгил өттү эки арадан.
Таңга жуук, дабыш угуп сыртка чыкса,
Тереги саргыч ирең тартып калган.

Эшимкан өз көзүнө өзү ынанбай,
Дааналап көпкө турду карай, карай...
«Э, кудай терегиме не болду» – деп,
Таң калды, бул жорукка шек таба албай.

Ал күнү адетинче түнгө калды,
Кеч жатып, талаа жакка кулак салды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Тыңшаса: терек ичи күңгүрөнөт,
Билинбей ырдаганы, ыйлаганы.

Көз жумбай кузгун заар ылдам туруп,
Терекке ак ниеттик жүзүн буруп.
Караса, саргыч өңү кеткендир деп,
Көркү жок, андан жаман, андан суук.

Бул мезгил жай айынын биринчи айы,
Теректин саргайганы бул кандайы?..
Эшимкан эл чакырып, коюн союп,
Түрүлө түгөл келди, барлык айлы.

Дегенде терек барки жерге түштү,
Кандайдыр, суук шамал элди үшүттү.
«Эй терек, менин кандай күнөөм бар» – деп,
Эшимкан ылдый карап, тизе бүктү.

Бүткөндө, келген элдин алды-кийни,
«Айткын» деп баары тегиз башын ийди.
Термелип терек бир аз күтүп туруп,
Баркинен кыпкызыл кан төгүп ийди.

Жалпы журт жабалактап жарданышты,
Терекке не болгон деп таң калышты.
«А... кокуй... кан төгүлөт турбайбы» – деп,
Карылар жакаларын карманышты.

Намыска жарак кармап азаматтар,
Жаркылдап оттой жанып ошол чактар.
Душмандан кек алууга кетип жатты,
Толкундай бирдей тийип барлык жаштар.

Жар калды, сүйгөн калды, сулуу калды,
Сулуудан ысык болду эл ардагы.
Бул жакта ата калды, эне калды,
Турмушта тууган жерден кымбат барбы?

Нечен бир менменсинген боз уландар,
Нечен бир кырчын талдай ууз балдар...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Кез келсе, Мекен үчүн жан берүүгө,
Жөнөштү күн батышка күчөп шамдар.

Батыштын басаңдабай кандуу өртү,
Эң кыйын, эң бир татаал күндөр өттү.
Согуштун соргок мүнөз арааны өсүп,
Азайтты, айыл ичин көп бөксөрттү.

Эшимкан терек сырын эми билип,
Кыштактан бери чыкты, атын минип.
Эрте-кеч жолугары: кемпир, чалдар,
Жаштардын жаш кубаты эриктирип.

Өзүнчө арман кылып, жаш күнүнө,
Аттиң ай, жаш болсом деп, ушул күндө.
Кемитип алтымыш жашын кырк беш жашка,
Жөнөдү бул да кошо чоң дүбүргө.

Кетерде аялына насаат айтып,
Туз буйруп: «Мен келгенче кайра кайтып,
Өзүмдөй терегимди жакшы сакта,
Чакырат мени алыста октор кайкып...»

Бул кезде терек мунду күңгүрөнүп,
Майышып жерге ийилип, аз көгөрүп.
Калкына коркунучтуу белги берет,
Баркинен шуудур-шуудур мөндүр төгүп.

... Бир кезде Терек шаттуу күңгүрөнүп,
Бат бүрдөп, баштагыдай бат көгөрүп.
Калкына кубанычтуу белги берет,
Баркинен өрүк менен мейиз төгүп.

Баатырлар ажал колун артка сүрүп,
Замана раазы болуп шак-шак күлүп.
Бир күндө нечен-нечен шаарды ээлеп,
Жакшылык биз жакка ооду мына ушинтип...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Поэманы бүт окуп чыгып, окуя андан ары кандайча өнүккөнүн айтып бергиле. Чыгармада уламыш эмне максат менен, кандайча пайдаланылган? Чыныгы образдарды жаратууда элдик легенда кандай мааниге эгедер болгон?
2. Эшимкандын согуш мезгилиндеги тагдыры кандай болду? Шоорук менен Калматтын жоруктарын укмуштуу Терек кандайча кабыл алды? Тескери каармандар Шоорук менен Калматтын оңолушундагы Эшимкандын, Теректин ролу кандай?
3. Чыгарманын эстетикалык-көркөмдүк жагына токтолуп, «Тагдырдын сараң жазган бир өмүрүн», «Согуштун соргок мүнөз арааны өсүп», «Жумушка кыш күнүндөй сейрек чыгат», «Ар качан ак ниеттин күнү күчтүү», «Үч күндө эки шумдун биздин терек, бар болгон арамдыгын соруп алды» деген саптарга көңүл бөлүп, алардын маанисин түшүндүргүлө.

## ӨЛҮП ТИРИЛГЕНДЕР

*(поэма)*

Чаңдатып сан миң жылдын эки арасын,
Турмуштун даңканга уруп майда ташын,
Өмүрдү салмоор кылып зыпылдатып,
Тагдырдын сазга айлантып зоо-аскасын.
Адамдын эс-акылын камчыланып,
Замана кайда зуулдап баратасың?!

Түнөртүп, тумандатып кылым башын,
Кургатып алсыздардын аккан жашын,
Дааналап күн нурундай жарык кылып,
Көрсөтүп келечекке жол тазасын.
Казатчыл кабылан жүрөк баатырга окшоп,
Замана кайда кетип баратасың?

Бара бер, сен эркеси жердин, көктүн,
Өчүрөр мүрөк суусу өлүм өртүн.
Саймалуу алтын мунар чатыр тигип,
Жашоонун түрлөнтө бер түрлүү көркүн.
Ушундай укмуштуу зор сапарыңда,
Замана кайда кетип баратасың?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Биринчи: Кара-Кыяс, Кайыңдыда,
Бай чарба, дөөлөттүү элдин айылында,
Калкымды уялтарлык бир иш болду,
Канетсин эссиздиктин айыбы да.
Жамы журт жемиш тоюн тойлоп жатты,
Кан кечип кече күнү баткан ыйга.

Мерезбек өмүрүндө түк күлбөгөн,
Аялы эркек тууса сүйүнбөгөн.
– Туугандар, согуш бүттү, – деген сөзгө,
Жадырап, я кудайлап, күлүндөгөн.
Эс алып терин аарчып күлүп турат,
Үй-үйгө сүйүнчүлөп жүгүргөндөн.

Сараңкул мейманзатты жаратпаган,
Ырымга чычкан мурдун канатпаган.
Жеңишке боз токтуну чалып уруп,
«Берегөр», «берегөрлөп» алактаган.
«Эй, Болжур, үч бригатың бир келсин» – дейт,
Жогортон, төмөн сабап бараткандан.

Келиндер, кайнагасын «аке» дешкен,
Акелер ыйба кылып жер тиктешкен.
Жеңелер кайнилерин уяң карап,
«Силер» деп сылык айткан, «сен» дебестен.
Баарынын бети ачылып ушул күнү,
Той жасап дуулап жатат ондон-бештен...

Чын эле согуш бүттү, азап бүттү,
Жылдыздан бакыт кушу жерге түштү.
Үкүлүү жакшылыктын аттары узап,
Кошулду байкерчилик үстүнө-үстү.
Жамандык жылан минип тентип кетти,
Эл дуулдайт, туш келгендей көргөн түшү.

Кабар бар, уулу эсендин кабагы ачык,
Бир-бирин далыга уруп кажаңдашып:
– О, Тепе, бол эми, – деп каткырышат,
Куу чалдар «актан куй» деп көз ымдашып.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ал эми өлүптүр деп сөз укканда,
Шаттыктын оюн бузат ичтен жашып.

Боору таш өжөр турмуш оңуна акты,
Терс кеткен анткор турмуш кайра чапты...
Кыйын жол, жан каттабас тар коолорго,
Өмүрдүн жарык шамын кайра жакты.
Батыштан жабыла учкан боз куштардай,
Жигиттер эл-жерине келип жатты.

Жигиттер келип жатты... келип жатты...
Жай башы, барлык жакты келгин басты.
Күжүлдөп кымыз, бозо доору жүрүп,
Сүр эттер казандардан ашып-ташты.
Саргайып жер сагынган жаш уланга,
Өскөн жер кандай жылуу, кандай жакшы.

Көп сыңар Султангазы (ушул жерлик),
«Барам, – деп, – он күндөрдө» кат жиберип.
Төрт жылча алыс жүргөн сапар карып,
Айылына жума күнү түштү келип.
Түн бир убак... станцияда бир адам жок,
Ала-Тоо тосуп алды боюн керип.

«Карагоо» жолдун алды, айылы жакын,
Алмалуу жемиши көп, багы салкын.
Данга карк... малга жайлуу... соолукка сеп,
Меймандос, март өстүргөн жамаа калкын.
Бир аттап тар кечмеден Султангазы,
Тамына катуу басып, жетти бачым...

Дабыш жок, эч ким ага эшик ачпайт,
Жары да, энеси да бери баспайт.
«Мына азыр...ой, шашпагын» бүлүк түшүп,
Ойгонуп эч ким туруп чырак жакпайт.
Зарыгып бир саатча күтө... күтө...
Жаш улан ак үмүткө суусайт, чаңкайт.

...Жылт эткен эң алгачкы жарык менен,
Жаш улан үй ичине көз жиберген.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Үй ичи сүрү суук күмбөз курдуу,
Беш бөлмө адамзат жок мыдыр эткен.
Апкаарып өңү өзгөрүп кирип барды,
Досуна кашаттагы Жапар деген.

Жапарлар кучакташты ыргып туруп,
Аңгыча эл жыйналды ууруп-чууруп.
Бетинен өөп-жыттап кетип жатты,
Жаш кыздар абакелеп колун сунуп.
Бирок да ата-энеси, аялы жок,
Сыр бербейт Султангазы көңүлү сууп.

Жайнатты дасторконго дүр тамакты,
Ар түрдүү ырым-жырым кылып жатты,
Түкүр деп чыныдагы таза сууга,
Башынан «алас» айтып үч айлантты.
Баргын деп, атасына кабар бер деп,
Бир жакка Жапар досу киши аттантты.

Муну угуп көңүлү жылып, жаралуу жаш,
Эс алды «соо экен» деп эми бир аз.
«Бар болсун... неге көчүп кетти экен» деп,
Түрлүүчө ой жооруп тунжурайт баш.
Уландын көкүрөгү күйөт, жанат,
Татылбай ичкен арак, жутулган аш.

Сабалап кеч бешимде келди атасы,
Аталап чуркап чыкты жан баласы.
Мынакей айтпадыкпы балаң бар деп,
Бир азга дуу-дуу этти эл арасы...
Түн кечтеп, үлпөт бүтө баштаганда
Атасы: «Жүр үйгө – дейт, – Султангазы».

Баласы: «үйүң кайда, атакебай?
Томсорот биздин короо талангандай.
Тал тигип, бак гүлдөтүп, гүл жайнаткан,
Не үчүн тебеленген касиет жай?
Атаке, кайдан жаңы үй тапкансыз,
Мен турам эч нерсеге түшүнө албай?..



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Карыя жооп айта албай ылдый карайт,
Жүзүнө уялуунун нуру тарайт.
Бурулуп жолдошуна Султангазы:
– Не сыр бар, жашырбагын, бардыгын айт...
– Эй, Суке, айып бизде, – деп Жапары,
Кыскача болгон ишти мындайчалайт:

– Өзүңдөн кат үзүлдү эки жылдай,
Эки жыл эңгиреттиң дайның чыкпай.
Бал ачып, төлгө тартып, түш жорутуп,
Ата-энең күтүп жүрдү ыйлай-сыктай.
Бир күнү «өлдү» деген кагаз алдык,
Кантели жаман кабар болду чындай.

...Арадан бир жылча убак өтүп кетти,
Кыш бүтүп чарба баба үрөн септи.
Аялың Жаркынгүлдүн ою өзгөрүп,
Жүрөгүн бузуктуктун дарты тепти.
Бир кемге (орто арыктык) тийип алып,
Бозортуп ата-энеңди жер тиктетти.

Ата-энең көтөрө албай кайгы зарды,
Аш берип көп мал союп, чыгымдалды.
«Бул жерге тура албайм», – деп журт которуп,
Жогорку Беш-Ашырга көчүп барды.
Анда да эл катары түтүн болуп,
Ошондон ушул күнгө туруп калды».

...Сукентай ыйлай албай, же күлө албай,
Эми араң бүлө сырын аңдагандай,
Себепсиз «өлүп кайра тирилгенин»,
Өзүнчө ойлоп алып таң калгандай...
Күч берип адил заман касиети,
Көзүнө элес келет алда кандай.

Замана жибек киет, шайы киет,
Кийгени көктөн туруп жерге тиет.
Обдулуп кызыл издүү каламды алып,
Сабырдуу уландардын атын чиет.
«Ай, ата... Ай, Жапыке, кызык кеп», – деп,
Сукентай өйдө карап күлүп иет...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

* * *

Согуш бүтүп, тынчтык өмүр өкүм сүрүп, турмуш оңоло баштаган мезгил. «Кабылан жүрөк баатырга окшогон замана адамдын акыл-эсин камчыланып», келечек максатты көздөй зуулдап бараткан учурда, кандайдыр бир жагымсыз окуялар аргасыздан акындын эсине «кылт» этип түшүп, бирде ыза кылса, кээде күлкүсүн келтирет. «Согуш бүттү» деген сүйүнүчтүү кабар Кайыңдыга да тарап, жумурай-журт жеңиш тоюн тойлоп, «батыштан жабыла учкан боз куштардай» жоокерлер улам биринин артынан бири ата конушка кайтып жатышты. Далайдан бери кан кечип жүргөн көптүн бири Султангазынын да төрт жыл жүргөн сапары карып, айылына келди. Бирок аны аркайган Ала-Тоодон башка бир жан тосуп чыкпады. Жоокер ой токтотуп, эки жагына назар салса, бул үйдө көптөн бери киши жашабагандай. Короонун кунары учуп, кейпи кеткен. Бул көрүнүштү ал ар кандай жооруп, өңү кумсарып, Жапар деген досунун үйүнө жөнөдү. Досу кучак жая тосуп алып, кошуна-колоңдор туш-туштан убап-чубап келип, бирөөлөр кучактап, бирөөлөр бетинен өптү. Ошондо элдин ичинде ата-энеси менен аялы гана жок. Султангазынын ичи уйгу-туйгу, бирок сыр бербейт. Качан «атасын чакырып кел» деп, ат чаптыргандан кийин гана, Султангазынын санаасы тынып, бир аз эс алды.

Кеч бешимде атасы да келип калды. Ата, бала учурашкандан кийин, «үй эмнеге бош калган, кайда көчүп кеткенсиңер?» – деп сураса, атасы айыптуудай жер тиктеп, жооп бере албайт. Атасынын абалын түшүнө койгон сезимтал бала «анда сен айт» дегенсип Жапарга карайт. «Өзүңдөн эки жылдай кат келбей, анан «өлдү» деген кабар алдык. Ыйлап-сыктап жүрүп бир жылдай убакыт өтүп-өтпөй аялың Жаркынгүл ата-энеңди жер каратып, орто-арыктык бир кемпайга тийип кетти. Бул кайгыга чыдай албаган кемпир-чал көп чыгым тартып, сага аш берип, анан жогорку Бек-Ашырга көчүп кеткен», – деп Жапар болгон окуяны баяндайт. Ошентип Султангазы «өлүп тирилди».

...Төрт жыл ажал менен арбашып, эл-жерди, ата-энени, сүйгөн жарды көрөм деп эңсеп келген Султангазынын ысык сезимине бирөө суу сепкендей болду. Мына таалайы төгүлгөн жигиттин үйүнө келгендеги абалын карап көрөлү:

Жетти да үстүн кагып, демин жыйнап,
Жүрөгүн басып көрүп, соккон туйлап:



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

«Көрөбүз сүйгөн жарды, ата-энени...»
«Шашпа» деп өзүнө-өзү кайрат кылат.
«Эй, ким бар, ач эшикти мен келдим», – деп,
Үйүнүн каалгасын тарс-тарс урат,
Бир урат, үч-төрт урат... күтүп турат,
Ким мурда ойгонот деп түрүп кулак.
Жароокер жыпар жыттуу колуктусу,
Элестеп колоң чачы булак-булак...
Келер деп уйкуга сак картаң эне,
Чочур деп ата үн берип: «Эмне? эмне?»
Бир жылдай бир секунддун аралыгы,
Шаштырат мына ушулар эске келе...

Мында башкы каарман Султангазынын мүнөзүнө, учурдагы психологиялык абалына байланыштуу нерселер эмне деген таасын боёктор менен тартылган. «Жары да, энеси да басып келип, ага эшик ачпайт» – эч бир дабыш жок. «Мына, азыр ... шашпа!» деп чырак жагуу үчүн бүлүнүп жүргөн адам да билинбейт. Караңгы түн. Ээсиз үй, жетимсиреген короо... Далайга күтө берип, «ак үмүткө суусап-чаңкап» биротоло зарыккан жаш улан, жаш жоокер... Бирок ал турмушта өз ордун тапты. Комбайнчылык адистикке ээ болуп, эмгегинин акыбети кайтып, далай менменсинген кыздар: «Аттиң ай, мага жар болсочу», – деп тамшанышты.

Акын улуу жеңишти эңсеп күткөн. Бул поэмада да ага арналган саптар чыныгы жүрөк кылынан чертилет:

Чын эле согуш бүттү, азап бүттү...
Жылдыздан бакыт кушу жерге түштү.
Үкүлүү жакшылыктын аттары узап,
Кошулду байкерчилик үстүнө-үстү.
Жамандык жылан минип тентип кетти,
Эл дуулдайт, туш келгендей көргөн түшү...

Бүт эл жеңишти тойлоп кубанычта. Ал түгүл өмүрү күлүп койбогон, аялы эркек тууса сүйүнбөгөн Мерезбек да «я, кудайлап» күлүп-жайнайт. Мейманды жининдей жек көрүп, өмүрү чычкан мурдун канатпаган Сараңкул да бүгүн март: Боз токтусун чалып уруп, конок күтүп отурат. Деген менен көп күткөн жеңиштин кубанычы кайгысынан, кайгысы кубанычынан күчтүү. Акын таамай айткандай «жамандык жылан



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

минип тентип кеткен», «терс аккан анткор турмуш кайта оңолгон» дал ушул улуу жеңиш колго тийген күндөрдүн биринде жогоркудай жосунсуз иштер болду. Турмуштун мындай бир үзүмүнүн сүрөтүн таланттуу акын таамай сүрөттөп, ажайып ыр токуу менен дастан жаратты.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Поэманы окуп чыккыла. Чыгарма кайсы учурду чагылдырат? Мында автордун айтайын дегени эмне? Согуш темасында жазылган поэмалардан «Өлүп тирилгендердин» кандай өзгөчөлүгү, айырмасы бар? Поэманын аталышы боюнча силердин оюңар кандай?
2. «Үкүлүү жакшылыктын аттары узап», «Жамандык жылан минип тентип кетти», «Терс аккан анткор турмуш кайра чапты» деген ыр саптарынын маанисин чечкиле. Чыгарманын нарк-насили боюнча оюңар кандай?
3. Султангазы, Жумадыл, Калдаңдардын кийинки тагдырлары жөнүндө айтып бергиле. «Каада-салт, анын жакшы-жаманы», «Чыныгы сүйүү жана үй-бүлө» деген темаларда сабак-диспут өткөргүлө.
4. «Өзбекстан» телевидениесиндеги «Аталардын сөзү – акылдын көзү» көрсөтүүсү менен кыргыз элинин өмүрүндө окшоштук барбы? Болсо кандай? Мисалдар келтиргиле.

## АДАБИЯТ ТЕОРИЯСЫНАН: САЛТ ЖАНА ЖАҢЫЛЫК. АЛЫКУЛ ОСМОНОВДУН КЫРГЫЗ ПОЭЗИЯСЫНДАГЫ ЖАҢЫЧЫЛЫГЫ

Адабияттагы жаңычылык же новаторлук деген эмне? Жаңычыл акын-жазуучулар адабиятта өзүнчө жаңылык ачат, биротоло өзгөрбөстөй болуп калыптанып калган, мурдатан келаткан сөз өнөрүндө көркөм салттарды (традицияларды) жаңы шартка, чөйрөгө, мезгилдин, окурмандардын талабына ылайык өзгөртүп, прогрессивдүү, келечеги кең, жакшы жакка баштап, кайра куруп, реформалап чыгат. Жаңычылык кээде бир элдин, кээде бир улуттук адабияттын көркөм дүйнөсү менен өмүрүнө мазмун жана форма жактан жаңыдан кошулуп пайда болгон чоң табылга, көркөм ачылыш, жашап жаткан адабияттын багытын сапат жагынан башкача жаңылыкка бурган бурулуш. Башкача айтканда, адабияттагы биротоло салтка айланган көркөм мазмун менен форманы реформалап ага жаңылык кийирүү. Бул үчүн адабияттын өткөн салтын мыкты билген жана анын эртеңкисин, максат-милдетин, келечегин көрөгөчтүк менен көргөн, байкаган, баамчыл, мезгилдин өзгөчөлүгүн кылдат түшүнгөн өтө күчтүү зирек чоң талант талап кылынат. Ырас, та-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ланттуу жазуучулар көп, бирок алардын баары эле новатор – жаңычыл боло албайт. Көбүнчө турмуш өзгөрүп, ал эскиче жазууну кабыл албай, жерип туруп алат. Дал ушул кезде ошол адабияттан ири сүрөткер суурулуп чыгып, жаңычыл адабиятты баштайт. Жаңычыл сүрөткер айлана-чөйрөнү мурдагыдан башкача көз менен көрүп, бөлөкчө чагылтат. Башка эч ким андап билбеген, же түшүндүрө албай келген жаңы турмуштук карама-каршылыктарды сүрөттөйт, башкаларга таптакыр окшошпогон өз алдынча жаңы каарман жатат.

Андай болсо А. Осмоновдун кыргыз адабиятындагы, анын ичиндеги поэзиядагы жаңычылыгы эмнелерде? Алыкулду изилдөөчү адабиятчылардын омоктуу пикирлери бул суроого таасын жооп берип турса да, адабияттагы жаңычылык жөнүндөгү ойлорду Алыкулдун чыгармаларынын мисалдарында дагы тереңдетүүгө мүмкүнчүлүк түзүлүп отурат.

Адабиятчы А. Садыков: «А. Осмоновду улам арылап, тереңдеп окуган сайын турмуш элестери даана тартылып, сан түркүн сүрөттөө каражаттарынын, көркөм боёктордун өзүнчө бир бай өнөрканасы ачыларын», Алыкулда «өзгөчө көрүү, өзгөчө угуу сезими болуп», акын «карапайым, кадыресе көрүнүштөрдөн чыныгы поэзия таап, кулакка угулар-угулбас добуштан жагымдуу музыка (ритм) жаратып, көркөм деталдарды, шарттуу түшүнүктөрдү чебер пайдаланганын» өзгөчө бөлүп көрсөтөт. Ал эми экинчи бир адабиятчы К. Артыкбаев: «А. Осмонов оозеки поэзиянын мыкты традицияларын улантып» аны «үч түрдүү жол менен өздөштүргөнүн» ошону менен бирге «классикалык орус, дүйнөлүк жана совет адабиятынын алдыңкы традицияларын да чыгармачылык менен үйрөнгөнүн», мунун натыйжасында «кыргыз поэзиясына бир канча жаңылыктардын (новаторлук) белгилерин бергенин» ар тараптан далилдөөгө аракеттенет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# XX КЫЛЫМДЫН ЭКИНЧИ ЖАРЫМЫНДАГЫ КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫ

## ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ

(1928–2008)

**Балалык чак.** Талас өрөөнүн жарып, далай тарых-тагдырларды кылым бүктөмүндө калтырып, өмүрдүн элеси сыяктанып, Күркүрөө суусу агып жатат. Анын боюнда Шекер деген кичинекей айыл бар. Ушул айылда Чыңгыз Айтматов 1928-жылдын 12-декабрында туулган. Анын баёо балалыгы ушул суунун кылаасында, Шекер кыштагында өттү, дал ушул саяда ал дүйнөнү таанып-билди. Атасы ак жерден атылып, энеси жаш балдарын бооруна кысып, Шекер айылына келгенде, Чыңгыз тогуз гана жашта эле. Анан шумдуктуу күндөр башталып, кан күйгөн согуш алааматы кирип келди. Эр-бүлөнүн бардыгы майданга аттанды. Эми айылдагы бардык жумуш кары-картаң, кыз-келиндер менен Чыңгызга окшогон балдарга жүктөлдү. Ал араба айдап, чөп чаап, суу сугарып, акыры тири карак, зээндүү бала айыл кеңешинин катчысы, салык жыйнагыч кызматтарга чейин көтөрүлдү. Согуш аяктаганда кыштак элинин карапайым турмушу менен көйгөйлүү тиричилиги боз уланды кызыктыра бербегендиктенби, айыл чарба техникумуна кирип, аны бүткөндөн кийин борбор калаабыздагы айыл чарба институтунда окуусун улантты. Анын чыгармачылык иши да дал ушул студенттик жылдарында башталды. Адегенде ал котормо ишине кызыгып, бир нече чыгармаларды которуп, «Орусча-кыргызча сөздүк» туурасында макала да жазды. Акыры бул иш аны Т. Сыдыкбековдун «Тоо арасында» романынын 2-китебин которууга алып келди.

**Алгачкы кадам.** Институтту бүтүп, зоотехник болуп иштеп жүргөндө да, Ч. Айтматов адабияттан кол үзбөй, алгачкы аңгемелерин жарыя-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

лап, анан биротоло чыгармачылык ишке өтүү максатында Москвадагы Жогорку адабий курска кирди. Бул курсту бүткөндөн кийин «Литературный Кыргызстан» журналынын редактору, бир нече жыл «Правда» газетасынын Кыргызстан, кийинчерээк Орто Азия республикалары боюнча кабарчысы болуп иштеди. Андан ары чыгармачылыктын пири колдоп, ыкыбалы келе берди. Жазуучунун өзүнүн айтымына караганда, ал адабияттын ыйык дарбазасын кечигип ачып, тырмак алды чыгармасы 25 жашында гана жарык көрүптүр. Чоң талант дайым жупуну жана басмырт келет. Ал алгачкы «Ак жаан», «Түнкү сугат», «Асма көпүрө» сыяктуу аңгемелерин эң болбогондо эсепке да кошпой, түз эле «Бетме-бетти» өзүнүн «биринчи адабий дебюту» катары карайт. А чындыгында мына ушул машыгуу максатында жазылган биринчи аңгемелерде «кыргыз адабиятынын чоң дарбазасын айкын позициясы бар таланттуу жаш жазуучу черткилей баштаганы» же «бул аңгемелердин артыкчылыгы андагы сюжеттин оригиналдуулугунда» болуп, «автор сюжетти курууда кыргыз аңгеме жанрына жаңылык киргизди» (К. Асаналиев). Алардын арасында айрыкча «Асма көпүрө» өзүнчө бөлүнүп турат. Анткени ал «дал ушул аңгемесинде Нурбек менен кошо чыгармачылыктын наркы өйүзүнөн, чыныгы чыгармачылыктын берки өйүзүнө машакаттуу асма көпүрөдөн өткөнү талашсыз» (К. Бобулов). Ошентип, Ч. Айтматов биринчи аңгемелеринде эле ошол кездеги «телегейи тегиз», же бүтүндөй терс, же бүтүндөй оң, коёндой окшош, «бир беткей» кейипкерлерди жаратуудан качып, ириде дал ушул каарман проблемасынын туура чечилиши үчүн көндүм болгон көнүмүш адаттардан башкача мүнөздө изденди. Кийинчерээк каарман проблемасына карата жазуучунун бул эстетикалык жаңычыл көз караштары «Мүнөз жана азыркы учур», «Замандашым менен сыймыктанам», «Оң каарман дегенибиз ким?» деген макалаларында андан ары тереңдетилди.

**Улуулардын назары түшкөн калемгер.** 1957-жылы «Бетме-бет» жарык көргөндөн кийин бир жыл өтүп-өтпөй М. Ауэзов менен Л. Арагонду тамшандырып, «Сүйүү жөнүндөгү дүйнөдөгү эң улуу дастан» деген баага арзыган «Жамийла» повести жаралды. Мына ушундан кийин адабий чөйрөдө Ч. Айтматовдун арааны биротоло жүрүп, дүйнөнү таң калтырган чыгармаларды биринин артынан экинчисин жаратты. Ушул жагынан алып караганда, «Жамийла» – Ч. Айтматовдун ак жолтой, топ бузар чыгармаларынын алгачкысы, алпештеген ардагы. Ырасында да сүйүү жөнүндө кимдер гана жазбады. Канча жазуучу, канча акын, канча акылман калемин мокотуп, кагаз коротподу. Анан ошол



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

көөдөнгө батпаган улуу махабатты көкүрөктү жара тээп чыккан не бир кооз күү кайрыктарына салып безеленткен Даниярдын обону, авазы сүйүү жөнүндөгү улуу дастан эмей эмне?

Чоң адабиятка адеп келгенде эле Ч. Айтматовдун көркөм ойлоосу, кесиптик камылгасы өзүнүн калемдештеринен башкача экени даана байкалды. Ошондуктан адабиятчылар айтып жүргөндөй, жорго сөзгө, жайбаракат баяндоо ыгына көнгөн кыргыз окурмандары «Бетме-бет», «Жамийла», «Биринчи мугалим» повесттерин анча жылуу кабыл алышпады. Согуштун катаал жылдары жоокерлер моралдык колдоого муктаж болуп турганда, Жамийланын майдандагы күйөөсүн күтпөй, салтсанааны бузуп, кайдагы бир «селсаякты» ээрчип кетишин, чыккынчы Ысмайылдын чыгарманын баш каарманы болушун окурмандар эле эмес, кала берсе сынчылар да анча жактыра берген жок. Себеби ал кезде жазуучулар да, окурмандар да жылмаланган бир жактуу турмуштук сыпаттоолорго жедеп көнүп калган болчу. Ал эми Чыңгыз Айтматов ошо көнүмүштү бузуп, турмуштун ар тарабын тайманбай ачып берип, жалтанбас ойлору, көз карашы менен баамга урунду. Ошондуктан анын көөнөрбөс көркөм дүйнөлөрүнө ар кандай окурмандар, сынчылар, дегеле сөз өнөрүн баалаган искусствонун башка тармагындагылар да улам-улам кайрылууга мажбур боло башташты. Анткени ал башкалар бере албаган жөнөкөй көзгө көрүнүп турган турмуш чындыгын өзгөчө көркөм кабылдоодон өткөрүп, өзүнчө бир кооз дүйнө катары терең философиялык жалпылоолор менен окурманга жеткире алды. Ошентип жаш жазуучунун Сейде, Жамийла, Данияр, Ысмайылдары көркөм образ катары адабиятыбызда чоң жүк көтөрүп, турмуш чындыгы чыгармада ашкере шөкөттөөсүз эле сүрөттөлсө да, артыкчылыкка ээ болорун кадиксиз далилдеп салды.

**«Адамзаттын Айтматову».** Чыңгыз Айтматовго 35 жашында Лениндик сыйлыктын ыйгарылышы бул жөн гана улуттук азчылыкка «боор ооруу же камкордук» эмес эле деп эсептешет адабиятчылар. Сыйлыкка арзыган чыгармаларында чынында эле Чыңгыз башка жазуучулар ийине жеткире ачып бере албаган адам рухунун татаал дүйнөсүн, ички сезимдерин сом темирдей чулу ойлор менен сыпаттады. Ошондон улам ал кезде адабий журтчулук, карапайым жөнөкөй окурман Айтматовдун ар бир чыгармасын чыдамсыздык менен күтүп турду. Анткени, анын соолбос булактай уюткулуу ойлору турмуштун не бир асман мелжиген ашуулары менен айкашып, адабиятта али бут баспаган жаңы чыйырларды салып жатты. Чыгармачылыгы дүркүрөп



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

турганда жаралган «Жаныбарым, Гүлсары» повестинин Мамлекеттик сыйлыгын алышы да мыйзам ченемдүү деп айтса жарашат. Арийне, кеп сыйлыкта деле эмес. Бирок чыгаан сынчылар аны мурдагы совет, айрымдары дүйнөлүк адабияттагы урунттуу окуя деп баалашканынын өзү да көңүл бурарлык жагдай. Бул этаптуу көркөм нарк окурманга кезектеги бир бийиктик катары эсептелген менен, адабият билермандарына жөнөкөй нерседен инсандык бийиктикти таап алып чыккан, жаңыча ой жоруу катарында көрүндү.

Сынчы В. Озеров айткандай, Чыңгыз – «көшөрүп олтуруп азаптуу жеңиштерге жеткен күрөшчүл адамдардын асылдыгын даңазалаган акын». «Жер жарылса, акындын жүрөгү аркылуу өтөт» деп бекеринен айтылбайт. Айтматовдун акындык өзгөчөлүгү башканын, а түгүл бүткүл адамзаттын кайгысын өз кайгысындай кабыл алганында. Ошон үчүн адам турмушундагы, жаратылыштагы жан ачыткан өксүктөрдү ал өзүнүн көркөм туундуларында өз жүрөгүнөн өткөрүп, аны жалпы адамзаттын тагдырына тиешелүү кырсыктай, ал үчүн жапа тырмак күрөшүү бүткүл адам баласынын милдетиндей ынанымдуу сүрөттөйт. Биз муну жазуучунун жүрөк зилдеп жазылган публицистикаларынан, кооз жаратылышты коргоого үндөгөн «Ак кеме», согуш апаатынын жаш жүрөктөргө так салган кесепетинен сактоого чакырган «Эрте келген турналар» повесттеринен, ыймануыбызды сактап, пейилди оңдоо үчүн элдик таалимчиликти жар салган «Фудзиямадагы кадыр түн» драмасынан, тунук сүйүүнү даңазалап, таза сезимдүү наристенин көзү менен караткан «Жамийла», «Кызыл алма» чыгармаларынан көрөбүз. Булардын баары чакан жанр деп эсептелген менен, аларда «океандай ой каткан» эпикалык арым, сыймдуулук бар. Дегинкиси Айтматовдун чыгармачылыгына Шолоховдукундай «сакадай бою сары алтын» форма, ага бап мазмун мүнөздүү. Кээ бир эптекей жазмакейлер андай зор ойду романга сыйдыра албай чайналат. Ал эми Ч. Айтматовдун ар бир туундусунда сөзгө сараңдык, аны барктай билүү сыяктуу чеберчиликтин укмуштуу үлгүсү бар.

Ч. Айтматов роман жанрына 1980-жылы кайрылып, «Кылым карытар бир күндү» жаратты. Сүрөткердин чоң жанрга кайрылышын иликтөө да өзүнчө ачтарып бүткүс айдың. Дал ушул мезгилде анын калеми курчуп, адам турмушун кеңири полотного чагылдырууга даремети жетип калган эле. Анын үстүнө акылга дыйкан адамдын тажрыйбасы да артып, терең деңиздей чалкыган философиялык толгонуулары менен ой-чабыттарын чакан жанрга сыйдырууга мүмкүнчүлүк



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

болбой калды. Адам турмушундагы жакшылык менен жамандыктын, адилеттик менен адилетсиздиктин, акылдуулук менен наадандыктын ортосундагы түбөлүктүү күрөштү таасындап, бардык жагынан кеңири көрсөтүү үчүн роман кыйла ийкемдүү экени белгилүү. Эми жазуучунун алдында адамзаттын бейкут келечегин камсыз кылуучу бир туугандык, достук, ынтымактык сыяктуу ыймандуулукту биринчи планга алып чыгып, терең философиялык маанидеги проблеманы көтөрүп, аны өзгөчө көркөм ык менен чагылдыруу үчүн социалдык-психологиялык жана фантастикалык кыялдын ширөөсүнөн бүткөн көркөм дөөлөт жаратуу зарыл эле. Дал ушул ойду жазуучу карапайым Казангап менен Эдигейдин турмушу, ой-санаасы аркылуу ишке ашырууну ойлоду. Романда цивилизация менен жупуну турмуштун, жамандык менен жакшылыктын жанаша жашоосун туташтырып тургансыган поезддин батыш менен чыгыштын ортосунда күрөө тамырдагы кандай агылып, турмуш ыргагын туюндурушу бекеринен чыгарманын лейтмотиви катары кабыл алынып отурган жери жок. Илим менен техника өркүндөп, ал жалпы адам үчүн кызмат кыла турган заманда элдин пейили кетип, жерде бейкут жашоо кыйындап калганда, балким, башка ааламда жашоо жакшы болуп жүрбөсүн деген толгонуусун бекемдөө максатында жазуучу чыгармага фантастикалык сюжетти кошкону, ыймаңыбыздан ажырап баратканыбызды маңкурт жөнүндө уламыш аркылуу тымызын каңкуулап жатканы орундуу табылган табылгадай кабыл алынат.

**Планетанын күйөрманы.** Жалпы адамзаттын башына түшкөн мүшкүлгө чоң жазуучу кайдыгер карай албайт. Ошон үчүн ал өзү уюштуруп, төрагасы болуп шайланган «Ысык-Көл форумунун» жардыгында: «Төгөрөктүн төрт бурчуна таралган, аябагандай татаалдашып кеткен кризистер жалпы эле адамзат жамаатынын келечегине коркунуч келтирүүдө. Алдыда мындан да татаал проблемалар жарала тургандыгы айдан ачык, аны чечүүгө караманча жаңы көз караш, дүйнө мамлекеттеринин биргелешкен күч-аракеттери керек», – деп жазып отурат. Адамдардын рухунун жардыланышынан табият жапа чегип, карышкырдан жаман болуп баратканыбыз, баңгиликтин кесепети тукум курут болуу коркунучуна кириптер кыларын, ал акыры кыямат кайымга алып келерин, аны кандайдыр бир ишеним аркылуу жөнгө салып, адамдарга ыйманын кайтарып берүү зарыл деген омоктуу ой «Кыямат» романынын бүт тулку боюна чөгөрүлгөн. Бул роман – планетанын башына түшкөн оор мүшкүлдү, өтө кыйын экологиялык абалды көркөм



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

иликтөөгө алган, адам менен табияттын ортосундагы улам тереңдеп бараткан жараканы, карама-каршылыктарды таасын ачып көрсөткөн баасы кымбат чыгарма.

Бүткүл адамзаттык көйгөйлүү маселелерди көтөрүп, адам жүрөгүндөгү ачыкка чыга албай турган ойлорду айтып, талаш-тартыш чыгарууга жем таштап, толгонуп-түйшөлүүгө мажбурлаган сүрөткерлер дүйнөдө чанда чыгат. Ч. Айтматов дал ошондой сейрек кездешчү залкар таланттардан. Буга анын «Кассандра тамгасы» романы жандуу күбө. Фантастика менен реалдуу турмуштун ширөөсүнөн бүткөн бул чыгарма ыйман-дилибиздин аябай бузулуп баратканын жар салып, бүт адамзаттын акыл-оюн ээлеп алып, дүйнө окурмандарынын арасында «чуу» көтөрдү. Роман туурасында далай оош-кыйыш пикирлер айтылды, дагы айтылмак. Анын ар бир чыгармасы – адабият айдыңындагы жаңылык. Алар жөн гана маалымдуулук, жаңылык эмес, терең ойго сугарылган, адамдарга руханий гүлазык берип, жаңыча көз караш менен жашоого үндөй турган кудурет-күчкө эгедер чыгармалар. Ошондуктан окурман анын чыгармаларын чыдамсыздана күтөт.

Чыгармалары 170 тен ашуун тилдерге которулган, кыргыз эли менен жерин дүйнөгө даңазалаган улуу жазуучу, коомдук ишмер өзүнүн эң соңку «Тоолор ураганда» деген романын планета журтчулугуна тартуулап, 2008-жылы 10-июнда дүйнөдөн кайтты.

## ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ ЖАНА ӨЗБЕК АДАБИЯТЫ

Жазуучу Орто Азия жана Казакстан адабиятындагы элдер тагдыры жана өлкөлөр табияты тууралуу ойлонуп, ал казак, өзбек, тажик жана түркмөн сөз зергерлери менен ар тараптуу байланышта болуп, алар менен кызуу талкууларга аралашып турду. Ал Чыгыш адабиятынын улуу классиктеринин чыгармачылыгына, инсандык бейнесине таазим этип, жогору баасын берип келди. Бул тараптан улуу жазуучунун «Узбекистан маданияти» газетасынын 1964-жылдын 19-сентябрдагы санына басылган «Бахтиёр меросхурлор» («Бактылуу мураскорлор») деген мазмундуу макаласында Чыгыш адабиятынын залкар инсандарын урмат менен атап, Чыгыш классиктери Наваий, Рудакий, Низами жана башкалардын аттарын белгилеп: «Абу Али ибн Сина, Рудаки, Алишер Наваий, кийинчерээк жашаган Махтумкули, Абай, Токтогул жана дагы башка Чыгыштын өтө көп акындарынын ысымдары жана чыгармачылык



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

табылгалары жоголбойт. Алар кылымдардан кылымдарга өтүп, урпактардан урпактарга мурас болуп калат, горизонтту жылдыздай жарытып турат», – дейт.

Чыңгыз Айтматов өзбек калкынын турмуш жагдайлары, жашоо тиричилиги, адабияты, маданияты менен 60-жылдардын башынан эле кеңири тааныша баштаган. Бул болсо кыргыз-өзбек адабий-маданий байланыштарынын жаңы-жаңы кырларын ачуу менен бирге, эки калк ортосунда болгон чыныгы достукту дагы да чыңдоодо зор мааниге ээ болду. Анын бул багытта «Байыркы өзбек маданияты бийик даңазасы менен ааламга таанымал, өзбектер чыныгы ирригаторлор, Орто Азияда чыныгы дыйкандар; өзбек архитекторлору Самарканд менен Бухаранын курулуштарын жаратышкан, өзбек калкы дүйнөгө орто кылымдардын улуу астроному Улугбекти жана улуу акын, ойчул Алишер Наваийни берген, демократ акындар менен жазуучулардын бүтүн бир плеядасы пайда болду. Булардын баары өзбек элинин маданияты, илими, искусствосу, анын улуттук казынасы» – деп өзбек элинин бийик маданиятына, чыгармачылык инсандарына жогору баа берген.

Айтматов боордош өзбек адабияты, анын таанымал өкүлдөрү менен ар тараптуу байланышта болуу менен бирге, алардын кызыктуу чыгармаларына ар дайым байкоо салып, ар биринин көркөм адабияттагы ордун аныктап, жараткан ийгиликтерине маңдайы жарыла кубанып, окурманга жар салып турган. Бул багытта Айбек, Гафур Гулам, Камил Яшин, Миртемир, Зулфия, Адыл Якубов, Пиримкул Кадыров жана башка өзбек калем кайраткерлери тууралуу айткан ой-пикирлерин, жакшы сөздөрүн эске алуу туура болор. Мисалы, өз пикирлеринин биринде чоң акын Гафур Гуламдын чыгармачылык өзгөчөлүгүн даана ачып берип: «Ал түркий элдердин ыр ааламынын өсүүсүнө чоң салым кошкон, көп тилдүү адабиятыбыздын ири жана көркөм жазган акындарынын бири, баарыбыздын сүйүктүүбүз болгон ажайып сөз өнөрүнүн өкүлү», – десе, Зулфиянын чыгармачылыгына жогору баа берип: «Өзбек акыны Зулфия өз калеми аркылуу зор талант ээси экендигин алда качан тастыктаган чыгармачыл инсандардын бири», – дейт.

Ушундай фактылар Чыңгыз Айтматовдун өзбек адабиятынын өткөнү менен азыркысын эң жакшы биле тургандыгын көрсөтөт. Өзбек жазуучуларынын, акындарынын чыгармачылык өз алдынчалыгына айрыкча маани берип, ал адабияттын өзүнө гана таандык өзгөчөлүктөрүнөн келип чыгып, бүткүл дүйнөлүк адабияттын туундулары менен салыштыра пикир айтат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Өзбекстанда тез-тез болуп, Ташкентте өткөн далай ири жыйындарга жана конференцияларга, симпозиумдар менен өзбек жазуучуларынын курултай жана пленумдарына катышкан Чыңгыз Айтматов, Орто Азия жана Казакстан элдери тууралуу, чыгармачыл инсандардын жараткан ийгиликтери тууралуу өз ой-пикирлерин чын көңүлдөн айтып турду, бир канча акын-жазуучулар менен чыныгы дос, сырдаш, курдаш болду. Ошон үчүн да Өзбекстан эл жазуучусу Адыл Якубов мындай дейт: «Мен Чыңгыз Айтматовду кырк жылдан бери жакшы билемин. Биз чыныгы дос, сырдаш курбу болуп кеткенбиз. Ал биздин жерде, мен болсо кыргыз жеринде тез-тез болуп, өзбек-кыргыз достугу тууралуу, адабий-маданий байланыштарыбыз тууралуу бир нече жолу чын жүрөктөн маектешкенбиз, ал жөнөкөй бир инсан болуу менен бүткүл дүйнөлүк адабияттын озгун билерманы. Биздин адабиятыбыздын өткөнүн да, азыркы адабий процессти да эң жакшы билет».

Чыңгыз Айтматов өзбек калкы жана анын бай маданияты, чыгармачыл инсандардын жараткан, эмгектери тууралуу сөз кылып жатканда, алардын ар биринин өзүнө гана таандык индивидуал чыгармачылык лабораториясынан келип чыгып, акыйкат баа бергендигинин күбөсү болобуз. Бул багытта жазуучунун кыргыз адабиятынын эң жакын досу, чоң котормочу, жазуучулардын чыныгы кадырданы, ажайып акын Миртемир тууралуу: «Биз анын жүзүнөн өзбек адабиятынын ири акынын, билимдүү бакыт-таалайга чулганган бир өкүлүн көрөбүз» – деген пикири менен таанымал прозаик Адыл Якубовдун 50 жылдык мааракесине карата жиберген куттуктоо телеграммасындагы «Улугбек казынасы» тууралуу пикирин эстөө жетиштүүдүр: «Улугбекти...» мен кечигип болсо да зор кызыгуу менен окуп чыктым. Жакшы китеп тууралуу сөз айтуу үзүрлүүдүр. Чыгарманы таланттуу прозанын үлгүсү деп айтууга болот. Көркөмдүк жактан жогорку деңгээлде жазылган. Сиздин бул тарыхый чыгармаңыз мени бушайманга салды. Мындай окурманды бушайманга түшүрүү жазуучулук табылганын биринчи белгисидир...»

Чыңгыз Айтматов Азия Африка өлкөлөрүнүн жазуучулары менен байланыш түзүү комитетинин жооптуу жетекчилеринин бири катары да Ташкентке бир нече жолу келип, өзүнүн кадырлуу достору болгон өзбек жазуучулары менен учурашып, достук байланыштарын жылдар өткөн сайын чыңдап барган. Мээнеткеч өзбек калкынын турмушу, адабияты жана маданияты менен кеңири таанышып, аны ар тараптуу үйрөндү. Өз теңтуштары менен олуттуу катышта болгон. Ошон үчүн да таланттуу сүрөткер Пиримкул Кадыров өзүнүн 1988-жылы



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

сүрөткердин 60 жылдыгына карата жазган «Күн чыгарда таралган нур» деген макаласында: «Кийинки муундар Чыңгыз Айтматовду калыптанып болгон улуу бир классик көрүнүш катары үйрөнүшсө керек. Бирок биз анын замандаштары жана теңтуштары бул эркин адабий көрүнүштүн адабий изденүүлөрүн, өсүү процессин, өз жолунда кездешкен кыйынчылыктар менен кандай катуу күрөшкөнүн, аларды жеңип өткөн соң ызаат-урмат, мурдагыдан да жылуу мамилелери менен жеңип өткөнүн көрүп таасирленгенбиз», – дейт.

Чыңгыз Айтматовдун элдер достугун, ынтымактуулукту жана боордоштукту чыңдоо багытында алып барып жаткан кызматын жогору баалаган Өзбекстан Республикасынын биринчи Президенти И.А.Каримов 1997-жылы Өзбекстан Республикасынын эгемендүүлүгүнүн 6 жылдык мааракесине карата жазуучуну «Дустлик» ордени, 1998-жылы болсо «Буюк хизматлари учун» ордени менен сыйлады. Булардын баары улуу жазуучу, ири коомдук ишмер, элдер достугунун талыкпас жарчысы, академик Чыңгыз Айтматовго болгон өзбек элинин, өзбек чыгармачыл адамдарынын урмат-сыйынын, мээр-махабатынын айкын көрүнүшү.

Бул болсо өзбек-кыргыз элдеринин достугунун, адабий-маданий мамилелеринин андан ары өнүгүп-өсүшүндө, ушул байланыш-катыштын жаңы кырларынын ачылышында өзгөчө мааниге ээ болду.

*Которгон Абдыкерим МУРАТОВ*

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Жазуучунун балалык чагы кандай өткөн?
2. Алгачкы чыгармаларын айтып бергиле.
3. «Адамзаттын Айтматову» дегенди кандай түшүнөсүңөр?
4. Ч. Айтматов чыгармаларынын дүйнөлүк адабияттагы ролу?
5. Жазуучунун өмүрү жана чыгармачылыгы тууралуу реферат даярдагыла.

## САМАНЧЫНЫН ЖОЛУ

### *(повесттен үзүндүлөр)*

### I

– Амансыңбы, куттуу талаам?

– Аманчылык, Толгонай! Былтыркыдан дагы карый түшүпсүң го. Чачың куудай, колуңда таяк.

– Өмүр өтүп жатпайбы, арадан дагы бир жыл өттү. Бүгүн менин сыйынчу күнүм.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

– Билем, күтүп жаткам, Толгонай. Бул жолу баланы да ээрчите келмек эмес белең?

– Ооба. Бирок бул сапар да жалгыз келдим.

– Демек, сен ага эчтеке айткан эмес экенсиң да, Толгонай.

– Жок, айталбадым.

– Айтор, эртеби-кечпи, акыры бир күнү ал угат да. Элдин арасында оозу бош бирөө-жарым жок дейсиңби?

– Аның чын. Эртеби-кечпи, акыры бир күнү билет. Аркы-теркини түшүнө тургандай чоңоюп да калды өзү. Бирок мен үчүн дале чалагайым бала сыяктанат. Корком, балалык кылып, өткөн-кеткенди туура түшүнө албай, ичи сууп калабы деп аярлайм. Анткен менен адам чындыкты бир күнү билиши керек да. Мен билген чындыкты, элдин баары билген чындыкты азырынча жалгыз гана ал билбейт. Аны укканда эмне дээр экен, кандай ойго кабылып, кептин аныгына жеталар бекен? Канткенде баланын жүрөгүн үшүтпөй, жаштайынан турмуштан көңүлүн калтырбай, сырымды айтып бере алар экенмин? Эки ооз сөз менен түшүндүрүп берчү иш болсо кана. Кийинки күндөрдө ойлогонум эле ушул. Кышында сыркоолоп, төшөктө жатканымда, өлүмдөн анча корккон жокмун, ажал жетсе каяша кылбай, шыр эле жүрүп кетмекмин. Бирок көзүм жумулуп кетсе, айтар керезимди айтып жетишалбай, өзүм менен кошо көр астына ала кетемби деп, аябай жүрөгүм түштү. Ал эси жок аны кайдан билсин, демейде тентек чалыш неме мектепке да барбай калып, жанымдан чыкпай жүрдү. Апасын тарткан күйөрман: «Эне, кай жериң ооруйт? Суу ичесиңби, же дарыдан берейинби, эне? Үстүңдү жылуулап коёюнбу?» – деп эле турат. Ушинткенде оозум барбады, кудуретим жетпеди. Байкушум эч кандай арамзасы жок, жеткен бир ишенчээк, дагы эле наристе бойдон. Эчтекеден күмөн санап койбойт. Анан мен кантип айтмак элем. Ушуну менен эле сөздүн учугун табалбай алекмин. Минтип да, тигинтип да таразага тартып көрөм, жөн эле айтып берчү жомок эмес экен да. Айланып келип бир пикирге такалам: болгон чындыкты бала туура түшүнүш үчүн мен ага жалгыз гана анын тагдырын эмес, бүт заманымдын тарыхын, өткөн-кеткендер жөнүндө, өзүм жөнүндө, баарына күбө болгон, касиеттүү талаам, сен жөнүндө, ал түгүл ушул кезде эчтекеден бейкапар минип ойноп жүргөн велосипеди жөнүндө айтып беришим керек. Балким, мына ошондо гана туура болор. Турмуш баарыбызды бир түйүнгө байланыштырып салган турбайбы, эчтекесин жашырып, эчтекесин кошумчалай албаймын. Ал эми бала эмес, кексе



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

киши да бул ишти ар кандай түшүнөр. Көзүм тирүү турганда, ушул ыйык парзымдан кутулсам, өлсөм да арманым болбос эле...

– Айткандарың туура, Толгонай. Отурчу бери, ташка, бутуң оорулуу эмеспи, бир акылын табарбыз. Алгачкы жолу ушунда келгениң эсиңдеби, Толгонай?

– Андан бери нечен заман өтпөдүбү, эстей албасмын.

– Жок, сен ошону эстеп көрчү, Толгонай!

– Эсимде жакшы калбаптыр. Кичинемде, орок маалында ата-энем мени чөмөлөнүн түбүнө олтургузуп коюшчу.

– Ооба, колуңа бир сындырым нан берип коюшчу.

– Кийин, чоңоё түшкөнүмдө, эл жайлоого көчкөндө, ушул арада эгин коруп чуркап жүрчү элем. Анда мен тызылдап жүгүргөн, саксайган сары кыз эмес белем...

– Ырас, Толгонай, жылаңайлак, жылаңбаш жатакчынын кызы элең. Бирок шайыларды кийбесең да, бой жеткенде кандай сонун кыз болдуң. Сен анда көлөкөңдү каранып басчусуң. Өзгөчө эртең мененки көлөкөң так өзүңдөй сымбаттуу эле.

– Анда мен он жетидеги курагым. Ошол жылы орок тартып жүрүп, Субанкулга жолукпадымбы. Субанкул Таластын жогору жагынан жалданып келбеди беле. Азыр көзүмдү жумсам, Субанкулдун ошондогусу элестелет. Жапжаш, он тогуз-жыйырмалардагы жигит, өзү ичке көрүнгөнү менен колдору тарамыштуу, сом темирдей салмактуу эле. Жылаңач этине кийген таар күрмөнү дайыма желбегей жамынып жүрчү. Жанаша жерден шарт-шарт орок тартып жүрсө, адамдын жүрөгү кубанат – ар кандай ишти сулуу иштеген азаматтар болот эмеспи. Субанкул ошондой болчу.

– Силер дайым элдин алды болуп келчү элеңер жумушка.

– Чын. Эл тура электе, таң ирең-бараңда Субанкул экөөбүз ээрчишип келчүбүз. Ал мени бери жактан тосуп, күтүп турчу. Ошол күндөр, ошол тамылжыган таң атуулар биздин сүйүү күндөрүбүз экен. Биз ээрчишип келе жатканда, дүйнө башкача көрүнүп, башкача сезиле турган. Эл-журтка нан берген, айланайын дыйкан талаам, бозоруп саргарып жатсаң да, албырган таң эртелериң деңиздей төгүлүп, кучагын жая сенчелик эргип, сенчелик жоомарттанып ким тосуп алат! Ошол таң эртелерин сага орток болуп биз тосчубуз, торгой тосчу. Көркү жупуну боз чымчык көкөлөгөн бийиктикте тыным албай канат кагып, дырпырап, томуктай болсо да, не бир толукшуган күүлөрдү төктүрүп, безеленип сайрай турган. «Ана, биздин торгой сайрады!» – деп коёр эле Субанкул. Кызык, торгойду да биздики деп алган экенбиз. Көмөкөйүңдөн айланайын торгоюм...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

– Ырас, Толгонай, ошол торгой силердики болучу.

– Эсиңдеби, жер, баягы айлуу түн? Балким, жаратылышта экинчи андай түн болбос. Ай жарыгында орок тартабыз деп Субанкул экөөбүз калып калбадык беле. Тээ карайган борчуктан канаттай болуп ай чыкканда, жылдыздар дагы асман бербей жабыла көз жарышты. Ошондо биз Субанкулдун таар күрмөсүн төшөнүп, арыктын кашатын жазданып жатканбыз. Ошол түнү биз өмүрлүккө шериктеш жар болуп кошулдук. Субанкулдун чоюндай колу көкүлүмдү сылап, маңдайымды, бетимди эркелете сылаганда, кан жүгүрткөн туйлаган жүрөгү алаканынан сезилип жатты. Мен ага эркелеп: «Субан, кандай дейсиң, биз бактылуу болобуз, ээ?» – десем, эсиңдеби баягы айткан сөздөрү. «Жер, суу элге тең болсо, биздин да айдоо жерибиз болсо, биз дагы эл катары жер жыртып, эгин сээп, кырман бастырсак – бак-таалай ошол. Андан артыктын бизге кереги эмне, Токон. Дыйкандын энчиси – сепкен эгининде» дебеди беле.

...Үлпүлдөгөн түнкү шоокумда салкын тартып, жер, сен дагы ошондо биз менен кошулуп жыргап жаттың... Ошол түндү жаратылыш атайылап бизге арнады бекен? Түн ортосунда тээ жылдыздуу төбөнү карасам, саманчынын жолу ааламдын бир четинен экинчи четине керилип жаткан кези экен. Субанкулдун айткандары эсиме түшүп, кыялымда асмандын ошол күмүш жолу менен кандайдыр бир зор дыйкан кере кучак саман көтөрүп өткөн экен го, анын мол кучагынан себеленип түшкөн дан, топон береке төгүп, из чубатып кеткен турбайбы. Тилегибизге жетсек, менин да Субанкулум ушундай саман көтөргөн дыйкан болсо, кырмандын бетинен биринчи иргеп алган саманды кучактап басканда, так ушундай береке төгүлгөн жол чубалып калса деп ойлонуп жаттым. Жер-энем, биринчи жолу сага ошондо кайрылдым. Эсиңдеби менин айткандарым?

– Эсимде, Толгонай. Сен ошондо мага кайрылып, мындай дегенсиң: «Жер, жан жараткан жер, бизди көтөрүп жаткан, жер, сен бизге таалай бербесең эмнеге жер болуп орнойсуң да, биз эмнеге дүйнөгө жаралабыз! Биз сенин балдарыңбыз, жер, тилектеш болгун, ак тилегибизге жеткиргин!» – деп айткансың, Толгонай...

* * *

Экинчи бөлүмдө Субанкул менен Толгонайдын бактылуу күндөрү, Касым, Майсалбек, Жайнак деген үч уулунун жигит болуп жетилгени, Алиман аттуу кыз алардын бүлөсүн толуктаганы, согуш башталганы, жигиттер майданга жөнөгөнү жөнүндө сөз болот.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## III

– Эмне унчукпай калдың, Толгонай?

– Ошол жылы дагы эмне болгондорун эстеп жатам. Айтор, заман дароо эле кыйындап, элдин үрөйү уча түшпөдүбү. Алда кайда кыргын жүрүп жатканда, биздин кармашканыбыз иш болду. Касымдын айтканы туура келди: канчалык жапатырмак киришсек да, согуштун кесепетинен эгин-тегиндин аягы, картөшкө кардын астында калды.

Касым жөнөп кеткенден кийин, көп кечикпей Майсалбектен кат келген. Биринчи катында ал «өз курбуларым менен аскерге чакырылдым, азырынча шаардын өзүндө элебиз, силер менен жүз көрүшүп коштошо албай калганыма кейибегиле, мындай болорун ким билиптир, жеңиштүү келсек – тилек ошондо» дептир. Экинчи катында «Новосибирь деген шаардамын, командирлик окууга жиберишти» деп, сүрөтүн да салып жибериптир. Сүрөтүндөн айланайыным, аскер форум кийип түшкөн экен, тимеле жарашыктуу, чачын артына кайрып, маңдайы кере карыш, кабагы саал бүркөөрөк тартып тиктеп турат. Түшүмө да эми ушундай кирет...

Кыш киргенче ушинтип балдардан кат үзүлбөй, санаам анча-мынча тынчып турган. Анткиче болбой, фронт тарапты бет алып жөнөп калдык деп, Касымдан кабар келди. Эми кандай болор экен, бассам-турсам да көңүлдө ушул. Бул арада Субанкулду да кайта-кайта военкоматка чакырып, комиссиялап калды. Бригадирлик милдети бир жагында, тыным көрбөйт. Бул кандай болуп кетти, демек, Субанкулду да алып кетет турбайбы, анда канттик деп жүрсөм, бир күнү чын эле повестка келиптир. Аны укканда, санаам сай таппай, кырманда эгин тазалап жатканбыз, ойлонуп турат элем, Субанкул чаап келип аттан түштү да, жүр үйгө камданалы деди. Учкаша жүрөйүн десем, жок, атты сен мингин, мен жаныңа басып сүйлөшөйүн деди. Андай учурда адам сөз да таппай калат окшойт, айтылчу сөздүн баары ичте болуп, унчукпай келе жаттык... Айланамды карасам, жан боордош дыйкан талаам, сен дагы жайдак калып карааң да жок, үн да жок, томсоруп жаткан экенсиң.

– Ооба, Толгонай. Денемди тоң алып келе жаткан. Суукка карайып, мен да жалгызсыраган капалуу күнүм эле.

– Субанкул бир нерсе айткысы келди, балким, балдарыбыз согушта, мына эми мен да минтип кетип жатам, кандай болот, көрүшөбүзбү жокпу, ушунча жыл ысык-суугубузга күйүшүп, бирге жашадык, ыраа-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

зы бол, тагдыр ушул экен кантебиз, аманчылыкты тилейли дегиси келдиби, ким билет. Айтор, башын көтөрүп, мени аяп да, сүйүп да, эрдин тиштене карап да алды. Мурутуна жаңыдан ак кирип келе жаткан экен, ошондо байкадым. О, касиеттүү талаам, менин башыма түшкөн жакшылык, жамандыгымдын баарын көрдүң го...

– Ооба, Толгонай, сенин бүт өмүрүң ушунда өттү.

– Субанкул экөөбүздүн дал ушул талаада кошулуп, жыйырма эки жыл ушул жерде таман акы, маңдай терибиз менен агарып-көгөрүп, бирге өмүр сүргөнүбүз ошондо заматта көз алдыма келе калды. Түбөлүк шериктешимден минтип айрыларымды ойлодум беле. Кечээ эле орок түшкөн биринчи түнү так ушул жол менен учкашып бара жатканыбызды эстеп, айылдын кире беришинде жаштардын жаңы көчөсү башталган бойдон таштalып калганын, Касым менен Алимандын чарбагында үйүлүп жаткан кирпич менен ташты көрүп, ат жалына жыгылып, өксүп-өксүп ыйлап жибердим. Субанкулдун кайраты бек эле го. Менин эмне ойлоп келе жатканымды билип эле жатты. «Ыйласаң азыр ыйлап ал, Токон, бирок мындан ары элдин көзүнчө бошой турган болбогун», – деди ал.

– Сен, Токон, Алиман менен Жайнакка гана баш-көз болбой, менин ордума бригадир болуп каласың, бул ишке сенден башка ылайыктуу эч ким калган жок айылда. «Ушундай саатта болбогон сөздү койчу, Субанкул, кереги жок, бригадирлигинди эмне кылам, мен кайсынын бригадири!» – деп ыйлай бердим. Антсем, кечинде чындап эле колхоздун мекемесине чакырып калышты. Фронттон колу жарадар болуп келген жаңы башкармабыз Үсөнбай, Субанкул, дагы эки-үч аксакал кишилерибиз олтурушуптур. «Толгонай жеңе, кантсеңиз да белиңизди бек бууп көпчүлүктүн милдетин мойнуңузга аласыз. Аял болсоңуз да, жер-суунун, элдин шартын сизден жакшы билген эч ким жок. Мына минтип мыкты бригадирибизди ачуу чайнап, согушка жөнөтүп турганыбызда, анын ишенген кишисине, сизге, биз да ишенебиз. Заманды түрүн өзүңүз көрүп турасыз. Эртеңден тартып ишке киришиңиз, Толгонай жеңе», – деп Үсөнбай түз эле айтты. Берки аксакалдар да аркы-беркини сүйлөшүп, койчу, кыскасы, бригадир болууга көндүм. Көнбөгөндө кайда барат элем. Ошенткеним да бир чети дурус болуптур. Субанкулумдун эң акыркы өтүнүчү ошол эмеспи: кетер-кеткенче көптүн камын тарткан бечарамай, түнү менен кош айдоого эмитен камдана бер, ат-көлүктү тандап, жем-чөпкө байла, соко-шайманыңды түгөлдөп ремонттоткун, баланчанын үй-бүлөсү жаш аялмет, беркилер кары-картаң, көз сала жүр, тигини андай кыл, муну мындай кыл деп



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

сүйлөп олтурду. Таң атканча тынбай сыртта шамал уюлгуп, кар жаады. Субанкулду да чоң жолдон узаттык. Өзү курдуу бир катар кишилер менен арабага түшүп, борошого аралаша кетти да калды. Ошондогу сууктун курчунай, беттен алып, каарып турбадыбы.

– Ырас, Толгонай. Сен мени менен сүйлөшкөндөн качкансып, алда кайда шашылып алдастап жүрөр элең.

– Антпеске айлам бар беле, сырдашым жер-эне. Фронтко бет алдым деген бойдон бир жарым ай чамасы Касымдан эч кандай кабар болбой турбады беле. Арабасы менен станцияга каттап, Жайнак тентимишим күнү-түнү иш менен болуп үйгө жолобойт, ал эми Алиман экөөбүздүкү эмне болсо да ичте, Касым жөнүндө сүйлөшүүдөн корккондой, көзүбүз чагылыша түшкөндө башка бир болор-болбос тиричиликти кеп кылып, жаш балача сооронууга шашабыз.

Кыш ортолоп, аяздуу күндөрдүн биринде, устаканада аттарды такалатып жүрөт элем, сизге шашылыш телеграмма келиптир деп, башкарма алакандай кагазды ала чаап келди. «Кой, кокуй, ал эмнең?» деп жиберриптирмин. «Ой, Токон жеңай, коркпоңуз жамандыктын түрү курусун, бул телеграмма Майсалбектен экен, Новосибирден жибериптир, бери басыңыз! – деди Үсөнбай. – Азыр токтобой станцияга жөнөңүз, уулуңуз эки күндө биздин станциядан өтөт экен, жолугуп калайын дептир. Чөпжем салдырып, арабаны дайындатып койдум, Толгонай жеңе, кечикпей жөнөңүз!» – деп эле айтып калганы. Сүйүнгөнүмдөн эмне кыларымды билбей алдастап, устаканадан түз эле үйдү көздөй жүгүрдүм.

...Жол катары жабалактаган жумшак кар жаап турду. Ошол кар апаппак болуп Алимандын жоолугуна, маңдай чачына, жакасына күрпөндөлө жыйналып, анын жылтылдаган капкара көздөрүн, нурланта тамылжыган кызылдуу жүзүн ого бетер сулуу көрсөтүп, көрктөп келе жатты. Анан калса, барар-барганча оозу бир тынсачы келинимдин. Биринчи жолу тойго бара жаткан баладай, аны-муну эркелеп сүйлөп: «Мугалим бала поюздан түшкөндө, сен унчукпай тур, эне. Мени тааныр бекен, – деп эле анан туруп, – жок, эне, мен артынан барып, мугалим баланын көзүн басып калайын, кантер экен, ой бул ким өзү деп, чочуп кетер бекен!» – деп күлүп жатты. Ай, Алиманымай, ай келинимай, сенчелик күйөөсүн сүйгөн аял болду бекен? Мени билбейт деп келе жаттыбы, өзү деле сырын акыры алдырып койбодубу...

Майсалбек азыр эле келип кала тургансып, арабадан түшөр замат, Алиман экөөбүз түз эле темир жолдун боюна жетип бардык да, наржак-бержакты карап, эмне кыларыбызды билбей, жетимсиреп калдык.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Эртеден бери желпинип дегдегенибиз сууй түштү. Тарам-тарам темир жолдун арасына жөө бурганак ойноп, кээде паравоз тоңуп калгансыган вагондорду кыдырата козгоп коюп, зым карагайлар шамалга үндөшүп ышкырып жатты. Бирде-экиде поезд тосуп көрбөгөн адам курусун. Качан келет, кай тараптан келет – сурамжылап албай, тура бериптирбиз. Анткиче болбой алыстан поезддин үнү чыгып, шакылдаганы угула берди эле: «Апа, келе жатат!» – деди Алиман. Буту-колум титиреп, жүрөгүм колкомо тыгыла түштү. Поезд улам жакындап келе берди, шашканымдан: «Ме, куржунду сен кармачы!» – дедим. Бурганак сапырып паровоз өтө берди да, поезд токтоду. Вагондордун ичи жык толгон жүргүнчүлөр экен, катын-балдары да бар, көбү солдат. Кимдер экенин, кайда бара жатканын кудай билсин, Майсалбек көрүнбөйт. Поездди жандай жүгүрүп, эшиктерден баш баккан кишилерден: «Субанкулов Майсалбек барбы? Айткылачы, айланайындар? Субанкулов Майсалбек барбы?» – десек, кай бирлер унчукпай, кай бирлер күлүп да коюшту. Аңгыча поезд да жүрүп кетти... Биздин бозоргон түрүбүздү көрүп, темир жолчу аяп кетти окшойт: «Силер эми суукта турбай, тигинде киргиле, улам поезд келерде алдын тоскула», – деди.

...Шишеси сынык жалгыз чырак араң эле бүлбүлдөп, станция ичи күүгүм чалыш тартып турду. Бир кезде поезддин жакындап келе жатканы дагы угула калды эле, биз эшикке атырылып чыктык. Жин ойногондой шамал этек-жеңден булкуп, паровоздун ысык деми бетке уруп, өтө чыкты да, жүк ташыган поезд жай келип токтоду. Мында келе жаткан солдаттар көрүнбөсө да, Алиман экөөбүз: «Майсалбек, Майсалбек барбы?» – деп вагондорду кыдыра жүгүрдүк. Эч ким жок... Станцияга кайра келип олтурганыбызда, элдин баары уктап калыптыр. «Эне, чарчадың го, жатып эс ала турчу, мен эле күзөтүп турайын», – деди Алиман. Келинимдин ийинине башымды жөлөп кыйшайдым. Бирок эмненин уйкусу, кайдагы уйку. Уктабай кашайып калайын!

...Нечен эшелондор өттү, бирок биринде да Майсалбекти жолуктура албадык. Түн ортосуна жакын жер күүлдөп солкулдаганынан эшикке чуркап чыктык эле, капчыгайдын нары жагынан да, бери жагынан да паровоздун бакырыгы угулуп, эки поезд эки жактан шакылдап келе жаткан экен. Ушинтип жол карап, күткөнүбүздөй болсочу, кокуй!.. Шашканыбыздан кай жагына умтуларыбызды билбей алдастап, эки жолдун ортосунда камалып калган экенбиз, каршы-терши дуулдап келген поезддер кулак тундуруп, урган-соккон бойдон ток-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

тобой, жандаша күүлөнүшүп өткөндө, уюлгуган кар, шамал вагондордун астына учуруп жыкчудай алка-жакадан алып булкуп, силкти. «Эне!» – деп бакырган Алиман мени кучактай, фонардын мамысына капшыра кысып кармады. Ошол чымын-куюн, чагылгандай, «жарк-жарк» эткен вагондордун терезесин, эшиктерин сагалап, кокуй, Майсалбек ушунда өтүп кетип калбагай эле деген ой бүткөн боюмду титиретип, эсимди оодарды. Дөңгөлөктөр чуркаган кош темир жол ошондо менин жүрөгүм зыңылдагандай «зың-зың» этип онтоп жатты. Айтчы деги, дүйнө тиреги жер, кай заманда, кайсы эне ушинтип өз баласын көрүүгө зар болуп, көзүнөн кан чачырап, кыйкырыгы таш жарып, жол тосту эле?

– Айталбаймын, Толгонай. Сенин заманыңдагыдай ааламда согуш болгон эмес.

– Эмесе, ошентип жол караган эненин эң акыркысы мен болоюн! Ылайым, ылайым, мен сыяктуу темир жолду кучактап какшаган пенде болбосун!

– Толгонай, уулуң менен жолугалбай келгениңди сен бери чоң жолдон кайрыла бергенде билген элем. Түрүң ушундай бир керсары, көзүң ичиңе тартып, оорудан тургандай болуп калыпсың.

– Ушундан көрө бир ай эс-учу жок төшөктө жатсам ыраазы элем. Таң атканча келиним экөөбүз бир тыным албай, темир жолдун боюнда ары-бери жүгүрүп жүрдүк... Ошондо батыш жактан вагондору кыйрап өрттөнгөн бир эшелон келди. Капырай, талкаланган эшелон жай сүйрөлүп келгенде, капчыгай ичи тыптынч болуп турду. Анчамынча гана кар кыпындаганы болбосо, станцияда жан жок, үн жок... Бул эшелондо кимдер жол тартып, кайсы жерден бомбалар үстүнө кулап, өрт-жалын, кыйкырык, бакырыктын ичинде кимдер буту-колунан ажырап, кимдер жан берип, өмүр менен коштошту экен, согуштун элеси эле ушул болсо, өзүчү, эмне деген шумдук иш деп, ойлонуп турдум. Согуштан келген эшелон, жай сүйрөлүп, алда кайда жүрүп кетти. Жүрөгүм копшолуп, заманам куурулду: эми Майсалбегим да талкаланган эшелондун келген жагын көздөй, кан майданга жол тартат ээ. Касым эмне болду экен? Субанкул да Рязань шаарына жакын жерде машыгып жатабыз деп жазыптыр. Анысы фронттон анча алыс эмес көрүнөт...

Бир убакта асман ачылып чамгылттанган булуттарды жиреп, күн тийди. «А-а кудай ай, ушул күндөй болуп уулум «жарк» этип көзгө көрүнө калсачы! Келтирегөр, кудай, жолуктурагөр!» – деп жалындым.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ушул арада чыгыш тараптан паравоздун айбаттуу кыйкырыгы угулуп, станцияга келе жаткан эшелон көрүнө берди. «Эне, ушул болуп жүрбөсүн! Кудай билет, ушул!» – деди Алиман, куржунду ийинине арта салып. Ал ошондо билип тургандай, эмне үчүндүр купкуу болуп, бетинен каны качты. Менин да демим кыстыгып, жүрөгүм алып учту. Куйрук улаш эки паравоз чиркелип, кызыл темир дөңгөлөк күркүрөп, шакылдап өтө берип, адегенде жайдак вагондордо чүмкөлгөн замбирек, таңкилер жанындагы мылтыкчан кишилери менен көзгө урунуп, анан вагондордун эшигинде топтолгон солдаттар, кыяк, ыр, сөз – кулакка, көзгө илинбей алмашылып дуулдады. Колуна желекче кармаган кандайдыр бир темир жолчу жүгүрүп келип: «Токтобойт! Токтобойт!» – деп, колун шилтеп, бизди көкүрөккө түрткүлөп, темир жолдон четтете берди эле, ошол учурда «Апа-а! Алима-ан!» деген кыйкырык жаныбыздан угула түштү. Майсалбек! Алда, айланып, согулуп кетейин балам ай, бир колу менен вагондун туткасын кармап, боюн сыртка таштап, тумагын булгалап, коштошуп өтүп бара жаткан экен. «Майсалбек!» – деп кыйкырганымды бир билем. Ошол чагылгандай оокумда Майсалбектин өңү-түсү эң бир даана көрүндү: шинелинин этектери шамалга чамынып, чачы желпилдеп, жүзүндө, көзүндө өкүнүч да, сүйүнүч да, учурашуу да, коштошуу да! Арылдаган шамал анын кыйкырыгын жула качып, Майсалбектин ушул түрүнөн көз айрыбай, ал алыстаган сайын поезд менен кошо жарышып, эшелондун эң арткы вагону жанымдан өтө бергенче, артынан дагы жүгүрө түшүп, жүзтөмөнүмдөн жыгылдым. Ай, ошондо боздогонумай, какшаганымай! Ок жааган майданга кетип бара жаткан уулумдун ордуна темир жолду кучактап, коштошуп жаттым. Азыр да кээде ошол эшелон кулагымды тундуруп, куйрук улаш эки паравоз алып учкан вагондор мээмди как жарып өткөнсүйт. Артымдан ошондо шолоктоп ыйлап Алиман жетип келип, анын соңунан дагы бир темир жолчу орус аял да өзүнчө бышактап, жаткан жеримден өйдө тургузушуп, темир жолдон четке чыгарышты. Алиман мени колтуктап келе жатып, ошондо колума аскер тумак карматты: «Ме, эне, мугалим бала таштап кетти», – деди ал. Көрсө, Майсалбегим аны мага таштап кеткен турбайбы.

– Туура айтасың, Толгонай. Арабада келе жатып, тумакты көкүрөгүңө кысып келбедиң беле.

– Ооба, ошол тумак азыр да үйдө илинүү. Чекесинде кызыл жылдызы бар солдат тумак. Кээде колума кармалап жыттайм, уулумдун жыты али да келип тургансыйт...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Турмушта кандай өзгөрүүлөр болгону жаратылыш аркылуу кантип сүрөттөлгөн? Алыскы согуш кесепети кыйыр түрдө кандайча баяндалган? Субанкул, Толгонай, Касым, Майсалбек, Алимандардын тагдырында кандай өзгөрүүлөр болду?
2. Адамдар эмне үчүн согушат, кандай учурда кайгырат, ыйлайт? Уулун күтүп жаткан эненин толгонуусун өз сөзүңөр менен айтып, анан аны текст менен салыштыргыла.
3. «Сенин заманыңдагыдай ааламда согуш болгон эмес» деген жер эненин сөзү боюнча «Майсалбекти күтүү» деген темада чакан дилбаян жазгыла.

## IV

– Эсиндеби, жер. Касымдан кат келгендеги күн?

– Эсимде эмей, Толгонай. Сен тээ көчөдөн чыга бергенде эле, күрткүнү, арыкты карабай, аттын оозун коё берип, чаап келе жатканында эле билгем. Сен ошондо келиниң менен кичүү балаңды сүйүнчүлөп келгенсиң.

– Сүйүнчүлөбөй анан! Эки ай катары менен өлүү-тирүү дареги жок Касымдан аманмын деген бир ооз кабар келип турса, мен сүйүнчүлөбөй, ким сүйүнчүлөйт. Алимандын ошондогу кубанганы ай. Арабадан ыргып түшүп, Жайнактан мурда озунуп, «Энеке, оозуңа май, кагылайын энеке!» – деп жетип келди да, катты кармаган колдору калтырап, эчтекесин окуй албай: «Аман! Аман-эсен!» – дей берди.

...Кыш аягына жакын Жайнакты өзү тендүү балдар менен кошо военкоматка чакыра баштаганынан, аларды анчейин аскерге машыктырып жүргөн экен дегем. Аны аскерге алат деген ой жок. Эки жолу районго барып, он чакты күндөн ойноп келип, үчүнчү жолкусунда бир күн өтүп, эртеси эле Жайнак кайра үйгө келип калды. «Сени эмне бошотуп коюштубу, тез эле келип калдың?» – десем: «Жок, апа, эртең районго кайра кетем. Военкомат бир күнгө уруксат берди», – деп койду. Ошондо эле байкасам болмок экен. Алда кайда узакка кетүүгө камынгандай, Жайнак ал күнү көп иштерди бүтүрүп жатты... Көрсө, анысы жөн эмес экен. Жайнагым өз ыктыяры менен согушка кетпедиби. Аны биз Жайнак жөнөп кеткенден кийин билип жүрбөйбүзбү, станциядан араба айдаган айылдашынан кат берип жибериптир. Алда курган ай, байкуш балам ай, чынын айтып, коштошуп эле кетсе да, ыйлап-сыктасам да эптеп түшүнөт элем го... Бир билгеним, Жайнагым согушту сүйүп, кызыгып кеткен жок, ал аны жек көргөн үчүн,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

согуштун элге тийген запкысы жанына баткан үчүн курал кармап кармашканы кетпедиби. Атасы, эки бир тууганы эл деп кармашта жүрсө, анын жаны алардан артык бекен, ал деле намыска туулган жигит эмес беле. Ооба, Жайнак так ошол үчүн, согушту жек көргөн үчүн кеткенине көзүм жетип эле турган. Жалгыз Жайнак фронтко барганда кыйратып деле жибербейт болчу, бирок минтип айтыш да туура эмес: Жайнакка окшогондор ону кошулар, жүзү кошулар, миңи кошулар, ошентип барып күч болот, ошентип барып көл болот, ошентип барып тоо болот! Жайнагым, кенжем, тамашакөйүм, шайырым, ырчым, солкулдаган боз балам! Сен эмне үчүн айтпай кеткениңди билбей койду дейсиңби? Сен балалык кылып, согуш эмне экенин, өлүм эмне экенин түшүнбөй кете берди деп ойлойт дейсиңби?..

Душман менен кармашып жатып, ээн жерде окко учтуңбу, же токойдо адашып кеттиңби, же колго түшүп кармалдыңбы, айтор, тирүү болсоң, эмдигиче бир шек-шыбаң чыгар эле го, балам. Сен ошентип жаздым болдуң, Жайнагым, кенжетайым, жаш кетип, элдин эсинде анча калган жоксуң. Ал эми мен сени эстебегенде, бизди аяп, айтпай кеткениңди ар качан эстейм, баягыда, станцияга араба айдап жүргөнүңдө, бейтааныш бир кичинекей балага үстүңдөгү тонуңду чечип бергениңди ар качан эстейм... Чын сырымды айтсам, бир кишиге тон чечип берүү менен элдин кемтиги толуп, бүтөлүп деле кетпейт. Бирок жанагыдай эле бирге он кошулуп, онго жүз, миң кошулуп элчилик, адамгерчилик, боордоштук деген ошондон келип чыгат го деп ишенем. Адам жакшылыкты жерден таап албайт, адамдан үйрөнөт. Жайнактын берип кеткен тону жыртылар, жок болор, жерге кирсин, сөзгө арзыбас эле нерсе, бирок кеп анда эмес, ошол кичинекей баланын жүрөгүндө бирөөнүн кылган жакшылыгы жүлүндөй сакталып калса, башкага жакшылык кылуу милдет экенин жаштайынан сезип калса, Жайнагымдын сооп кылганы ошол.

Эх, эми эмнесин айтайын, кесепеттүү согуш нечендердин кендирин кыйды, атаганат, Жайнагым аман турганда, не деген адам болор эле! Мүнөзүңдөн айланайын, балам, кайдасың? Он экиден бир гүлүң ачылбай, кай жерге барып «жалп» эте түштүң экен? О, дүйнө, о, жараткан жер, бир оокумга гана, көз ачып-жумганча гана баламды тирилтип, бир гана жолу көлөкөсүн көрсөтүп койсоңор!..

– Толгонай, сабыр кыл, жүрөгүңдү токтотуп алчы. Антпе, өзүңдү аясаң боло... Жүрөгүңдүн ар бир сокконун сактасаң боло. Мойнуңдагы милдетиңди унуттуңбу?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

– Жок, сырдаш талаам, унутпай калайын. Унутпаган үчүн ушинтип келип олтурбаймынбы. Ошол милдет болбосо эмнеге тирүү басып жүрөйүн, чыкпаган жаным бүлбүлдөп, жүрөгүм алда качан калбыр болгон. Эсиңдеби, жер, баягы каран күн?

– Эсимде, Толгонай. Сени кош айдап жүргөн жериңден чакырып кетишкенде эле билгем. Кишилердин көз карашынан, кирпигинен, тымызын үшкүргөнүнөн сезгем.

– Ооба, байчечекей жайнаган көктөмдө жаңыдан гана кош чыгарган мезгил эмес беле... О, сенин жаз эңсеп, себилчү данга талгак болгонуңдан, дыйкан талаам! Нымшыган бетиң көгүлтүр булоолонуп, дүйнөнүн чар тарабы алда кайда суналып, алда кайда күмүштөнө мунарыктап, төшөктө жаткан аялдай балкып жатканыңдан, даркан талаам!

Соко жаңыдан гана кыртыш бузуп, кам топурактын жылуу деми жүрөктү элжирете, трактордун артынан бастырып бара жатып, дандуу, түшүмдүү эгин жай бол, согушта жүргөндөргө кубат бол деп, Субанкул менен Касымдан көптөн бери кат-кабар үзүлгөнүн эстеп, ойлонуп турганымда, айылдагы карыя кишилердин бири келди. «Келип калыпсыз, аксакал, иш илгериге батаңызды бериңиз!» – дедим. «Дыйкан бабам кыдыр чалып, кырман агыл-төгүл болсун, убайын эл көрсүн! – деп тиги киши аттын үстүнөн бата кылды да, – Толгонай, райондон келген полномоч келсин деп чакырып жатат, жүргүн» – деди. Ишти дайындап, айылга тарттым. Оюмда эчтеке жок, райондон күнүгө чоңдор келет, өзгөчө кош айдоо башталганда көп келишет эмеспи.

...Айылга кире берип, көчөнү аралап келе жатканыбызда, биздин үйдүн жанында элдин турганын көрүп, анда да шектенбептирмин. Карыя мени «жалт» карап алып чочугандай: «Аттан түш, Толгонай» – деди. Мен таң калып карап калсам керек, тиги киши атынан түшө калып, мени колтуктап жөлөдү: «Түш, Толгонай, түшүшүң керек!» – деп кайталады. Сөзгө келалбай бүткөн боюм ымыр-чымыр болуп аттан түштүм. Нары жактан Алиманды ээрчитип, үч-төрт аял келе жаткан экен. Анын көтөрүп келе жаткан кетменин бир аял ийининен ала салды. Ошондо эле билдим. «Бул эмнеңер, кокуй күн!» – деп көчөнү жаңырта бакырдым. Аңгыча болбой, Айша кошунамдын короосунан аялдар чыга калып мени колдон бекем кармашты: «Кайрат кыл, Толгонай, Субанкул менен Касымдан айрылдык!» – дегенде, «эне, энекебай!» – деп, Алимандын чаңырган дабышы чыгып, турган элдин баары өкүрүп коё беришти. О, шум согуш, ушуну кылмак белең? О, каран күн, ушуну



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

көрмөк белек? Мен эмес, көчө тамдар, тал-даректар чайпала теңселип, жер-сууну бузган чаңырык-өкүрүктөн кулагым тунуп, керең немедей, эч-эчтекени укпай, кандайдыр бир шумдуктуу жымжырттыктын ичинде, асмандагы булут, курчаган кишилердин жүздөрү түштөгүдөй элес-булас кубулуп, же өлүү, же тирүү экенимди сезбей, артыма кайрылган колдорумду бошотуп алууга аракеттенип жаттым. Жанымдагы кимдер экенин, эшиктин алдындагы додолонгон эл кайсылар экени менен ишим жок, менин бир гана даана, анык көргөнүм – Алиман. Бетин, көйнөгүн тытып, чачтары жазылган келиним, алда эмнелерди зар какшай чаңырып, эки жактан асылгандарга моюн бербей, улам мени көздөй жулунуп жатты. Алиманга эртерээк жетсем деген ой менен мен дагы умтула бердим, бирок тээ кырк күнчүлүк алыстан келе жаткансып, бирибизге бирибиз жете албай, кошулгуча арадан кылым убакыт өтүп, ортодо кылым жол жаткансыйт. Бир кезде Алиман жете келди, тунган кулагым ошондо ачылды. Эки колун жая: «Каран күн, эне, айрылдык, жесирбиз, жесирбиз! Күнүбүз өчтү, айыбыз өчтү, окшошкон жесирбиз!» – деп Алиман мени кучактап боюн таштады. Ооба, ошол учурда эки жесир кошулуп, бири-бирибизге күйүттүү көкүрөк басып, буркурап, какшап ыйладык...

Кайран азаматтар, тоо ураса болбойбу да, көл төгүлсө болбойбу! Субанкул менен Касымым, ата-бала экөө тең не деген дыйкан эле! Дүйнөнүн туткасы ошолор сыяктуу мээнеткечтер эмеспи: элди тойгузган да ошолор, жоо келгенде колуна курал кармап, мекен коргоп, кан төккөн да ошолор...

Ойлоп олтурсаң, кызык айланайын, тууган жер, согуш башталат экен да, ал согушта адам баласынын эң асыл, колунан көөр төгүлгөн азаматтары иштеп жаткан ишин таштап, биринин канын бири төгүп, бирин-бири өлтүрүүгө аргасыз болушат экен. Ал эми мен буга түк макул эмесмин, турмушумда макул эмесмин! Табигаттын жандуудан эң бийик жаратканы – адам баласыбы, дүйнөнү чарк имерген ким – адам баласыбы, андай экен, бирине-бири мынчалык залал келтирбей, тынчтыкта жашай албайбы? Айтчы чыныңды, сырдаш талаам, айткын, айт мага жообуңду!

– Кыйын суроо бердиң го, Толгонай. Мен билгенден, адам адам болуп жаралганынан тартып согушканы согушкан. Кээ бирде согуштан тегиз кырылып, көзү өтүп кеткен элдер да болгон, күлү асманга сапырылып, тирүү жан калбай, кыйраган шаарлар да болгон. Нечен кылымдар адамдын баскан изине зар болуп, ээн жаткан заманым да болгон.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Согуш чыккан сайын, ар качан кулагы укканларына кармашпагыла, кан төккүчө акыл токтоткула деп айтам. Азыр да айтар сөзүм ушул: «Эй, адамдар, дүйнөнүн төрт бурчунда жашаган адамдар, силерге эмне керек – жерби? Мына мен – жермин, мен бардык адам баласына теңмин, мага талашыңардын кереги жок, мага ынтымак керек! Эмгек керек! Айдоого бир дан таштасаңар жүз дан кылып берем, чырпык сайсаңар чынар кылып берем, бак тиксеңер мөмө болуп төгүп берем, мал жайсаңар чөп болуп берем, там тургузсаңар дубал болуп берем, урук-тукумуңар көбөйсө, баарыңарга жай болуп берем! Мен түгөнбөйм, мен тарыбаймын, мен кенчмин, мен баарыңарга тегиз жетем!» Ал эми, Толгонай, адам баласы тынчтыкта жашай алабы, жокпу дейсиң. Өзүң ойлоп көрчү, ал менден эмес, ал силерден, адам баласынын өзүнөн, силердин ынтымагыңардан, ыктыярыңардан, акылыңардан... Согуштун залалын мен тартпайт дейсиңби. Майданда курман болгон мээнеткечтеримдин, сенин Субанкулуңа, Касымыңа окшогон дыйкандарымдын эмгегин сагынам, аларды жоктойм. Айдоо убагында айдалбай, эгин убагында сугарылбай, кырман убагында бастырылбай жатканда, мен аларды: «Келгиле, балбан билек дыйкандарым, келгиле, балдарым, өйдө туруп келгиле, куурап бара жатам!» – деп чакырам. Аттиңай, кетменин көтөрүп Субанкул келсе кана, аттиңай комбайнын айдап Касым эгин чаап кирсе кана, аттиңай, кырманга кызыл тартып, Жайнак арабасын кубалап келсе кана!

* * *

...Элден эптеп жыйнаган үрөндү Жекшенкул каракчыга уурдатып, артынан сая түшүп кубалап баратып, атыма ок жаңылып жыгылып, мертингендин эртесинде белимдин ооруганы жеңилдеп нары-бери кыймылдап, эшикке чыктым. Терезенин астында кийиз салып, күнгө жылынып отурдум. Алиманды жумушка чыга бер десем, башкарма бүгүн да бир күн энеңе каралашкын, үйдө бол деп уруксат берди деди. Короодо от жагып, Алиман кир жууп жаткан. Эшик алдындагы жоон түп кары алма ошол жылы калың гүлдөп, кайра күч алып жашаргандай сеңселип, шамал тийгенде бутактарынан аппак күкүм себелеп жатты. Алма гүлдөгөн кезде аба да көк кашка булактай тунукталып, эң бир таза болот эмеспи. Алыста жалтылдаган тоо мөңгүлөрү даана көрүнүп турду.Ушинтип олтурганымда, көчөдөн почточу Темир чал кирип келди. «Арба, Толгонай», – деп анча сөзгө келе бербей, шашылыш өзүнчө эле алда неге сумсая, күрсүлдөп жөтөлүп, суук тийип калыптыр кур-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

гурдуку деп, сүйлөнүп жатып, сага кат бар беле дегендей, сумкасын аңтарып кат берди. Анын бул камырабастыгына таарынып: «Жана эле айтпайсыңбы зарыктырбай! Кимден экен?» – десем, Майсалбектен көрүнөт деди. Жүрөгүм аптыкканынан, демейде Майсалбектин каттары үч бурчтук болчу эле, бул жолу басма менен басылган, сырты калың атлес кагаз экенин капарыма ала бербептирмин. Ушул арада жарадар бутун сүйрөп балдакчан Бектурсун келип калды. Коңшубуз эле, эрикенде биздикине келип, кобурашып кете турган. Кат келген турбайбы, Майсалбектен го деп, өтө сабыр күтүп, кол кармашты. «Колуң эмне калтырайт? Бери олтуруп, окуп бере салчы», – дедим. Ошентсем, кийиздин четине отуруп жатып, кокуй бутум деп онтоп иреңи кубарып, тердеп кетти өзү. Катты колу калтырап араң ачты да, окуй баштады. А кайран балам, кайран кат!..

«Апаке, ак сүтүндөн айланайын апакем! – деп баштаптыр катты. – Мен сенин кандай киши экениңди билбесем, бул катты жазбайт болчумун. Сенин акылмандыгыңа, кайратыңа, сенин күчүнө ишенип жазып олтурам. Ошентсе да, эмне деп түшүндүрүп, эмне деп айтууга сөз табалбай ак баракты тиктеп отурган кезим.

Акыр түбү менин кылган ишимди туура деп табарсың, мен ага өзүмө ишенгендей ишенем. Ооба, апа, сөзсүз туура дээрсиң... Антсе да, түшүнсөң да, жүрөгүңдүн түпкүрүндө мага айтылбаган сурооң калар: «Балам, кантип өз өмүрүңдү өзүң кыйдың? Адамга бир гана жолу берилчү бул жарык дүйнө менен кантип өзүң эле коштошуп кете бердиң? Мен сени эмнеге төрөп, эмнеге өстүрүп чоңойттум?» Ооба, апа, энесиң, сенин бул сурооңо тарых кийин жооп берер. А менин айтарым, согушту биз тилеп алган жокпуз, бул көптүн башына келген кыйын иш, бүткүл адам баласына балта урган зулум күч. Биз аны менен күрөшпөй коё албайбыз, аны үчүн кан төгүп, аны үчүн жан берип, аны кыйратып жок кылууга милдеттүүбүз. Антпесек биздин адам деген атыбыз өчөт. Мен согушта жүрүп эрдик көрсөтөйүн деп эч качан эңсеген эмес элем, мен өзүмдү эң жөнөкөй, эң бир асыл ишке – мугалимдикке даярдап жүргөм. Заманым ушул экен, балдарга тамга таанытып, окутуунун ордуна, курал кармап жоокер болдум. Ал менин айбым эмес...

Мына азыр мектепте окуучу жаштарга менин биринчи жана эң акыркы берип кетер сабагым ушул, аларды окутуп кеткен билимим да ушул. Буга мен турмуштан алып чыккан бардык билимимди, бардык дилимди жумшайм.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бир сааттан кийин мен Мекеним тапшырган ишке барып, кыйратып өзүм да жок болом. Мекен үчүн, эл үчүн, жеңиш үчүн, дүйнөнүн бардык жакшылыгы үчүн...

Бул менин акыркы катым, акыркы калем шилтешим, акыркы сөзүм. Апа, миң бир эки апа десем да, кадырыңа жетер белем, түшүнгүн: бул жөн эле өлүп берүү эмес, бул жөн эле жан кечтилик эмес, бул өмүр сүрүүнүн эң бир эбегейсиз түрү. Кулакка, балким, жат угулса да, бул жашоо үчүн болгон өлүм. Мен өз ыктыярым менен ушуну туура таптым. Мен эч кандай кылчактаган жерим жок. Мекеним бул ишти мага ишенип тапшырганы үчүн сыймыктанам.

Мени жоктобо, апа. Менин артымда туягы калган жок дебе. Дүйнөдө мындан ары согуш болбосо, жаңыдан төрөлгөн баланын ыңаалаганы – ошол мен, бой жеткен кыздардын жоодураган көздөрү – ошол мен, бутакта көгөргөн жалбырак – ошол мен, талаада өнүп чыккан эгин – ошол мен, мугалимдин балдарга биринчи үйрөткөн «А» тамгасы – ошол мен, ошонун баары мен, мен деп билип жүргүн, апа!

Ыйлаба, апа, эч ким ыйлабасын. Кош, түбөлүккө кайыр кош!.. Кош, карааныңдан кагылайын, Ала-Тоо!

*Сенин мугалим уулуң – лейтенант Майсалбек Субанкулов.*
*Фронт. 9-март, 1943-ж., түнкү саат – 12».*

Мөгдөгөн башымды өйдө көтөрүп карасам, короодо жарданган эл туруптур. Баары тең унчукпай баштарын салаңдатып, аза тутуп турушкан экен. Эч ким үн чыгарып ыйлаган жок, Майсалбек эч ким ыйлабасын деген турбайбы. Аялдар мени колтуктап сүйөп, өйдө тургузушту. Гүлдөгөн алма жел тийип, бутактарынан себелеген апакай бүрлөрү бети-башыма себеленип, жеңил гана кол тийгизгендей, сылап өтүп жатышты. Ошол гүлдөгөн алманын нары жагы, айылдын үстү, алыскы тоонун үстү чеги жок, түбү жок мелтилдеген, таптаза көгүлтүр асман экен. Дүйнөнүн мынчалык кең экенин көргөнүмдө, дүйнөнүн мынчалык тар экенин сезгенимде, ай-ааламды бузуп, озондоп, бакырып ыйлагым келди. Ага болбой тиштенип тура бердим. Алиман баятан бери кантип турганын билбейм, мен өйдө турганымда эки колун сунуп, сокур кишиче, мени көздөй темселеп келе берди да, бир убакта бетин алакандары менен мыкчый басып, тескери бурулуп кетти.

Мына ошентип, ортончу уулум Майсалбегимден да ажырадым. Таштап кеткен тумагы калды...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Жайнактын адамдык сапатынан эмнени байкадыңар? «Жаздым болду» дегендин синонимдерин тапкыла. Аны Толгонай кандай учурда колдонуп жатат? Бул бөлүмдө Толгонайдын дагы кандай жаңы сапаттары сүрөттөлгөн? Алиманды мүнөздөгүлө.
2. «Айылга кире берип...» жана «Кыйын суроо бердиң го...» дегенден аягына чейин Жер менен Толгонайдын сөздөрүн жаттап, ролдорго бөлүштүрүп окугула.
3. Толгонайдын чачын агарткан катаал турмушту баяндагыла.
4. «Адам жакшылыкты жерден таап албайт, адамдан үйрөнөт», – деп айтылат повестте. Андай болсо силер «Саманчынын жолундагы» адамдардан эмнелерди үйрөндүңөр? Турмушта силерге кимдер жакшылык жасашкан? Силер кимге, кандай кайрымдуулук кылдыңар?
5. Кайра-кайра жан бирге жакындарын жоготууда Толгонайды мөгдөп, жылбай, отуруп калуудан кайсы күч сактап калды?
6. Толгонайдын: «Табигаттын жандуудан эң бийик жаратканы – адам баласыбы, дүйнөнү чарк имерген ким – адам баласыбы, андай экен, бирине-бири мынчалык залал келтирбей, тынчтыкта жашай албайбы?..» деген суроосуна жооп бергиле. «Толгонай согушту жектейт» деген темада чакан дилбаян жазгыла.
7. Майсалбектин катында өзүнүн жана апасынын адамдык сапаттары кандайча көрсөтүлгөн?

## V

...Бизге коштун кезеги тийип, өгүз соко менен огородду айдап, жүгөрү сепкени жатканбыз. Көчөдө кандайдыр бир дабыштар чыгып, жүгүрүшкөн кишилерди көргөндө, Алиман билип келе коёюн деп, чуркап кетти да, кайра шашылыш жетип келди: «Эне, элдин баары аскерлерди тоскону кетип бара жатышат, айылда эч ким калбай жөнөштү. Жүр, эне, эртерээк, бол!» – деди. Сокону, өгүздөрдү бороздорго таштаган бойдон жөнөдүк. Чын эле көчө кым-куут. Кыз-келиндер, балабакыра, ал түгүл кедеңдеген кемпир-чал калбай, аттуу-жөө кишилер баары тең жол тоскону кетип бара жатышыптыр.

...Чогулган көпчүлүк демин ичине катып, унчукпады. Аңгыча арабадан жалгыз солдат түштү. Ал улам жакындады, бирок бир да киши ордунан козголгон жок. Кишилердин апкаарыган жүздөрүндө дале бир нерсе күткөндөй үмүт сезилип турду. Анткени биздин күткөнүбүз жалгыз солдат эмес, жолго батпай кылкылдап, согушка жөнөгөнү сыяктуу калың аскердин тобу менен кайтып келиши эле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

– Пендесиңер да, Толгонай! Согушка жөнөгөндөр качан түгөл бойдон кайтып келчү эле? Адам деген кээде ошону эсинен чыгарып коёт окшойт.

– Аның туура, улуу талаам. Бирок биз пендебиз да, жакшылыктан дайым үмүтүбүз чоң. Ал эми ошондо жалгыз солдаттын келе жатканы элдин үрөйүн учуруп, эсин оодарды.Солдат бери дөңсөөгө келип жетип, айылдын четинде козголбой турган калдайган элди көрүп, жүрөгү түштү окшойт, ал да чочуп туруп калды. Бул эмнеси, бул эмне деген немелер, булар эмне үчүн унчукпай карап турушат дегендей кыял менен, солдат кылчайып артын карады. Өзүнөн башка жолдо эч ким жок экенин көрүп, ал бизди көздөй басты да, кайра токтоп, кайра кылчактап артын карады... Ал улам ушинтип келе бергенде, алдыда турган бир кичинекей кыз: «Ашыралы байкем! Ашыралы байкем келе жатат!» – деп кыйкырып жиберди. Кантип тааныганын ким билсин, башында жоолугун жулуп алып, алиги жылаңайлак саксайган кыз: «Байке! Байке!» – деп кыйкырган бойдон, солдатты көздөй жүгүрдү. Анын соңунан балдар чуркап, анан аялдар, анан турган элдин баары: «Ашыралы! Кокуй, чын эле Ашыралы турбайбы!» – деп чуулдаша жөнөштү.

Ошол учурда бизди кандай күч бийлеп, жүрөгүбүздө кандай асыл сезимдер ачылганын айталбайм – укмуштуу бир сүйүнүч, жан эргиткен мээрим, эреркеген ый баарыбызды тең эргитип алып учту. Кучак жайып солдатка жүгүрүп бара жатканыбызда биз өзүбүз менен кошо бүт турмушубузду, баштан өткөн-кеткен күндөрүбүздү, азап-тозогубузду, уктабаган уйкусуз түндөрүбүздү, агарган чачтарыбызды, карыган кыздарыбызды, жетим-жесир калганыбызды, дайрадай аккан көз жашыбызды, кайратыбызды, муңубузду туу кармагандай, жеңиштүү келген жоокерибизге алып бара жаттык. Астынан тосуп жүгүрүп келе жаткан элди көргөндө, солдат утурлай басып бери жүгүрдү... Жер, жер эне, сен ошол солдатты унутпайсың го? Баатырдын түрү эсиңдеби?

– Эсимде, Толгонай. Мен ал солдаттын түрүн эч убакта унутпаймын, ал бүгүн да жол арыштап, кучак жайып. «Айланайын, эл-журт! Айланайын, эл-журт! Жаным курман! Башым курман!» – деп кыйкырып, жүгүрүп келе жаткансыйт. Анын көкүрөгүндөгү медалдары дале күмүш дилдедей шыңгырап, бетинен төгүлгөн жаш дале андан-мындан тийген мөндүрдөй тамчылап келе жаткансыйт. Ошонун баары эсимде, Толгонай. Кең далылуу, каркайган бойлуу чоң солдат нечен ирет ажал



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

менен беттешкен, нечен ирет ок тоготпой сурданган жоокер жаш балача буркурап, бүгүн да тээтиги жолдо жүгүрүп келе жаткансыйт.

– Ооба, ооба, так ошондой. Биз да жабыла ыйлап, эл менен солдат кошулганда, сагынышкан эки толкун кошулгандай эзилишип кучакташып көрүштүк. Ошол додолонгон ызы-чууда ар кимибиз туш-туштан Ашыралынын мойнуна, ийиндерине асылып өпкүлөдүк. Оо, Жеңишай, тилеген-самаган, күрөшүп тапкан Жеңишибиз ай, Ассалоумалейкум, Жеңиш! Кечиргин, боздоп ыйлаганыбызды. Алимандын аман кайткан Ашыралынын көкүрөгүнө башын койгулап: «Кайда менин Касымым? Кайда?» – деп чыңырганын кечиргин. Жеңиш! Сен деп канча чолпондорубуздан ажырадык! «Башкалар кайда? Баланча кайда? Түкүнчө кайда? Качан келет калгандар?» – деп жабыла сураганыбызды кечиргин! Суроолордун камагында калып, көз жашын токтото албай: «Кеткендердин баары келет! Эртең келишет. Жакында келишет. Калбай келишет!» – деп Ашыралынын айткандарын кечиргин! Кечиргин бизди, Жеңиш, кечиргин! Сен менен жүз көрүшүп жатып, биз көңүлүбүздө ар кимибиз майдандан кайрылып келбегендер менен акыркы жолу дагы бир сыйра коштоштук, аларды дагы бир сыйра жоктоп, дагы бир сыйра күйүт тартып, көксөө сууттук. Кечиргин мени, Жеңиш, кечиргин! Ашыралыны бек кучактап, бек жыттап, Жайнагымды, Майсалбегимди, Касымымды, Субанкулумду эстеп, ичте туткан арманымды кечиргин!

– Жок, Толгонай, андай эмес, дүйнө сенден кечирим сурасын, заман сенден кечирим сурасын! Сен кечирет белең, Толгонай?!

– Кечирбес элем. Душманымды эзели кечирбейм! Бирок заманыма кек сактабайм. Арты кайырлуу болсун. Антсе да согушта доом көп. Атылган ок, төгүлгөн кан – тарыхтын эсебинде, ал эми адамдардын бүлүнгөн өмүрүчү? Аны кайсы эсепке ыйгарып, тарыхтын кайсы бетине жазабыз? Аны үчүн ким жооп берет?..

### Суроолор жана тапшырмалар

1. «...Биздин күткөнүбүз жалгыз солдат эмес, жолго батпай кылкылдап согушка жөнөгөн сыяктуу калың аскердин тобу эле», – деген Толгонайдын сөзүнүн мааниси кандай?
2. «...Согушта доом көп. Атылган ок, төгүлгөн кан – тарыхтын эсебинде, ал эми адамдардын бүлүнгөн өмүрүчү? Аны кайсы эсепке ыйгарып, тарыхтын кайсы бетине жазабыз? Аны үчүн ким жооп берет?» – деген Толгонайдын соболуна жооп бергиле. Мындан кийинки бөлүмдөрдү өз алдынарча окугула.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## АДАМЗАТТЫН ЖОЛУ ЖӨНҮНДӨГҮ БАЯН

Чыныгы талант өзүнө-өзү канааттанбайт, улам мурдагыларга окшобогон нарктуу дөөлөттөрдү жаратыш үчүн жан-алы калбай эмгектенет. «Саманчынын жолу» повестин жаратууда да ошондой болду. Согуш жылдарындагы жекече үй-бүлөлүк тагдырларды сүрөттөө эми күн санап өсүп келаткан Ч. Айтматовдун чыгармачылык талабын канааттандыра албай калды. Ырасында да эгер «Бетме-бет» жана «Жамийла» повесттеринде Сейде менен Жамийланын жекече, үй-бүлөлүк тагдырлары жөнүндө сөз болсо, эми согуш жылдарындагы бүт элдин тагдырын көрсөтүү зарылдыгы сүрөткердин тынчын ала берди. Мындай бүт адамзатты түйшөлткөн проблеманы көтөрүп чыгыш үчүн талант да, тажрыйба да, чымырканган эмгек да керек. «Саманчынын жолу» повести жазылган мезгилде мына ушул касиет-сапаттын баарына Ч. Айтматов эгедер болуп, чыгармачылык баралына келип турган кези эле. Ошондуктан ал канатын каалашынча сермеп, повестти адегенде беш вариантта (кээ бир адабиятчылар үч вариантта жазган деп да жүрүшөт) жазып, анын башкы каарманынын прототиби кылып, «Жийде» колхозунун колхозчусу Толгонайды алды. Кан күйгөн согушта өмүрлүк жары Субанкулдан, чолпондой үч уулунан, анан акыркы таянычы гүл сүйгөн келини Алимандан ажыраган Толгонайдын ачуу тагдыры жүрөк сыздаткан касирет-арманын баяндаган бул чыгарманын кол жазмасын Айтматов өзү окуп бергенде, калемдеш казак жолдоштору аябай таңданышып тамшанышкан экен! Айрым адабиятчылар Толгонайды Михаил Шолоховдун «Адамдын тагдыры» чыгармасындагы Андрей Соколов менен салыштырышат. Мунун да жүйөсү бар. Себеп дегенде Толгонай да бүт жакындарынан ажырап, Андрей Соколовго окшоп коколой жалгыз башы калат. Ырас, Толгонай майданга катышкан жок. Бирок залкар сүрөткер мына ошол апаат күндөрдөгү ооруктагы калың элдин кайратман эмгегин, баштарына түшкөн мүшкүл иштерин, жандүйнөсүн жабыркаткан санаркоолорун, ыйман-жанынын өзгөрүүлөрү менен толгонууларын ушунчалык реалдуу сүрөттөгөн.

Кыргыз жергеси, Күркүрөө айылы майдан талаасынан канчалык алыс болсо да, атың өчкөн согуштун кара кийген сүрдүү сүрү менен сүрөтү чыгармада таасын тартылып, эл башына түшкөн орду толбос жоготуунун элеси даана сезилет. Повесттин ар бир бетинен алаамат согуштун коркунучтуу доошу угулуп, денеңди дүрүлдөткөн кыргындын илеби келип турат. Кийинчерээк 1976-жылдын акырында «Бизди ойгот-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

кон китептер» деген маегинде: «Өз эли-жерин сүрөттөп жазып жүрүп, дүйнөлүк адабиятты байыткан Михаил Шолоховдун мага берген таасири накта чыгармачылыкта көзүмдүн ачканын мисал кылгым келет», – деп жазган Ч. Айтматов... «Эгер мен реалдуу турмушка, анын татаал жана карама-каршылыктуу жактарына, чыгармачылыгымда журтума, Шекериме, мен билген жана эсимде калган, медер тутар адамдарга кайрылбаганымда, мен жаза албайт элем... Мен ошондо өз Ата Журтумду, өз жеримди, Шекеримди ачтым», – дейт дагы бир эскерүүсүндө. Ошентип, «Бетме-бетте» да, «Жамийлада» да, «Саманчынын жолунда» да жазуучу согуш жылдарындагы «турмуштун чыныгы татаал жана карама-каршылыктуу жактарына», өзүнүн «журтуна, Шекерине», ошол жерде жашап жаткан, «медер тутар адамдарга кайрылып», биринчи жолу өзүнүн «Ата Журтун, өз Шекерин ачты».

Арийне, ошол кыйын күндөрдөгү катаал турмушту жазуучу жөнөкөй эле санап чыгып, жөнөкөй эле сыпаттап койсо, чыгарма мынчалык көркөмдүк насил-наркка ээ боло албайт болчу. Ч. Айтматов повестте ошол катаал турмуш туурасында ар тараптан, кеңири планда миң кырдуу, миң сырдуу ой калчап, адам тагдыры менен ошол мезгилдеги тарыхый окуяларды өтмө катар бириктирип, анан көркөм жалпылоого өтөт. Чыгарманын сюжети, анын башкы каармандарынын бири Жер-Эненин образы шарттуу экенине карабастан, андагы сүрөттөлүп жаткан турмуштук окуялар, ал окуяга катышкан адамдар, алардын катаал тагдырлары далилдүү. Жарыкка чыгар замат белгилүү адабиятчылар гана эмес, жамы журттун көңүлүн өзүнө бурган бул чыгарманын кудурет-күчү, сыйкырдуу сыры эмнеде?

Жазуучу бул чыгармасында адамдын улуулугун, дүйнөдө андан залкар, андан бийик эч нерсе жок экендигин биринчи планга алып чыгат. Боор эттен жаралган ар бир бала эне үчүн өтө кымбат, бирок аны ар бир эне эл үчүн төрөйт, эл-жердин жүгүн аркалап, анын кереги үчүн курман болууга кылчактабай даяр болууга тарбиялайт. Себеп дегенде эне балдарынын бактысын эл бактысынан бөлүп карай албайт. Адам жана жер! Бул экөөнү бир-биринен ажыратууга мүмкүн эмес. Тууган жер адам үчүн ыйыктардын ыйыгы! Анан турмуш да, эмгек да түбөлүктүү. Анткени улуу муундун ордун алардан алда канча акылдуу, алда канча парасаттуу кийинки муундар ээлеп, ата-бабалардын өмүрүн улайт, алар каалаган керегени кеңитип, алар көтөргөн чамгаракты бийиктетип, алар жаккан коломтодогу отту үйлөп тутантып, өчпөс алоого айлантат. Мына ушул кеменгер



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

философиялык толгонуулар чакан чыгарманын бүт кан тамырына тараган.

Бир кезде бир үй толо бүлөдөн жалгыз Толгонай калды. Субанкул менен Касым экөөнүн курман болгонун бир күндө угузушуп, «окшошкон эки жесир», кайнене-келин какшап, кан жутуп отуруп калышты. Адегенде ок жааган майданга кетип бара жаткан Майсалбегинин ордуна темир жолду кучактап: «Айтчы, деги дүйнө тиреги жер, кайсы эне ушинтип өз баласын бир көрүүгө зар болуп, көзүнөн кан чыгарып, жол тосту эле?.. Эмесе, ошентип жол караган эненин эң акыркысы мен болоюн! Ылайым мен сыяктуу темир жолду кучактап какшаган пенде болбосун!» – деп «кыйкырыгы таш жарып», баласын «барса келбес» сапарга узатты. Майсалбек «эрдик көрсөтөйүн деп эч качан эңсеген эмес». Ал өзүн «эң бир жөнөкөй, эң бир асыл ишке – мугалимдикке даярдап жүргөн». Заман ушул экен, балдарды тамга таанытып окутуунун ордуна колуна курал алып, жоокер болду.

Жаманчылык кошоктошуп келет. Толгонай жубайы менен тун баласынан бир күндө кош кара кагаз алгандан көп узабай эле: «Бир сааттан кийин мен Мекеним тапшырган ишке барып кайра кайтпайм. Душманды кыйратып, өзүм да жок болом... Бул жөн эле өлүп берүү эмес, бул жөн эле жанкечтилик эмес, бул өмүр сүрүүнүн эң бир эбегейсиз түрү, бул жашоо үчүн болгон өлүм», – деген Майсалбектин акыркы каты келди. Ошондо Толгонай мөгдөгөн башын өйдө көтөрүп караса, жарданган эл унчукпай аза күтүп туруптур. Кайран эне «дүйнөнүн мынчалык кең экенин да, тар экенин да ошондо сезип-билип, ай-ааламды бузуп озондоп, бакырып ыйлагысы келди. Ага болбой тиштенип тура берди». Чалгынчы лейтенант Майсалбек душмандын талылуу жерин: жашыруун топтолгон курал-жарак, окдарыларын бир түндө жок кылып, биздин жоокерлердин чабуул коюшуна жол ачып, өзү да жок болду. Уулунун мындай эрдигине энеси да сыймыктанат. Бирок Толгонайдын «оюна койсо, баласынын башка иштери менен сыймыктанса, бактылуу болор эле». Ошон үчүн эне «согушта көрсөткөн баатырдык – зор эрдик экенине талашы жок, ал үчүн башын ийип, уулуна жүгүнөт, бирок тирүү жүргөнүнө эчтекени ыраа көрбөй, ошончолук өкүнөт». Ырасында да кайсы эне өз баласын өлүмгө кыйгысы келсин.

Алиман айткандай дүйнө ушунчалык эле адилетсизби? Бир үйдөгү эки жесирдин мандайына жазылган жакшылыктын жугу да калбадыбы? Бир үйдөн кеткен төрт кишиден кантип эле бири да аман кайтпа-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

сын? Толгонайдын кенжеси Жайнак кайрылып келер. Кабарсыз кетти дегени – аман дегени го... Ылайым ошондой болсо гана. Бирок эненин жүрөгү Жайнагынын жарк этип келбесин да туюп-сезди. Ошентип келечек арзуу-тилектерин кутман талаага бирге айтышкан, саманчынын жолун бирге телмире тиктешкен, аңыз жытын бирге искешип, сайраган торгой үнүн бирге угушкан өмүрлүк жары Субанкул менен тун уулу Касымдан, ага удаа Майсалбегинен ажыраган эненин жүрөгү өлүү-тирүүсү белгисиз кенжесинин келбесин да туюк сезип турду. Аңгыча, көптөн бери күткөн жеңиш күн да кирип келди. Бирок согушту жеңген күндө да, анын күйүтү кубанычынан аз эмес экен. Анын «кубанычы көппү, же күйүтү көппү?» Толгонай да, Жер-Эне да бул соболго даана жооп бере албайт. «Анткени жеңиш олжо алып, майрам болуп келген жок. Ал бизге согуштан аман калган жоокерлердин сүрдүү кейпинде, нечен жолдор басып таманы жешилген солдат өтүгүн кийип келди». Анткени эл жеңиштен кийин жалгыз жоокер эмес, баягы согушка жөнөгөндөй жолго батпай кылкылдап топ-тобу менен келаткан аскерди күткөн. Ал эми азыр минтип, бир айылдан жалгыз Ашыралы кайтып отурат. Ошондуктан Толгонай согушту кечире албайт, согушта доосу көп. Буга Толгонайдын жүйөлүү далили бар. «Атылган ок, төгүлгөн кан – тарыхтын эсебинде, ал эми адамдардын бүлүнгөн өмүрүчү? Аны кайсы эсепке ыйгарып, тарыхтын кайсы бетине жазмакпыз? Ал үчүн ким жооп берет? «Жалп» этип окко учпаса да, Алимандын тагдырына ким жооп берет? Анын убал-сообу кимде?»

Биринен сала экинчиси, үчүнчүсү, удаама-удаа тамаша чегип, чакмак алып ойногон тагдыр, алаамат согуш Толгонайдын эң акыркы үмүтү болгон гүл сүйгөн келини Алиманынан ажыратып, бир үйдө жалгыз өзү калды. Ошондогу: «Тү, сенин бетиңе, дүйнө! Жашагым келбейт! Минтип өмүр сүргөнчө бүгүндөн калбай өлөм!» – деген Толгонайдын ачуу кыйкырыгы денеңди дүрүлдөтүп, жүрөгүңдү титиретет. Ал дагы эле ошентип кыйкырып жаткансыйт. Эми, мындан ары ал турмуштун тепкисине туруштук бере албайт го деп ойлойсуң. Анткени «согуш эң акыркы өчүн алган ошол түнкү баскан жол Толгонай үчүн эң оор жол» болду. Ошондуктан ал «ниети бузулуп, турмуштан биротоло безип» келатты. Бирок андай болбоду, себеби дүйнө тар да, кең да экен. «Алиман! Айланайын каралдым! Көзүңдү ач! – деген эненин зар какшаган үнү кутман талааны жаңыртып, келиндин көзү муз тартып, агына айланып», ошол замат ааламга келген баланын «ба-а!» – деп кыйкырган үнү өлүп бара жаткан энесине кош айт-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

кандай белги берди. Көз ачып-жумганча, бир заматта бирин узатып, бирин тосуп алып, бири өлүп, бири туулуп, көз ирмемде өмүр менен өлүмдүн айыгышкан кагылышы болуп өттү. Толгонай «Түү, сенин бетиңе, дүйнө! Кечтим сенден, жашагым келбейт», – деп турмуштан биротоло безип кетүүнү ойлоп келатканда, чапанына оролгон кызыл эт бала «тирүү жандай улам кыбырап, көл кылаасында жалгыз калган аңырдай ыңаалап боздоп, эмчек сурап жатты». Анан дал ошол учурда, ааламга жаңы келген адамдын тирүү жандай кыбыраганын, улам үн чыгарып ыңаалап ыйлаганын уккан Толгонай: «алда байкушум ай, адегенде эле энеңди жоктоп калдың го деп, ого бетер буркурап ыйлап, ошол күйүт, арман, ый арасынан: «өмүр таптакыр эле түгөнүп калбаптыр го, аягында кичинекей тирүү жан калыптыр го. Турмуш менен дагы кармашып көрсөк кантет... Кудай-ай, эми ушул наристенин аманчылыгын бер!» – деп тилеп, кандайдыр жаңыдан пайда боло калган бүдөмүк ой туткунунда калды.

Арийне, Субанкулу, үч уулу, гүл сүйгөн келининен түбөлүк ажыраган Толгонай «душманын эзелде кечирбейт, согушта доосу көп». Эми анын Толгонайда эч акысы калган жок. Бирок эне «заманына кек сактабайт». Тескерисинче: «О, Жеңишай, тилеген-самаган, күрөшүп тапкан Жеңишибиз ай! Кечиргин боздоп ыйлаганыбызды, кечиргин Алиман өңдүү келинимди. Аман кайткан Ашыралынын көкүрөгүнө башын койгулап: «Кайда менин Касымым? Кайда?» – деп чыңырганын кечиргин. Баарыбызды кечиргин, Жеңиш! Сен деп канча чолпонубуздан ажырадык!.. Ашыралыны бек кучактап, бек жыттап, Жайнагымды, Майсалбегимди, Касымымды, Субанкулумду эстеп, ичте туткан арманымды кечиргин!» – деп заманынан кечирим сурайт. Мына ушул унутулгус окуянын баарын Толгонай кайрадан баарын эсине түшүрүп, ордолуу отон талаасы, дан, шыралжын жыттанган кутман талаасы, сырдаш талаасы, асманда жаркыраган күн, сапар чеккен булут, көмөкөйүнөн не бир назик, не бир толукшуган күүлөр төккөн торгой... кыскасы, дүйнө тиреги Жер-Энеге арманын айтып, ымандай сырын төгүп олтурат. Бул шарттуу ыкманы чоң сүрөткер өтө бир орундуу, ары ынанымдуу пайдаланган.

Жер-Эне менен Толгонай заман, адам баласынын кечегиси, бүгүнкүсү, келечек-эртеңкиси, өмүр, өлүм, жашоо, тиричилик туурасында толгонушат. Бул сыр төгүүдө Толгонай өз башынын касиретқайгысын гана айта бербей, бүт адамзат атынан сүйлөйт. Мына, гүл сүйгөн Алиманынан калган белек Жанболот да он экиде, комбайн-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

чы Бекташка жардамчы. Бул ишке жиберип алып, эки күндөн кийин ичи түтпөй небересин көргөнү барса, Жанболот каадалуу кишиче кадыресе энесин тосуп, нан туурап: «Ал, эне!» – деди. Толгонай «бир сындырым нан алып тиштегенде, Касымдын колунун жытындай комбайнчынын кара май колу жыттанган нан тамагына тыгыла түштү. Көз жашы менен аны кошо күрмөп жуткан эне: «Нан өлбөйт экен го! Турмуш өлбөйт экен го, эмгек өлбөйт экен го!» – деди ичинен. Ооба, нан, турмуш, адам да өлбөйт. «Саманчынын жолу» – дал ушул үчөөнү даңктаган чыгарма. Ошончо жоготууну, башына түшкөн чексиз кайгымунду Толгонай сабырдуулук менен көтөрө билди. Жеңиш үчүн эч нерсесин аяган жок. Ошондуктан анын трагедиясы – оптимисттик трагедия! Залкар сүрөткер эненин, аял затынын, дегеле адам улуулугун, түгөнбөс кайрат-күчүн чексиз эркке эгедер экендигин асманга чыгара көкөлөтө даңктап, аны ушунчалык укмуш кайрыктарга салып, таасын боёктор менен тарта алган. Повестти окуганда ыр окугандай болосуң. Бекеринен аны айрым адабиятчылар «карандай эле ыр», «Саманчынын жолу» – адамзаттын жолу» деп айтышпаса керек.

## Суроолор жана тапшырмалар

1. Чыгарманы бүт окуп чыккыла. Жер адамча сүйлөгөнүнө ишенүүгө болобу? Адабияттагы мындай ыкма кандайча аталат? Жер менен Толгонай эмнелер жөнүндө сыр төгүшүп-толгонушат? Деги ушул ыкма силерге жактыбы?
2. Повестте кандай максатта саманчынын жолу сүрөттөлөт? Чыгарма эмне үчүн «Саманчынын жолу» деп аталат?
3. Эрдик дегенди кандай түшүнөсүңөр? Толгонайда мындай сапаттар барбы? Повесттин негизинде чакан пьеса даярдап, мектеп сахнасына койгула.
4. «Саманчынын жолу» чыгармасы боюнча өзүңөр кыялданып, окуялардын мазмунуна ылайык сүрөт тарткыла жана мектепте Чыңгыз Айтматовдун чыгармасы боюнча сүрөт көргөзмөсүн уюштургула.
5. Айылыңарда Толгонайга окшош энелер барбы? Ошолор жөнүндө дилбаян же аңгеме жазгыла.
6. Согушка катышкан, же согуш учурунда эмгектенген карыялар болсо, маектешип, эскерүүлөрүн жазып алгыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## КЫЛЫМ КАРЫТААР БИР КҮН

Бул китеп менин деним деп бил,
Бул сөз менин жаным деп бил.

*Григор Нарекаци, «Аза китеби», X кылым.*

Кечке жуук түлкү зым карагайдан оолагырак бир аңдын ичине кирип, бийик өскөн калың аткулакты аралай сойлоду да, ийрилип куйкум сары токоч болуп жатып алды. Аткулактын кочкул кызыл болуп бышкан уруктары үстүнө себеленип, төмөнтөн соккон желге куураган жалбыректар шуудураса дирт эте кулак түрүп, түлкү түн киререн күттү. Зым карагайлар бир калыпта зыңылдайт. Түлкү андан коркпойт. Карагайлар каккан орундарында какайып, кубалай албасын билет.

Бирок маал-маалы менен күркүрөп-шаркырап поезд өткөндө бүткөн бою бир силкинип, анан майда калтырап барып басылат да, түлкү ого бетер жыйрыла жатат. Жер майыштырган оордуктан жана өктөм жүрүштөн кара жер калчылдап жатканын түлкүнүн майда калтыраган кабыргалары даана туят. Ошентсе да колтук астындагы түрсүлдөгөн коркунуч менен жийиркенткен каңырсык жытка моюн бербей, булт этип тура качпай, темир жолдун жан-жакасы саал тынчтанар түндүн киришин күтөт.

Бу түлкү ушул тарапка ачкалыктан аргасы түгөнгөн кездерде гана келчү, болбосо суутуп коюппу...

Поезд өтпөй калган ара-чолодо талаа бети кулак-мурун кескендей, көчкү жүрүп кеткендей ыңжың тунжурап турат. Мына ушул жымжыртта түлкүнүн сак кулагы жогортон кандайдыр сестенте турган шоокум туят. Боз чалган талаа үстүндө ал шоокум кайдан, эмнеден чыгып жатканы белгисиз. Ал аба агымынын шоокуму, аба ырайы өзгөрөрүн кабарлаган шоокум боло турган. Куу макулук аны туюк сезет, түпөйүлдөнө жыйрылат, жалпыга келчү жамандыктын жышаанынан чаңкылдап үрүп, кыңкыс онтоп улуп жибергиси келет, бирок табигаттын бул кабарын угузууга ачкалык жол бербейт, тымпыйып жерге жите жабыша тынч жатат.

Жойлоп жүрүп талыган тамандарын жалап, анда-санда чыдай албай кыңшылап коёт.

Күз жакындап, кечкисин суук боло баштаган. Түнкүсүн тез муздап, таңга маал жер бетин шор баскан сымал кыроо түшүп калат. Бу талаа



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

макулугуна жем издеп жер кезээр кыйын кезең жакындап келатат. Жайда жолукчу сейрек илбээсин[1] да азыр жоголгон: бири ысык жактарга ооп кетти, бири жер боорундагы ийиндерине кире качты, башкасы чөл этектеп, кумдагы кыштоосуна жөнөдү. Эми ай талаада түлкүлөрдүн тукуму үзүлгөндөн бетер ар кимиси өз оокатын өзү шимшилеп, бириндеп тарап кеткен. Быйылкы бачкилер чоңоюп алган соң ар кимиси өз бетинче жортуп жөнөдү, чоңдорунун үйүгү-шөр кези али алыс. А кезде түлкүлөр жок жайдан бирин бири табышып үйүрлөшүп, үйүгүш жүргөндө дөбөттөрдүн талашы да жүрөт. Бу турмушуң дүйнө жаралган түбүнөн бери ушундай тура...

Каш карайганда түлкү аңдан чыкты. Эки жакка сес салып, кулак түрүп бир аз турду да, анан темир жолдун жалын көздөй жортуп жөнөдү. Шырп эткен дабыш чыгарбай темир жолдун бирде наркы бетин, бирде берки бетин артыла шимшилеп, жойлоп баратты. Жалдын эки тарабынан жүргүнчүлөр ыргыткан кешиктерин таап жейт. Кешик дегидей, жайнап жаткан жери жок, түлкү байкуштун тумшугуна эмнелер гана урунбайт: бирери каңылжаарын кытыгыласа, бөлөгү итиркейин келтирет, чанда бир жегиликтүү нерсеге туш болот. Поезд жүргөн жолдун эки тарабына эмнелер гана ыргытылбайт: кагаздын айрыктары, бүктөлгөн гезиттер, сынган шише, чылым түптөрү, кабырылган консерва банкалар, дагы-дагы керексиз делген таштандылар. Түлкүнүн башын айлантып жиберчү айрыкча сасык жыт сынбай түшкөн шишелердин оозунан урунат. Эки-үч ирет ошентип башы айлана түшкөн соң түлкү сынбаган шишелерге кайра жолочу болбоду. Чүчкүрүп алып, четке секирип кетет.

Коркуп жүрүп издегени өчөшкөнсүп жолукпады. Анда да үмүт кургур жетелеп, түлкү темир жолдун жалынын тыяк боору менен быяк боорун арыта шимшилеп, чарчабай барат.

Аңгыча тык токтоду, капилет бирдемеге кептелгендей эки колун серейте бооруна алып, чочоюп отура калды. Бийиктеги акшам тийген айдын буурул жарыгында түлкү эки рельсанын ортосунда ак төш, күүгүм жон элес болуп, кыймылсыз турду. Сестенткен доош алыстан туюк дүңгүрөгөнсүйт. Бирок али алыс. Антсе да сактык сезим түрткөнсүп, түлкү куйругун чычайта кармап, абай аттап жолдон чыкмакчы болду. Бирок издегени ушул эле тегеректе жатканын сезип, далбасалап калды, жалдын тик боорун ары-бери жойлоп шим-шилеп жиберди. Ушул эле

[1] *Илбээсин* – жапайы майда жандык жана чымчыктардын түрлөрү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жерде болуш керек, сезип барат, тумшугуна мына азыр илинчүдөй. Бирок жер солкулдап, темирлер шарактап, алыстан алиги айбаттуу балээ улам күчөп келатат. Канча сак болсо да саал эле буйдалганча эси чыгып кетти, канаты шамга тийген жетим көпөлөктөн бетер далбас алгыча болбоду, тиги бурулуштан чыккан эки боор жарык темир жолдун эки тарабындагы караңгыны төшкө тепти, теребел купкуу болуп кумсарып, өлүү жаткан жердин бетиндеги жабууну сыйрып алгандай болду. Коштошкон эки локомотив жүздөгөн дөңгөлөктүү узун составды тартып, топурап басып келатты. Аба чаң, күйүк жыттанып, жапырылган шамал бетке урду.

Түлкү четтеги караңгыга боюн таштады, кылчак-кылчак каранып, жер менен жер болуп качып жөнөдү. Булгактаган оттору бар тиги шумдук куйругу көпкө үзүлбөй дөңгөлөктөрү шака-шак, күркүрөйт да шаркырайт. Түлкү байыр алган жеринен улам тура чуркап, качкан бойдон кетти...

Далайга барып эс ала токтоп турду да, кайра эле болбой темир жолго бура тартты. Ач курсак аргасыз кылды. Бирок алдыдагы кара сызыктан дагы оттор көрүндү, дагы кошоктошкон эки локомотив эки кучак күчтүү жарыгын караңгыны каптатып, жүктүү узун состав сүйрөп өттү.

Мына ошондо түлкү талаа бетин бир кайрып салып, темир жолдун поезд жүрбөгөн башка жеринен чыкмакчы болду...

## АДАБИЯТ ТЕОРИЯСЫНАН: КӨРКӨМ ШАРТТУУЛУК ТҮШҮНҮГҮН ТЕРЕҢДЕТҮҮ

Искусстводогу көркөм шарттуулук дегендин кеңири жана тар маанеси бар. Дегеле көркөм чыгарманын табияты өзүнөн-өзү шарттуулукту талап кылып, кандайдыр бир окуяны, көрүнүштү баяндоонун өзү да шарттуу боло берет. Белгилүү бир максат менен сүрөткер турмушта болбой турган окуяны баяндаган учурлар да кездешет. Көркөм шарттуулук фантастика, символ, гротеск, гипербола, аллегория түрүндө колдонулат. Мисалы, В. Шекспирдин «Гамлет» трагедиясында арбак тирүү кишидей сценага чыгып, Жеңижок бир ырында жалгыз тал менен «баарлашат». В.В. Маяковский күндү адамга «жүгүнтөт». Ж. Бөкөнбаевдин поэмасында ажал менен ар-намыс кадимки кишилердей сүйлөшөт, пикирлешет, а түгүл алыскы согуш майданына барып «күч сынашат». Шарттуулук чындыкты ачууга «көмөктөшүп», окурманды



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

же көрүүчүнү сүрөттөлүп жаткан окуядан оолактатпай, тескерисинче, ага жакындатып турушу зарыл. Ошондо гана ал өз кызматын аткарып, эстетикалык күчкө эгедер болот.

Ч. Айтматовдун «Саманчынын жолу» повестиндеги шарттуулуктун эң башкы көрүнүшү – Жер-Эне менен Толгонайдын аңгемеси. Эч качан, эч бир заманда жер менен пенде баласы сүйлөшүп көргөн эмес, андай болушу адамдын оюна да келбейт. Бирок жазуучу көркөм кыялдын, фантазиянын күчү менен ал экөөнү «сүйлөштүрүп» отурат. Мындагы автордун максаты эмне? Повестте шарттуулукту жүйөлүү колдонуу менен, биринчи кезекте чыгарманын таасирдүүлүгү арткан, бир айылдагы Толгонай эненин тагдырын жалпы адамзаттык алкакта, кеңдикте көркөм иликтөөгө мүмкүндүк түзүлгөн. Тагдырлаш, сырдаш, максатташ эки эне: бири – бүт ааламдын энеси Жер, экинчиси – адамдардын энеси Толгонай. Алардын өмүр-таржымалы жакын, каргаганы согуш, бири – арманын айтуучу, экинчиси – ошол арман-күйүттү угуучу, ал касирет-кайгыны бүт ааламга таратуучу. Демек, экөөнүн ортосунда жакындыктар, окшоштуктар бар. Экинчиден, башкы каармандын көйгөйү ушунчалык күчтүү, ушунчалык арманга толгон күйүтү менен бугу бар. Аны адам баласы угуп бүткөн. Эми ал арман менен күйүттү дан, шыралжын жыттанган ордолуу отон талаа, асманды жаркыраткан Күн, сапар чеккен булут, көмөкөйүнөн не бир назик күүлөр төккөн торгой – бүт дүйнө тиреги Жер угушу керек эле.

«Саманчынын жолу» – баштан аяк диалог, Жер менен Толгонайдын дат, касирет-арманын айтып сүйлөшүүсү. Чыгармадан бул шарттуулукту алып, Толгонайдын гана жеке өз сөзүн, б.а. монологун калтырсак, повесть мынчалык кудурет-күчкө эгедер болмок эмес. Сүрөткердин ири ийгилиги дал ушул шарттуу ыкманы майнаптуу колдонгондугунда.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# НАСИРДИН БАЙТЕМИРОВ

**(1916–1996)**

Менин апам жомок жандуу болуптур,
Бешигимди дастандардан жонуптур.
Ороочу жок жармач ошо кезекте,
Мага жалаң жомок ороп коюптур.

Белгилүү прозаик, акын жана драматург Насирдин Байтемиров апасы Аруукe жөнүндө өзүнүн төрт саптарында ушундайча эскерет. Ырасында эле ал ымыркай кезинде апасынын кошок, жомокторун угуп, бешиги да, ороочусу да ошол кошок, жомок, дастандардан болгон экен. Жазуучунун өзүнүн айтымында жаштайынан кара жаак Калмырза менен ак таңдай акын Осмонкулдун ырларын жатка айтыптыр.

Насирдин Байтемиров 1916-жылдын апрель айында Чүй районундагы Кегети айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Айылдык мектепти бүтөрү менен Фрунзедеги зооветинститутун даярдоо бөлүмүнө өтүп, 1934-жылы 1-курсуна кабыл алынат. Жогоруда айтылгандай, энеси Аруукенин кошоктору, Калмырза, Жаманкул менен Осмонкул сыяктуу атактуу ырчылардан уккан жанды таңданткан, нөшөрлөп төгүлгөн ырларынын таасиринде чоңойгон жаш жигитти студенттик турмуш, китеп дүйнөсүнө аралашуу, сөз кудурети, анын сыйкырдуу сыры өзүнө тарта берди. Ошентип, анын чыгармачылык таржымалы студенттик мезгилден башталды. 1934-жылы «Ленинчил жаш» газетасында «Жаш тилек» аттуу алгачкы ыры жарыяланат. 1937–1939-жылдары аскер кызматын өтөп келери менен энесинин, айрыкча бир укканын унутпаган куйма кулак агасы Касымдын айткан жомокторунун негизинде жазылган «Жомоктор» деген китеби 1939-жылы жарыкка чыгат.

Согуш жылдарында ал айылда жүрүп, бухгалтер, зоотехник, мугалим болуп иштеди. Дал ушул элет жеринде Н. Байтемиров жазуучу



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

үчүн эң зарыл болгон турмушту үйрөнүү мектебинен өтүп, кийинки жазылчу чыгармаларына бай материал жыйнайт. 1945-жылы Фрунзеге келип, «Кызыл Кыргызстан» газетасына кызматка орношот. Ушундан баштап эл аралап, чоңураак чыгарма жазууга камынды. Натыйжада «Азамат» аттуу повестти жарыкка чыгарды. Мында автор согуш учурунда өлкөнү коргоо үчүн бүткүл кайрат-күчүн жумшаган кыргыз уч-кучу Азаматтын образын түзүүгө аракеттенет. Ошондой эле оор окуяларды ишенимдүү сүрөттөө менен, кыргыз элинин убадага, достукка, сүйүүгө бекем асыл сапаттарын таамай чагылдырууга далалаттанат.

Реалисттик проза жаратууга жасаган аракетин Н. Байтемиров 1949-жылы «Жаш жүрөктөр» романынын биринчи китеби «Салтанатты» жазуу менен улантат. Ал романдын экинчи китебин «Жаш жүрөктөр» деген ат менен 1953-жылы жарыялады. «Салтанат» романы – Н. Байтемировдун чыгармачылыгындагы бурулуш учур. Бул жаш жазуучунун чыгармачылыгындагы гана эмес, ошол мезгилдеги кыргыз прозасындагы жаңылыктардын бири деп эсептелинип жүрөт. Н. Байтемировду коомчулукка прозачы катары таанытkан чыгармасы да ушу «Салтанат» романы болду. Согуш мезгилинде өзү түздөн-түз катышкан айыл турмушун, андагы иштеген карапайым элдин күжүрмөн эмгегин, биримдик-ынтымагын, кайрат-күчүн, кайгы-капасы менен кубаныч-шаттыгын жазуучу романдын өзөк окуялары кылып алган.

Н. Байтемиров жетишерлик турмуштук, жазуучулук тажрыйба топтогон кезде да адабий билимин көтөрүүнү эңсеп, Москвадагы М. Горький атындагы адабият институтуна кирип, аны 1955-жылы бүтүрдү. Жазуучунун «Акыркы ок» романынын жарык көрүшү дал ошол окууну бүткөн жылга туура келди. Буга удаа аялдар темасындагы үч романы жарыяланып, алар авторду кыргыз адабиятындагы белгилүү романчы катары таанытты.

«Жылдызкан» (1958) романында сүрөткер «Жаш жүрөктөрдөй» даяр каарманды албастан, Жылдызкандын кичинекей кезинен тартып кандай турмушту башынан өткөргөнүн, көз карашынын калыптанышын, кулк-мүнөзүн, дүйнө таанымын ар тараптан кеңири сүрөттөп жүрүп отурат.

1966-жылы жарык көргөн «Тарых эстелиги» сүрөткерге реалисттик проза жазуунун, тарыхый роман жаратуунун чыгаан өкүлдөрүнүн бири катары атак-даңк алып келди.

«Тарых эстелиги» романынын нарк-насили, таалим-тарбиялык мааниси жөнүндө окурмандар арасында да, адабий сында да жылуу



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

пикирлер айтылды. Н. Байтемиров үчүн «Уркуя» эч качан өзүнүн актуалдуулугун жоготпой, ал гана эмес, биротоло жазуучунун стихиясына айланып кеткендиктен, автор бул темага кайра-кайра кайрылып, «Уркуя» поэмасын, «Уркуя» драмасын жазып, ар кандай жанрдагы жаңы чыгармаларды жарата берүүдөн тажаган жок.Ал «Уркуядан» башка да «Күйөө», «Ким күнөөлүү?», «Жолдо», «Адамдын аты» драмаларын, «Эненин жүрөгү», «Аста, секин колукту» музыкалуу комедияларын жазган. Эң негизгиси, Н. Байтемировдун калеминен «Сонундар дүйнөсү» (1967), «Санта» (1970), «Турмуш элеги» (1972), «Козголоңчу аял жана сыйкырчы» (1984) сыяктуу көркөм дөөлөттөр жаралып, кыргыз адабиятында роман жанрынын бөксөсүн толтурууга зор үлүш кошту.

Н. Байтемиров –поэзия жанрында да үзүрлүү эмгектенген кыргыз акындарынын ирилеринин бири. Сүрөткер көркөм адабияттын босогосун ыр менен аттап, чыгармачыл өмүрүнүн төрүнө да ыр менен келди. Башкасын айтпаганда да, «Жүрөк күүсү»(1955), «Сүйгөнүм» (1957), «Канаттуу күндөр» (1964), «Эриген таш» (1969), «Махабат дастаны» (1975), «Махабат жазы» (1979), «Махабатым –канатым» (1981) сыяктуу көлөмдүү ырлар жыйнактарынын өзү эле кыргыз поэзиясынын тарыхынан көрүнүктүү орундардын бирин алып берүүгө кудурети жетет. «Насирдин Байтемировдун поэзиясы өзүнөн-өзү төгүлүп, куюлуп, ээ-жаа бербей жээкти чапчый агып кирген дарыяны көз алдыга элестетет. Акындын кыялдануусу октос берген толкундай бирде өркөчтөнүп, кубаттуу, күчтүү көрүнсө, бирде толукшуган денесин жыйрып алган көл шарпыны сыңары артка чегине берет...»[1]

## КАЛЕНДАРДЫН БАРАГЫ

Жемиш эмес, үзүп алып жегендей,
Айрып салдым, күн үзүлдү баректан.
Бир күн калды кайра келгис серпилип,
Жоготтум ээ? Табар экем каяктан?

[1] *Артыкбаев К.* Кыргыз адабиятынын тарыхы. –Ф.: Мектеп 1982. – 433–434-б.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Күн серпилди календардын бетинен,
Бирок менин толо түштү акылым.
Балким ошол серпилген күн болбосун,
Толтуруучу менин акыл азыгым.

Серпилбесе туруп алып бир жерге,
Өспөй калсам, өспөй калсам жаман да.
Серпилген күн, айрылганы баракты.н.
Өсүү белем, өөрчүү белем адамга.

Барак кетти календардын бетинен,
Жула качты бир күнүмдү аркага.
Алга карай зуулдап кете беремин,
Тагдырымда жалгыз күнүм калса да.

Күн үзүлдү өмүрүмдөн бөлүнүп,
Бирок анын үзүлгөнүн сезбедим.
Календардын барагынан байкадым,
Бир күн артка зуулдап учуп кеткенин.

Күн үзүлдү, серпе албады өзүмдү,
А да болсо күүмдүн күчү деп койгун.
Андан болсо менин календарымдын,
Көлөмү деп миң жылдарга чек койгун.

## Суроолор жана тапшырмалар

1. Жогорудагы маалыматтардан жазуучунун өмүрү, чыгармачылык жолунун уруңтуу кандай учурларын байкадыңар? Сүрөткердин аңгеме, повесть, романдарынын нарк-насили жөнүндө эмне билесиңер? «Н. Байтемировдун лирикасы, поэзиясы, поэма-дастандары, аңгемелери, повесттери, романдары» деген темалардын биринде окуучулардын конференциясын өткөргүлө.
2. «Календардын барагы» ырын окуп, өз ой-пикирлериңерди айтып бергиле.
3. «Н. Байтемиров – прозаик, акын, драматург» деген темада дилбаян жазгыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КАСЫМ КАИМОВ

(1926–1989)

К. Каимов 1926-жылдын 6-мартында Талас районунун Өзгөрүш айылында туулган. 1941-жылы орто мектептин IX классын аяктап, 1945-жылы Фрунзедеги мугалимдер институтун, ал эми 1949-жылы Кыргыз Мамлекеттик пединститутту бүтүрөт. Эмгек сапарын 1942-жылы райондук гезитте жооптуу редактор болуп иштөө менен баштайт. Бир нече жылдар областтык газетада котормочу, 1952–54-жылдарда журналда бөлүм башчы, 1955–56-жылдарда жооптуу катчы болуп эмгектенет. Ошондон баштап 1979-жылга чейин «Кыргызстан пионери», «Чалкан», «Ала-Тоо» журналдарында, «Кыргызстан маданияты» жумалыгында жетекчи кызматтарда иштеди. 1979-жылдан өмүрүнүн акырына чейин жазуучулар союзунун Талас облусу боюнча кеңешчиси болуп эмгектенди. Касым – азыркы көп кырдуу кыргыз адабиятында жекече орду бар, өз үнүн, өз почеркин табуу машакатында далай изденүүлөрдү башынан өткөргөн жазуучулардан.

К. Каимов кыргыз журтчулугуна адеп сатирик-аңгемечи катары тааныльды. Анын сатиралык аңгемелеринин туңгуч жыйнагы «Соңку жолугушуу» деген ат менен 1955-жылы жарык көрдү. Жаш калемгердин алгачкы жыйнагы адатта ийгилик алып келе бербейт. Бирок Касым биринчи жыйнагында эле калеми төшөлүп калган, келечегинен көптү үмүттөндүргөн сүрөткер катары өзүн тааныта алды.

Эгер жазуучунун алгачкы чыгармачылык кадамына жалпы мүнөздөмө берсек, анда «Соңку жолугушуу» аңгемелер жыйнагында эле К. Каимов өзүн негизинен жөндөмдүү юморист-аңгемечи катары көрсөттү. Ал жыйнактагы жана андан кийинки жылдардагы бир катар юмордук аңгемелери кыйла чыйрак жазылып, карапайым окурмандардын да, адабий коомчулуктун да көңүлүн өзүнө бура алды. Бул жылдары «Соңку жолугушуудан» тышкары «Адашуу», «Мектеп жолунда»



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

аңгемелер жыйнактарын чыгарат. Мына ушул кийинки жыйнактарында анын сатирик катары жөндөм-шыгы өзгөчө ачылып, коомдогу, жашоо-турмушубуздагы кемчиликтерди мыскылдап, кескин сындады. Турмушта арбын кездешкен бой көтөрүп менменсинүү, текеберчилик, бюрократтык, кошоматчылык, көз боёмочулук, аксымдык, алдым-жутумдук, аракечтик, паракорлук сыяктуу терс көрүнүштөр анын «Начальниктин кабагы», «Теке сүзгөндө», «Бөтөлкөдөгү киши» сыяктуу сатиралык аңгемелеринде чукугандай таамай айтылган тымызын шылдың, жылма какшык менен чындыктын чечекейин жара сайып, мындай терс көрүнүштөр баш көтөргүс абалга жеткирилип ашкереленет.

Сүрөткердин чыгармачылыгындагы олуттуу бурулуш кантсе да «Атай» романы болду.

«Атайды» жазууга материал топтоо, анын замандаштары менен баарлашуу, улуу обончу жашаган доорго серп салуу, эң негизгиси романдын жарык көрүшү автордун көңүлүн көтөрүп, экинчи бир өнөр ээсине кездештирип, жаш сүрөтчүнүн тагдырына арналган «Талаа жылдызы» (1964) повестин жарыялады.

Ушундан кийин ал коомдук иштерге аралашып, бир нече жылдар бою «Ала-Тоо» журналынын, «Кыргызфильм» киностудиясынын, «Кыргызстан маданияты» жумалыгынын башкы редактору болуп иштеди.

1973-жылы жарык көргөн «Кыш ыргактары» повести адабий сында К. Каимовдун чыгармаларынын мыктысы деп бааланып жүрөт. «Жигит баратат», «Ийри жылан» повесттери «баш көтөрбөй окугандай кызыктуу». «Шектүү кадам», «Жолборс жетелеген зайып» аңгемелери «такшалган автордун таамай тарткан образ-сүрөттөөсүнө каныккан, сыймдуу стилди да өнүктүргөн жазуучунун үчүнчү бир жазуучулук этабын белгилейт. Ал эми «Омор агай», «Теке сүзгөндө», «Анарбайдын көпүрөсү», «Токол» өңдүү аңгемелери жалпы эле кыргыз новеллистикасында өзүнө татыктуу орунду ээлейт, бул туундулар менен К. Каимов кыргыз прозасындагы аңгеменин чебери катары бааланууга акылуу».

«Кыш ыргактарынан» кийин жаралган «Белгилүү эркек» (1975), «Ийри жылан» (1981) повесттери жана «Акырын күтпө» (1984) романдарынын ар биринин сүрөткердин жекече чыгармачылыгында, дегеле кыргыз адабиятында өз орду, көтөргөн жүгү бар.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# АНАРБАЙДЫН КӨПҮРӨСҮ

*(Аңгеме)*

Кырка тоолордун мээримдүү коюнунда мемиреген кең өрөөндүн көркүн ачып, атагын көкөлөтүп, кыял күүсүн козгогон – анын шар суусу менен көк жашыл токою. Өзөн бойлоп, кыркалекей тартып, шуудураган токой кээде тирелишип жыш, кээде суюлуп, өрөөндүн этегине жетпей түгөнөт. Өзөн болсо сай-сайда куйган туура суулар менен кубатталып, тоонун деми менен эпкини сүрөп, өрөөндүн четинен алыска-алыска, чексиз мейкиндикке сапар тартат.

Кишилерди ойлонткон, убара кылган суу. Кургакчылыкта – анын кааты өтөт, жаан-чачын арбыса – каары өтөт. Көкүрөк тарапта өрөөндүн ичинен өрөөн чыгарган адырлуу кырканын этеги кызыл урчуктуу аска болуп чалкаят да, өзөн дал ушул жерден кууш тартып, агымы таштан-ташка урунуп зоо жаңырат. Ушул жердеги көпүрөдөн эзелтен эл үзүлбөй, жүргүнчүлөр тынбайт. Бул көпүрөнү эл Анарбайдын көпүрөсү деп аташат. Көпүрө аман турганда эки өрөөн тынымсыз байланышта, анын ачакейлиги да сезилбейт. Көпүрө бузулса тигишинен ыдырап, эки багалеги эки жакка кеткен шымдай болуп өрөөн бири-биринен ажырап калат.

Ал эмне үчүн Анарбайдын көпүрөсү деп аталган? Анарбай устабы? Же жердин аты ошондойбу? Аны менен жүргүнчүлөрдүн иши барбы. Жол шыдыр, көпүрө ордунда болсо, андан башка эмне керек. Күндөрдүн биринде Анарбайдын көпүрөсүнө коркунуч түштү. Күтүлбөгөн учурда суу ташкыны күчөп, кууш өзөн алабармандап көтөрүлүп отуруп, шарпылдаган ылайлуу суунун чачырандысы көпүрөнүн үстүнөн өткөн кишилерге серпиле баштады, машиналар өйүз-бүйүздө шыкалып, атчандар да, жөөлөр да жарданып туруп калышты. Өрөөндүн тарыхында кулак угуп, көз көргөндөрдүн ичинен эң мыктысы ушул көпүрө эле. Ал он жылдан ашык убакыттан бери суу ташкыны менен каптаган селдин далай сынынан өткөн. Тоо суусунун кыялын болжоого мүмкүн эмес экенин кишилер бүгүн түшүнүштү. Суу жетпейт делген үч метр бийиктиктеги көпүрөнүн үстүнө ташкындаган толкундар жабыла берип жатты, керемет түркүк кычырай баштады. Жүргүнчүлөр арасында кобурашуу башталды:

– Анарбай чала иштеген экен, дагы бир метр бийик көтөргөндө болмок экен.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

– Силер эмнени айтып отурасыңар? Анарбай деген киши эбак дүйнөдөн кайткан?.

– Антпей эле бул Анарбайдан кийин салынган көпүрө, – дейт дагы бирөө. – Анарбай жөнүндө талаш курчуй берди.

– Анарбай тирүү бекен? Аныгын билген киши барбы?

– Ким билсин, көпүрө жөнүндө айтсаңчы!

...Бир оокумда качыр-кучур эткен шумдуктуу дабыш чыкты. Шойком болорун сезип, аны күтүп тургандар сестейе калышты. Шумдуктуу добуш чыкканда түркүк кыйраган окшойт, чейрек кылымга моюн бербей турган даңкайган чоң көпүрө бел ортосунан бүктөлө түшүп, мүрдөмгө келбей ылайлуу сууга аралашып жок болуп кетти. Ар кайсы жерден сорок эткен жыгачтар гана көрүнүп баратты. Көпүрөнүн эки башынын орду эңшерилип, чаңы уюлгуп калды. Ошентип, талаштын акырын ташкындаган өзөн өзү чечти. Ал жерде тургандардын бири күңк этти: «Анарбайдын көпүрөсү азыркы шартка жарабайт. Жаңыча көпүрө жөнүндө капкачан ойлоо керек эле». – Калгандар анын сөзүнө макул болушуп, унчукпай калышты. Эки чакан өрөөндүн жана аларды бириктирген бүткүл чоң өрөөндүн катнашы токтолду.

...Курулуш жумуштары адаттан тышкары, суу тартыла электе башталды. Өйүз-бүйүздө өңчөй техника: таштарды, курулуш материалдарды жүктөгөн машиналар, бульдозёрлор, крандуу машиналар. Баары темир, уютулган таш. Эл арасында «таш көпүрө», «темир көпүрө» салынат экен деген сөз тарады. Абышкалардын бири гана өзүн башкача кармайт. Ал көбүнчө көпүрөнүн кандай куруларын билгиси келет. Бирде долбоорду тиктеп отурган адистердин, бирде жумушчулардын жанына келет. Көпүрөнү тез бүтүрүү үчүн ашыккан кишилердин аны менен жумушу эмне. Анын ак топусуна, чычайган аппак мурутуна да көңүл бурган эч ким жок.

Жумушчулар менен техника Анарбайдын көпүрөсү бузулгандын эртеси эле келишкен. Адегенде алар өйүз-бүйүздү байланыштырыш үчүн асма көпүрө орнотушту. Жумушчулар менен катар зарыл иштери бар кишилерди биринчи иретте өткөрмөк болушту. Курулуш инженери көп кишилердин арасынан алиги ак топучан абышка менен балалуу аялды көпүрөгө биринчи чакырды. Балалуу аял келди. Абышка баш тартты. Убакытын эптеп өткөрө албай жүргөн бекерчи экен дегенсип, аны ошондон кийин такыр капарга албай калышты... Жүргөн бир ак топу деп коюшту. Жумуш күнү-түнү кызыды. Башкалар келбесе да баягы ак топулуу, чычайган аппак муруттуу абышка чыккан күн менен кошо



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

келип жүрдү. Кебетесинде анчалык бырыш жок, жүрүш-турушу тыкан болгону менен ал сексенден ашып калган эле. Көзү да кадимкидей. Кулагы гана каңырыш. Аны менен сүйлөшпөгөндөн кийин кулагынын жайын кайдан билишсин.

Ал адегенде эле оңурайган көпүрөнүн ордун тиктейт. Суу бир калыпта жошодой кызарып, жыландай ийрилип акканын, агындылар бирде көрүнүп, бирде көрүнбөй тарбаланган кетип баратканын көрөт. Башын чайкап коюп, анан курулушчуларды тиктейт. Суу кирип жаткан учурда кандай неме көпүрө салат? Булар өтө айлакер же тажрыйбасы жок балдар. Балким курулуш материалдарын жыйнап, камылганы бүтүргөнчө ташкын басылар. Антип ойлоюн десе аларда суудан ырайым күтүүчү кебете байкалбайт. Пландарына ишенет окшойт. План деген кагаз. Тилсиз жоо планга баш иеби? Абышка аларга оюн ачык айтайын десе, ишке биротоло чечилип кирген балдар акылынан ажыраган экен дешпесин деп чочулайт. Ак топучан адам жээкте таягына жөлөнүп, жумуштун чаркын байкап турганда, бульдозёрчу жигит көпүрөнүн бир жаккы башын каза баштады.

– Бул маспы? – деп ойлоду абышка. – Мас болсун, соо болсун мунусу туура эмес. Мындан ары унчукпай коюуга чыдабай, таягын булгалап, жигитке кыйкырды:

– Ай, бала, токтот! – Буга эмне болду? – дегендей жигит моторду басып, – токтот дейм, токтот! – деген сөздү укту.

– Менде бир эле начальник бар. – Жигит моторду кайрадан от алдырды. Андан оной кутулуу үчүн жигит начальникке карай кол жаңсады. Ак топу ишаратты жакшы түшүнгөнсүдү. Бөжөндөй басып инженерге жетип барды.

– Балам, көпүрө сала турган жерди эмнеге басайтасың? Көпүрөнүн бийиги жакшы эмеспи? – Абышка аны кеңешке чакыргысы келди...

– Ооба, бийиги жакшы. – Инженер жигит кеп-кеңеш бүткөндөй жөнөп кетти. Аңгыча бульдозёр жээкти оңурайта казып да бүтүп калыптыр. Ошол жерге башка жумушчулар келишип, чуңкурду таш, цемент менен кайрадан толтурушту. Мына эми көпүрөнүн жерпайы бекем жана бийик болду. Абышка баятан бери бекер убараланып жатканын, балдарга бөөдө жаман көрүнгөнүн түшүндү. Ал жээктен алыс кетпей, мандаш урунуп, көпүрөнү тиктеп, ойго батып отурат, чочугандай селт этет. Көпүрө жакты карайт. Аркайган узун темирлер жээктин эки жагына арта салынып калган. «Атакей, бул эмнеси?!» Карыя калчылдап ордунан туруп, жээкке жакындайт. Ооба, түркүгү жок темир көпүрө!



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Түркүгү жок көпүрө да болчу беле?... Таякка өбөктөгөн абышка көпкө турду, көздөрүн жумду. Бир нерсени эстегендей болду... Курулуш иши күнү-түнү жүрүп жатты. Баягы ак топулуу, чычайган муруттуу абышка эми келбей калды. Анын келген-келбегени менен эч кимдин жумушу болбоду...

Курулуш жумуштары аяктады. Жумушчулар менен адистер кетүүгө камынышты. Ошол учурда айыл тараптан келе жаткан атчан адам көрүндү. Аны көзгө чалдыктырган – артынган кымызы, өңөргөн козусу. Жакындап келген атчан баягы ак топулуу абышка экен. Бирок азыр башына кийгени ак калпак, үстүнө төө жүнүнөн жасалган жука саргыч чепкен, кийими өзгөрүп, өзү да ат үстүндө олбурлуу. Аны менен атайын таанышпаган кишилер чычайган аппак мурутунан улам анын баягы «ак топу» экенин божомолдошту. Эгер атчан киши жаш болсо, кымызынды сат дешип, оюн-чынга салып эсин оодарышмак. Бирок сакалдуу адамга эч ким батынбай жол ача беришип, салам айтышты. Карыя алик алды, бирок шыр өтүп кеткиси келбегендей, ат тизгинин тартты. Инженер абышканы көздөй озунду:

– Ата, жол ачык, чочубай өтө бериңиз!

– Балам, сен мени каякка өткөзгөнү жүрөсүң?

– Каякка баратасыз?

– Менин жайыма коё туруп буларды түшүрүп алгыла, – деди абышка. Ушу сөздү гана күтүп тургандай жигиттер козу менен кымызды даректын көлөкөсүнө алып барышты. Абышка өзү да атынан түштү. «Буларды кимибизге алып келди? Же сатканыбы?» – деген ой ар кимисинин оюнда. Инженер абышканы жандай басып, көлөкөдө чогулган кишилердин жанына келишти. «Жигиттер, кана кымызды ичпейсиңерби!» – деген сөз кожоюндан качан чыгат дегендей абышканы суроолуу карашты. Ынак жана муздак кымызга эл каркындай түшкөндө гана абышка сөз баштады:

– Балдарым, жаңы көпүрөнөрдү куттуктайын деп келдим. – Кубанышкан жигиттер ага ыраазы болгондой баш ийкешти. – Балдарым, мен эски көпүрө менен коштошкону келдим. – Бул сөзгө эч ким маани бербеди. – Балдарым, силер да мени менен коштошсун деп келдим. – Анын сөздөрү салмактуу, ойлуу чыккандыктан, бул абышка ким өзү дегенсип, отургандар аны суроолуу тиктеп калышты.

– Эмесе, мени таанып алгыла! Анарбай деген менмин, – деди абышка. – Бардыгы тым-тырс. – Ар нерсенин учуру болот... Тааныша турган, сырдаша турган убакыт эми келди. Адегенде кымызынарды



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ичкиле, козуңарды сойгула! Козу дароо союлуп, чоң казанга түштү. Кымыз ичилип жатты. Абышка ныкталып отурду. Сыягы узун сөзгө түшчүдөй...

– Анарбайдын көпүрөсү салынганына элүү жылдан ашты. Ал көпүрө бар болгону үч жылча турду. Андан берки көпүрөлөрдүн Анарбайга тиешеси жок. – Бул абышка эмненин башын оорутат, – деп ойлоду уккандардын бир катары.

– Илгери биздин өрөөндүн эли жоокер болчу экен, – деп койду Анарбай, – тышкы душмандар менен кармашпастан, өз ара чабышчу экен. Менин жаш кезим... Өрөөндүн бир тарабын Кызылбаш болуш, бир тарабын Карабаш бийлечү. Алар өмүр бою касташты, чабышты. Далай эр өлдү, майып болду. Далай көз жаш төгүлүп, далай кун төлөндү. Эки тараптын бири бирде жыгып, бирде жыгылып, бирок биротоло жеңилип, кол куушуруп бергени болбоду.

Чабышуу ушу суунун өйүзүндө же бүйүзүндө болор эле. Анда ушу темир көпүрөнүн ордунда эки узун жыгачтан салынган солкулдак көпүрө боло турган. Качкан тарап шашылыш түрдө солкулдак көпүрөдөн өтүп, анан жыгачты бери жээкке тартып коёр эле. Кууган жак суудан өтө албай калчу. Ошол заманда солкулдак көпүрө оюнчук болгон. Эрегишкен тараптын кайсынысы болбосун, аны каалаган убагында тартып коёр эле. Ошентип, өйүз-бүйүз болуп, өрөөн экиге бөлүнүп калчу. Жаатташуу, барымта күчөй турган. Өрөөндүн эки жагы бири-бирине душмандашып, бирдик, ынтымак кетип, кайран эл азапка түшкөн, алсыраган... Анан өрөөнгө кеңеш өкмөтү орноду. Кара таман, ак ниет кедейдин баласы деп мени болуш шайламак болушту. Эл башкарып көргөн эмесмин, билимим жок деп мен безилдеп качтым. Эл айтканыма көнбөдү. Акырында аргасыздан макул болуп, мындай деген шарт койдум: «Анда эмесе менин жардыгыма макул болосуңар», – дедим. Бул сөзгө алар муюшту. «Эки өрөөндү түбөлүк бириктирүүчү көпүрө салабыз!» – Бул болуш шайлангандагы биринчи жардыгым болду. Эл чуу этип менин сөзүмдү коштоп кетишти. Айтканды аткардык. Колума балтамды алып, элди баштап бардым. Тандап жыгач кесип, ташты, кумду замбар менен ташып, көпчүлүк коёбу, мурун бул өзөндөгүлөр көрбөгөндөй бир чоң көпүрө салдык. «Тексиз болуш өз жосунуна түшүп, жыгач көтөрүп жүргөнүн көр», – деп манаптар табалашты. Алар биздин көпүрөнүн маанисин түшүнгөн жок. Эл аны Анарбайдын көпүрөсү деп аташты. Ал чоң көпүрөнү эч ким буза албады, эл ынтымактуу жашап калды...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Илгери көпүрө үчүн эки кырсык болгон: бирөө – жаатташуу, экинчиси – суунун ташкыны. Көпүрөнүн биринчи кырсыгы түбөлүккө жоюлду. Бирок экинчи кырсыгынан элүү жыл өтсө да арыла албай жүрдүк. Эми акыры кырсыктан, балдар, силер куткардыңар. – Анарбай сакалын сылай ойлоно калып, инженерге кайрылды, аты Турар экенин билди да: «Турарым, эмесе көпүрөнүн тарыхы ушундай!» – деп койду. Аңгыча оокат даяр болду. Сөз токтоду. Козунун эти желип бүткөндөн кийин абышка кайрадан сөзгө кирди.

– Макул десеңер бата кылуудан мурун акылдашалы...

– Биз макулбуз, ата!

– Эмесе мындай, мурунку көпүрөлөрдүн баары бири-бирине окшош жыгач көпүрөлөр эле. Анын баары чынында Анарбайдын көпүрөсү болгон. Азыркыңар башка. Анарбайдын колунан келмек түгүл акылына сыйбас керемет. Ар нерсени өз аты менен атаган жакшы. Силер менин сөзүмдү эп көрсөңөр, темир көпүрөнү Турардын көпүрөсү деп атайлы. Кана, Турар балам, тура калып бата сура!

– Аксакал, жаңылышасыз! – Турар чебеленип кетти, – Атты эл коёт.

– Биз элбиз, – деди Анарбай, – мына, азыр бата кылып көпүрөгө сенин атыңды коёбуз. Ошо бойдон элдин баары аны Турардын көпүрөсү – деп атап калышат! – Туш-туштан абышканы жаалап жибериштн. Алардын сөзгө көнбөсүн түшүнгөн соң Анарбай шылкыйып туруп калды.

– Бата суралбай орундарынан турушту. Анарбай менен таанышуу ыкластуу, ынтаалуу башталып, коштошуу оор болду. Абышка кабагын саландатып, кадимкидей убайымга түштү. Аны Турар өзү атказды. Анарбай атка минип бастырып кетер алдында жигиттерге акыркы жолу көз чаптырды. Алардын иреңи кубанычтуу эле. Ал кеткенден кийин көпүрөнүн жазы темиринин бетине электр менен ширетилген «Анарбайдын көпүрөсү, 1969-жыл» деген жазуу пайда болду.

## «АНАРБАЙДЫН КӨПҮРӨСҮ» – ЖАҢЫ САЛТТЫН УЛАНЫШЫ

Аңгемеде эч кандай деле татаал сюжет жок: эки өрөөндү бириктирген жыгач көпүрө; аны суу ташкыны алып кетип, курулушчулардын келиши; ак топучан абышканын көпүрө курулушуна болгон жандуу кызыгуусу; көпүрөнүн бүткөнү; анын мындан ары да «Анарбайдын көпүрөсү» деп аталып калышы. Аңгемедеги болгон окуя ушул. Бирок мында автордун мурдатан калыптанган, жеке өзүнө таандык стили, үнү



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

бар мыкты сүрөткер катары чеберчилиги даана байкалат. Мына ушул жөнөкөй сюжеттин негизинде эсте каларлык ой жатат. Бул жерде кеп эски көпүрөнү суу алып кетип, анын ордуна жаңы көпүрөнүн салынышында эмес. Бул жердеги эң башкы нерсе ата мурастын уланышы, жаңы салттын жаралышы жөнүндөгү идеяны автор жогорку эстетикалык чеберчиликте бергенинде болуп жатат.

«...Аңгеменин ички кыймылынан, акценттердин коюлушунан улам маселе мында жалаң гана эски жана жаңы көпүрө эмес, сөз адам турмушундагы жакшы салттардын, ата мурастын уланышы жөнүндө баратканы айкын болот. Көпүрө бул анчейин гана эки айылды байланыштырып турган катташуу жолу эмес, ал баарыдан мурда ата мурастан келаткан сонун өнөкөт. Көпүрө бул эски каада менен жаңы турмуштук негизде өнүгүп-өөрчүп жаткан жаңы салттардын биригишин, уланышын символдоштурган образ катарында кабыл алынат. Турардын жаңы көпүрөсү – бул инженерлик ойдун ишке ашышы гана эмес, ал баарынан мурда Анарбайдын салтынын түздөн-түз уланышы, анын жаңы сапатка көтөрүлүшү. Аңгеменин көркөмдүк маңызы дал ушунда».

## Суроолор жана тапшырмалар

1. К. Каимовдун өмүрү жөнүндө кандай маалыматтарды билесиңер? Ал кыргыз жазуучуларынын кайсы муунуна кирет жана ал муун өзүнө чейинки калемгерлерден эмнеси менен айырмаланат?
2. «Анарбайдын көпүрөсү» эмне жөнүндө, анда автор кандай ойду айткысы келген? Аңгемеде жазуучунун өрөөндү сүрөттөө чеберчилигине көңүл бургула. Көпүрө эмне үчүн «Анарбайдын көпүрөсү» делет? Анын өрөөндөгү кызматын, ролун, маанисин түшүндүргүлө.
3. Жаңы салынып жаткан көпүрөнүн айланасында эртели-кеч көз салып жүргөн табышмактуу абышка ким? Ал аерде эмне кылып жүрөт? Анарбайдын көпүрөсүнүн тарыхы жөнүндө эмнени түшүндүңөр? Жаңы көпүрөгө ат коюу боюнча Анарбай кандай сунуш айтты, аны куруучулар эмне үчүн кабыл алган жок? Соопчулук, кайрымдуулук, ырайымдуулук дегенди кандай түшүнөсүңөр? «Ата мурастан келаткан өрнөктүү салттар» деген темада дилбаян жазгыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# АМАН САСПАЕВ

**(1929)**

Мен Түп районуна караштуу Кең-Суу айылында туулгам.[1] Туулган жылым 15-октябрь, 1929-жыл. Беш-алты жашар кезим болсо керек, Кытайга чейин жөө жол жүрүп, Кулжа шаарына жеттик.

Араб тамгасы менен кат таанылым. Анан ошол эле Тогуз-Торо уездинин Жаңы-Шаар деген жерде IV класска кирип, уйгурча окуумду уланттым.

Мен V классты бүткөндө эжем турмушка чыгып, Кулжа шаарында жашап калдык. Шаарда жалаң уйгур мектеби. 1940-жыл болуш керек. «Таалие» деген уйгур мектебинин VI классына кирдим. VII классты казак тилинде окуй баштадым.

1946-жылдан баштап уйгурча, казакча гезиттерге кабар жазчу болдум. Анда-санда казакча ырларды да жаза коём.

Кыязы, 1947-жыл. Күндөрдүн биринде бир таанышым казак тилиндеги М. Горькийдин аңгемелер жыйнагын берди. Баш көтөрбөй бат эле окуп чыктым. «Макар Чудра», «Адамдын төрөлүшү», «Челкаш»... Казак тилин сыйлайм, кандай жакшы которгон, Короленко айткандай ал аңгемелердин «ар бир сабын окубай эле жутуп жаттым», кыскасы, жаттап ала жаздадым. Андан кийин бул жакта басылган Золянын, Мопассандын, Б. Немцованын, Кришан Чандардын, Премчанддын, Тагордун, Карел Чапектин ж.б. классиктердин колума эле тийген чыгармаларын баса калып окуп жаттым. Кийинчерээк Түкөмдүн (Т. Сыдыкбеков) «Биздин замандын кишилерин» казакча, «Тоо балдарын» уйгур тилинде окууга мүмкүндүк болду. «Ажар» повестин уйгур тилинде окуганымдан кийин кыргыз адабиятына аздап кызыга баштадым.

«Билим юрти» деген окуу жайынын IX казак классына кирдим.

1949-жылы Кытайдын компартиясы бийликке келди. IX классты бүтөрүм менен ошол эле «Билим юртуна» мугалим кылып алып калышты. Уйгур, казак класстарына сабак бердим. Мугалимдигимдин



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

үчүнчү жылы Пекиндеги Борбордук Улуттар институтуна кыргыздан бир бала зарыл керек болуп, мени Пекинге жөнөтүштү. Тил факультетинде бир жарым жыл окуганыбыздан кийин мени кытай студенттерине казак тилинен сабак берүүгө сунуш кылышты. 1954-жылы аз улуттардын тилин үйрөнүү, иликтөө экспедициясы уюштурулуп, анын курамына мени да кошуп коюшуптур. Шинжанга келип кыргыз тилининин лексикасын жыйнадык.

1962-жылдын 25-ноябры эле. Дал ошол күнү чек арадан Кыргызстанга – Ата Журтка эптеп аман-эсен өттүм. 1963-жылдан баштап бардык гезит, журналдарга чыгармаларым жарыялана баштады. Туңгуч «Гүлкайыр» аттуу китебим жарык көрдү. Жазуучулар Союзуна кабыл алышты. Кийин Ысык-Көл области боюнча штаттуу адабий консультант болуп жыйырма жылдай иштедим, ортодо Москвадагы Адабий Жогорку курста эки жыл окуп келдим. Бул аралыкта орусча, кыргызчасы болуп 14 китептин автору болдум, элүүгө жакын аңгеме, эки роман жаздым.

Басып өткөн жолум кыскача ушундай. Эми чыгармачылык өнөрканам жөнүндө эки ооз сөз. Балдар, силер окуй турган «Татым туздун» «үрөнү» мен Кытайда жүргөнүмдө эле себилген. Мекенинен айрылып алыста жүргөн адамдардын тагдыры мен үчүн барып турган трагедия болчу. Дал ошол үчүн аңгемеде өз мекенинен жакшылык көрбөй куулуп, аргасыз бөтөн эл, бөтөн жерге кеткен бир үй-бүлөнү бүт тукум курут болууга кириптер кылгам. Аңгемеде «Эч ким эч качан эч жакка кетпесин, ата-бабасынын жеринде тукумун улантсын, андай болбойт экен, көргүлүгүнөрдү көрөсүнөр! Мекен менен ойнобогула» – деген ойду берүүгө аракеттендим.

«Сарала итте» болсо, бул жарыкчылык жашоодо тиричилик кылууга жөндөмдүү болушуң – өмүр сүрүүнүн бирден бир шарты, эгер жашоого жөндөмүң жок, жүүнүң бош болсо, аркы-беркини аңдабасаң, анда корсуң, тирүүнүн өлүгүсүң, бардык балаа сени өзү издеп табат. Өмүрүң акыры бөөдө өлүм менен бүтөт» деген ойду окуучуга тымызын айткым келет. Бул ой окурман түшүнөр деген үмүт менен жазылган.

Ардактуу менин жаш окурмандарым, эл-жерден ажырагандын азабы менен тозогун менчелик өз көзү менен көрүп, менчелик өз башынан өткөргөн адамдар чанда кездешет. Күнкор болуп жашаган турмуштун кандай экенин да мен жакшы билем. Балким, бул сөздөр силерге кунарсыз, кургак насааттай угулар. Ошондой болсо да өмүр-таржымалымды «Татым туз» менен «Сарала иттеги» айтайын деген ойлорумду жый-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ынтыктай олтуруп, мен силерге: «башыңа кылыч кармаса да, Мекке менен Мисирдин бакыт кушун колуңа кондуруп, алтын тагына отургузам десе да Ата Журтуңду таштап кетпе. Анан өз эле жериңде жашап туруп, бирөөгө күнкор болуп калба! Анткени өз Мекениңде жашаган бакыттан ашкан бакыт жок! Бирок өз эле эли-жериңде жүрүп, күнкор болуп жашаган жашоо да жашообу?!.. Муну силерге айтып коюу – менин жазуучулук да, адамдык да парзым.

## ТАТЫМ ТУЗ

Суу айрыгына жакын, саздакка чыккан кыяк чөптү ыктап жалгыз түтүн кыргыз жашады... Ал жерде ушул күнгө чейин төрт түтүн үйгурдун эски тамы сакталып турат. Элдин айтымына караганда, илгерки бир жылдары көп кыргыздар ушул жакка ооп келип, кайткан имиш. Ошолордон Келгинбай аттуу бир түтүн кыргыз ушул жерди мекендеп калыптыр. Ал кезде Келгинбай отуздун орто белине келип калган жигит экен да, оор келте оорусуна кириптер болуптур. Сапарга шайы келбегендиктен анын зайыбы Оймокчон элден бөлүнүп, күйөөсүн айыктырып алууга бел байлайт. Ошентип, алар чет жерди мекендөөгө аргасыз болушат. Келгинбайдын туугандары ыгым-чыгым, кепин-акыретин даярдап берип:

– Оо, Оймокчон! Эр деп этегинен кармап калдың. Кор болбоссуң. Ата-бабалардын арбагы колдоп эрди элине кош! – деп чуркурап бата беришет. Келгинбайдын тагдыры Оймокчонго тапшырылгандан кийин кайнатасы сакалынан жашын куюлтуп туруп, көптүн алдында мындай деди:

– Жарык дүйнөдө жалгыз балам эле, ал сага аманат! Мага топурак өз эл, өз жерден буюрсун. Карып калган кезимде кудай элден ажыратпасын. Небиремди энеңдин этегине салып бер, балам, жыттап жүрөйүн... – Оймокчон эмчектеги баласын кайненесине карматып, көз жашын элден жашырып сыкты.

– Мобу түйүнчөктү катып кой, – деп тапшырды кайнатасы акыркы жолу, – кокус ары бурулуп кетсе, сууга эзип оозуна тамыз. Айыгып мал болсо, колуна бер.

Сүрдүккөн кыргыздар жөө-жалаң мекенине сапар чегишти. Өңү көгүлтүр тартып, эрди кеберсип, онтогон Келгинбай жан күйөөрү жалгыз Оймокчондун колунда калды. Оймокчон жанын сабап, күйөөсүн тегеренди... Койгулт көзүнөн жашы мөлтүрөп, күйөөсүнүн башын кучактап, далай түндөр уктабады. Алектүү күндөр өтө берди... Чачы



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жылма түшүп, жаак эти шылына баштаганда Келгинбай эсин жыйды. Күнүнө бир чайдоос кайнаган суу ичип, тамыры тышына тепкен ичке манжаларын кармап коюп төшөктө узак жатты. Оорудан айыкканда, элине кетүүгө кеч болуп калган эле. Келгинбай мыйзамга баш ийди да, ошол жерде узак жылдар жашап калды. Ортодо отуз жыл убакыт өтүп, Келгинбай абышка атанган кезде кайрадан башына арылгыс оор кайгы түштү.

Гоминьдандык желдеттер бийлеп турган оор жылдары калың журтка келте оорусу тарады. Өлүм-житим көп болду. Далай үйдөн түбөлүккө түтүн чыкпай калды. Уезддик шаардын тегерегиндеги дөбөлөр калың мүрзөгө айланды. Өлүм күчөгөн сайын замбилге салган өлүктү эки киши көтөрүп чыгып, туш келди жер казып көмө башташты. Кепиндик ак табылбай, жуурканды шейшебин пайдаланышты, элде шейшеп аттуу жоголгон соң, кээ бирөөлөр өлүктү камыштан токулган бойрого же жаш бедеге ороп көмө турган болушту...

Дал ушул оор алаамат Келгинбай чалдын кемпири Оймокчонду да жалмап жолго түштү. Шордуу чал кемпирин шейшебине ороп көмдү. Көр казып жан баккан киши менен чалдын кошунасы жана өзү болуп Оймокчондун сөөгүн үч эле киши жерледи. Кемпирин көөмп, топурагын чочойтушуп болгондон кийин чал мүрзө башында күңгүрөнүп узакка отурду. Кырк жылга жуук жашаган жары менен коштошуу оңойбу? Жан шеригинин бүткүл жоруктары чалдын көз алдынан биринен сала бири өтүп жатты. Чындыгында ал жалгыз кемпири менен гана эмес, турмуштун жылуу койну менен да коштошуп жаткан эле. Кайраттуу чал мүрзө башынан турган соң этек-жеңин кагып, чолок жашын алаканы менен ааарчыды да, үйүн көздөй басты.

– Оо, кудурет, тарт аманатыңды! Эми кор кыла көрбө! – Чал көзүнүн жашын сакалынан ылдый куюлтуп, ээн үйдө узак ыйлады. Ботосу өлгөн каймал гана ушундай боздомок. Келгинбай чал өзөгүн өрттөгөн дартты көз жашы менен жууп кетиргенсиди. Аздан бою сергип, эс токтотуп, өзүн-өзү жубатты. Өзүнө-өзү көңүл айтып, кайрат берди. Ар кандай бактысыз кишилер да өз тагдыры тууралуу ойлонбой койбойт эмеспи. Келгинбай чал да болумсуз оокатына көз кырын салды. Үй ичин жыйнаган соң жаман талпагына жайланып отурду да, чөнтөгүнөн кичинекей түйүнчөк алып чыгып, чебердеп чече баштады. Анда бармактай туз бар эле. Келгинбай тузду алаканына салып, бир нече ирет тилин тийгизип, өтө бир шербеттүү даам таткандай туздуу шилекейин кумарлана жутту. Эчен кыйын-кыстоо көргөн учурларда ушул тузду



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жалап медер таап, кам көңүлүн жооткото алган эле. Өз жеринин татым тузу Келгинбай чалдын өмүрлүк колдоочусу, үмүт менен ишеним берүүчүсү, сагынуу менен кусалыгын таркатуучусу болуп калган...

* * *

Кийинки окуянын мазмуну мындай баяндалат:

Ата конушуна кайтпай калган Келгинбай бир кыз, эки уулдуу болду. Экөө чарчап, Эшбол деген баласы эр жетип, уезддик мектепте окуп, мугалимдик кесип алды. Үч жыл окутуучу болуп иштегенден кийин гоминьданчылар аны камап таштады. Бирок ал туткундан качып чыгып, революциячыл армиянын катарына өтөт, аерден майорлук наам алып, комиссарлыкка чейин көтөрүлдү.

* * *

Айлар өтүп жатты. Калың букара колдоруна курал алып, майданды көздөй агылды. Боштондук үчүн эр азамат майданда канын төктү. Гоминьданчылар бекем орногон Жынхы деген жерде эсепсиз кан төгүлдү. Улуттук армия калктын боштондугу үчүн бир кадам чегинбестен илгериледи. Акыры Үрүмчүнүн чоң дарбазасы ачылып, Жынхы тазаланды. Мына ушул чоң кыргында Эшбол да курман болду...

...Чал баласы жөнүндөгү шум кабарды укканда эстен танып, кулап түштү. Кошунасы суу бүркүп эсине келтиргенде адам көргүс түргө кирип, алдастап ордунан тура калды.

– Жалгызым, кулунум! – Чыңырып жиберип, кайра кулады чал. Жанында тургандар көз жашын булап, шору арылбаган пенденин касиретине орток болду. Узак жылдар кайгы-кападан кажыган абышка бир күн ичинде эле алжып чыга келди. Чачы агарып, жаак эти соолуп, мурдакыдан бетер төшөктө томолонуп калды. Багар-көрөрүнөн айрылып, кайгы баскан кары кишинин көргөн күнү курусун!

...Эртеси уйгур кошунасы мусапыр чалды өз үйүнө киргизип алды. Көрөрү бүтүп, көмөрү калган абышканын тиричилигине боору оорубаган киши калган жок. Келгинбай бирде соо, бирде алжып сүйлөдү. Бирок татым туз түйүлгөн түйүнчөгүн колунан түшүргөн жок... Кирпик какпады, даам татпады. Арадан үч күн өтпөй эле чалда куру гана сөөк калды. Бир күнү эртең менен Келгинбай төшөгүндө жансыз жатканы билинди. Узак жылдар кайгы-касырет, сагынуу менен кусалык мүлжүп бүткөн мусаапыр чал азаптуу өмүрү менен түбөлүк кош айтышты. Кармаган соопкердин айтымына караганда, чалдын оозунда өз жеринин татым тузу бар экен.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Жазуучунун өмүрү, чыгармачылык жолундагы маанилүү учурлар кайсылар? Ал кандай чыгармаларды жазган?
2. «Татым тузду» аңгеме-трагедия дешке болобу? Бир үйдө жападан жалгыз калган Келгинбай карыя кандай үмүт менен жашады? «Эгер кишилерде үмүт деген нерсе жок болсо, анда бойго эч кандай кайрат бүтмөк эмес. Өмүр өзүнүн канчалык кайгы-касиретин берип койсо да, үмүт менен убакыт алдында алар ар качан дармансыз», – деген автордун сөзүн кандайча түшүнөсүңөр?
3. Отун өчүрбөй, түндүгүн түшүрбөй, тукумун улоочу перзенти Эшбол жаздым болгондон кийин, Келгинбайдын өлүм алдындагы: «...Мен жеримди сагынып куса болгонумда, ушул туздан жалап алып сагынчымды тараткам. Мага дүйнөдө мындан кымбат нерсе болгон эмес...» «Мен көргөн кордугума ызаланбадым, элден, жерден адашып калганыма ызаландым», – деген сөздөрүнүн маанисин чечмелегиле.
4. Акырет кеткен чалдын оозунда өз жеринин татым тузу бар экен. Аңгеменин дал ушундай бүтүшү боюнча силердин оюңар кандай? Чыгарманы бүт окуп чыгып, «Менин чоң арманым эле...» – дегенден баштап, акырына чейин жаттагыла. «Мекендин татым тузунун сыры» деген темада дилбаян жазгыла.

## САРАЛА ИТ

Мурда дайыма көрүп жүргөн, кадимки бир Сарала иттин өмүрү кийинки күндөргө чейин эсимде сакталып, көп ойлорду туудурду. Жандуулардан бул өңдүү жүүнү бош, өзүнө кайдыгер караган немени аз кезиктиребиз. «Дүйнөдөгү ар бир нерсе жашоо үчүн күрөшөт» дейбиз. Андай болсо, анын жашап жүрүшү да күрөшсүз болбоого тийиш. Бирок Сарала иттин жашоосу андай эмес.

Мени да, башкаларды да ойлонто турган нерсе, ушул Сарала иттин тирүү кезинде «ау» деп бир ирет үргөнүн, же бирер аял короосунан куулп чыкканда, бөйрөгүнө тийген муштумдай таштын зардабынан «каңк» этип койгонун уккан эмеспиз. Ит башы менен мынчалык чыдамкайлык жана сабырдуулукту кайдан үйрөнүп алышына эмнелер себеп болгонун билүү кыйын. Мүмкүн, ал жашоо үчүн күрөшүүдөн тажаса керек. Өмүрдө кездеше берүүчү сансыз карама-каршылыктар анын жалынын өчүрүп, баш көтөргүс кылып салса керек. Карап турсаңыз, бечара ар качанда өзүнүн жалпы аалам алдында кылмышкер экенин сезген немедей кишилерге, малдарга, ал түгүл өсүп турган чөптөргө да жалтаң карайт. Эң бир өкүнүчтүү жери байлоодогу



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

тиши кычышкан иттер да түн ичинде аны көрсө да көрмөксөн болчу, же мүлдө көрчү эмес. Ал эми бечаранын башка иттерге болгон шыгын айтмакчы болсок: жолбун итти көргөндө жаны бар ар кандай ит кыйратып таштоочудай үрүп жетип барарын, анан ага кыр көрсөтүп, куйругун чагарактатып, а жер бу жерин жыттап көрөрүн элдин баары билет. Бирок жолбун ит кезигишип калган күндө да Сарала ит ага тик карап койгон эмес. Быйпыйып, дайыма тердеп жүрүүчү мала кызыл мурдун ишке салып, таштандыларды, уңкул-чуңкулдарды жай гана шимшип жүрө берчү. Деги анын жүрүшүнүн өзү бир башкача эле, кажет болгон бир багытты көздөй, алаксыбай шыдыр кетип бара жатканын эч ким билбейт. Ал эми бир эле орунга айланчыктап, шимилеп туруп да алчу эмес. Аны бирде коруктан, бирде көчөдөн, бирде короодон көрүп калчубуз. Күн күйүп турган ысыкта да бирер бактын түбүндө тилин чыгарып көлөкөлөп жатканын көрбөдүк.

Биздин көчөнүн эркектери Сарала иттин жарык дүйнөдө өмүр сүрүп, ары-бери басып, тапканын жеп, жансактап жүргөнүн капарларына да алышпайт. Ал эми көчөнүн аялдары кандайдыр көңүл буруп, аны «ууру ит» деп жаман көрүшөт. Бечера Сарала ит таяк жеп, короодон куулуп чыккандан кийин өзүнүн алсыздыгынан көргөн кордугун жарым секундда унутуп коюп, дагы баягысындай эле эч нерсе болбогонсуп, башын салып, жай басып бара жатканын көрөр элем. Ал көбүнчө күнөөсүз эле куула берчү. Ошол куулуп бара жатып артына бир кайрылып карачу да эмес. «Карап коюунун канчалык кажети бар, карап коюу менен мен эмнени кыйратам!» – деп ойлогонсуйт, же кишилер өзүн кууп жүрүп урбай турганына абдан ишенип калса керек. Чынында да аны эч ким алыска кууп таштаганы жок. «Чык» деген сөзүнө тиешелүү өкүм сөз шалпайган кулагына жетери менен жер карап, деси кайтып ары басчу...

Ал бир санда жок макулук болгондуктан, иттер жамаатына да, адамдарга да тырмактын агындай пайда келтирбеген бойдон кетти. Эгер башка иттерди туурамыш болуп, үйүгүшкөн иттердин жанында жөн эле жандап жүргөн болсо, анда иттер жамаатына салымы бар деп айтууга болор эле. Ал эми адамга пайдасыздыгы жөнүндө айтпасак да болот. Илгери аны канчалык таптап бакса да, бир ирет үрүп ээсин кубандыра албаптыр. Өлтүрүүгө кыйбаган соң, андан жадаган ээси: «Бар эми, күнүңдү көр!» – деп бошотуп жиберген. Эгер ал ээсинин короо-жайын коргоо максатында эмес, деги өз өмүрүнөн зеригип болсо да үн чыгарып койсо, анда ал адамдар үчүн аз болсо да эмгеги бар деп



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

таанылмак. Сарала иттин бардык кылык-жоруктарын ойлоно келгенде, ар кандай адам анын сенделип тирүү жүргөнүнөн көрө тезинен өлүп калсачы деп ойломок. Анткени ал бир пайдасыз жан эле. Өсүмдүктөр дүйнөсү да өзүнөн урук калтырыш үчүн күн нурун талашып, биринен бири бийик өскүсү келерин ойлогонумда Сарала иттин иттигин мүлдө кечире албасмын!

Бир күнү жумурткалар жоголот, сүзмө куюлуп, асып коюлган баштыктар жарылып чөптүн арасында жатат. Адатта боло берчү мындай иштердин кабары Сарала итке байланыштуу көчөгө бат эле тарайт... Ал эми жоголгон сүзмөнү башка ит ат кулактардын түбүндө баштыгын тытып жеп жатканда Сарала ит өзүнүн бак-таалайын эски таштандылардан күтүп, арык боюнда шимшип жүргөн болчу. Сүзмөсү жоголгон катын аткулактын түбүнөн баштыгынын тарпын тапканда, Сарала ит бирдеменин жытын сезип, дал эле ошол жерге келип калат. Катын дароо эле Сарала иттин өлүгүн миң мертебе көрүп жаткандай, колу да карап турбай жерден таш ала коюп уруп жиберет. Ушундан кийин Сарала ит ууру деген атка конуп, мурдагысынан беш бетер жек көрүмчүгө айланды. Иштин мынчалык чырга айланып бара жатканын, анын аягы эмне менен бүтөрүн ал мүлдө ойлогон жок. Баягы эле калыбында, этибарсыздык менен жай басып жүрө берди. Өзүнө тике караган көздөрдө жазылуу турган ички дүйнөлөрдү ит кайдан окуй алсын!

Биздин көчөдө жумуртка жей турган, ал гана эмес тооктун өзүн да жеп коё турган иттер бар. Алар ээсинин көрүнөө бергенине алымсынбай, ченебеген ынсапсыздык менен көмө жегенди жакшы көрөт. Анан ошонусуна маашыр болуп, өзүнүн башкалардан эптүү экенине тымызын кубанып, маңкайып басат. Бечара айыпсыз Сарала иттин бетине басылган тамга да ошол жойчул иттердин кесепети экени айдан-ачык болсо да, катындар аларга жаман атак бере алышпайт, кайра ээсин сыйлап сөөк ташташат.

Бир күнү жогоруда айтылган сүзмөсүн жоготкон катындын уядагы эки жумурткасын ит жеп кетиптир. Дал ошол учурда катындын эри уя жактан ууртун жалап чыгып келе жаткан өзүнүн төрт көз итин көрүп калат. Жарылган эки жумурткага байланыштуу катыны күмөнүн айтат. Эри болсо көргөнүн айтат. Сөзгө аралаша калган кишилер катындыкы туура дешет. Анткени катындын күмөнү Сарала итте болчу. Ал эми төрт көз ит болсо, колдо багылган, жолбун эмес, уурулук кылганын эч ким көрбөгөн... Күнөө Сарала итке артылат. Деги иттер жөнүндө



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

чындыкты түбүнө чейин кууганга кимдер кызыкмак эле. Күнөөнү төрт көзгө арткандан көрө Сарала итке коё салуу алда канча оңой да!

Ошентип, үйдүн ээси мылтыгына окту салып, «көптүн тынчын» алган Сарала итти атып таштоо үчүн издеп чыгат. Сарала ит болсо, эч нерседен капарсыз баягы эле тамактан башканын жытын сезбеген мурдун ишке салып, таштандыларды эринчээктик менен тинтип жүргөн болчу. Мылтыгын дүрмөттөп алган киши ошол эле жердесиң го деген жеринен таап, отура калды да, кароолго алды. Сарала ит болсо, мылтыгын сунган кишини карап, маңдайын тосту. «Бул киши мени эмнеге шыкаалады болду экен?» – деп ойлонмокчу болуп, эми камына бергенде, мылтык «тарс!» этти. Сарала ит «каңк!» этип кулап түштү. Ушул бир «каңк» эткен добушту өлөөр алдына чейин сары майдай сактаганын билемин. Өз кездеринде, такыр колтуктарына таш тийип турганда «каңкылдай» берген болсо, мүмкүн кийинки бир жанына батканда «ау!» деп алганын өзү да сезбей калар беле, ошентип, бирде «каңк» этсе, бирде «ау» деп айбат чеге билсе, мүмкүн анын өмүрү мынчалык кайгылуу аяктабас эле!

Чындыгына келгенде «ау» деп үрүүнүн негизи «каңк» этип каңшылоо экенин бечара Сарала ит түшүнбөгөн бойдон кетти! Мылтык атылганда жумуртка уурдап жеген төрт көз ит дароо жетип барды. Анан жан талашып, тишин акшыйта шыбыраган Сарала итти көрө коюп, арсылдап үрүп коё берди.

Табасы канган катындар Сарала иттин өлүмүнө абдан кубанышты. Бирок эртеси эле бир баштык сүзмө, дагы бир нече жумуртка жоголду. Мүмкүн аны Сарала иттин өчөшкөн арбагы иштегендир...

### Суроолор жана тапшырмалар

1. «Дүйнөдө ар бир жан жашоо үчүн күрөшөт» дегенде эмнени түшүнөсүңөр?
2. Ээси итти эмне үчүн куup жиберген?
3. Ит эмнеге ууру деген атка ээ болду?
4. Эл-журт сарала итти күнөөсүз күнөөкөргө айландырышынын себебин чечмелегиле.
5. Сарала иттин өлүмүнөн кандай корутунду чыгарууга болот?
6. Сарала иттин образы аркылуу жазуучу кандай идея берет?
7. Адамдардын арасында бар-жогу билинбей турган кишилер барбы?
9. «Татым туз» жана «Сарала иттин» кыскалыгы, нарк-насили, тил өзгөчөлүгү боюнча бүгүнкү күндүн шартынан келип чыгып талкуу уюштургула.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## СООРОНБАЙ ЖУСУЕВ

(1925–2008)

Кыргыздын көрүнүктүү акыны Сооронбай Жусуев – 1925-жылы Ош областынын Кара-Кулжа районундагы Кызыл-Жар кыштагында туулган. 1949-жылы Ош педагогикалык институтун, 1956-жылы Москвадагы М. Горький атындагы адабият институтун бүтүргөн.

1945–1957-жылдары райондук, областтык газеталарда кызмат кылып, 1957-жылдан «Ала-Тоо» журналынын башкы редактору, 1959-жылдан «Чалкан» журналынын жооптуу катчысы болуп иштеген.

Алгачкы ырлары республикалык газеталарда 1943-жылы жарык көрөт. «Эмгек күүсү» деген алгачкы топтому 1950-жылы басмадан чыкты.

Көптөгөн орден, медалдар менен сыйланган. Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын ээси. Кыргыз Республикасынын Баатыры, Эл акыны.

### КУБАНЫЧ

*(Сонеттер)*[1]

**1**

Күндөр, күндөр, күлүңдөп өткөн күндөр,
Таскак салган ай туяк күлүк болуп.
Жаш көчөттөй жаш кыял өскөн күндөр,
Эртеңдерге ээлентип үмүт болуп.

[1] *Сонеттер* — төрт саптуу эки куплет жана үч саптуу эки куплеттен турган 14 сап ырдан куралган 15 бөлүктөн турчу ырлар комплекти. Ар бир бөлүк өзүнөн алдынкы бөлүктүн соңку сабынан башталат. 15-бөлүк ар бир бөлүктүн алгачкы саптарынан куралат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жайкы түндө жанашып сагынышып,
Жалындашып кыз дагы, улан дагы.
Кетпейт эстен сүйүүгө кабылышып,
Ал экөөнүн алгачкы кубанычы.

Ууз шаттык шам сындуу жанат тура,
Унутулбай көңүлдө калат тура –
Ууз сүйүү жаш кырчын кезиндеги.

Андай күндөр көрк берип жаштыгыңа,
Махабаттын бөлөгөн шаттыгына –
Ыйык күндөр адамдын эсиндеги.

## 2

Ыйык күндөр адамдын эсиндеги,
Эки түгөй перзенттүү болгон кези.
Нуру жайнап экөөнүн бетиндеги,
Көкүрөккө кубаныч толгон кези.

Ыйлап, күлүп, жыгылып, туруп кайра,
Ай артынан ай өтүп бала басат.
Балдар менен урушуп, урушпай да,
Адам болуп, адамга аралашат.

Бойго жетип кыз бала жигит тандайт,
Кыз жакшысын боз бала билип тандайт,
Экөөн көрсөң – жанашып өскөн гүлдөр.

Экөөн сүрөп гүлү көп кыр ашат да,
Экөөн барктап, тең бөлөйт ыракатка
Кубанычтан кулпунган көктөм күндөр.

## 3

Кубанычтан кулпунган көктөм күндөр,
Билем келет көксөгөн жаш акынга.
Жүргөнсүтөт ага нур төккөн күндөр,
Бак-таалайдын көлүнүн жакасында.

Тун китебин чогултkан жаштык ырын,
Сезим толкуп ташкындап ачып жатат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Кыздай өөп, астына жаздыгынын,
Аны алпечтеп, аздектеп катып жатат.

Жылдар жылып, дайралар ага берет,
Бул окуя дилинде кала берет,
Болуп өткөн таңда же кечиндеги.

Тун махабат сыяктуу алгач китеп,
Акын менен тагдырлаш, кандаш китеп,
Кут сыяктуу сакталган сезимдеги.

**4**

Кут сыяктуу сакталган сезимдеги,
Кубанычты унутпай солдат келет.
Жоону жеңип шайманын кетиргени,
Азыр да ага дем берип жандап келет.

Ал кар кечкен, суу кечкен, жалын кечкен,
Араан ачкан ажалдан тартынбаган.
Биздин элдин агызып канын кечкен,
Канкор жоону Берлинде алкымдаган.

Пилоткасын ыргытып асмандаткан,
Салют кылып соңку огун асманга аткан,
Бажырайып маанайлуу, бактуу болуп.

Майрам кылып, барабан күпүлдөтүп,
Туу жайнатып, жүрөктү дүкүлдөтүп,
Шаттык келет укмуштай таттуу болуп.

**5**

Шаттык келет укмуштай таттуу болуп,
Аны көрдүк биз жоону жеңген жылы.
Кан майдандан денеси тактуу болуп,
Үйлөрүнө жоокерлер келген жылы.

Токтоно албай өз уулун тосуп чыгып,
Кубанычтан көз жашын төккөн эне.
Карбаластап алдыга озуп чыгып,
Кучагына бек кысып өпкөн эне.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Карайт эне баласын сыймыктанып,
Кайтып келген майдандан сыйлыкты алып.
Кирип нечен жоо менен чарпышууга.

Ушул сындуу укмуштай жеңиш керек,
Же эмгектен жаралган жемиш керек,
Адамдардын жүрөгүн балкытууга.

## 6

Адамдардын жүрөгүн балкытууга,
Астейдилден иш кылат жакшы адамдар.
Көралбастан бир-бирин тартышууга,
Көнбөсө экен кыялкеч жаш кадамдар.

Күлүк кокус мүргүсө жаза басып,
Баары өкүнүп кабагын түйүп турат.
Ичи тарлар ичинен ха-халашып,
Аргымакты табалап күлүп турат.

Алар дайым астыртан күңкүлдөшөт,
Анткорлонуп бөйрөгүн бүлкүлдөтөт,
Ачык күлбөй адамдай шаттуу болуп.

Мүргүп кеткен жолду артка алыс таштап,
Күлүк кайра алкынат арыш таштап,
Учуп келет кубаныч ак куу болуп.

## 7

Учуп келет кубаныч ак куу болуп,
Окуп, иштеп тилегин аткарганга.
Акылына ийкеми баптуу болуп,
Алгач жолу самолёт башкарганга.

Көрчү, көрчү, көк асман кенен кандай!
Ак булуттар төмөндө калкып барат.
«Ким бактылуу менчелик!» деген жандай,
Жаш учкучтун жүрөгү балкып барат.

Штурвалды жаш учкуч бурду мына,
Жараганга кубанды күн нуруна,
Аппак күмүш канатты жаркытууга.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Асманды да ой жеңет, жаштык жеңет,
Асманда да адамга шаттык келет,
Канат берип кыялды кайкытууга.

**8**

Канат берип кыялды кайкытууга,
Утуш, мөрөй даярдайт өбөлгөнү.
Түрткү берет көңүлдү чалкытууга,
Байгеге аттар чабылып жөнөлгөнү.

Чыга жаздап көздөрү чанагынан,
Туйлап согуп жүрөгү үмүткөрдүн.
Жакын калды марага жанагыдан,
Жер жаңыртып дүбүртү күлүктөрдүн.

Мөрөй алды саяпкер таптаган ат,
Аты менен ал элге мактана алат,
Болбойт ага кубанбай тура алышка.

Саяпкерлер байгеге атын кошкон
Чыкса, көргөн аны артык жакын достон –
Көңүл бөлсөк жомокко, уламышка.

**9**

Көңүл бөлсөк жомокко, уламышка,
Жайчы жаан жаадырып жан жыргаган.
Ал өнөргө ар кимдер кубанышса,
Бирок, эч ким суудан ат жандырбаган.

Бетон тосмо чоюндан бек курулуп,
Дайра жолу тосулуп байланганда.
Маңдай жарыйт жадырап, ГЭС курулуп,
Шам жарк этип, турбина айланганда.

Кереметти биз кантип байкабайлы,
ГЭСчилерди биз кантип алкабайлы
От таратып ой-тоого, суу агызса.

Илим менен миң түйүн чечсе болот,
Өнөр менен, иш менен жетсе болот,
Бардык адам умтулган кубанычка.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 10

Бардык адам умтулган кубанычка,
Кеме менен жетүүгө суучул сүзөт.
Күндөр жаңы күндөргө уланышса,
Дегдейт жаңы деңизин, суусун күсөп.

Кеме кайтып үй жакка келет, келет,
Суучул сезет жаш жары саргайганын.
Көрчү портто көңүлү элеп-желеп,
Тоскон элдин топтолуп жарданганын.

Секунд – жылдай. Тургансыйт жебе жылбай,
Чыдай албай чыйылдайт уулу тынбай,
Жары тигил – жоолугун булактаткан.

Алар портто аптыгып жүгүрүшүп,
Анан үчөө өбүшүп сүйүнүшүп,
Кубанычтан бардыгы кубат тапкан.

## 11

Кубанычтан бардыгы кубат тапкан,
Ынтымакка, достукка көнөбүз деп.
Эки коңшу бир жерден тура тапкан,
Кубанычты тепетең бөлөбүз деп.

Бирок, кетти мамиле татаалдашып,
Бири күлсө, бирөөсү күйүп жүрдү.
Бир-бирине тиш кайрап атаандашып,
Бири ыйласа, бирөөсү күлүп жүрдү.

Кубанышып бир жүрбөй катар басып,
Калды жанаш мүрзөдө катар жатып,
Тирүүсүндө бөлүнгөн ажырашып.

Өмүр өзү – кубаныч. Аны баалап,
Өтсө боло адамдын баары каалап,
Күлүмсүрөп, баркташып, бажырашып.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 12

Күлүмсүрөп, баркташып, бажырашып,
Күн өткөргөн адамдар – бактылуулар.
Түшөрүндө күрөшкө каны качып,
Балбанда да сүрдөө бар, аптыгуу бар.

Чымырканып, шыманып түрөт билек.
Таштан катуу түйүлүп булчуңдары,
«Көтөр! Чап!» деп туш-туштан сүрөп кирет,
Кантип карап унчукпай турсун баары.

Тарамышы чыңалып таймашат ал,
Тажабай да, талыкпай кармашат ал,
Кабыргасын өнөктүн качыратып.

Балбан жыкса, куттуктап дүрүлдөшөт.
Балбан куунайт. Көптөрү күлүңдөшөт,
Күндүн нуру тийгендей жадырашып.

## 13

Күндүн нуру тийгендей жадырашып,
Ракета түз учуп, ыкчам кетсе.
Илимпоздор жыргашат бабырашып
Космонавттар космоско чыккан кезде.

Канча татаал болсо да космос жолу,
Космонавттар өз парзын аткарышып.
Энгезердей эрдигин космостогу,
Эрдемсинбейт эч кимге мактанышып.

Ойлоруна иштерин тирек кылып,
Алар учат космосто тилек кылып,
Шаарларды көрбөөгө урап жаткан.

Жерди көксөп космостон кайтып келип,
Жүрөктөрү элжиреп балкып келип,
Кубангандар мүрөктөн булак тапкан.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 14

Кубангандар мүрөктөн булак тапкан,
Ал мүрөктөн бөлүшүп бир-бирине.
Жөлөп, күүлөп, сүрөшүп кубатташкан,
Мүрөк болгон күлазык тирдигине.

Кубанычты адамдар талашпастан,
Бир-бирине белектей беришсечи.
Бир-биринин жүрөгүн канатпастан,
Бир-биринин жүрөгүн эритсечи.

Жердин жүзү куралдан тазарса экен,
Жерди каптап кубаныч, азайса экен,
Адамдардын көңүлү чөккөн күндөр.

Адамзаттын, ааламдын кубанычы –
Бейпил, тынчтык мезгилдин уланышы,
Күндөр, күндөр, күлүңдөп өткөн күндөр.

## 15

Күндөр, күндөр, күлүңдөп өткөн күндөр,
Ыйык, күндөр адамдын эсиндеги.
Кубанычтан кулпунган көктөм күндөр,
Кут сыяктуу сакталган сезимдеги.

Шаттык келет укмуштай таттуу болуп,
Адамдардын көңүлүн балкытууга.
Учуп келет кубаныч ак куу болуп,
Канат берип кыялды кайкытууга.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Инсан өмүрүнүн түрдүү учурларындагы кубанычка, шаттыкка бөлөнгөн сезимдерин айтып бергиле.
2. Ырдын көркөмдүк деңгээлин, түзүлүшүн аныктагыла.
3. 14–15-бөлүктөрдү жаттап алгыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ӨСКӨН ДАНИКЕЕВ

**(1934)**

Өскөн Даникеев 1934-жылдын 21-декабрында Сокулук районундагы Чоң-Жар айылында туулган. Тагдыр, жазмышы ошондойбу, он экиге толуп-толбой удаасы менен ата-энесинен ажырап, тоголок жетим калат.

Өскөн бала кезинде окууга зирек, колу жөндөм: сүрөт тартып, комуз черткен, мектепке чейин эле китепти шар окуган – ар нерсеге кызыккан. Бөтөнчө ал көркөм чыгарма дегенде ичкен ашын жерге коюп, колуна эмне тийсе, үстөмөнүнөн түшүп окуп, аны бүтмөйүнчө жаны жай тапчу эмес. Элдик дастандарды, «Жараланган жүрөк» менен «Күүнүн сырын», «Кандуу жылдар» менен «Узак жолду», «Каныбек» менен «Эки жашты»... куп гана кыраат-кайдасына келтире окуп берип, далай жолу айылдаштарын бирде жымыйтып, бирде кайгырткан учурлары болгон. Мына ушундай көптөн үмүттөндүргөн зээндүү баланын келечегин ойлогон жакын туугандарынын бири аны №5-мектебине өтүүгө жардамдашат. Сүрөт, музыка сыяктуу ар кандай ийримдерге катышып, мектепти медаль менен бүттү.

Тоо-кен институтун ийгиликтүү аяктап келип, Кыргыз кен-ылгоо комбинатынын системасында, андан кийин Кыргыз Эл чарба Советинде көмүр өнөр жайы боюнча жетектөөчү инженер-экономист болуп иштейт.

Инженер-педагог Ө. Даникеев – табияты боюнча жазуучу. Анын тырмак алды повести «Бакир» адабий чөйрөдө аз убакыттын ичинде аңыз сөзгө айланып, бат эле оозго алынып кетти. Ал боюнча сценарий жазылып, республикалык радио, теле аркылуу улам кайталанып берилди.

Өзгөчө «Кыздын сыры» повестин окурмандар өтө жылуу кабыл алышты. Чындыгында чыгарма буга толук татыктуу болчу. Ал ушул күнгө чейин өзүнүн актуалдуулугун, көркөм-эстетикалык наркын жоготпой келет. Жаш калемгер Кыргызстан Жазуучулар союзунун жолдомосу менен Жогорку Адабий курска кирүү үчүн Москвага жөнөп кетет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жогорку Адабий курсту 1971-жылы ийгиликтүү аяктады. Баса, «Кызыл аска» да дал ушул жылы жазылып бүттү. Анан бул Даникеевдин чыгармачылыгында повесть жанры менен роман жанрынын ортосундагы өзүнчө бир белес, өткөөл көпүрө сыяктуу болду. Автор алдын ала атайын даярдык көрүп, күчүн сынап көргөнбү, айтор, аталган повесттен кийин эле сексенинчи жылдардын башында «Көз ирмемдеги өмүр» аттуу туңгуч романын жазды. Айрым адабиятчылар аны тарыхый роман деп жүрүшөт. Себеби анда чынында да XIX кылымдын экинчи жарымында Чүй өрөөнүндө өткөн тарыхый окуялар камтылган. Байтик баатыр баш болгон тарыхый инсандар катышат. Деген менен бул чыгарма социалдык романга көп жагынан окшош. Анткени анда көбүнчө кембагалдардын турмушу, алардын арасынан чыккан Бала Кутуян сыяктуу каарман туурасында сөз болот. Романда ошол кездеги карапайым калктын жашоо-турмушу, тарых-этнографиясы, колорити өтө дыкаттык менен так, ынанымдуу берилген. Ал тургай кейипкерлердин кептери, кеп айкалыштары мүмкүн болушунча ошол калыбында таза сакталган.

«Көкөй кести» романы 1986-жылы жазуучуга Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлык ыйгарылган. Ал эми «Мурас» романы – өз алдынча манерада жазылган чыгарма. Окуя Чоң Чүй каналын казуу убагында өткөнү менен кеп чордону нечен кылымдардан бери көйгөй эзген ата мурастар туурасында болот. Башкасын айтпаганда да, кыргыз элинин этногенези, диний көз караштары ж. б. жөнүндөгү автордун жекече ойлору өтө кызыктуу, ары жаңы. Калемгер котормо ишине да активдүү катышып, Достоевский, Лесков, Анкилов, Азиз Несин, Вампилов ж. б. чыгармаларын таржымалдаган. Мындан тышкары ал бир катар илимий жана адабий макалалардын, публицистикалардын да автору.

## КЫЗДЫН СЫРЫ

### *(повесттен үзүнду)*

Биздин айылдагы мектепте тогузунчу класска чейин гана бар эле. Аны бүтүргөндөр окууларын улантыш үчүн райондун борборуна, шаарга кетише турган. Мен да ошолордой кылдым, кенде иштөөчү таякемдикине бардым. Бирок оюм ордунан чыкпады. Эки айча окуган болуп акыры таштап койдум. Жок, жалкоолук же бир чекилик жасаганымдан эмес, башкы себеп орусчаны жакшы билбегеним болду. Орус тилин биз деле окуганбыз мектептен. «Окуганбыз» деп... Көрсө, ал



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жөн эле бир кеп экен да... Кайтып үйгө барбадым. Бир чети айылдагылардан уялдым. Экинчиден Азыпкан апам... Ал жөнүндө айтсам, о, сөз көп дечи. Курусун, жоругу – жомок. Баарын терип-тепчип отурганда не. Азыпкан – менин өгөй энем. Атам согушта каза таап кара кагаз келгенден аз өтпөй эле айылыбыздагы Далыбай деген немеге күйөөгө чыгып алган. Ой, анан кыялы, тили!... Азыр аны ойлосом, азат боюм дүркүрөп, жүрөгүм зырылдайт. Арадан төрт ай өттү. Азыпкан балам экен деп, мага бир да келип койгон жок. Таякем: «Э, келбесе койсун. Мында эле жүрө бер. Өз үйүң, өлөң төшөгүң. Ошент, садага», – деди. Мен макул болдум.

Таякем бургулоочу экен кенде. Тааженем үйдө. Эртеден кечке эзели бүтпөгөн көр оокат, балдары менен алек. Өгөйдөн суу жүрөк болуп бүткөн жаным көпкө дейре анчалык аралаша албай, өзүмдөн-өзүм эле коомайланып жүрдүм. Эчтеке кылбасам деле «баягы» качан башталаар экен деп, тааженемдин кабак-кашын карайм. Таякем – ары боорукер, ары ак көңүл киши. Мен дамамат аны: Эмне мынча кечикти? Бат эле келсе экен деп утурлап күтө берем. Непада, тааженем мага катылып, кол тийгизсе, жаман айтса, ал мени сак-сактап арачалап калчудай сезем. Анын көзүнчө эч ким мага асылып шагымды сындырбас дейм. Бекеринен эле чочулап, бекеринен эле санааа чеккен экем. Тааженем ичи-тышы төп келген жөнөкөй, көйкөлгөн көл адам экен. «Ырасында эле ар ким ар башка болот тура, – ичимде. – Азыпкан кандай, бу кандай. Буга деле мен өз эмесмин да...» Иштегенден жалгыз таякем, тааженем оорукчан, балдары жаш. Анан да мени кошо бакса. Көзгө басар жалгыз жээниңмин деп колко кылганым жарабас деген ой менен эч болбогондо үй арасында каралашайын дейм.

...Тааженем оорусунан кадыресе оңолуп келатат. Үйдөгү майда-барат жумуштарды өзү тейлеп калды. Мен бирдеме жасап атсам, аны колуман ала: «Ке, бери кылчы, садагам. Мен эми кадимкидей болуп калбадымбы. Эс ал. Күздөн беркиң деле жетишээр», – дейт өгүлө. Ал мага канчалык үйрүлө тартса, аяса, мен дагы ошончолук имерчиктеп, өз баласындай мээрим артам. Мурда күнү колума акча берип:

– Жамаш, ме, жарыгым, оюн көрүп келчи. Үйдөн карыш жылбай бук болдуң го, – деди. Анан бар күнөөнүн баарын өзүнө алып күбүрөндү. Мен кыйылдым:

– Жөн эле коюңузчу, таажене. Оюн, кинону кийин деле көрөрмүн – дедим. Ал ынаган жок. Кошунабыздын кызы Асылды кошуп, мени жиберип ийди.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Поселоктун борборунда күздөн бери болгонум ушул. Биз эң эле четте турчубуз. Быякка кээ-кээде гана кант, чай алганы келип кетчүмүн. Клубдун алдында эл көп экен. «Ардак тактанын» жанында үчөө сүйлөшүп турушат. Экөө улгайыңкы, үчүнчүсү жаш жигит. Кара пальточон. Башында кыры жазы чаар шапке. Ичимен: «Чилдеде да шапке киеби», – деп күлүп койдум. Үчөө тең кандайдыр башкача. Тааныбайм, биздин алды жагыбызда эки кыз алар жөнүндө кеп салып калышты: «Алиги башкы инженер болуп келди дегени наркысы го», – деди бири. «Өзү», – деди экинчиси. Мен ошол замат ал балага кыя карадым. Бул эч ойсуз, эрксиз жасалды. Эмнегедир бир купуя сезимди туюп, анан өзүмдөн өзүм уялып кеттим. Балким, ургаачылык сырымдын жышаанын алгач ошондо сезгендирмин?

Айткандай эле, тиги жылдыздуу жигит экен. Ак жуумал, орто бойлуу. Сурмалуу көздөрү ойлуу. Кырдач муруну, жука эриндери... Деги койчу, баары-баары татынакай, жагымдуу. Ал мага мурдатан тааныш, жакын адам сымал көрүндү. Же чын эле бир жерден көргөмбү? Жок. Анда эмне үчүн аны караган сайын мен мурда билбеген, сезбеген, кандайдыр бир ойноок кыялга алдырып, ичим уйгу-туйгу болот? Жооп таба албайм. Ансайын жүрөгүм туйлайт. Чачымдын бир өрүмүн колума алып, анын жазылган учун кармалайм. Асыл да аны тиктеп калыптыр...

* * *

...Таякем эртең шашып, түшкү тамагын албай кеткен. Жалган түш ченде ага оокат алып бардым. Кендин кире беришинде эл көп экен... Таякем айткан убакыттан өтүп барат. Мен күтө бердим. Бир маалда штольнядан экөө чыкты. Бири цехтин начальниги, экинчиси – алиги «инженер» бала.

Ал түз эле мени көздөй басты. Үстүндөгү кийгени карала-торала. Башында кара каска. Каскасын көтөрө артка жылдырды. Менин көзүмө анын жазы мандайы, кара коюу чачтары чалдыга түштү. Ал саамга мени күлөбага карап турду. Мен да эмне кылarымды билбей, ордумда тура бердим.

– Карындаш, сизге ким?.. Кимге келдиңиз? – деди сыпаа. Үнү мага жагымдуу угулду. Мен саал жылмайгансып койдум. Жооп кайтара албадым. Көп өтпөй таякем көрүндү. Мен ага утурлай бастым. Көз кыйыгым тигинде...

Жаз мен үчүн бат эле өтүп кеткенсиди. Ажарлуу жай келди. Кечкурун кенчилер кара бакка толот, эс алышат. Жаштар бий аянтчасында.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Мен алардан көзүм өтүп, далдаа жерде тура берем. Издеген кишимди дайым көрөм аерден. Бирок жолуга албайм. (Эми жашырганда эмне, ичим бышып, бук болом. Далай жолу үйгө кайра чуркап келип, жаздыкка бетимди ката, солуктап жатпадымбы, көзүмдүн жашын көл кылып). Ал эч нерсени сезбей, эч нерсени туйбай башка кыздар менен бийлеп жүрө берет. Менин арзуу, арманымды ал кайдан билсин. Ал экөөбүздүн ортобузда түбү жок чоң «жарака» бар экенин жакшы түшүнөм. Ал ким, мен ким? Кудайым-ай! Бирок эмнегедир ошол өзүмө айдан ачык чындыкка моюн сунгум келбейт. Ишенгим да келбейт. Үмүткөр болом. Жакшы эле күдөрүмдү үзүп, аны түбөлүккө көөнүмдөн чыгарып унутайын дейм. Кайдаа!.. Туруштук бере албайм. Канчалык арабыз алыс болсо да, ага жакындоого умтулам. Балким мунун баары болгону балалык баёо кыял, кур далалаттык чыгар. Балким...

Деген менен оюмдагы мени биротоло бийлеп алды. Кыялымдын жетегинде калдым. Анан бу кыздын кыялы кызык го... Аны эч ким түшүнө албас. Ал бирде эркиңе ээ кылбай оболоп учуп, бирде көңүл тереңине чөгүп тим болот. Анын күзгүсү – кыздын көзү. Кунт коюп карасаң, андан эң эле болбогондо кыз кыялынын бир учкунун көрөр элең. Ооба, бирок анын нукура табияты, татымына жете түшүнүү кыйындыр-ов! Кыз баланын кылгырган көзүн, көзүнүн кычыгына катылган жаш мончокторун, ылаа кирпик ирмешин бир караганда байкап, анын көкүрөгүндөгү көй, арман, сырын чече билген жигит миңден бир чыкпаса... Атаганат де!.. «Инженер» бала мен үчүн көкөлөп учкан көк көгүчкөндөрдүн арасындагы жалгыз ак кептер сындуу көрүнөт. Башкалар канчалык ойкуп-кайкыбасын, баары бир алар көмүскөдө калып, көз алдымда дайым ошо...

Анын деминин ысык илеби келип, жүрөгүнүн дүкүлдөгү кулагыма жакындан угула элек. Али колу колумду кыскан жок. Балким, мен аларды өмүрү сезбесмин! Балким, ал менин көөдөндөгү көйгөй сырымды билбей, мына бу мендеги алоолоно жанып күйгөн махабат оту акыры өзүнөн-өзү өчүп тим болор? Мейли өчсө! Кантмек элем... Эмне анда: Баары келип бактыдан. Бактыма эмне жазса, ошону көрөмүн деп, бейпайда жүрө беремби? А, балким, аракет кылып, алда бир арга, өзүмчө чыйыр издесемчи? Табылса тобокел, ошого түшүнөйүн. Же дилимдеги ыйык муратыма алып барар, же...

Кенде жумуш аяктар маал. Ортончу уулу менен таякемди тосуп баратканбыз. Артыма карасам алиги «инженер бала» келатыптыр. Шашып калдым. Жолдон бурула тартайын десем, сол жагымда суу, оң



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жагымда эшилме жар. Биресе аны көргөнүмө сүйүнсөм, биресе аны атайын акмалап чыккансып уялам... Биз көпүрөгө жакындай бергенде, ал жете келди. Мен байкамаксан болдум. Ал кадамын жайлатты да:

– А-а, тааныш карындашым тура. Кандай саламатсызбы, – деди анчейин. Кол берген жок. Мен жооп катпадым. Эмне үчүндүр бетим өрттөнүп чыкты. Ал аны байкадыбы, же байкамаксанга салдыбы, билбейм... Бирпаска тиктеше калдык. Менин оюмдагынын бардыгын билип турган сымал. Эгер андай экен, анда мен нени жашырам? Эртеби-кечпи баары белгилүү болот да. Ооз ачканы баратып, эмнегедир кайра токтодум. Кандайдыр бир сыйкырдуу күч кармап калгансыды. Анын көзүнөн көзүмдү албай жалооруп турам.

Жаштык кыял, сүйүү... Ага башымды ием, таазим этем! Керемет экен го бир. Ичимде эмнелер кайнап, эмнелер ташкындап атканын ал ансыз деле туйду белем, мени бул бейпай абалдан алып чыгайын дедиби, айтор, саал өзүнчө ойго бата, анан кептин нугун буруп кетти:

– Карындаш, мен сизди экинчи ирет көрүп атам. Азыр да атаңарга баратсаңар керек?

Мен мукактана атам да, апам да жок экенин айттым. Ал саамга унчукпай калды... Заматка кабагы салынып, маанайы чөгө түштү. «Эмне мен анын жаралуу жерине тийип алдымбы? Кап-п!»

– Э, эч нерсе эмес. Боор көтөргөндөн кийин жетимдик бара-бара билинбей кетет. Өттү го далайлар... Мындан ары кол үзүшпөй, ниеттеш болуп жүрөлү, – деди ал анчейин.

– Жарайт, агай. Мен...

– Жакшы, жакшы садага! («Садага?!») Уяндык жарабайт. Жаш адамдын ачык болгону дурус. Ооба, мени агай, жок Азим десеңиз деле болот. А сиздин атыңыз ким?

«Азим» Уккулуктуу ысым экен. «Азим, Азим!..» Ооз ачып айтпаганым менен ичимен миң кайталап айттым...

– И менинби? Менин атым Жамал.

Көпкө сүйлөшүп турдук. Мен өзүм жөнүндө баарын айтып бердим. Ал узун сөзгө түшкөн жок. Жөн гана:

– Кантсе да сиз иштешиңиз керек. Үйдүкү үй... Эл менен аралашып, мобу тирилик кургурдун ачуу-таттуусуна эмитен көнгөн жакшы, – деди токтоо.

Менин сүйүнгөнүмдү кой эми. Ананчы! Ал менин далайдан бери тынчымды алып, самап келген оюмду айтпадыбы.

– Мен да иштесем дейм. Сиз иштеген жерге барсам?..



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

– Ким билет. Айтор сүйлөшүп көрөлүчү, – деди Азим.

Үйгө келгенде бул сөздү таякем менен тааженеме айтсам, алар ары кетишип, бери кетишип, акыры макул болушту. Таң аткыча уктай албай, убараланып жаттым. Көз алдымдан Азимдин элеси кетпей, жүрөгүмдүн тынчын алат. Төшөгүмдө тогуз тоголонуп чабалактайм. Айлам кеткенинен терезеге барып күнүрт асманды, ой-белеси билинбей каралжын баскан тоолорду, алардын урчуктуу учтарын карайм. Азим ошол терезенин жанында тургандай сезем. Бат эле таң атса экен. Азимдин жүзүн көрүп, үнүн угайын. Жанында болоюн дейм. Кызык деги... Эмне сүйүү деген ушулбу? Менден башка кыздар ушинтип сүйөр бекен? Балким. Алар деле тирүү жан да. Махабат – мобу тымызын тутанган керемет сүйүүнү алар деле сезер. Алардын да жүрөгү алда ким деп дегдеп, уйкуларын бузуп, тынчын алар. Ошентсе да баары бир мага жетпес. Анткени кыздын ой-кыялын ээлеп, купулуна толо турган ааламда бир гана адам бар. Ал – Азим. Азим-м!

Мен терезеден кайра келип, апакай төшөгүмө чалкаман түшөм. Не үшкүрүнүп, не улутунганымды элес албай, керилип, «Ай-й, деги!» – дейм. Анан тула боюм дүркүрөп барып, сулк жатып калам. Ошондо мен туура он жетиде элем.

...25-мартта мени жумушка алуу туурасында буйрук чыкты. Кийинки күнү кендин башкы геологу Яковлев мени бөлүмдүн кызматкерлери менен тааныштырды. Бардыгы тогуз киши экен. Экөө аял, калганы эркектер. Мен Яковлевдин столунун жанында тургам. «Канай, бери келчи», – деди Яковлев. Бапыйган тармал чачтарын үксүйтүп, нарыда чийим чийип аткан жигит ыңгырана жакын басып келип, бир жак кашын өөдө көтөрө, жөнү жок тамшанып койду.

– Канай, бул кыз сени менен иштейт. Элден мурда өндүрүш боюнча жалпы түшүнүк бер. Эми, айтор, өзүң билесиң да. – Яковлев алдындагы калың китебин бактай кетти. Сыягы: «Сөз бүттү. Кирише бергиле» дегени го. Канай унчукпай ордун көздөй басты. Мен соңунан түштүм...

* * *

...Иштегениме он беш күнчө болсо керек эле. Жаңыдан казыла баштаган блоктун үстүңкү кабатынан проба алып жатканбыз. Канай ошол проба алына турган жерлерди карбидканын ышы менен белгилеп берип коюп, нарыда чыканактай тамеки чегип отурган. Мен аны



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жанагы белгилери боюнча балкам менен чыкылдата таш кертип бериде элем. Бир маалда тиги тараптан кол чырактын үлбүл жарыгы көрүнүп, улам жакындап келатты. Канай козголуп да койгон жок.

Азим экен. Иш үстүндө аны менен биринчи жолугушум. Корунганымды айтпа. Саамай чачым каскадан чыгып, колдорум шалдая уюп барат. Теримди сүртүп, эптеп чак-чак эттирип, ташты ургулай бердим. Терим ого бетер чыпылдап, эки бетим албырып чыкты. «Салам», – деди Азим демиге. Канай папиросунун калдыгын ыргыта ышкырып койду.

– Жамал, бери кылчы балканды. – Азим мага эңкейди. Мен балканы ага суна жер карадым. Азим алда бердемеге кыжыры келгендей, капкара болгон ыш белгини бойлото «бороз» сала кетти. Брезенттин үстү додолонуп барат. Мына, бир тилкесин бүтүп да ийди. Мен аны караган жокмун. Брезенттеги пробаларды жыйнай баштадым.

– Оо, бүтүп койдуңузбу? – деди Канай какшыктай.

– Көрүп турбайсыңбы? – Азим токтоо жооп берди.

– Ха-ха! Кичи пейилдигин кой деле! Кызды башка жерден сыйла. Муну өндүрүш дейт, түшүнүп атасыңбы?

– Ай, Канай. Сый деген сырттабы, бардык эле жерде керек. Жаш, анын үстүнө кыз бала болсо... Кыйын эле да. Улуу эмеспизби, андан көрө, ушул кезде болгон акылыбызды айтып, кол кабыш кылбайбызбы.

– Э-эй, башты оорутпачы, байкеси. Менин ишимде сенин тиешең жок. Ошондой эле менин кол алдымдагыларга... Уктуңбу? Кыйын экенсиң, бар өзүндүн бургулоочуларыңды башкарып ал. Вот так дорогой!.. Ким ай, тур. Тиги пробаны башта, – деди Канай эми мага ойлоно. Акылым айран: «Эмне болуп атат буларга? Же бири-бирине ичтери жаманбы? Же...» Эмнегедир жүрөгүм опкоолжуп кетенчиктедим.

– Ай сен эмне мелтейесиң? Эмне деп атам сага? Бар, башта! – деди да, Канай мени итере бермекчи болгондо, Азим аны колго кагып ийди:

– Канай, бу сен... Уят эмеспи.

– Эмине-не?! – Ал аяң-буямга да келген жок, Азимди жаактан ары тартып ийди. Азим муну күткөн эмес окшойт, селейип туруп калды. Саамга үн катпай, анан бирдеме демекчи болуп баратканда, Канай жана бир койду. Мен көзүмдү жумуп ийдим. Шака-шук. Чыдай албай кайра көзүмдү ачтым. Кайдагы бир арбандаган сөлөкөттөр, өз ара чарпыша, алышып жаткандай. Үн-сөз жок, дүлөй дабыштар.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

...Кийинчерээк Канай эмне үчүндүр өзгөрүлө баштады. Анын себебин, ымандай сырым, анда билген эмесмин. Адаттагыдай ар кайсы жерден проба алып калабыз. Кызмат жагдайына карап, мага тапшырма берип коюп, башка иштери менен деле кете берсе болчудай. Жок, антпейт. Дайыма мени менен. Проба алышта жардам берип, мүшөкчөлөрдү тышка алып чыгарда да, аларды шатылардан көтөрүп түшүп, вагондорго өзү салат. Жасаган мамилеси, айткан сөздөрү да, мурдагысындай эмес эпилдеп: «Жамаш» деп турат. Бул туурасында бирге иштешкен Светланага айтсам, ал ийин кагат, анан сумсая тартып: «Ким билсин, айтор абайлачы», – дейт.

Убакыт дегениң билинбей өтө берет тура. Мына август айы да аяктап барат. Жумуштан кайтып келем. Тааженеме кол кабыш кылып бүткөндөн кийин, төркү бөлмөнүн бир көзү жок терезесинин түбүнө барып, жалгыз отура берем.

Эмнеден улам, эсимде жок, кечкурун клуб жакка кайрылдым. Бий аянтчасы тараптан жагымдуу музыканын шоокуму угулду. Азыр да кулагымда турат. Штраустун «Вена токоюнун жомогу». А туурасында айтуу мага кайда-а!.. Музыка мени белгисиз бир өктөм күч менен өзүнө тартып баратты. Мен ага моюн сундум, эркимди бердим. Анткени ошол музыка ойнолгон жерде үмүтүмдүн танабы, өмүр гүлүмдүн өзөгү – ардагым Азим барбы дедим. Азим ар качан ой-дилимдин ээси, турмуштун туура жолунда адашпасын деп, багыт бере балбылдап жанган жылдызым эле го. Алтын казык жылдызым! Улам жакындаган сайын музыка күчтүү чыгып, делебемди ого бетер козгойт. Капырай кандай укмуш музыка эле!? Мен мурдагыдай бий аянтчасына көпчүлүктөн далдаалана, көлөкөдө көз кайып турган жокмун. Жапжарык ичке аллея аркылуу басып бараттым. Жалгыз өзүммүн. Кумар жанган ондогон көздөр ээрчий карап калып жатышат. Кыя арттан күбүр-шыбыр угулгансыйт. Мен ага көңүл бөлбөдүм. Көздөрүнө назар салбадым. Башымды жогору көтөрө, сынымды жазбай бара бердим.

Азим наркы бурчта эки-үч кыз менен сүйлөшүп туруптур. Менин көзүмө өңгөлөр көрүнбөй, бир гана ошол көрүндү. Ал бир саамга мени тиктеп турду да, анан жанындагыларга лам сөз катпастан, түптүз мени көздөй басып келди да: «Жамал?» – деди. Мен үндөбөдүм. Нес болгон немече, элее дем катам. Азим колун сунду, бийге чакырды. Мен «жок» демек белем, ийнине колумду арта, ыктай тарттым. Биринчи ирет эркектин кучагында болгонум, эркек менен эл ортосунда бийлегеним ошол эле. Ал эстен кетпес, ал учурду көптөн бери самап келгем.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Азим менен кур дегенде бир ирет бийлесем дегем. Мына эми оюм ордунан чыкпадыбы. Мен аны мененмин. Денесинин ысыгы денеме өтүп, өмүрүмдө сезип, туюп көрбөгөн өзгөчө бир илеби искем жыт урат. Ансайын жүрөгүм алып учуп, делебем кызыйт. Ээгимди көтөрө Азимди карасам, анын да эки көзү менде экен. Баягы эле сурмалуу сулуу кой көздөр, баягы эле сыйкырдуу жылуу көз караш. Андан өөдө толгон ай, сан жылдыздуу асман, Аалам...

Эки-үч бийлегенден кийин кара бактын күн батыш тарабындагы дөбөчөгө келип отурдук. Теребел тунжурап, көшүп барат. Наркы өйүздөгү карагайлуу токойдон кез-кез менен күкүктүн доошу угула калат. Көл суйкайып тынч. Ай – толгон ай кыймылсыз жоош булуттарга жашынган. Тоолордун сызым карааны эле көрүнөт. «Ар жердин көркү ар башка, өзүнчө болот тура», – деди Азим ойлуу. Сары өзөн Чүй жөнүндө айтып кирди. Аны миң кайталап айта берсе да, угуудан жадабас элем. Анан турмуш, жашоо, менин окуум туурасында кеп болду. «Мектеп, аны бүтүп, окууну андан ары улантууң керек», – деди Азим. Биз өөдө карадык. Карадык да, көзүбүздү албай, дем ката туруп калдык.

...Бат эле кыш кирип келди: февраль айы, жекшемби. Таякем эң улуусун ээрчитип, ары кошунасыныкына басты. Күн чубакта тааженем бирдеме тигип, мен сабак даярдоодомун. Ал үн катпай отурду да, анан укандарын баштан аяк айтып кирди. Акырында: «Эми айланайын, жаңкы Азим кандай бала экенин билбейм. Балким, адептүү жакшы эле баладыр. Жашсың, Жакинтай! Э-э, эркек деген эркек. Кийинкиңди ойлошуң керек. Кокус да жаза басым иш болуп кетсе, сен үчүн ким «аттиң» деп бармагын тиштемек, ким өкүттө калмак?.. Өзүң эле тартасың жаштыктагы жаңылыштын азабын. Анын үстүнө, Жакин, Азим сага тең эмес», – деди.

Жүрөгүм болк дей түштү. Ошол замат ордумдан ыргып туруп, үйдү көздөй жөнөдүм. Жаздыкты кучактап көмкөрөмдөн түшүп, көпкө ыйлап жаттым. Бул сөздү мен бирөөдөн укпашым керек эле. Өзүмдүн гана ичимдеги купуя сыр бойдон жүрө берсе болмок. Аттиң-ай! «Тең эмес...» Мына ушундан тарта үйдөбү, тыштабы кандайдыр, өзүмдү баштагымдан да басмырт кармай баштадым. Бирөөлөр жөн эле аңгеме куруп атышса эмне үчүндүр, баарын өзүмө алып, өзүмчө эле алда бирдемеден шектене берем. Жумушка жер карап барып, жер карап келем. Мени жоошутуп, көөнүмдү жууткан жалгыз гана жазыксыздыгым. Актыгым.

Азим баягыдай эле жолуккан сайын окуум, ишим туурасында сурамжылап калат. Баары жөндүү, орундуу. Анан да көз карашы... Ал



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

мага түшүнүксүз. Балким, ал тек улуу катары карар? Же анда да бир аруу сезим, ачык айтпаганы менен, тээ көкүрөк тереңинде катылган кажарым махабат – сүйүү барбы? О, андай болсо кана? Муну ойлоорун ойлоп алып, ошол замат андан кайра өзүм коркуп кетем.

* * *

Мындан кийин Канайдын пробаны туура албаганы баяндалат. Бир күнү окуусунан келаткан Жамалды атайы тосуп чыгып: «Сени Азимден мурда эле сүйчүмүн. Менин ишиме, сүйүүмө бөгөт болгон Азим. Эми экөөбүздүн ортобузга ал жик сала албайт, мен мүдөөмө жеттим», – деп жалбарат Канай. Арийне. Жамал бул ойду четке кагат. Ошол эле күнү кендин сапатын төмөндөткөнү үчүн жыйналышта Азимди иштен алганы жатканы» жөнүндө кеп болгонун Жамал таякесинен угат. Көп өтпөй Канай «Кенебес, билбестиктин кесепети» деген макаласында, «Казылып жаткан кендин өлчөмү төмөндөгөнү, натыйжада ондогон тонна баалуу металл кем алынганы, 23 куб устун коромжулукка учураганы, бул Курбановдун кенебестиги, иштин жайын билбегени гана эмес, муну ал атайы жасаганы, ал ишканага материалдык жактан гана зыян келтирбестен, кенчилердин көмөкчү цехтеринин арасында да нааразылык туудурганы» туурасында жазып, Азимди «катуу сындайт». Буга Азим кабагым-кашым дебестен, мурдагыдай эле иштеп, Жамалдын окуусуна жардам берип жүрө берет. Ушундан кийин эле Жамалдын таякеси акчалай сыйлык алып келип «кайдагы бир кеңкелестин айынан (Азимди айтып жатат) ушу кезге чейин жумушчулар чуу түшүп келгенин, Азимге караганда Канай күндүк өйдө экенин, кандай болсо да Жамалды Азимден оолактатып, Канайга жакындатуу керектигин» тымызын кеп кылат. Муну уккан Жамал ошол замат Канай пробаны туура албаганын Света менен Азимге билдирет. Ошентип экинчи жыйналышта иши кайтадан каралып, Канайдын бети ачылып, Азим биротоло акталып, башкы инженерлик кызматка көтөрүлөт. Анан ал жаңы кызматын да кабыл албастан, Жамалды окууга өткөзүү үчүн жөнөп кетет.

* * *

Арадан үч күн өткөн. Мен катуу уйкуда жаткан элем. «Жамал, Жакин, – деди бирөө мени ойготуп. – Тур, Азим келди. Машине күтүп атат» – дейт, тааженем экен. Көзүм умачтай ачылды. Үйдүн ичи али күңүрт. Оозгу бөлмөдө Азим менен таякем сүйлөшүп олтурушуптур.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

– Эми, айланайын анча-мынча айыпчылык болсо оюңа алба. Биз эмне, биз сага... – Таякемдин бул сөзү Азим эмес, мага айтылып жаткандай туюлду.

Мен ички каалганы акырын ачтым да, таякемдерди байкамаксан болуп, сыртты карай аяр бастым. Ырас эле таң жаңы супа салыптыр. Чолпон жылдыз Шумкар-Уянын учуна тийип-тийбей бал-бал жанат. Салкын. Тээ төмөндөнбү, кайдан суунун шардам шоокуму угулат. «Чын эле ушунун баарын калтырып кете беремби? – дейм дилимде. – Таякем менен тааженеме окшоп карааң болор менин кимим бар эле аякта. Бир гана Азим!» Саамга ой токтоткон болом. Анғыча тааженем үйдөн чыга жаныма келип:

– Атакөрү, – деди ээгимен жөлөй. – Кой ыйлаба. Кимибиздин башыбыздан өтпөгөн дейсиң бу... Иши кылып, бактыңдан айтсын! Жүр эми үйгө...

...Чай ичип, бата кылып, эшикке беттедик. Таякем, соңунда Азим. Тааженем мени менен. Ушул азыр да таякемдин алкымы бүлкүлдөп, тааженемдин башын көкүрөгүмө жөлөй солкулдап турганы көз алдымда. Булардын мага: «Эми аман барып, аман жүр. Баарыга байымдуу бол...» дешкени эле. Бакты-таалай каалашканы эле.

Фрунзенин жылуу кечи бизди жылуу тосуп алды. Менин көптөн күткөн көй мүдөө, санаган санаам ордунан чыккандай. Азим жанымда, маанайы жарык. Мага мындан башка эмне керек? «Сүйөм! Жамаш, мен бир гана сени сүйөм!» – деген эле сөзбү? Жок. Ал ашыктык кылат. Адеп жолуккандан баштап, мага жасаган мамилеси, жардамы анын сүйүүсүнүн – таза, аруу сүйүүсүнүн айгине далили эмеспи? Улам убакыт өткөн сайын тынчым кетет. Жүрөгүм удургуп каным ойнойт. Качан? Азим, жаным, качан сырыңды ачасың? Бук болуп бүтпөдүмбү. Көп кыйнабачы мени. Көкүрөгүңө кыса сүйчү. Сүйчү?!.. Ооба, канчадан бери тымызын дил каткан тилегим да кабыл болду. Ал мени кучагына ала, маңдайыман сүйдү. Бирок...

Эртеси Азим экөөбүз ээрчише политехникалык институтка бардык. Документтерди өткөрүп, эшикке чыктык. Биз жаңы эле катар тепкичтен түшө бергенибизде: «Жамаш, азыр... Бир киши келмек эле, күтө туралы, ээ?» – деди Азим. Мен шыңк күлө ага кыналдым. Ошол замат кандайдыр баёо дүнүйөм балбаарып, бир кызыктай болуп бараттым. Аны кучактап сүйгүм келди. Жок, сүйө албадым. Дагы ызааттык – ургаачынын улуу касиети жеңип кетти. Атаганат!...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Айлана-тегеректе кыжы-кужу эл. Аңгыча алды жагыбыздан бирөө: «О, саламатсыздар!» – мурдатан жакын адамдардай ачык-айрым. Биз учураштык. Ал кара торусунан келген шыңга бой, чырайлуу кыз экен. Коймолжун кара көздөрү төптөгөрөк болуп, куду нур чайып турган сымал жалжал жанат. Жашырганда эмне, ичим тарыга түштү.

– Жаңылбасам, бу Жамал го? – деди ал күлүмсүрөй.

Азим карыман аяр сүйөй:

– Жамал, таанышып кой, Зыйнаш... менин болочок жарым, – деди.

«Зыйнаш!» Бул сөз мага адамдын ысмы эмес жаанын огу сыяктуу туюлду. Таман алдымдагы жер көчүп бараткандай. «Зыйнаш – менин болочок жарым!» Азимдин бул айткандары тээ алыстан, Ала-Тоо тараптан жаңырык катары угулгансыды. «Аттигиниң! Менин канчадан бери жанып келген жалыныма, таттуу кыял, назик сезимиме ушинтип муз аралаш, муздак суу чачылмак экен го? Деги мага ырыс-кешик, таалай дегенден айткан эмес белем?» Мен өз атымды атап, колумду бердимби, бербедимби таң. Турам, тула боюм тунжурап, нес немече абдырап.

– Жамал, – деди Азим, анан мени өзүнө тарта, – Мына, Жамаш, коштошууга да мезгил жетти. Сага алгач жолукканым эсиңдедир. Анда сени көрүп, сөзүңдү угуп, өзүмчө бир ойго келген элем. Ал тургай алдыма максат да койгом. Анын баары жалгыз сен, сенин келечегиң үчүн болчу. Мен алыма жараша аракет кылгансыдым. Ойлогон оюм, мурат-максатым канчалык ордунан чыгып, жүзөгө кандайча ашканын билбейм. Сен али жашсың, Жамаш, баласың. Турмуш, турмуштун ачуу-таттуусу али алдыда. Баарына чыдап көнө бил! Бактылуу бол, Жамаш! Кош эми! – Ал менин маңдайыман сүйдү. Ооба, бул анын алгач жана акыркы жолу сүйгөнү эле. Алиги кыз экөө кол кармаша узай беришти. Мен шарт бурулуп, ичкери кирип кеттим. Эки колум менен башымды мыкчып, кууш баскычтар аркылуу чыгып барам. Мына а да бүттү.

Чакан тектирче. Шаардын төрт тарабы тең көз алдымда. Бирок тиги узун-туурасынан созулган түз көчөлөр, жашыл бак, бак арасынан бой керген апаппак кооз имараттар, аянттар мага байкалбагандай. Байкаганым, көз кадаганым – тээ береги улам алыстап бараткан эки караан. Телмире ыйлап турам. Көзүмөн аккан ызалуу ысык жаш жүзүмдү жууп, көкүрөк ылдый сызылып атты...

...Андан бери беш жыл, туура беш жыл өттү. Жогорку билимге, геолог деген адистикке ээ болдум. Агайлардын айтымында, кыргыз кыздарынын ичинен бул окууну алгач ирет мен бүтүп аткан экем. «Муну



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

үчүн мен кимге милдеттүүмүн? Кимге карыздармын? – дейм өзүмчө, – Бир гана Азимге! Ал болбогондо кандай абалда жүрөт элем?!»

Мына, эми да баягы тектирчеде турам. Азимдин кеткен жагын карайм. Оо, азыр ал ошол жол менен кайтып келсе эмне? Анда мен анын мойнуна артыла, уялаш бир тууган агамдай илебимди ичиме ала, жыттаап, жыттап өбөр элем! «Ишеничиңди аткардым. Мээнетиң текке кеткен жок!» дээр элем. Мен аны азыр да сүйөм. Баштагыга караганда он эсе, миң эсе жогору сүйөм. Азыркы сүйүүм алгачкы гана сүйүү эмес, адамды – чыныгы адамды сүйүү! Азим ар дайым мени менен. Кыйналсам – жөлөк, куунасам – курбал. Өмүрүмдөгү өчпөс шам, түгөнгүс үмүт!

Азыр ал кайда? Мени эстеп ойлор бекен? Деги аны сүйгөнүмдү билген бекен?..

## Чоң адамгерчиликтин сыры же аткарылбаган арман

Бул повесть өнөр жай темасына арналып, айрыкча кенчилер, анда иштеген жаштар турмушун көркөм чагылдырган лирикалык чыгарма. Повесть бир отуруу менен жазылгандай, окуганда да эч кыйналбай бир илеп менен окулат. Тили жатык баяндалган окуялар да жөнөкөй, ошол эле учурда адамгерчилик, философиялык идеясы да өтө бийик. Ошондуктан повесть жарык көрөр замат адабий коомчулуктун да, карапайым окурмандардын да көңүлүн өзүнө бурду.

Ө. Даникеев биринчи эле чыгармачылык кадамында адабиятта эң башкы нерсе – реалдуулук, анан турмуш чындыгын адабий чындыкка айлантып, көркөм чагылдыруу эмне экенин туура баамдаган. «Кыздын сыры» дароо эле орус, андан көп узабай француз жана башка тилдерге которулуп кетти. Ал боюнча фильм тартылды.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Ө. Даникеевдин өмүрү жана чыгармачылык жолундагы маанилүү учурларын айтып бергиле.
2. Анын, «Кыздын сыры» повести окурмандар, адабиятчылар тарабынан кандайча бааланды?
3. Жамал менен Азимдин турмуш курбай калышы боюнча силердин оюңар кандай? Азим Жамалды сүйчү беле, же анын кызга болгон жагымдуу мамилеси агалыкгана камкордукпу?
4. Жамалдын канчалык катуу сүйгөнүнө карабай, сүйүүсүн Азимге айтпаганы, кыздык абийирин сактап, өзүн тарта билгенин кыргыз, өзбек элиндеги кыздарга таандык каада-салттар боюнча талкуулагыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ШАТМАН САДЫБАКАСОВ

**(1932–1983)**

Прозаик, драматург, акын жана публицист Шатман Садыбакасов 1932-жылы 25-майда Жумгал районунда туулган. Балалык чагы согуштун каардуу жылдарына туш келип, ошол кыйын кезең турмушту өз башынан өткөргөн.

Ш. Садыбакасов 1955-жылы университеттин филология факультетин бүткөндөн кийин, республикадагы газета-журналдардын редакцияларында иштеп калуусу менен чыгармачылыкка баш-оту менен киришет да, ар кыл жанрдагы адабий чыгармаларды жаза баштайт. Көп өтпөй жазуучунун алгачкы «Пейил» аттуу аңгемелер жыйнагы 1958-жылы жарык көрөт. Андан кийинки «Мүнөз» (1960), «Жол түгөнбөйт» (1962), «Бир үзүм жалын» (1964), «Күндөр» (1965), «Сонун бала» (1968), «Жашыл өзөн» (1968), «Кең дүйнө» (1976), «Күзгү» (1981) деген жыйнак-топтомдору окурман менен сынчылардын көңүлүн өзүнө буруп, алардын жогорку баасына арзыган чыгармаларга айланды.

Ш. Садыбакасов драматург катары да үзүрлүү эмгектенип, кыргыз элинин өткөргөн тарыхый турмушун көркөм иликтөөгө алган «Ак боз ат» (1972), «Керме тоо» (1979) драмалары өз учурунда театр сахналарынын репертуарынан туруктуу орун алган. Бул драмаларда эл турмушунун өткөндөгүсү менен эртеңкисинин өтмө катар байланышы, жамандык менен жакшылыктын бой тирешип кармашы, элге, жерге болгон ыйык сүйүү, таза патриоттук сезим сыяктуу искусствонун түбөлүктүү делип келаткан темалары өз алдынча коюлуп, көркөм чечмеленди.

Ш. Садыбакасов чыгармачылыгын ыр жазуудан баштаса да, бир гана ырлар жыйнагын («Жашыл өзөн») чыгарып, көбүнчө проза жанрында эмгектенди. Анын жападан жалгыз аталган ырлар жыйнагына кирген лирикасынын басымдуу көпчүлүгү акындын элге, жерге, табиятка болгон сүйүүсүн, айлана-чөйрөгө, жаратылыштын кооздугуна суктануусун чагылтат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ш. Садыбакасовдун адабий мурасында проза жанры өзгөчө орун ээлери белгилүү. Анын чыгармалары жаш муундарды элибиздин нускалуу үрп-адаттарын сактоого, жаш кезинен өз алдына чоң максат коё билүүгө, өнөр-билимге ээ болууга, ынтымактуулукка, достукка ж. б. пайдалуу иштерге үндөйт. Бул анын алгачкы «Пейил» аттуу жыйнагындагы «Сонордо», «Дыйкан болом», «Моделим менин айга учат», «Ыр жазуу», «Эки дос», «Убакыт бекер кетпеди» ж.б. аңгемелеринен көрүнөт.

Жазуучунун адабий мурасында Калык акындын өмүр жолуна арналган «Азаттык үчүн» киноповести да өзүнчө орунга эгедер. Бул чыгармада кыргыз турмушунда көпкө өкүм сүрүп келген теңсиздик турмуштун картинасын каратаман кедейлер: Насаке, Боромбай, Бирназар, беш көкүл кыз Күлүсүндүн жана болуш Зарбат менен приставдын жазалоочунун образы аркылуу жарата алган.

«Күндөр» аттуу романында Ш. Садыбакасов согуш мезгилине өзүнүн бала чактагы баёо, тунук көз карашы менен карап, ооруктагы кары-картаңдардын, кыз-келиндердин оор түйшүгүн, күжүрмөн эмгегин, асыл мүнөздөрүн, кайгысы менен кубанычын, илгери үмүттилектерин, адамдык айкөл ак пейилдерин көп пландуу, кеңири алкакта чагылдырууга аракеттенет.

Эл турмушунун өткөндөгүсү, учурдагысы жана эртеңкисинин тутамдаштыгын, муундар тагдырынын байланыштуулугун көркөм аңдоого алуу ар бир сүрөткердин көркөм концепциясы болору белгилүү. Бул олуутуу тема адабияттын ар бир түрүнүн, анда эмгектенген сөз чеберлеринин ар кимисинин өз мүмкүнчүлүктөрүнө жараша ар кандай деңгээлде чечмеленип келатат. Ш. Садыбакасов да мына ошол проблема менен түйшөлүп, аны драма жанрында өзүнчө ыкма менен башкача өңүттөн, ракурстан карап чечмелөөгө умтулду. Ал бул жанрда «Ак боз ат», «Керме-тоо» тарыхый драмаларын, «Уят эмеспи» сатиралык комедиясын гана жазса да, кыргыз драматургиясында кадыресе из калтырып кетти.

## АК БОЗ АТ

*(Эки көшөгөлүү драма)*

Катышуучулар:

**Малике-аяр** – карыя, эл өкүлү.
**Кулан, Сулайман** – кол башчы жигиттер.
**Жаныбек** – хан.
**Алтын таяк Зулайка** – Жаныбектин энеси.
**Ирбис, Жанкозу** – Жаныбектин жигиттери.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Эрке-Айым,** Дилде-Айым,
**Айша-Айым** –Жаныбектин айымдары.
**Думана** – Эрке-Айымдын атасы.
**Чарын** – Жуңгар ханы.
**Лайлум** – Чарындын кызы.
**Шамур (Шаймаран), Мансур** – Чарындын кол башчылары
**Жортуулчулар,** туткундар, ордо кыздары, нөкөрлөр, желдеттер.

## БИРИНЧИ КӨШӨГӨ

### 1-көрүнүш

Караңгы. Иттин улуганы. Сурнай үнү. Жалгыз жылкынын дүбүртү, кишенегени. Жылаажындын шыңгыраганы алыстан жоголот. Муңдуу ыр угулат. Думана таягына өбөктөйт. Элес тартылат.

**Күңгүрөнгөн үн**. Кимсиңер?.. Силер кимсиңер?

**Дыйкандын үнү.** Дыйкан элем. Алыш чаап, аштык айдап жүргөндө өлтүрүштү.

**Устанын үнү.** Колумдан көөр төгүлчү. Өзүм соккон кылыч менен башымды алышты. Мен алда качан өлгөм. Кылыч алигиче тирүү – жалаңдап баш кесет.

**Үн.** Башың кана? Сен кимсиң?

**Жооп.** Ким экенимди өзүм да билбейм. Денем бөлөк көмүлгөм. Башым жоголгон... (Баланын ыйлаганы угулат).

**Үн.** Бешигиңе таңылган боюнча ачкадан чарчадың.

**Ажал.** Мен – ажалмын. Эй, адам! Сен кайда барсаң мен ошоякта. Мейлиң, эмеле дүйнөнү бүркүп коёсуңбу, кырыласыңбы... баарына макулмун, кайылмын. Кылыч, мылтыкты мен жасаган жокмун, кыргынды мен ойлогон жокмун. Эй, адамдар, ажалды силер өзүңөр чакырасыңар. Мен бирден жаныңарды алчу элем, эми санатым жетпей баратат. Эй, күндүн көзү тунарат – киминдердин каныңар, айдын бети кararат – киминдердин жаныңар?.. Думанам, унчукпайсың да...

**Үн.** Эмнеге унчугайын, баары чын. (Мылтык атылат. Кыйкырык. Сахна жарк дейт. Думана чочуп кетет. Алыста – тоолор, бериде – сепил).

**Думана.** Оо, жараткан! Ыраазымын жыргалыңа, тирүүлүктүн кереги жок эми.

**Ажал.** Сенин керегиң жок! Сен думана болуп жүрө тур. Думана бойдон өлөсүң. (Жаңырык).



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Думана.** Оо, көзү жок кудай!.. Атым да думана, жада калса көзүм да думана... Оо, калыстыгы жок ажал!.. (Кетет).

**Ажал.** Ырас, ажалдын калыстыгы жок, ошон үчүн ажал. А адамдар силерчи? Силер кандайсыңар?.. Сай ташындай кылымдар өттү. Силер бири-бириңерди аядыңарбы, калыссыңарбы? Кана, ойлонгулачы? Кана, өткөн-кеткенге көз жүгүрткүлөчү! (Жоо жаракчан Чарын кирет. Бөйрөгүн таяна сепилге серп салат, Шамур, Мансур жана нөкөрлөр).

**Чарын.** Боз жорго!.. Туяктуунун баары тулпар эмес. Канаттуунун баары шумкар эмес. Таңдагы шамдай жанган кайран күлүк, Ак боз ат! Жебенин огу жетпеген, жез тумшук болсо тепсеген... Жебесин сууруп чыккан кайран күлүк! Ат мингизбей, эринин кендирин кесем... Элинин үмүтүн кыркам!

**Мансур.** Кантайшы, ат жалынан кан акты, чептин коргоочулары жакындатпай от чачты. Кара зоодой капкаларын жапты. Жасайылчылар жамгырдай төгүп жаа тартты. Калың черүүбүз сапырылып артка качты.

**Чарын.** Качты?.. Оозуңдан бул сөздү укпайын! (Шамурга) Сен айтчы?!

**Шамур.** Урматтуум! Сиз айткандай кылдык... Катуудан казаны, жумшактан күлү калды.

**Мансур.** Бул эл жалбырак жамынып, тери чайнап, итке минип калды.

**Чарын.** Укум-тукумунун көкөйүндө калсын. Менин атым бул жердин өзөнүндө калсын. Тамга болуп ташына жазылсын, атымды укканда ыйлаган бала басылсын! Каяша айткандын жанын, арык-торук, баспаган малын да кыргыла.

**Мансур.** Айтканыңыз ак, кантайшы.

**Чарын.** Антпесеңер арыгын семиртип, ачын тойгузуп аласыңар, эртең алар бөйрөккө саят!

**Шамур.** Айтканыңыз калетсиз.

**Чарын.** Кылбаган санатты кылам. Чыркыратып туткундарды кырам... Ичи ачышса, Жаныбек өзү келсин, ай өткөрбөй алымымды, салыгымды төлөп, Ак бозун, сан дүйнөнү тартууга берсин! Ага көнбөсө, уулдарын алтынга, кыздарын күмүшкө сатам, сөөктөрүн кумга чачам!

**Шамур.** Акылмандын акылмандуулугу мунуңуз.

**Мансур.** Ак сөз сүйлөгөн, арамдыкты билбеген кулуңбуз!

**Шамур.** Улуу тайшы! Кызыл куйруктуу нар, кыпкызыл алтын, түмөндөгөн мал, алгыр куш, каз моюн кара көзү – баары сиздин ак сарайга жөнөтүлдү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Чарын.** Ошонун баары жалгыз Ак боз атка арзыбайт. Ак боз атка жаа тартпагыла, чепти курулай камап бүлүнтпөгүлө. (Чарт жарылып) Апкелгиле! (Желдеттер Малике-аярды түртүп киргизишет).

**Чарын.** (Малике-аярга) Ии, ойлондуңбу? (Сөөмөйүн ченеп) Сөз ушунчалык кыска: Кана, хан сарайын кандай уста салды? Ак боз атты кайсы жактан алды? Кулак сенде?

**Малике-аяр.** Атың хан болгону менен башың маң бейм. Сөздү отуруп угат (Отурат). Элдин жайынан мурда хан сарайын сурадың, хан адеби ушундай болобу? Жашаар жашым азыраак. Башым сабагында калчылдап араң турат. Сага, хан, мал керек болсо, байлап кетпейсиңби Жаныбекти, коштоп жөнөбөйсүңбү Ак боз атты. Калжаңдатып менде эмне жазык?! Кан какшатып элде эмне жазык?!

**Чарын.** Какбаш! Эл имиш. Уучума толбойсуң.

**Малике-аяр.** Уучтап элди ченебейт, кочуштап малды санабайт.

**Чарын.** Курч тилиңди курч менен кесейин.

**Малике-аяр.** А, коңтаажы, бычагың курчпу? Иттериңдин багып өлтүргөнүнөн, арстандын чалып өлтүргөнү абзел. Өзүң өлтүр. Сенден өлсөм, зор экемин...

**Чарын.** Курч тилиңди курч менен кеспейин. (Кылычын кынына урат). Сага кылыч кандап, сакалыңды коркутканым.

**Малике-аяр.** Сакалым кестигиңден коркпойт. Сакалым... убададан коркот!

**Чарын.** Убадаңды аткар. Ак боз аттын жөнүн айт.

**Малике-аяр.** Ал асмандан түшкөн жок... Анан ченсиз күлүк хандыкы, элдики.

**Чарын.** Жик билгизбей бек коюп, чалым, жик чыгарбай ташты оюп, чалым. Бул укмушту ким кылган? Хандын чебин ким курган?

**Малике-аяр.** Эл курган, билгендер чым болуп калган.

**Чарын.** Далай күндөр камадым – чаба албадым, ой-тоону бүт аңтардым – таба албадым... Айтчы, сепилге суу каягынан кирип, каягынан чыгат?

**Малике-аяр.** Сан жеткис жылга-жыбыттардын каягынан суу кирип, каягынан чыгарын кайдан билем. Бир билсе, тоо-талаада жашынган Жаныбек өзү; бир билсе, ордо ичинде зериккен, обун таппай ээликкен Эрке-Айымы билбесе...

**Чарын.** Көзүңдү кызартып, сөөлжандай узартасың

**Малике-аяр.** (Сакалын сылап) Сөз ушунчалык ак. Билгенимди айттым. Көп десең, кылычыңды сууру. Мына (башын тосот) чаап сал. Мүлжү!



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Чарын.** Этегиңди ок чийбей, башыңа найза тийбей, элиңден, этиңе кийген тонуңдан ажырап, кагырап-куурап, тиги чачылган сөөктөрүңдү жыйнап көөмп, ыйлап жүрө бер. Сага башка кыйноо таппадым... Бар! (Токтотуп) Же маңдайга сайып, куртуңду күбүсөмбү? Жогол! (Аярды алып кетишет).

## 2-көрүнүш

Гүлбак. Ордо кыздары. Чынар теректеги селкинчекте термелген Эрке-Айым. Жанында көөкөр. Айымды терметип, желпиген кыздар. Кыздар кетишет. Хан аялы экөө жалгыз.

**Эрке-Айым.** (Кылыктанып) Ханым, уктайм тизеңе... Эс алам, чарчадым. Келчи, ханым! (Кыздар бешик көтөрүп киришип, Эрке-Айымдын жанына коюшат).

**Жаныбек.** Хан эмес кулда да бар жакшы тилек, айым. Маңдайымды жаркыратасың кайсы күнү, ак ордомо тутка болор уул төрөп, Айым...

**Эрке-Айым.** Уул төрөп? (Селкинчекке олтурат) Бала ордуна мени эркелет. Мени жытта, мени термет. Шарап! (Кыздар шарап сунушат. Айым көшүлөт. Жанкозу кирет).

**Жанкозу.** Ханым, күтүп калышты.

**Жаныбек.** Чш-ш. Дагы келиштиби? Буларды карачы, эмнеге кычап? Айткандары ушак, ойлогондору тузак. Барам, кажылдашып олтурбайм узак (Жанкозу кетет). Ушул энемдики өттү, арачы түшүп, карыганда көптү. (Чыгат).

**Эрке-Айым.** Ханым!.. Жаныбек кайда кетти? Магдыратып боюмду жазбай, шаан-шөкөт курдуруп кабагымды ачпай... Катынды катындар менен тегеректетип... Анан тууп бер дейт, тууйм сага! Эй, сойкулар, муну көргөзбөгүлө мага... (Бешикти тээп жиберип, темтеңдеп чыгып кетет. Зулайка кирет).

**Зулайка.** Кайда жүрөт, жанагы кесепети уулум? Катыны менен кыңшылашып, чымчылашып ушерде дешпеди беле? (Кайра кирген Жаныбекке) Чыканактап тынч алчу, чырм этип уйку алчу күндөр бекен? Боюмду жашырсам да, оюмду жашырбайм, балам. Калың жоо калкынды чапты карашалап. Катын-бала олжого кетти, кала албадың арачалап. Кана тулпар, кана жарак?!

**Жаныбек.** Алтын таяк ханыша апам!.. Ичкелеп сүйлө, акыл айтасыңбы, тилдейсиңби, анан тилде. Каргайсыңбы же үйлөп жибересиңби? Анан, эл жокто үйлө. Ак ордонун сыймыгын кетирип,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

азыткыларга кирбе. (Малике-аяр, Кулан, Сулайман, Жанкозулар киришет).

**Зулайка.** Азыткыга кирген мен болсом, акылдуу дегенибиз сен болсоң?.. Элден өкүл келиптир, бир ооз сөз укчу.

**Малике-аяр.** Калктын сөзү бул: «Хан казынасын чачсын. Калың жоокер, курал-жарак камдасын... Ак боз аттын тизгинин мине турган эр-азаматка берсин!»

**Жаныбек.** Калкка жамандык кылган жокмун. Хандын эли дедиртип катарга коштум. Ар ким маңдайына жазганын көрөт. Ажалы жетсе, жоодон же тоодон өлөт.

**Малике-аяр.** Көптүн көзүнө топурак чачтың, алдаяр!

**Жаныбек.** Казынаны чачып жиберүү үчүн жыйнаган жокмун, Боз жоргону саяпкер болуп аларга таптап жүргөн жокмун. Бүгүн жоргомду талашса... эртең ордомду! Тескегени жок тентек эл, башкарганы жок башаламан эл, бүрсүгүнү... Айта бар: казына эмес, тезектин кагын, Ак боз ат эмес, анын бир тал кылын бербейм!

**Малике-аяр.** Кар да кетет бел калат, хандар өтөт эл калат. Бийиктин жанында өссө, жапыс өзүн бийик сезет, күлүктүн жанында басса, чобур өзүн күлүк сезет. Чамгарактап калган экенсиң. Эл керек болсо бир күндө ханды кул кылып, кулду бир күндө хан кылып алат!

**Зулайка.** (Жулунган ханды тосуп) Кылычыңды душманыңа сууру!

**Сулайман.** Хандын асыл башы жоголоор, калктын асыл башы жоголбойт!

**Кулан.** Элсиз жашаган арбайыңды да көрөбүз. Кош!..

**Малике-аяр.** (Зулайкага) Жарты башты бүтүн кылган, жалгыз башты түтүн кылган умай эне, эрди тууган, элди тууган кудай эне! Өлүү башка чөп үйүлөт, тирүү башка мал үйүлөт! Кош! (Маликелер кетишет)

**Жаныбек.** Элчи менен ырчыга өлүм жок, болбосо... Мен Каңгай менен чабышкам. А кырылса кырылгандыр, катын – карга, бала – сагызган. Сакалын сүйрөп келиптир. Малике-аяр, анын сакалындай кыл эчкиде да бар.

**Зулайка.** Эмне деп жатасың?

**Жаныбек.** Эмне десем ошо!..

«Ак боз ат» драмасы 1972-жылы коюлган. «Ак боз ат» драмасынын өзөгүн эл оозунда айтылып жүргөн Шырдакбектин боз жоргосу жөнүндөгү окуя түзөт. XVII кылымдагы жунгардык басып алуучулардын талоончулук согушу менен байланышкан ошол аңыз-окуяны драматург киндик кан тамган жерди сырткы душмандан коргоп, көз



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

карегиндей сактоо, ынтымакта жашоо – өмүрдүн маңызын аныктаган маселелер менен бирге иликтеп, эмоциялык-эстетикалык таасири эч кимди кайдыгер калтырбай турган көркөм нарк жараткан.

«Ак боз ат» драмасында өткөн доордогу жалпы эле кыргыз турмушу көркөм иликтөөдөн өткөрүлүп, Малике-аярдын, алтын таяк Зулайканын, Думананын мүнөздөрү аркылуу эл ичинен чыккан акылман адамдардын тунук көз караштары, терең ой жүгүртүүлөрү сүрөттөлгөн. Элди эл кылып сактап, ордолуу журтту журт кылган мына ошондой асыл сапаттарга эгедер даанышман адамдар ар убакта керек экендиги жөнүндөгү автордук идея драманын тулку боюн тепчип өтөт. Ал эми сырткы баскынчылар, баарынан да эл башына каран түн түшүп турганда Жаныбек хандын ордосунда өкүм сүргөн кенебестик, күнүмдүк жыргалы үчүн сайран куруудан колу бошобогондордун жорук-жосундары ар тараптан жек көрүү сезимин пайда кылат.

## Суроолор жана тапшырмалар

1. Драманын тематикасы, идеялык мазмуну жөнүндө эмнелерди айта аласыңар? Драмада кайсы мезгил чагылдырылган? Чарындын баскынчы катары элесин драматург кандай деталдар менен берет?
2. «Ат – адамдын канаты» дегенге кандай түшүнөсүңөр? Элдик эпостордо, жөө жомоктордо эр жигит үчүн аттын мааниси жөнүндө эмнелер айтылат?
3. Жаныбектин эл мүдөөсүн орундата албаганы, ички дүйнөсүнүн тардыгы драманын кайсы сценасынан айкын көрүнөт? Буга байланыштуу үзүндүлөрдү таап окугула.
4. Малике-аяр менен Думананын элдин чыныгы өкүлү, акылман карыя катары өзгөчө сапаттары кайсыл учурда даана байкалат?
5. Эркe-Айымдын дөөлөткө, байлыкка көзү тумандаганын, текеберчилигин автор кандай деталдар менен берет?
6. Ш.Садыбакасовдун кандай чыгармаларын окугансыңар?
7 Драманын тилинен кандай өзгөчөлүктөрдү байкадыңар? Түшүнбөгөн сөздөр кездештиби. Чыгарманын бир көрүнүшү боюнча сахна – сабак өткөргүлө. «Ак боз ат» – тарыхый драма деген темада дилбаян жазгыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ШАЙЛООБЕК ДҮЙШЕЕВ

(1950)

Ш. Дүйшеев 1950-жылы Нарын областынын Ат-Башы районунда туулган. 1980-жылы КМУнун филология факультетин бүтүргөн. Алгачкы чыгармалары 1968-жылы жарыкка чыккан. «Аптап» деген тунгуч ырлар жыйнагы 1985-жылы басылган.

2005-жылы Ш. Дүйшеевке Кыргыз Республикасынын эл акыны деген наам ыйгарылды.

### КАЙРАН ТИЛ

Кайран тилим, кайран тил, өсалбай тур,
Кара чырак жаккансып өчалбай тур.
Алмамбетти Кытайдан апкелген тил,
Ат-Башынын суусунан өтө албай тур.

Кайран тилим, кайран тил, агалбай тур,
Канат, жалы шамалга таралбай тур.
Өгүз хандан беркарай өлбөй келип,
Өз элине тилмечти табалбай тур.

Сагымбайдын көк туусун саялбай тур,
Саякбайдын күлүгүн чабалбай тур.
Мезгилинде Мекенин мээсин чаккан,
Мэриянын мээсин чагалбай тур.

Кан Манастан калган тил ыйман кылып,
Каргалар жүр карачы кырман кылып.
Калып барат Сүйүмбай, Байдылдалар,
Калып барат окулбай «Сынган кылыч».



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Тилиң бүгүн ит кандай, киши кандай,
Тил дудукка айланды тиши калбай.
Акыретте тил кетсе жок болушат,
Айтматовдой дөөлөр да изи калбай.

Жанын сактап калалбай үшкөлдөрдүн,
Жайы болдук жалпы үйгө түшкөндөрдүн.
Жайытына айланды Кыргызстан,
Жатынына орусча бүткөндөрдүн.

Карап алып таппайсың кенедей тил,
Кара жанын жеп турган теледей тил.
Каткак жолдон карагай сүйрөткөнсүп,
Кара чулдур калька тил, келегей тил.

Алп Манастын ааламдык сөзүн түзгөн,
Азап тартты кайран тил өкүм күчтөн.
Алып жаткан өндөнүп кетет кээде,
Алоокенин ким бирөө өчүн бизден.

Кайран кыргыз, күү салган комуздарга,
Камчы болуп бектерге, болуштарга.
Таяк кылар тарыхын тааный албай,
Талааларын каздырды доңуздарга.

Кайран кыргыз, маш кыргыз жетек желге,
Калбыр салбай жүрбөгөн этек-жеңге.
Кастын, достун айырмасын айрый албай,
Калаа, түзүн толтурду эшектерге.

Башы бар эл, баш кийимин аттаттырбайт,
Башы иштеген балдарын аксаттырбайт.
Башын тургай, байпактын алдындагы,
Батегин да мусорго таштаттырбайт.

## Суроолор жана тапшырмалар

1. Акын эне тилинин кадыры тууралуу кандай ой-пикир билдирген?
2. Эне тилге деген кээ бир адамдардын бейкапар мамилесин кантип сындаган?
3. Эне тили тууралуу өзүңөрдүн пикириңер кандай?
4. Өзүңөр каалаган 4–5 куплет ырды жаттап алгыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# БООРДОШ ЖАНА ДҮЙНӨЛҮК АДАБИЯТТЫН ҮЛГҮЛӨРҮНӨН

## КАБУС-НААМА

*(Кабустун насыйкатынан үзүндүлөр)*

### СӨЗ БАШЫ

...Унсурал Маолий Кайкабус бинни Искендер бинни Кабус бинни Бушмагир өзүнүн бул «Насыйкат китебин» перзенти Гилан шахка арнады. Ал перзентине: «Уулум, мен күүдөн-күчтөн тайыдым, карыдым. Сапарым карып калды. Эс тарткандан баштап көз жумарга чейинки көргөн-билгендер туурасында жазсам, өзүнчө бир китеп болор. Бул китепти эгешкен элдешпес кас душмандар да жок кыла албайт деп ойлойм. Ошондуктан, уулум, карылыкка моюн сунуп, бир бутум төрдө, бир бутум көрдө турганда айткан акылымды ук. «Жыртык бүтөлөт, ийри түзөлөт, аракет кылсаң, берекет болот, кедерги кетет, кемтик толот. Ат оонаган жерде түк калат» дешет. «Жамандын артынан чуулгандуу из калат, жакшынын артынан даңазалуу сөз калат» дегендей, ушулар тууралуу эки ооз сөз айтам, аны эшит. Таалим-тарбия алгын. Аталык мээрим менен сага калтырган керээзим ушул болсун, деген нуска кеп айтты.

Уулум, сага эч ким кысымчылык көрсөтө электе насаатыма көңүл бөлүп, оң кулагың менен да, сол кулагың менен да угуп ал. Бул акыл-насаатты аткарсаң, эки дүйнөдө тең кор болбойсуң. Эгерде сен бул насаатымды угуп, андан таалим-тарбия алсаң, өзгөлөр да менин сөзүмө муюшуп, көңүл бурушар. Менин акыл-насаатым боюнча иш кылууну зор олжо деп эсептешер. Замана салты ушундай, бардык эле бала атанын акыл-насаатын дайым кабыл ала да бербейт. Себеби жигиттер атанын айтканын жеткиликтүү түшүнө бербесе да, өздөрүн илимдүү-билимдүүдөй көрүшөт. Көп нерсени билгендей карыларга кекирейе карашат. Бирок мен аны билсем да, ата мээримим менен милдетим тынчтык бербей, ушул акыл-насаатты жазууга мажбур кылып отурат. Ал насаатты кырк төрт бөлүмгө бөлүп кынаптадым.

Уулум, сен ушул мен айткан акыл-насааттарды дилиңде сактарыңа үмүттөнөм. Муну менен мен аталык вазийпамды аткарган боломун. Калың калктын расмиси ушундай: адам турмуштун суугуна тоңуп,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ысыгына күйүп, эчен-эчен тоолор ашып, артуу-артуу бел басып, эл кыдырып, жер кезип, жарыкчылык дүйнөдөн арзыбаган мурас топтойт. Ошол топтогон мурасын акырет көздөй сапар жөнөрдө жакшы көргөн адамына мурас-осуят катары калтырып кетет. Мен бул жарыкчылык дүйнөдө ушул акыл-насааттарды жыйнап-топтодум. Менин бул жалганда жакшы көргөн адамым жалгыз өзүңсүң. Күүдөн тайдым, сапар карыды. Бул дүйнөдөн эмне тапкан болсом, алдыңа тарттым. Эч качан манчыркаба жана тескери жолго түшпө.

Уулум, сени эки тараптан тең сенин ата-тегиң, урук-тууганың таза жана бедели улук адамдар болгон... Ата-энеңдин ошол кадыр-баркын билгин... Ар дайым мен сенден жакшылыктын жышаанын күтөм. Ошондуктан сага насаат айтууну өзүмдүн милдетим деп эсептейм. Баамчыл, зирек болгун, менин акырет көздөй кетишиме аз калды, насибиң түгөнсө, сен да качандыр менин артыман келерсиң... Бул дүйнө – бир аманат жай. Эмнени эксең, ошону оросуң. Кандай сөз сүйлөсөң, анын жообун аласың...

## КОНОК КҮТҮҮ ЖАНА КОНОК БОЛУУ ЖӨНҮНДӨ

Уулум, эсиңде болсун, ар күнү бейтааныш адамдарды коноктой бербегин. Күндө конок чакырсаң, конокко көңүлүңдөгүдөй камылга көрө албайсың. Бир айда канча жолу конок күтүүнү кааласаң,адегенде ошол жөнүндө ойлон. Эгер үч жолу конок чакырууну кааласаң, бир жолу конок чакыр. Мында үч жолу конокко сарпталуучу каржыңды бир жолу сарптайсың. Муну менен дасторконуң дүйүм даамга толуп, ага кине коюучу досторундун тили байланып,оозу жабылат.

Коноктор сенин үйүңдүн астанасын аттаар замат бүт үй-бүлөң менен алардын алдынан жайдары тосуп, жылуу сөз менен кабыл ал. Ошондо алар сага чын ыкластан ыраазычылыгын билдиришет. Эгерде бышыкчылык маалы болсо, тамактан мурун жемиш кой. Саамга сабыр кыл, алар маза кылып, ырахаттанып жешсин. Андан кийин бүтүндөй адамдарды дасторконго отургузгун, өзүң отурбагын, коноктор тартынбай тамактансын. Алар бир-эки жолу суранмайын отурбагын. Меймандар: «Биз менен чогуу отурчу эми», – деп суранышса да: «Койгула, сиздерге кызмат кылайын», – де. Эгерде дагы кайталап, өтө эле суранышса гана отургун...» Эй, баланча, тамактан алсаң, эч нерсе жебей койдуң, сага ылайыктуу эч нерсе жасай да албадым. Кудай буюрса, эмдиги келишиңе мыктап даярданам», – дебе. Бул бекзаадалардын сөзү эмес,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

тек гана бир базарчы тентектердин сөзү... Мындай сөзгө коноктор кыжаалат болушуп, тамак жешпей туруп кетишет. Бизде Гуланда мындай бир жакшы адат бар. Дасторконду дүйүм тамакка толтурушуп, шербет толо кумараларды коюп, бардык коноктор отургандан кийин үй ээси чыгып кетет. Бир адам гана идиш-аякты сарамжалдоо үчүн калат. Меймандар тамакка тойгондон кийин гана үй ээси коноктордун үстүнө кирет. Араб калкынын салты да ушундай.

Коноктор тамак жеп, колго суу куюлгандан кийин, суусундук үчүн атырдай аңкыган жыпар жыттуу шербет куй. Коноктордун кулдарына да урмат көрсөт. Анткени алар сенин даңкыңы элге жарыя кылат. Дасторконду түрдүү таттуу жемиштерге толтуруп, мукам үндүү обончуларды, музыканттарды чакыр. Шербетиң куюлуп турсун. Тамак жегенден кийин шарап ичип, музыка жана күү угушуп көңүл черин жазышсын. Идиш-аягында же тамагында осол кылчу орунсуз кемчилик болсо, ал кемчиликтерди обончулардын жана музыканттардын өнөрү менен шараптын шарапаты билгизбей салат. Шарап ичүү – зор күнөө. Күнөөлүү болбоюн десең, беймазалык жана бейадептик кылба. Эмне болгондо да коногундун талабын аткарууну эсиңден чыгарба, анын оюндагысын табууну өзүңдүн зарыл милдетиң деп бил.

...Демек, уулум, конокту жайдары жүз менен кабыл ал. Кандай гана конок болбосун, куунак отуруп, тамагыңды жесин. Шарапты акылыңа ченеп ич, коноктон мурда мас боло көрбө, ар дайым жайдары күлүмсүрөп тургун. Бирок ыгы жок ырсактаба. Орунсуз көп күлүү – дубаначылыктын бир белгиси. Ыксыз көп күлө бербей өзүңдү токтоо кармоо – сабырдуулук менен токтоолуктун белгиси. «Обу жок чыккан беймаал күлкү капилеттен машакат алып келет», – деген сөз бар элде. Конокторуң мас болгондон кийин кетүүнү каалашса, бир-эки жолу кичи пейилдик менен: «Кетпеңиздер», – деп өтүн, үчүнчү жолу суранышса, жан дилиң менен уруксат бер. Кокус кызматкерлериң бир катачылык кетирген болсо, коноктордун көзүнчө ага олурайып караба, катасын кечир. Эгер конок сага орунсуз кеп салса, ага катуу айтпа...

Уулум, ар кандай адамдарга конок болуп бара бербе, анткени айрым учурда орунсуз конок болуу бедел-мартабаңдын жогорулашына залалын тийгизет. Конокко барганда өтө ачка да, катуу жол жүрүп да барба. Тез жүргөндөн адам токпейил тартып, табити тартпай калат. Буга үй ээси бушайман болот. Тамакты көп жесең да, конокто отургандар сени жаман көз менен карашат. Конокто, туугандарыңдыкында болсун, же өзүм дешкен досторуңдукунда болсун, өз ордуңду таап



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

отур. Дасторкон үстүндө бирөөгө буйрук бербе жана үй ээсинин кызматкерлерине: «Эй, баланча, бул үй менин өзүмдүкү, табакты тиги жерге кой, өзгөлөрдүн тамагына жана кесесине кол салба», – дебе. Өз кызматчы кулуңа дасторкондон бир сындырым нан алып бербе. Конок үйдөн бир нерсе алыш уят деген кеп бар эмеспи.

Шарап ичип, катуу мас болбо. Үйүңө кайтып баратканда жолдо сени мас экен деп ойлошпосун, эл мас акыбалыңды байкабасын. Ошончо эле самап турсаң, үйүңдө мас бол. Шарап ичкен мезгилде сага кызмат кылган адамдар канчалык зор күнөө кылса да жазалабагын... Ар кандай ишти жасасаң, соо мезгилиңде жаса... Мастык – дубаналык жана селсаяктык... Шарап ар кандай жаман кылык-жоруктарды козгойт: көбү мас болгондо колдорун чапкылайт, буттарын тыбыратат, күлүшөт, ыйлашат, кошок кошушат... Кээси көп сүйлөп тантыса, кээси такыр унчукпайт, бири өтө эле кичи пейил болушат. Булардын бардыгы шараптын таасиринен же ошол адамдын алсыздыгынан...

## УКТОО ЖАНА ДЕМ АЛУУ ТУУРАЛУУ

Уулум, назар салып угуп ал! Даанышмандар уйкуну чакан (кичи) өлүм дешкен. Анткени уктаган адам өлгөн адам менен барабар. Бул экөө тең бу жарык дүйнөдөн кабарсыз, бейкабар. Биринчиси – жандуу өлүк, экинчиси – жансыз өлүк. Көп уктоо – өтө жаман адат, тулку боюң талыкшып, денең салмактанат, соо жаныңды кесел кылат. Эгер төмөнкү алты нерсе адамда болсо, анын жүзү өзгөрүп турат: бири – үзүлбөс шаттык; экинчиси капилеттен пайда болгон кайгы-капа; үчүнчүсү – каар-казап; төртүнчүсү – уйку; бешинчиси – мастык; алтынчысы – карылык. Адам картайганда өңү өзгөрүлөт, бирок бул өзгөрүлүү – өзгөчө өзгөрүү. Арийне, адам уктап жатканда ага тирүү же өлүк деп өкүм чыгарышка болбойт. Себеп дегенде өлгөн адамга да, уктаган адамга да өкүм жок. Көп уктоо зыяндуу болгондой эле, кем уйку да залалын тийгизет. Мисалы, эгерде жетимиш эки саат же үч күн күнү-түнү уктатпай койсо, сөзсүз ал адамдын иреңине өлүктүн сыны кирет. Анткени ар бир жумуштун өлчөмү бар.

Даанышмандардын: «Күн-түн биригип жыйырма төрт саатты түзөт. Анын үчтөн-эки бөлүгүндө ойгоо жүрүп, бир бөлүгүндө уктагын. Сегиз саатты чарбачылыкка, сегиз саатты курсантчылык менен рухий жактан көңүл көтөрүүгө, сегиз саатты чарчаган денеңди эс алдырууга жумша. Себеби муундар кыймылсыз дем алышы зарыл», – деп айтканы эсимде. Наадандар ушул жыйырма төрт сааттын жарымын уйку менен



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

өткөрүшүп, жарымында гана ойгоо жүрүшөт. Жалкоолор бир сутканын эки бөлүгүндө уктап, бир бөлүгүндө гана жумуш иштешет. Акылдуулар бир бөлүгүндө уктап, эки бөлүгүндө эмгектенишет.

Демек, мен айткандай эле ар бир сегиз саатты ар түрдүү өткөрүү зарыл. Эсиңде болсун, денең жаны менен тирүү, дене жандын мекени, жан ага жайгашкан. Жандын үч касиети бар: турмуш, аракет, аракетсиздик (сукан). Дене да үч касиетке ээ: өлүм, аракетсиздик жана кеселдик. Ошентип, жан менен дене бирге сыяктуу эле жүрөк денени өз касиети менен сактайт, денени аракет кыймылга келтирет. Кээде дене өз касиетине ылайык жумушун убактылуу токтотот. Бул капилеттен денени талыкшытып, үргүлөтүп барып, уктатып салат. Дененин уйкуга жетеленип бара жаткан учуру өзүнчө бир жыгылган үй сыяктуу. Үй ураган мезгилде анын ичинде эмне болсо да басып калат эмеспи. Дене уйкуга кеткенде да адам ошондой абалга дуушар болот. Кулак сөз укпайт, көз эч нерсе көрбөйт, мурун жыт билбейт, ооз даам сезбейт, кол катуу-жумшакты, оор-жеңилди туйбайт...

Түнкү уйкуну күндүзгүгө айландыруу анчалык деле кыйын эмес. Билимдүү адамдар жай саратанында уктайбы, уктабайбы, айтор, түш ченде дем алышат. Бир сөз менен айтканда, биз өмүрүбүздүн көп бөлүгүн ойгоо өткөргөнүбүз ийги. Анткени алдыбызда түгөнүп бүтпөс түбөлүктүү узак уйку күтүп турат эмеспи.

Уулум, кай мезгилде уктасаң да, жалгыз өзүң же жаракөр жубайың менен укта. Себеби өлгөн менен уктаган бирдей. Эки абалда тең адамдын дүйнөдөн кабары болбойт. Арийне, алардын бирөө – тирүүлүктүн уйкусу, экинчиси – өлүм уйкусу. Бирок экөөнүн ортосундагы айырма: бирөө – дем алат, экинчиси – дем албайт. Эрте турууну адатка айландыр... Дайым жумушуң менен алектен. Эгер жумушуң жок болуп, көңүлүң чапса, ууга чыгып, аң уулап тамаша кылганың жөндүү.

## ҮЙ ЖАНА ЖЕР САТЫП АЛУУ ЖӨНҮНДӨ

Уулум, эгер сен жер же үй сатып алууга ниеттенсең, каада-салтка ылайык иш жасап, ала турган үйүңдү байкап, көрүп анан ал. Өзүң сатмакчы болсоң да каада-салттан чыкпа. Үй сатып алгың келсе, арзандаган учурда ал. Сатмакчы болсоң, пайда табар учурда сат. Пайда – хызыр, андан уялба.

Бир нерсе сатып алмакчы болсоң, пайда-зыянын өлчө. Сооданды бүлдүргүң келбесе, анда кирешенин эсебинен чыгымдаба. Дөөлөтүңө



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

залалы тийбесин десең, зыяндуу пайдадан сактан. Жарды болгуң келбесе, бирөөгө баш ийип көз каранды болбо... Ач көз болгуң келбесе, ар иште токтоо бол. Сабырдуулук – акылмандардын иши. Ар иште өз пайдаңды көздө. Үй алгың келсе, ак ниет, адил адамдар жашаган көчөдөн сатып ал. Шаар айланасынан, эски коргондордун жанындагы үйлөрдү алба. Арзанын карап эски, чалдыбары чыккан үйгө да жолобо... Оболу кошунаңды байка. Арабдар: «Алгач кошуна – андан кийин үй», – дешет...

Даанышман Бузургмехр: «Эң оор балакет төртөө: биринчиси – жаман кошуна, экинчиси – чоң үй бүлө, үчүнчүсү – күйкөлөк аял, төртүнчүсү – муктаждык», – деген экен. Окумуштуулар менен чоң кызматкерлерге жакын жашаба. Эң дөөлөттүү, эң бай адам жападан жалгыз өзүң боло турган көчөдөн гана үй сатып ал. Ошондой эле кошунаң нысаптуу адам болсун. Аны урматтагын, майда-чүйдө жумушуна кол кабыш кылып каралаш... Өз көчөңдөгү жана мааландагы адамдар менен ынтымактуу жаша, сыркоолордун үйүнө кирип алы-жайын сурап, көңүл айтып, өлүм болгон жерге көз көрсөт... Эгер кошунаң куунак болсо, анын шаттыгын бөлүш. Колуңдан келсе конокко чакырып, сарпай кийгиз... Кошунаңдын бала-чакасын эркелетип, бетинен өөп, бооруңа кыс. Мааландагы карыялар менен дамамат саламдашып, алардын урмат-сыйына арзы. Эгер адам жакшылыкка же жамандыкка кабылса, ал өз пейилинен табат деп бил, демек, өзүңө ылайык келбеген ишти жасаба, ыксыз көп сүйлөбө. Себеби ким жаман жумуш иштесе, ыплас, бейадеп сөз сүйлөсө, ал бирөөдөн сөзсүз жеме угуп, көргүлүктү көрөт.

Чоң, жашоого ыңгайлуу шаарда жаша. Эгерде үй алсаң, үйүңдүн пайдубалы менен коргону бөлөктөрдүкүнөн бийигирээк болсун. Анткени эмне кылып жатканыңды эл көрбөсүн, сен да өзгөлөрдү көрбөгүдөй бол. Эгер жер же бак сатып алсаң, кошунасыз же суусуз жерден алба. Акылсыздары көп жерге анча кызыкпа... Эч ким талашпай турган башы ачык, күмөнсүз жерди гана сатып ал. Мандемдүү, коогалуу жерди көксөбө. Сатып алган жерге имарат тургуз. Ар күнү бир жаңы жумуш жаса. Ошондо имарат жаркырап көркүнө чыгат. Багбанчылык кыл, эккендериңди жакшы бак, канчалык мээнет кылсаң, жер көрктөнүп асылын берет, акыбетиң кайтат. Эгер эмгектенбесең, жерди иштете албасаң, жер жүзү бүтүндөй сенин мүлкүң болсо да опо болуп, пайдасы тийбейт, тескерисинче зыян тартасың.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ДОС ТАНДОО ЖӨНҮНДӨ

Ар дайым эсиңде болсун, уулум, тирүү адам доссуз болбойт. Адамдын доссуз болгонунан көрөкчө жолдошсуз болгону ийги. Бир даанышмандан: «Дос жакшыбы же жолдош жакшыбы?» – деп сураганда, ал: «Дос жакшы», – деп жооп берген экен. Ошондуктан достуктун жөнү жөнүндө ойлон, аларга дайым белек жөнөт... Анткени ким өз досун эстебесе, досу да аны эстебейт. Ал адам досунан түбөлүк ажырайт.. Кимдин досу көп болсо, анын айыбы ачылбайт, кадыр-баркы жогорулайт. Жаңы дос тапканыңда да, эски достон кол үзбө. Аларга түсүндү үйүрбөгүн, дайыма досуң көп болсун. Элде: «Мыкты дос – адамга чоң дөөлөт», – деген сөз бар. Адамдар алгач жарма дос болушат. Ошондой эле алар менен жакшы мамиледе болгун. Ар кандай, жакшы жана жаман кырдаалдарда достошкун. Ошентип, алар сенин көп жакшылыгыңды көрсө, кийинчерээк акырындык менен ынтымактуу доско айланат. Бир жолу Искендерден: «Чакан черүү менен ушунчалык чоң мамлекетти кандай амал-айла аркылуу багындырдың?» – деп сурап калышат. Анда Искендер: «Ырайымдуулук жана жакшы мамиле менен душмандарды колго алдым. Келишим түзүү менен досторду жолго салдым. Ушул себептен көптөгөн мамлекеттерди баш ийдирдим», – деп жооп бериптир.

Досуңдун достору да сенин досторуң экени эсиңде болсун. Алардын досуңа болгон достугу сенин достугуңдан да күчтүүрөөк болуусу ыктымал. Эгер досуң сенин душманыңды жакшы көрсө, андай достон сактан. Досуң сага себепсиз күнөө кылса, ага таңданба. Дүйнөдө андан айыптуу жана андан жаман адам жок экенин түшүн, бирок дүйнөдө эч бир айыпсыз адамдын табылышы да кыйын. Дайыма ак көңүл, боорукер бол. Адатта ак көңүл, боорукер адамдын айыбы азыраак болот. Адамгерчиликсиз, кадыр-барксыз адамды дос дебе. Андай адамдар касиетсиз. Андайларды «жарма дос» дешет. Аларды антташкан достордун катарына кошпо. Анткени алар тек гана убактылуу «жарма достор», алар чыныгы дос эмес. Жакшы жана жаман адамды ажыратып тааный бил. Экөөнө тең достук мамиле жаса. Бирок жакшыларына чын дилиңден, жамандарына тил учунан мамиле кыл. Ошондо экөө тең сени менен достук мамиледе болушат.

...Акылсыз адамдар менен эч убакта достошпо. Акылсыз дос акылдуу душмандан жаман. Акылсыз достун жасаган айрым бир ишин акылдуу душман да жасабайт. Асылзаада, адамгерчиликтүү, илимдүү,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ишенимдүү адамдар менен достош. Өзүңдүн адамгерчилигиң, кадыр-баркың, илимиң менен белгилүү бол. Адамгерчиликсиз, кадыр-барксыз, түркөй адамдар менен бирге отурба. Мындай адамдар менен кошо жүрүүдөн жалгыз жүргөн жакшы. Эч качан досторуңдун акысын жебе. Эртедир-кечтир бул үчүн уят болосуң. Адатта адамдарды эки топко бөлүшөт: бири – досторунун акысын жеп кетүүчүлөр; экинчиси – жакшылык кылуучулар. Эсиңде болсун, дос болууга ылайыктуу адамды эки касиети боюнча танда: биринчиси – аргаң түгөнүп, заманаң куурулуп турган учурда досуңду сына. Башыңа мүшкүл түшүп турган учурда чыныгы дос сенден жүзүн буруп кетпейт. Экинчиси – көзү өткөндөн кийин досуңдун бала-бакырасын, тууган-туушкандарын, жек-жааттарын чакырып, аларга жакшылык кылуу жана ар дайым анын мүрзөсүнө барып, зыярат кылып, эскерип, дуба окуу.

Бир икая айтайын. Даанышман Сократты өлүмгө алып жөнөшөт. Жолдо бара жатып ага: «Бутпарас бол», – деп нечен курдай айтышат. Ошондо ал: «Кадырыңар жан болсун, бул сөздү менин кулагыма угузбагыла. Мен эч качан мындай ишти жасабаймын!» – деп жооп берет. Ошондо аны өлтүрүү үчүн алып жөнөшөт. Шакирттеринин бир тобу артынан ээрчип жүрүп олтурушат. Буркурап ыйлап туруп алар Сократтан: «Оо, даанышман устатыбыз, эми өлүмгө чындап моюн сунупсуң. Айтчы, сенин сөөгүңдү кайсы жерге коёлу?» – деп суранышат. Анда Сократ жылмайып туруп: «Көңүлүңөр кайсы жерди сүйсө ошол жерге ак кепиндеп койгула... тек гана менин ысымымды эстесеңер, мага ошол эле жетиштүү», – дептир.

...Уулум, адамдар менен достугуң өтө эле ысык да, салкын да болбосун. Досум көп деп, алардын бардыгына эле көңүл бөлө бербе. Алды-артыңды байка. Досторуңдун ишениминен чыгып калбагын. Эгер сенин миң досуң болсо, баары тең сенден жакын досу жоктой түр көрсөтүшөт. Купуя сырыңды айтуу менен да, чоң дөөлөт, мансап менен да, татты даам менен да, марттык жана сараңдык кылып да, пайда жана зыян көрсөтүп да – ар кандай жагдайда досуңду сынап көр. Досуң сенин душманыңа душмандык кылбаса, аны досум деп эсептебе. Андайды жөн гана ашына, өң тааныш деп бил. Ынак мезгилинде досуңа эч бир өнөр үйрөтпө. Кокус досуң сага душман болуп калса, үйрөткөнүң өз башыңа чоң балаа үйөт, бушайман болосуң. Жарды болсоң, дөөлөттүү менен достошпо, адатта жарды менен эч ким достошпойт. Жардыны өзгөчө молдолор жек көрөт. Өзүңө гана ылайык дос изде. Өзүң дөөлөттүү туруп жардыны дос кылсаң, анын айыбы



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жок. Калайыктын достугуна көңүлүң түз болсун. Эч кандай себепсиз эле досуңдун көңүлү сенден калса, кайрадан анын көңүлүн табуу үчүн аракеттенбе. Ниети бузук, кинечил достон ыраак жүр. Тек гана бир ач көздүк үчүн достошуу – түбөлүктүү, чыныгы достук боло албайт. Көрө албас, арамза адамдар менен зили достошпо. Себеби ниети бузук нааадандын көрө албастыгы эч качан оңолбойт. Ар дайым сага нааразылыгын билдирип, кылдан кыйкым табат да турат...

## «КАБУС-НААМА» – КӨӨНӨРБӨС КӨРКӨМ ДӨӨЛӨТТӨРДҮН БИРИ

Бул чыгарма Чыгышта илим, маданият, адабият өсүп-өнүгүүнүн белгилүү бир нугуна түшүп калган учурда, мындан он кылым мурда жаралган. Ал доордун Рудаки, Фирдоуси, Абул Хасан Бинни Ахму Унсури, Абул Хасан Фаррухи, Назимул Мүлк, Омар Хаям, Насыр Хисроу сыяктуу чыгаан инсандары болгон. Булардын арасында Чыгыштын жылдыздары деген түбөлүктүү наам алгандары да бар. «Кабус-наама» да дал ошол XI кылымдын көөнөрбөс көркөм дөөлөттөрүнүн бири. Кийинчерээк чыгарма чыгыш таануучулардын, дүйнөлүк аалым-окумуштуулар менен алдыңкы устат-педагогдордун көңүлүн өзүнө буруп, түрдүү тилдерге которулду. Мындай саамалыкты адегенде түрктөр баштап, 1432-жана 1705-жылдарда түрк, 1786 – 87-жылдары Мухаммад Сыдык менен Рашиди уйгур, болжол менен 1860-жылы Агахи өзбек тилине которушту. Ал эми 1881-жылы аны Каюм Насири татар тилине таржымалдады. Бул котормолор жалпы эле түрк тилинде сүйлөгөн элдерге тең орток көркөм мураска айланды. Мындан тышкары 1886-жылы профессор Е.Э. Бертельс орус тилине экинчи ирет которду. Жылдар, кылымдар өткөн сайын даңкы таш жарган бул китептин улам-дан-улам атагы ааламды аралап, дүйнө элине таанымал боло берди. Баарынан да бул баасы чексиз көркөм нарк бир нече кылымдар бою англис, француз, немец тилдүү өлкөлөрдө педагогика окуу китебинин кызматын аткарып, жүгүн аркалап келди. Китеп дал ушунусу менен баалуу.

Чыгарманын автору Кайкабус Каспий деңизинин түштүк жээгинде жашаган Гилан элинен. Ал 412-жылы (1021 – 1022) майда феодалдын үй-бүлөсүндө туулуп, «Кабус-нааманы» 475-жылы (1082 – 1083) баштадым», деп маалымдайт. Кайкабус ал мезгилде улгайып, 63 кө чыгып калган болчу. Ал мезгилдеги тарыхый доорго серп салсак, анда X – XI кылымдарга чейин үстөмдүк кылып келген Саманид мамле-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

кетинин бийлиги X кылымдын аягы XI кылымдын башында ыдырай баштаган. Өлкөдө өз ара ички келишпөөчүлүк күчөп, карапайым эл катуу эзүүдө калды, ошондуктан козголоңчулар көбөйгөн. Саманиддердин кол астындагылардын дээрлик баары түрктөр эле. Мамлекет ыдырай баштаганда алар да баш көтөрүп жанданышты. Караханиддер династиясы болсо Ферганадан Кытайга чейинки бүткүл түрк элдеринин башын кошуп, Саманиддерге каршы кескин күрөшкө чыгышты. Ошентип, 999-жылы Саманиддер династиясы кулады.

Кайкабус өзүнүн «Кабус-Наамасында» чоң атасы жөнүндө: «Менин чоң атам Шамсал Кабус өтө катаал киши болгон, эч кимдин күнөөсүн кечирчү эмес», – деп жазат. Бирок Кабус өз заманынын эң билимдүү адамдарынан эле. Айрыкча адабиятка кызыгып, ынтызарлыгы күчөгөндөн күчөп отуруп, кийин чыгаан акындардын бири болгон. Фарс, араб тилдеринде ыр жазган, бул тилдерде сүйлөй да, жаза да билчү. Араб тилинде «Наамалар» деп аталган жыйнак чыгарган. Кабус улуу, залкар илимпоздорду, адабият, маданият ишмерлерин топтоп, өзү жашаган Журжан шаарын ири маданий борборго айландырган. Дүйнөгө белгилүү илимпоз Абу Райхан Беруни да Журжанга качып келип, Кабустун сарайында чоң урмат-сый көргөн. Кийинчерээк Харезмде тынчтык орногондон кийин гана өз элине кайткан.

Кабустун небереси Кайкабус – өз заманынын алдыңкы билимдүү адамы. Ал айрыкча музыка менен табият таануу илимдерине кызыккан. Көп илимдерден, өнөр-кесиптен, бардык адамдар үчүн зарыл деп эсептелген жөндөм-шыктан, турмуштун көйгөйү менен куу тириликтен, үй-бүлө, жүрүм-турум, үй айбандары – койчу дегеле баары жоктун баарынан анын кабардар экени ушул «Кабус-наама» аттуу чыгармасынан эле кашкайып көрүнүп турат. Ал «Кабус-нааманы» жазганга чейин көп окуп, көп изденди. Өз доорундагы маданий борборлордун дээрлик баарына барып, асыресе Самарканд, Бухара, Харезм шаарларында көбүрөөк байыр алды. Илимпоздордун илимий-педагогикалык эмгектерин жадабай окуду. Насыр-Хисроунун «Саодат-наама» жана «Рушнаи-наама» аттуу чыгармаларын армансыз окуп, бул эмгектер ага зор таасир калтырды. Ошентип, Кайкабус – өз мезгилинин алдыңкы өкүлү. Чыгыштаануучу илимпоз Е.Э. Бертельстин айтымында ал – өз элинин белгилүү феодалы.

Орто Азиянын Абулкасым Фирдоусий, Алишер Наваий, Насыр Хисроу, Жусуп Баласагын, Ахмад Югнакий, Саккоки, Рудакий, Абдрахман Жамий, Омар Хаям, Румий, Саадий, Хафиз, Махтумкули, Агахий... сы-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

яктуу классик акындары өздөрүнүн адабий чыгармаларында, трактаттарында таалим-тарбиялык ажайып ой-пикирлерди айтышып, коом турмушундагы адал мээнет, адеп-ахлактын тазалыгы туурасында өмүр бою санаттап түшүндүрүштү, ааламга жар салышты. Деги эле Чыгыштын улуу ойчулдары, илимпоз-педагогдору бала тарбиясына зор маани беришкен. Хинд элинин «Калила менен Димна», Низамул Мүлктүн «Саясат-наама», Насыр Хисроунун «Саодат-наама», «Рушнаи-наама», Жусуп Баласагындын «Кут алчу билим», Махмуд Кашгаринин «Түрк сөздөрүнүн жыйнагы», Ахмад Югнакинин «Хибатул хакаик», Алишер Наваийнин «Махбубул кулуб», «Вакф-наама» сыяктуу чыгармалары айтылган ойдун айкын далили. «Кабус-наама» дал ошолордой классикалык эмгектердин, чыгармалардын катарына кирет. «Кабус-наама» – Кайкабустун эч кимге айтпаган ымандай сырын уулу Гилан шахка айтып, кагаз бетине төккөн кат-наама түрүндөгү эпистолярдык чыгарма.

Кабустун насыйкаттары – өсүп келе жаткан муундарга зор таалим-тарбия бере турган залкар, нускалуу эмгек. «Кабус-наама» 44 главадан турат. Алардын биринчи төртөө диний мүнөздөгү көз карашта жазылып, калган 40 главасы турмуштун ар кандай маселелерин камтыйт.

«Кабус-наама» – турмуштан алынып жазылган чыгарма. Автор уккан-көргөн окуя-икаяларынын баарын чыпчыргасын коротпой пайдаланган. Өз көзү менен көрүп, турмуштан кезиктирген нерселерди Кайкабус окуялап, макалдап, санаттап, ар кандай жолдор менен кагаз бетине түшүргөн. Анын даанышмандыгы да ушунда. Ошондуктан «Кабус-наама» XI кылымдагы Чыгыш жазмасында педагогика илиминдеги эң бир кымбат, нарк-куну ченемсиз эмгек катары бааланат.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. «Кабус-наама», анын автору, ал жашаган доор жөнүндө жогоруда айтылгандан бөлөк кандай кошумча маалыматтарды билесиңер?
2. «Кабус-наама» силерге жактыбы, жакпадыбы? Эмне себептен жаккан, жакпаганын далилдеп бере аласыңарбы? Мындан он кылым мурда жазылган китеп силердин оюңарча эмнеси менен баалуу, нарктуу? Эртең эр жетип турмуш курганда өз балдарыңарга, урпактарыңарга бул китептен эмнени үйрөнүүгө үндөр элеңер? Китептен автордун кандай оош-кыйыш ойлорун байкадыңар? Ал ойлорго кошуласыңарбы, кошулбасаңар эмне үчүн?
3. Китептин тили, окуяны баяндоо ыкмасы, нарк-насили туурасында эмнени байкадыңар?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ӨЗБЕК ПОЭЗИЯСЫНЫН БАШАТЫ

XIV кылымдын экинчи жарымы жана XV кылым Орто Азия элдеринин адабиятынын өнүгүшүндө жаңы жана аябай йигиликтүү мезгил болгон. Бул мезгилде адабият көркөм метод жагынан өркүндөп өстү, жаңы баскычка көтөрүлдү. Кара сөздө да, поэзияда да көптөгөн нускалуу, көркөм жана лирикалык чыгармалар жазылды. Орто Азия элдери, атап айтканда өзбек жана тажик адабияты ортосунда өз ара байланыш жана кызматташтык кеңейди жана бекемделди. Өзбек котормо адабияты жүзөгө келди. Көркөм адабияттын өсүшү менен үзгүлтүксүз байланышкан абалда адабият таануу да өнүктү, баалуу илимий чыгармалар жарыкка чыкты. Бул учурдагы өз заманынын таланттуу акын-жазуучулары **Кутб Сайфий, Сараий, Хайдар Хорезмий, Дурбек, Эмирий, Якиний, Атаий, Саккаий, Лутфий, Бабур, Мухаммад Салых** жана башкалар жашап, чыгармалар жаратышкан. Дурбек тарабынан кайра иштелген ***«Жусуп менен Зулайка»*** дастаны, ташкенттик акын **Лутфийдин *«Жеңиш баяны»*** жана ***«Гүл жана Нооруз»*** поэмалары ушул мезгилдин көркөм адабиятынын баа жеткис берметтери. Бул мезгилдеги өзбек акындарынын ичинен **Лутфий (1366–1465)** өзгөчө орун ээлейт. Наваийге чейинки өзбек поэзиясында Лутфийге тең келе турган эч ким болгон эмес. Ал бир гана өзбек тилинде чыгарма жаратып калбай, тажик тилинде да касидалар (поэмалар) жазган. Лутфийдин чыгармаларында чындык жана адилеттүүлүктү сүйүү, мээримдүү жана кайрымдуу, илимдүү жана өнөрлүү болууну сүйүү сыяктуу идеялар кеңири орун алган.

Бул мезгил адабиятынын өнүгүшүндө улуу тажик акыны **Абдурахман Жамий (1414–1492)**, ошондой эле жана өзбек адабий адабиятынын баштоочусу **Алишер Наваийлердин** ролу чоң. Лирика жанрында **Саьдий, Хафиз** жана **Камал Хожентий** менен бир катарда турган **Жамий** илимпоз жана таланттуу акын болгон. Дээрлик жарым кылымдык чыгармачылык жолунда ал илим жана адабияттын түрдүү маселелерине тиешелүү 99 китеп жазган. Ал XV кылым адабиятындагы дээрлик бардык жанрлар боюнча чыгармалар жараткан. Өзүнөн мурдагы улуу сөз чеберлеринин салттарын уланткан жана өнүктүргөн. Жогорку да-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ражадагы көркөм чыгармалары менен дүйнө адабиятынын казынасына өлбөс-өчпөс чыгармаларды кошту. Жамийдин эң ири жана белгилүү чыгармасы жети чоң дастандан турган «Хафт Авранг», «Бахаристан», «Хираднами Искандер» деген философиялык-дидактикалык дастан жана таалим-тарбиялык чыгармалары болуп саналат. Абдурахман Жамий XV кылымдын улуу ойчулу. Анын чыгармачылык ишмердиги бир тууган тажик элинин маданиятынын өнүгүүсүндө гана эмес, бүткүл Орто Азия, Чыгыш маданий турмушунда чоң окуя болгон.

Абдурахман Жамий улуу өзбек акыны жана ойчулу Алишер Наваийнин замандашы, устаты жана досу болгон. Бул эки маданият көсөмдөрүнүн достугу өзбек жана тажик элдеринин достугунун айкын көрүнүшү болуп эсептелет. Наваий Жамийди устат, улуу сөз чебери деп билген, аны менен чыгармачылык жактан кызматташкан. Ошондой эле Жамий да Наваийни улуу сөз чебери катары сый көрсөтүп, ага жогоруу баа берген.

Кеменгер акын, өз доорунун улуу даанышман философу Алишер Наваийден башат алган өзбек поэзиясынын өсүп-өркүндөөсү дагы өзгөчөлүктөргө ээ болду. Анткени тажик-перси элдеринин, жалпы чыгыш поэзиясын терең үйрөнүп, изилдеп барып, өзүнүн акындык жолун тапкан, өзүнө гана таандык поэтикалык ыкма жараткан Наваийнин поэзиясы кийинки муун өзбек каламгерлери үчүн өрнөк мектеби катарында бааланды. Алар улуу акынга карап бой түзөдү, анын чыгармалары ары шыктандырса, ары жоопкерчиликти арттырып, талапты күчөттү. Натыйжада улуу устаздын избасарлары дүйнөлүк адабиятта дагы өздөрүнө ылайык орун алып, өзбек поэзиясынын зоболосун арттыруда. Ошону менен бирге Наваий бир гана өзбек акындарына таасир эткен жок, аны бүт Орто Азияда жана Чыгыш элдеринде дагы устат туткан каламгерлер арбын. Наваийден башталган түрки тилдеги поэзия булагы азыркы күндө деңизге айланган.

Өзбекстан Республикасы эгемендүүлүккө кол жеткизгенден кийин көркөм сөздүн зергери А. Наваийинин өзбек элинин өсүп-өркүндөөсүнө тийгизген таасири жогору бааланып, зоболосу көтөрүлө түштү. Өзбекстандын бир области Наваийинин атына коюлган. Дээрлик ар бир шаарда анын айкели тургузулган, ошондой эле чоң аянттар, театр же ири маданият жайларына анын аты берилген. Наваийинин наамында Мамлекеттик сыйлык бар. Улуу кеменгер акынды өзбекстандыктар көз карегиндей аздектеп, урмат тутат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# АЛИШЕР НАВАИЙ

**(1441–1501)**

XV кылым көркөм адабиятынын өнүгүшүндө белгилүү мамлекеттик ишмер, улуу акын, илимпоз, ойчул Алишер Наваийнин салымы эбегейсиз чоң. Наваий бүт ишмердигин жана чыгармачылыгын инсандын бак-таалайы үчүн күрөшкө, элдин тынчтыгына, өз ара согушуулардын алдын алууга, көрктөндүрүү иштерине, илим-билим, маданият жана адабияттын өнүгүшүнө арнады. Ал – улуу гуманист, даанышман, мамлекеттик ишмер. Өзбек адабий тили, өзбек классикалык адабиятынын жаңы өнүгүү баскычына көтөргөн улуу сөз чебери, таланттуу энциклопедист, илимпоз болуп жетишет. Ал өз доорунун маданий жашоосуна жетекчи, илим-билим, көркөм өнөр жана адабият журтчулугуна демөөрчү, көптөгөн окуучуларды жетиштирген устат болду. Наваий тил, адабият, музыка, тарых, философия, астрономия, тарбия теориясы тармагында көптөгөн баалуу илимий чыгармалар, 30 дан ашуун ири көркөм чыгармаларды жазды. «Хамса», «Хазойин ул-Маоний», «Махбуб ул-кулуб», «Лисан ут-тайр» ушулар катарына кирет. Наваий «Фоний» псевдоними менен тажик тилинде да чыгармалар жазып, «Девони Фоний», «Хасби хол», «Тухфат ул-афкор» өңдүү лирикалык чыгармаларды жараткан.

Наваийнин чыгармаларында махабат жана ишенич, достук жана туугандык, адилеттүүлүк жана бейпилдик зор чеберчилик менен даңкталат. Ал адамдарды гумандуу болууга үндөйт, эмгекти жогору баалайт. Акын адамдарды илимдүү болууга, билимдерди өздөштүрүүгө чакырат, сабаттуулуктун практикалык маанисин элге жеткирүүгө умтулат.

Наваий тарыхты билүүнүн мааниси өтө чоң экендигин айтып, адамдарды тарыхты үйрөнүүгө чакырат. Анын оюнча, тарых илими падышалардын, бийлердин таржымалын эмес, мамлекет тарыхын үйрөнүшү керек. Ал өлкөнү эмнелер түбүнө жетип жана эмнелер жакшылыкка жетектешин, кандай иштер аркылуу өлкөнүн гүлдөп өсүшүн, кандай



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

иштер себептүү өлкөнүн тыптыйпыл болушун, кандай иштер элге бактаалай жана бейпилдик алып келерин дагы ушул өндүү маселелерди тарых көрсөтүп берүүгө тийиш деп эсептейт.

Наваийнин белгилешинче, элдин жыргалчылыгы, мамлекеттин өсүп-өнүгүшү дыйкандар жана кол-өнөрчүлөрдүн оор жана тийшүктүү эмгегинин натыйжасына байланыштуу. Ушул себептүү аларды урматтап, эмгегин сыйлоо керек. Наваий падышалардын, бектердин жана башка мансаптагылардын өнөр ээлерине, дыйкандарга зулумдук кылышына каршы чыгат. Наваий адамдарды ынсаптуу, жоомарт, эмгекчил болууга үндөйт. Дүйнөдөгү бардык жыргалчылыктын булагы эмгек деп аны даңазалайт.

Наваийнин жакшы мүнөз, адептүү жана тарбиялуу болуу тууралуу ойлору айрыкча баалуу. Ал тарбиялуу болууну жогорку жана асыл сапаттардын бири деп эсептеп, адамдарды ынсаптуу, боорукер, кең пейил болууга чакырат. Акын адептүүлүктүн асыл сапаттарын адилеттүүлүк, гумандуулук, адамдарга мээрман болуу менен тыгыз байланыштырып, адилетүүлүктүн аркасында өлкөнү гүлдөтүү мүмкүн экендигин, ар бир киши өзүнүн адеп-ахлагы менен кишилерди кубандырууга тийиш экендигин белгилейт.

Кыскасы, өзбек элинин улуу акыны жана ойчулу Алишер Наваий өзүнүн ишмердиги жана чыгармачылыгы, ошондой эле баа жеткис чыгармаларында көтөргөн бийик гумандуулук идеялары менен дүйнөлүк адабияттын улуу өнөрпоздорунун катарынан өзүнүн татыктуу ордун ээледи. Анын аты жана мурасы Гомер жана Данте, Рудакий жана Фирдоусий, Низамий жана Шота Руставели, Саъдий жана Жамий, Шекспир жана Бальзак, Пушкин жана Толстой, Рабиндранат Тагор жана Абай өндүү улуу ойчулдардын ысымы жана мурасындай түбөлүктүү.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. XIV–XV кылымдардагы Орто Азиядагы тарыхый кырдаалды эске түшүргүлө. Ошол мезгилдерде эл турмушунун өнүгүүсүнө эмнелер себеп болгон?
2. Перс, тажик адабиятынын Орто Азия элдерине таасири кандай болгон?
3. Алишер Наваийни эмне үчүн түрк тилинде жазган биринчи өзбек акыны дейбиз?
4. Алишер Наваийнин кандай чыгармаларын окугансыңар? Анын устаты ким болгон?
5. Алишер Наваийнин философиялык ой-пикирлери тууралуу айткыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

6. Класс жетекчиси же адабият окутуучусунун жетекчилигинде Ташкенттеги Алишер Наваий атындагы улуттук адабият музейин аралап, эркин темада дилбаян жазгыла.

## СҮЙҮҮ ГҮЛДЕСТЕСИ

Мен көңүлгө туткан адам мени өзүнө барк кылбас,
Мени эңсеген башка адамды менин көңлүм жактырбас.

Менден пайда күткөндөн мен эч береке таппасмын,
А мен үмүт эткен адам менден кайдан нап тапсын.

Ичтен сүйүп мээр салбаса, эрмек үчүн эрте-кеч,
Үр, перилер шоогуна түк менин бутум шилтенбес.

Сыр болбосо сыпатында сымап сындуу кармалбас,
Ажарына ал сулуунун менин көңүлүм арбалбас.

Махабаттын мажнуну калп сустайган мерес кыз,
Зар көңүлүмдөн башка жерде ойсоктошу керексиз.

Азгырык көп бу дүйнөдө, жоктур адам алданбас,
Ажал бизге сыйыртмактан башка нерсе камдабас.

Ачса сулуу айдай жүзүн, тийбесин деп суук көз,
Наваий ага сүйүү оттон башка отту эп көрбөс.

* * *

Сүйүү деми туулгандан кан-жаныма басылган,
Калгандары бала күндүн сезиминде катылган.

Айткын дедим: жүрөккө жебеңди не мээледиң?
Айтты: көргүн, анын жөнү шол жебеде катылган.

Ак сарайың түбүндөгү кай шахтардын баштары?
Айтты: баары сарайымдын мунарында катылган.

Вамык, Мажнун мага жүгүнсө, таң калбасын эч бир жан,
Тагдыр менин ысмымда бүт сүйүү сырын жашырган.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Сен махабат барагынан жүз миң мүшкүл окусаң,
Бил, мен тарткан запкыларда анын баары катылган.

Ким дүйнөлүк кенчтерди бүт келсе окуп билгиси,
Анын баары менин сүйүү казалымда катылган.

Ким дүйнөлүк кенчтерди бүт келсе окуп билгиси,
Андан артык кайгы жүгү бир өзүмдө катылган.

Бардык мүчөм жик-жик болуп бир-биринен айрылган,
Анын жөнү шол айрылган тең-жанымда катылган.

Кокус сүйүү огу тийип өтүп кетсең дүйнөдөн,
Айт, Наваий, ал тагдырды китебинде ыр менен.

* * *

Мен кан жутуп бу жахандан бир асыл жар издедим,
Бирок аны таппай сыздап, азап даамын искедим.

Өмүрүмдү сайдым ага жар болот деп ишендим,
Ишенчимди актабады, ыргытты мага тикенди.

Бир өмүрүң жетпейт окшойт жар табышка дилдеги,
Адамдардын баары ушундай туруксузбу, билбедим.

Ак ыймандуу асыл жарды каңгып бекер издепмин,
Адам түгүл пери ичинен таппасымды билбепмин.

Жүрөк менен каректерде улуу сүйүү бар депмин,
Ал сүйүүнү көздөр кайра сатарлыгын билбепмин.

Шейх отурган ыйык жайдан эч бир маани таппадым,
Шол себептен шарап үйгө малай болуп каттадым.

Сыр бөлүшөр бир дос таппай, мен Наваий кайнадым.
Жалгыз башым жалгыздыктын туткунуна байладым.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

* * *

Актыгынан айнып айым, көрсөтүү мага суук жүзүн,
Ал түрүнөн ырайды эмес, куурал күттү жүрөгүм.

Актык андан качты безип, кеталсамчы мен шонтип-
Азгырыкка алданбастан, терс бурулуп, жүз үйрүп.

Актыгыңа актык кылган бу дүйнөдө жок адам,
Миң бир азап тарткан жан да ал таалайды таппаган.

Ук, сүйүүдөн күйгөн адам, сүйүү кимди жыкпаган,
Эч дабаа жок айыктырар жана жок жан айыккан.

Демек, кеч, сен, көр дүйнөдөн, улуу Жамшид жолун тут,
Ак чынысын ал Жамшиддин алалбайсың-баасы улук.

Туруксуздар кыйноосунан кудай колдоп арылсаң,
Дос күтөм деп кайра баштан шорго калба сен адам.

Биздейлерди сөз кылгандан маани чыкпас, билгилер
Мыңдай жолдун соңу жогун баскан адам бир билер.

Бул таалайды көрдүм деген жоктур жерде бир да жан,
Бар болсо эгер башым курман, паанайына байланам.

Кайсы жүрөк, тапсам аны мени жалгыз каңгыткан
Туура болмок бетин көөлөп, шермендесин чыгарсам.

Сен шах болсоң, биздер карып-кудай берген тагдыр бул,
Кудай десең, о шах, бизге кээде көзүң салып жүр.

Күн алдында бирөө дуулап, бирөө дайым сыздаган,
Демек, теңир мени дагы ким бирөөгө ыйгарган.

* * *

Эстүү, эссиз арасында мыскыл болдум мен кайра-
Имиш сөздөр тарап кетти-башат бузган кир дайра.

Сүйгөн жары чаныптыр деп кан кызыткан калп сөздүн,
Каары кыйнап, мен арзуудан дагы минтип дак болдум.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Көкүрөктө так калды өчпөй, кетпес кайгы кириндей
Көч кеткен соң журтта калган коломтонун күлүндөй.

Аткан жебең көлдүн жээгин курчап калган камыштай,
Менин жаштуу көздөрүмдү курчап турган кирпиктей.

Жүрөгүмдө кирпиктерин-сен жөнүндө ойлорум,
Жусуп жаткан Бабил кудук-көкүрөгүм ал менин.

Сенин кулуң болсом жетет, башка күндү эңсебейм.
Сенин эркиң-мыйзам мага, башка өмүрдү эп көрбөйм.

Ойлогон бар аркы дүйнө бейишинде жашайм деп,
Мага сенин бейишинде күн көргөнүм чоң кажет.

* * *

Өзүң гүл да, сөзүң гүл, жүргөн жериң баары гүл,
Жарк деп карап койгонуң чачат жанга жалын, нур.

Шарап ууртап жүзүмдөн жайнап турган жүзүндөн –
Тып-тынч, тунук көлмөгө гүл бүртүгү үзүлгөн.

Эриндериң ачылса жүрөк кетет ойдолоп,
Дил, дидарга от кетип, дилбар сезим ойгонот.

Кими сулуу? Шул кызбы, же бейиште үр кызбы?
Мен бейишти көрбөгөм, сулуу деймин шул кызды.

Көк көйнөктүн үстүнөн кызыл чапан жамынган,
Артык бул кыз ажары атар таңдын шаңынан.

Жаштык сүйүү бир гана жаштык кезде бар экен,
Убакытты уттурбай, утуп калгын бала сен.

Эссиздиктин тактысын эңсеп Захид талашкан,
Мен түз жолду тутамын түз адамга жарашкан.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

* * *

Тек, затында аруу туулган адамдан
Тасаввуф жолу адил, туура тандалган.

Ыйман, нысап бир мүдөөгө жалганган,
Сөздөр дагы ой-ыклас да нурданган.

Тазалыктын кудурети ырлардан
Куралгандай ыйык, тунук жолду алган.
Бейнысаптык, өзүмчүлдүк ойлорго,
Жол жок жана эки жүздүү жоолорго.

Жалпы жамаат дүйнөгө түк жамандык
Жасабайт ал. Умтулганы адамдык.

Өз эркине багынталса ким өзүн,
Эч кылтыңсыз аткара алат мүдөөсүн.

Бил, Наваий, теңир күчү атында,
Тасаввуф-бул сенин бүткөн затында.

* * *

Айттың: «Көзүм кычышат», «Шарап тамыз», – дедим мен,
«Шарап ичпей көздөрүм өзү эле мас» – дедиң сен.

Гүл бүртүгү ачылбай турат ийик башындай,
Шол бүртүктөй бүйтүйүп оозуң турат ачылбай.

Жаш тыйылбай көздөрдөн ага берсе соолбойбу,
Кургап калса деңиздер андан жаман болбойбу.

Күнбү деймин жүзүңдү, же күн сенин жүзүңбү?
Айрып аны билбедим, эгиз окшоп сезилди.

Изин сенин итиңдин сүртсөмбү дейм көзүмө,
«Айн» тамга анткени окшош иттин изине.

Ак чыныда өзбегим сага сунган бал кымыз,
Ак сүтүндөй эненин ыйык суусун айныгыс.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Шарапчынын, шараптын шаани-жөнү жанга сеп,
Шарап үйдүн ээсинин уул, кызы ага төп.

Бүтпөс турмуш көйгөйү жер, асмандын ишидир,
Ак чынынан ааламы менин жүрөк ишимдир.

Шарапчынын үйүнөн кайда качып бурулдум,
Мен, Наваий, ал үйдүн муридимин, кулумун.

* * *

Чачын жайса-кара булут күндүн бетин жапкандай,
Жарыктыкты жалп эттирип өлүм түнү баскандай.

Жасатымдын үстүн тепсеп атың таскак салгандай,
Талкалап бүт менин дүйнөм, күлүм желге чачкандай.

Каш, кирпигиң көрбөй калсам кайгым жүрөк жанчкылайт,
Сенин басчу жолдоруңа көздөн жашым тамчылайт.

Сыздаган зар үнүмдү угуп, ойгонду бүт каар, кырсык,
Ойгонбоду бактым бирок, оор уйкуда нылдай тынч.

Белге бууган каапыр курун эмесмин мен жат адам,
Шарапчы сен, шарабың куй, жазылайын жыргап жан.

Каирдинди шылдың кылып көргөзгөндөй бүт шаарга,
Алдамчы айым калп сөз менен кылды мени маскара.

О Наваий, булбул болуп безенбегин сен сыздап,
Ал ырыңдын кадырына эссиз айым жеталбайт.

* * *

Гүл бүртүгү эрте таңда ачылгандай ажайып,
Бүйтүйүңкү эриндериң ачылбады баржайып.

Көпкө отуруп өжүрөмдө, болсом өйдө турмакчы,
Ак жөргөмүш тарткан желе мага болот жардамчы.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жүзүмдү жууп аккан көз жаш жүгү тарткан зарымдын,
Ээн талаада моло таштай шор тагдырга кабылдым.

Жаш чайыган карегимде ээн калгансыйт бүт аалам,
Жексүр көздөр көптүгүнөн тарыгансыйт заманам.

Жан-тениме туш-туш жактан атылганда миң жебе,
Гүлдүү бакчам айлангансыйт тикен баскан куу чөлгө.
Ар бир түйүн белбоомдогу-алдамчы жар жоругу,
Канча болсо ошончо ирет жүрөк сыздап ооруду.

Чопо кумган колдон түшүп, быркыраса капилет,
Мен бир гана сыныгынан шарап ичсем каниет.

Түпсүз көктү тарткан теңир саймаларын келтирип,
Адилдиктин саймасы жок-ушул гана кемчилик

Бузуктар көп бу дүйнөдө, сен Наваий, кейибе,
Бүткүл санаам сүйгөнүмдө-шол каниет өмүргө.

*Кыргыз тилине которгон*
*Сүйөркул Тургунбаев*

* * *

Арастудан Зулкарнайн сурады:
«О даанышман, аччы сырын, угалы:

Кыргын салган белгисиз күч кайсы ал.
Чыр-чатактын түп тамырын айтчы дал.

Бийлер менен талаш неден чыкканын –
Сезим дароо от ыргытат көк жалын.

Барбы мыйзам тириликте көйкаптан
Кылым кезип, бизге чейин келаткан.

Биз башында турган кезде, чатакты
Сөзсүз эле согуш гана басатбы?»



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Жооп берди анда шахтын устаты:
«Катаал суроо бердиң мага кыскасы!

Согуш дайым жек көрүмчү акылга,
Андан качып кутулалбайт шахың да.

Капилеттен чыр чыгарган алда ким,
Бул аргасыз кылыч тоскон балким.

Бирок мындан эл-журт гана бөлүнөт,
Эл алдында актанбайт шах бүжүрөп.

Согуш ачса камсыз жатуу– ал күнөө,
Чамаң жете турган болсо күймөлбө.

Душман болсо бүт черүүсүн жабылтып,
Уккусу жок эч бир сөзү жаңыртып.

Адамзаттын уятына сыйбаган
Бардык ишке барат, барган кыйладан.

Кудай өзү бүт кечирет, кыйын чак,
Кес жырткычтын уу тырмагын кылычтап.

А бул деген – зыян, пайда согуштан,
Бирок мунун шарттары бар тогушкан.

Касың менен кармашуунун алдында
Анын күчүн өздөй билип алган да.

Эгер күчүң аны менен тең болсо,
Же белгисиз болгон болсо, болбосо.

Анда күчтү арбын топто, тез иште,
Эң так, кылдат эсеп керек жеңишке.

Эгер сезсең күчүң ашык экенин,
Эч шашылба, кан көп төкпө эгерим.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Кайра баштан кайрыл дароо насаатка,
Түз мамиле, акыл керек казатка.

Жаалы кайнайт душманды көп кор тутсаң,
Коркуу билбей күчкө толот кокустан.

Казат ачпа ишенбесең күчүнө,
Ачуу эмес, акыл кирсин күчүнө.

Ким акылды аркаласа өмүрдө –
Ал черүүсүн туш келтирбей өлүмгө».

Зулкарнайн эч үндөбөй бу тапта,
Кайра суроо бергени жок устатка.

*Которгон Советбек Урманбетов*

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Сүйүү, достук, үй-бүлө тууралуу лирикалык ырлар менен обондорду эсиңерге түшүргүлө. Алишер Наваийнин бул маселеге өтө терең маани бергенине көңүл бургула.
2. Жаштык кездеги алоолоп жанган ысык сезим кайсы ырында байкалат?
3. Жалындуу жаштык сезим менен даналык акыл-ойдун жуурулушуп кеткени кайсы ырда билинет?
4. Сүйүү сезимине терең философиялык боёк берилишине кандай карайсыңар?
5. Өзүңөр каалаган бир ырды жаттап алгыла.

## ӨЗБЕК-КЫРГЫЗ АДАБИЙ БАЙЛАНЫШТАРЫ

Эзел-эзелтеден бир өрөөндө жашап келатышкан дили, дини, тили бир, бир тууган өзбек-кыргыз элдеринин өз ара ынтымак, биримдиги адабиятта да кеңири чагылдырылган. Элдик эпосторубузда баяндалган окуялардын окшоштугу, абалы, калктарыбыздын тагдырлары туташып кеткенин байкатса, экинчиден, оозеки адабияттын бир-бири менен тыгыз байланышын да көрсөтөт. Көптөгөн жомокторубуз, макал-ылакаптарыбыз жана каада-салт ырларыбыздын мазмуну менен формасындагы, айтылуу ыкмасы же обондорундагы жакындык, үндөштүк – тамырыбыздын бир экенин, анын канчалык терең жатканын айгинелейт.

Элдик эпикалык мурастардын ичинен «Манас» менен «Алпамыш» эпосторунда учурата турган же болбосо «Жаныш-Байыш» жана «Алпамыштагы» кээ бир окуялардын дээрлик бирдей экендиги өзбек-кыргыз



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

элдеринин этникалык жана маданий байланыштарынын кылымдардын кыйырынан бери келе жатканын билдирет.

Бирок көбүрөөк көчмөн турмушта жашаган кыргыздар менен байыртадан эле отурукташып, шаар-кыштактары өнүккөн өзбек элинин илим-билиминде, маданиятында өзгөчөлүктөр дагы аз болбогон.

Бул жөнүндө Ч. Айтматов: «Кадим-кадимден өзбек маданиятынын Орто Азияга көрсөткөн таасирин көөнө Византиянын байыркы Руска көрсөткөн таасири менен салыштырууга болот» – деп, өзбек элинин тарыхына, тарыхый дөөлөттөрүнө өтө жогору баа берген. XV кылымда өмүр сүргөн Өзбек классикалык адабиятынын негиздөөчүсү Алишер Наваийнин чыгармалары кыргыз акын-жазуучуларынын калыптануусуна чоң таасирин тийгизди. Кыргыздын алп акыны Аалы Токомбаев 1940-жылы өзүнүн бир ырында мындай деп жазган эле:

Алишер, сенин тилиң – менин тилим,
Алишер, сенин дилиң – менин дилим.

Бул аркылуу Аалы Токомбаев улуу кеменгер акынга жалпы кыргыз элинин чыныгы сүймөнчүлүгүн, устатка деген урмат-сыйын билдирген.

Өзбек-кыргыз ортосундагы адабий байланыштар өткөн кылымда өнүгө түштү. 1920–30-жылдары Ташкент шаары илим-билимдин, маданияттын, өнөрдүн очогуна айланды. Орто Азиядагы көптөгөн таланттуу, шыктуу жаштар Ташкентте билим алды. Алардын көпчүлүгү кийинчерээк белгилүү илимпоз, коомдук ишмерлер болушту.

Кыргыздын белгилүү адабиятчы-окумуштуулары да Ташкентте таалим алганын силер билесиңер. Бул жагдай кыргыз жана өзбек акын-жазуучуларынын бири-бири менен достошуусуна, адабий байланыштардын башталышына өбөлгө түздү. Өзбек адабиятынын көрүнүктүү өкүлдөрү Айбек, Гафур Гулам, Камил Яшин, Миртемир ж.б. менен А. Токомбаев, К. Баялиновдор арасындагы достук – адабий достукка айланып кеткен.

Калктарыбыздын ортосундагы биримдик, ынтымак, бир-бирине деген боорукердиги, бир туугандык мамилелери үзбөй даңазаланып келинген. Кыргыз элинин турмушу, табияты, өз ара мамилелерин өткөн кылымда Гайратий «Энеме кат», «Арашан», «Булак боюнда», Максут Шайхзада «Кыргыз жолдошко» деген ырларында баяндаса, Миртемир «Кыргызстан», «Кыргыз калкына» «Чагалай», «Токтогулга» ж.б. Уйгун «Комузчу», Ж. Жаббаров «Кыргызым», «Ысык-Көл», «Зумрад», Эътибар Ахунова «Чарбак», А. Арипов «Куттуктоо» деген ырлары менен улантат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ал өзбек элине, жерине деген сүймөнчүлүгүн кыргыз акындары Темиркул Үмөталиев «Эстен чыкпайт», «Амударыя», «Тоолорум», Б. Сарногоев «Салам» деген ырларында, ошондой эле А. Токомбаев, К. Маликов, Н. Байтемиров, С. Жусуев, С. Эралиев, А. Осмонов, М. Абылкасымовалардын ырларында чагылдырылган.

1960–70-жылдары А. Наваийнин «Лайли менен Мажнун», «Фархад менен Ширин» поэмалары жана бир топ лирикалык ырлары, Айбектин «Ыйык кан» романы, Гафур Гуламдын ырлары менен поэмалары, Х. Алимжандын «Зейнеп жана Аман» поэмасы, Мирмухсиндин «Умид» романы жана башка да өзбек акын – жазуучуларынын чыгармалары кыргыз тилине которулса, Токтогул Сатылгановдун, А. Токомбаевдин ырлары, Т. Сыдыкбековдун «Тоо арасында», Т. Үмөталиевдин «Торгой үнү», Ш. Бейшеналиевдин «Барекелде», Т. Касымбековдун «Сынган кылыч» деген чыгармалары өзбек тилине которулган. Арийне, булардан башка да көптөгөн акын-жазуучулардын чыгармалары өзбек жана кыргыз тилдеринде жарыкка чыккан.

Өткөн кылымдын белгилүү акыны Миртемирдин кыргыз эпосу «Манасты» өзбек тилине которушу өзбек-кыргыз адабий байланышындагы өтө маанилүү окуя болду. Бул ийгиликтүү ишти С. Акбарий менен Т. Адашбаев андан ары улантты.

Кыргыз-өзбек адабий байланышында Ч. Айтматовдун орду өз алдынча. Улуу жазуучунун эң алгачкы чыгармаларынан баштап соңку китептерине чейин толугу менен өзбек тилине которулган. Ч. Айтматовдун чыгармаларын которууга А. Рашидов, И. Гафуров, С. Караев, Я. Кожомбердиев сыяктуу котормочулардын эмгеги синди. Жазуучунун Өзбекстанда достору, окурмандары өтө көп. Айбек, Г. Гулам, К. Яшин, Миртемирлерди устатым деп билсе, С. Ахмад, А. Якубов, Шукрулла, Мирмухсин, Х. Гулам, Р. Бабажан, П. Кадыровдор менен ары достук, ары чыгармачылык жактан тыгыз байланышкан.

Ч. Айтматов өзбек элин «өзбек калкынын тагдырын өз тагдырымдан бөлүп карай албаймын» деп ардактаса, жалпы өзбек калкынын улуу жазуучуга деген урмат-сыйын Өзбекстан Республикасынын Биринчи Президенти И. Каримов 1997-жылы «Дустлик», 1998-жылы «Буюк хизматлари учун» ордендери менен сыйлоо аркылуу билдирди.

Элдерибиз өз алдынча эгемендүү мамлекет болгон 1991-жылдан бери адабий байланыштар жаңы доор, азыркы цивилизация талаптарына ылайык өнүгүүдө. Тек гана адабий агымда гана эмес, жалпы элдердин ортосундагы достукту чыңоодо тынбай эмгектенип жүргөн



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

адамдар аз эмес. Мисалы, өзбекстандык кыргыз атуулу Сүйүн Караевдин Ч. Айтматовдун «Кассандра тамгасын» өзбек тилине которушу – адабияттагы өзүнчө бир кубулуш. Ал эми белгилүү өзбек акыны Турсунбай Адашбаев 30 дан ашуун кыргыз акын-жазуучуларынын чыгармаларын өзбек окурмандарына тартуулады. «Манас» эпосунун прозалык вариантын өзбек тилине которду. Жан үрөп, өзбек-кыргыз элдеринин ортосундагы достукту чыңдоодогу, адабий байланыштарды өнүктүрүүдөгү эмгеги үчүн Т. Адашбаевге Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер деген наам ыйгарылса, Өзбекстан Республикасынын Президенти «Дустлик» ордени менен сыйлады.

1996-жылдын декабрь айында Өзбекстан менен Кыргызстан Республикалары ортосунда түбөлүк достук келишими түзүлдү. Бул келишим эзелтеден келе жаткан ынтымак-биримдигибиз, экономикада, илим-билимде, маданиятта, ошондой эле адабиятта да өз ара камкордук байланыштарыбыз мындан да тыгыз өркүндөп, чыңалып, бекемделе түшүшүнө кең жол ачты.

## ӨЗБЕК АДАБИЯТЫ – ДҮЙНӨЛҮК АДАБИЯТТЫН БИР БУТАГЫ

Дүйнө элдеринин ар биринде өз адабияты, маданияты бар экендиги менен сыймыктанат. Булардын башаты, албетте, элдик оозеки чыгармачылык – фольклор. Бул багытта бүгүн биз кеп кыла турган өзбек адабиятында да мин-миңдеген үлгүлүү көрүнүштөр мол. Буларга элдик ырлар, кошоктор, макал-лакаптар, жомок жана уламыштар башында турган «Алпамыш» эпосун, «Көр уулу» дастанын, «Ашык Карып жана Шахсанем» көркөм баяндарынан бир тобун мисал кылсак болот.

Мында Абдулла Кадырий, Абдулхамид Чолпон, Абдурауф Фитрат, Гафур Гулам, Айбек, Абдулла Каххар, Хамид Алимжан, Уйгун, Камил Яшин сындуу алптардын ысымдары сыймык менен аталып келет. Мына ушул залкарларды улай же катарлаш Миртемир, Зулфия, Саид Ахмад, Мырзакалон Исмаилий өндөнгөн өзбек адабиятынын жылдыздары көркөм сөз өнөрүнө бараандуу салымдарын кошо алышты.

Атайылып белгилей турган көрүнүш: 60-жылдарда өзбек адабиятында кара сөз жанры өзгөчө күркүрөп өстү. Анын көч башында Адыл Якубов, Пиримкул Кадыров, Өткүр Хашимов, Шүкүр Халмырзаевдер турушту. А поэзия жаатында Эркин Вахидов, Абдулла Арипов, Рауф



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Парфилер өзбек көркөм сөз өнөрүн дүйнөлүк алкакта бир топ бийиктиктерге көтөрүп коюшту.

Ушул залкарлардан кийинки толкун 70-80-жылдарда пайда болуп мезгилдин күрөө тамырын бекем туйган, көркөм-сергек чагылдырган күчтүү – ары тайманбас чыгармачыл көч жаралды. Анын башында Халима Худайбердиева, Шавкат Рахман, Мухаммад Юсуф, Мухаммад Салих, Хуршид Даврандар тобу поэзияда, кара сөздө болсо Тахир Малик, Мурад Дост, Эркин Агзамдар, драматургияда Шарап Башбеков, балдар адабиятында болсо Худайберди Токтобаевдин, Анвар Обиджандын, Турсунбай Адашбаевдердин ысымдары чыныгы урматтоолор коштоосунда атала баштады. Ушулар жана ысымдары аталбай калган далай-далай көркөм сөз чеберлери өзбек адабиятынын бүгүнкү казынасын мыкты-мыкты чыгармалар менен толуктап коюшту. Жаңы доордо өзбек адабиятынын, көркөм сөз өнөрүнүн көч башында тургандардьш катарын улам-улам жаңы ысымдар толуктап жатат. Ыйык жана көркөм сөз майданындагы сыймыктуу көч боордош элдердин чыгармачыл күчтөрүнүн катарында аруу жана жемиштүү сапарын уланта бермекчи!

*Кыскартып которгон* ***Турабай ЖОРОЕВ***

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Оозеки адабияттагы окшоштуктар эмнени билдирет?
2. Кыргыз жазма адабиятынын калыптануу доорунда өзбек адабиятынын таасири кандай болгон?
3. Өткөн кылымдагы адабий байланыштар.
4. Азыркы учурдагы адабий байланыштар кандай?
5. Адабият өкүлдөрүнүн достугу элдердин арасындагы достуктун үлгүсү боло алабы?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# АБДУЛЛА КАДЫРИЙ

(1894–1938)

**Өмүрү жана чыгармачылык жолу.** XX кылымдагы өзбек адабиятынын залкар өкүлү, өз чыгармалары менен Өзбекстан гана эмес, бүт Түркстан элдери руханиятынын өсүп-өнүгүүсүнө чоң салым кошкон Абдулла Кадырий 1894-жылдын 10-апрелинде Ташкент шаарында багбандын үй-бүлөсүндө туулган.

Мааледеги (махалладагы) мектепке үй-бүлөдөгү жетишсиздик себептүү жашы чоңураак болгондо барса да, эки-үч жылдын ичинде жакшы эле сабатка ээ болду. Бирок муктаждык анын тагдырына өз таасирин тийгизди: он эки жаштагы өспүрүмдү бир байга кызматкерликке берүүгө мажбур болушту. Бул соодагер байга орус тилин биле турган, ушул тилде иш жүргүзө ала турган ишчи керек эле. Абдулланын зейректигин көргөн бай аны орус-тузем мектебине берди. Мектепти 1912-жылы бүткөн Абдулла орус тилин жакшы өздөштүрөт жана ал аркылуу дүйнө адабияты менен таанышууга мүмкүндүк алат.

Эки жылдан ашык үй-бүлөсүнө жардам берген Абдулла 1914-жылы Абылкасым медресесине окууга кирет. Бул жерде шарият илими, ислам философиясы, араб жана фарсы тилдерин үйрөнөт. Чыгыш адабияты менен терең таанышат.

Абдулла 1914-жылы өзүн орус-тузем мектебине берген соодагер бай – Расулмухаммеддин Рахбарай деген кызына үйлөнөт (андан кийинчелик Нафиса, Хамидулла, Адиба, Аниса, Маасуд деген перзенттер көрөт).

Жазуучунун чыгармачылык жолу «Садоий Туркистон» гезитинде 1914-жылдын 1-апрелинде басылган «Жаңы мечит жана мектеп» деген кабардан башталат. Арадан көп өтпөй «Улутума», «Ахыбалыбыз» аттуу ырлары, «Бактысыз күйөө» драмасы, башка да бир топ аңгемелери жарыкка чыкты.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Октябрь төңкөрүшүнөн кийин Абдулла Кадырий жаңы түзүмдүн түрдүү кызматтарында жүрүп, журналистикадан кол үзбөдү. Ал жаңы түзүмдүн өзбек элинин мүдөөсүнө туура келбей турганын билди.

Өзбек элинин маданияты, руханияты, үрп-адаттары, асыл нарктары тууралуу көлөмдүү көркөм чыгарма керектигин баамдаган жазуучу 1917–1918-жылдары элдин турмушунан материалдар жыйнай баштады. 1919-жылы «Өткөн күндөр» романын жазууга киришти. 1922-жылы биринчи өзбек романынын биринчи бөлүмү «Инкилоб» журналында басылды. 1925-жылы романдын бөлүмдөрү өзүнчө үч китеп көрүнүшүндө, ал эми 1926-жылы «Өткөн күндөр» деген ат менен бир китеп болуп басмадан чыкты.

1928-жылы жазуучунун экинчи романы «Мехробдон чаён», 1934-жылы «Обид кетмон» повести жарык көрдү. Булардан тышкары жазуучу ондогон публицистикалык макалалар, көптөгөн аңгемелерди жазды.

Жазуучу алдына көп максаттарды койгон эле. Бирок таланттуу каламгердин ой-тилектеринин иш жүзүнө ашуусуна Совет өкмөтү тоскоолдук кылды. Ал жалган жалаа менен 1938-жылы атылды.

Төмөндө таланттуу жазуучунун «Өткөн күндөр» романынан үзүндү берилет. Үзүндү силердин романдын негизинде тартылган кино боюнча түшүнүгүңөрдү кеңейтет.

## ДҮЙШӨМБҮ КҮНҮ КЕЧИНДЕ

Бул күнкү кече Атабек менен Хамиддин өмүрү же өлүмү маселесин өзүнүн кара кучагына алган караңгы бир түн эле жана булардын кайсы биринин соңку сааты жеткендиги ушул караңгы түн сыяктуу караңгы эле. Атабек бул эки абалдын бирин көз алдына келтирип, ошого ичтен даярдануюда, Хамит болсо кыялында көктө учуп жүрөт, андан да бийикке талпынат (гүлдү жыттап, гүл сейилине шашылчу).

Эни алты карыш узун тар көчө, тар көчөнүн этегинде кичине гана бир эшик бар. Намазшам менен куптан арасында ушул көчөгө бир жигит келип токтоду да жан жагына тымызын көз кырын салды. Кичине эшикке жеткенде дагы бир жолу аркасына кайрылып карап койду. Бир аз ойлонуп туруп, кийин эшиктин оң жагындагы дубалдын бузулган жеринен акырын гана көтөрүлүп, ичкериге көз салды. Эшиктин кулпу менен чынжыры жок, жөн эле жабык турган болсо да, ал эшикке жакындабады, эптеп дубалга минди. Айдын жарыгы күңүрттөнүп,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

караңгы, бирок ичкери аянтта дарак жок болгондуктан, сайылган чөптү да байкоого болот. Аянтта эч кимдин жогун билген соң, акырын гана дубалдан түшүп, аянтка карай жүрдү.

Аянт эки танап кеңдикте болуп, коңшусунун имараттарынын берки жагында, ошондой эле калган жагы да ушуга окшош үйлөр менен курчалган эле. Аянтка жазда эмнедир эгилген, чуңкур-чуңкур арыктар тартылган, топурак жамгырдын суусу менен жибип көпкөн, кадам басуу мүмкүн эмес, ар кадам баскан сайын ылай жабышаар эле. Кыйналып аянттын оң жагына өттү. Анын сол кол жагында бир үйдүн арка дубалы бир чети оюп түшүрүлгөндүктөн карайып көрүнөт.

Ал муну өткөн күнү түнкүсүн келип көрүп кеткендиктен кайрадан карап турбады, бирок анын бул үйгө кайдыгер карашы мүмкүн эмес эле. Бул дубалынын бир чети ураган үй Күмүштүн өзүнүн үйү болгон, бул үйдүн ичинде Атабектин бактылуу күндөрүнүн ширин элестери калган, азыр да анын өмүрлүк тиреги, таянчы болгон Күмүш биби отурар эле. Атабек көзү талганча үйгө карады, ушул карашы аркылуу сүйүктүүсү менен коштошуп жаткандай эле. Бир маалда ойлонуп, койнуна колун салып бир кагаз алды, кыял үстүндө кагаздын бүктөмдөрүн тегиздеди да, кайра койнуна салды. Андан кийин үйгө дагы бир жолу карап алып, аянттын күн батыш жагына бет алды, он беш аттап, баягы жерден алыстады. Дубалдын шыбагы үчүн ылай алынган орону кече келгенде жашырынуу үчүн белгилеп кеткен болчу. Келип ошонун ичине түштү да, колун чекесине коюп, бир кыры менен жатып алды. Дубалы ураган үй менен Атабек жаткан оро бир-бирине бет маңдай болсо да, имараттардын көлөкөсү жана түндүн караңгылыгынан ородо бирөө бар экендигин байкоо кыйын эле.

* * *

Түн ортосу, эрте уктап калгандар бир уйкуну алган кез. Аянттын эшиги ачылды. Биринин аркасынан бири жүрүп, эки көлөкө ичкериге кирди. Муну көргөн Атабек канжарын кынынан чыгарып, колуна бекем кармап, бугуп жатты... Карайган экөө үн чыгарышпай, ураган дубалдын алдына келип токтошту. Келгендердин бирөөсү Садык, экинчиси Мутал экен. Тумшугун жерге тиреп алган мышыктай болуп, Атабек аларды күзөттү.

Токтогондон кийин, Садык шыбырап сурады:

– Тешилүүгө жакынбы?

– Аз гана калгандыр, деп ойлоймун, анткени паксанын бир четинен бир азыраак жай ачылган!



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Мутал үнүн катуу чыгарып сүйлөгөн болчу, ошон үчүн Садык:

– Акырыныраак сүйлөсөңчү! – деди.

Мутал белинен чотун алып жатып, ага жооп берди:

– Эмне, ушундан да коркосуңбу? Балким, азыр ырдап да жиберермин!

– Жиндилигиңди кой, Мутал аке! Мен дагы жанында турайынбы?

– Турасыңбы, жокпу, эрк өзүңдө!

Мутал ойгон дубалга кирип, андан ары казууга кириштн.

– Чотту катуу урба, – деди Садык.

– Мага үйрөтпө, өзүм билемин.

Садык Муталдын этиятсыздыгынан корктубу, бир азыраак Муталдын ишине карап туруп:

– Болбосо, мен эшиктин алдына барып турайын, тешилиши менен ышкырып белги берерсиң.

– Түзүк, баягы Хамид күйөөң каерде калды?

– Көчөнүн башында аңдып отурган чыгар. Ышкырыгыңды укканда кийин аны да чакырайынбы?

– Чакыр, – деди да, Мутал шытыр-шытыр эткизип, кесектерди түшүрө берди.

Садык эшиктен чыгышы менен Атабек акырын башын көтөрдү да Муталга карай жыла баштады. Мутал болсо түшкөн кесектерди тышкарыга сүрүү менен убара эле... Бир кезде анын колтугунун астынан узатылган кол кекиртегинен кычкачтай кысып алды... Мутал күчтүү эле, бирок Атабек андан да күчтүү болчу. Күчөнүп кекиртегинен колду ажыратуу үчүн жасаган биринчи аракети бекер кеткен Муталдын сол жак белине өткүр канжар кадалды... Бирок, ошондо да ал бой бербей бошонууга урунар эле, күчтүү кол андан бетер кысар эле. Үч мүнөттүк алышуудан соң Мутал бошошуп, алдыңкы күчөнүүлөрү калды да, бир-эки жолу серпилип, жан берди. Атабек эшик жактан көзүн үзбөй, Муталды сүйрөп өзү жашырынып жаткан ылайханага алып барды да, кооптонуп кекиртектен колун алды. Муталдын башы шылк этип, ылайханага түштү, түбөлүк уйкуга кеткени анык болду... Атабек оюлган дубалдын алдына келип, эшик жакка карап ышкырды, жооп ышкырыкты укканы соң, оюктун ичине кирип алды. Оюктун үстүнкү жагында кичине бир тешик болгондуктан, ичкериден кулакка жеңил гана бирөөнүн дем алышы угулат... Жакындап калган Садык оюктан алысырааkта туруп шыбырады:

– Тештиңби, Мутал?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

–Ештим, бери кел.

Садык оюлган дубалдын алдына келип эңкейди. Эңкейген замат бир кол кекиртекке туура келди жана канжар кардына матырылды... Садык колундагы канжарын бир-эки жолу кайра-кайра салып көрсө да, болжолго тийгизүүгө оюктун тардыгы жол бербеди, бирок өзү али бакубат эле.

Атабек оюлган жайдан тез сыртка чыкты да, бар күчү менен Садыкты астына басты... Ал өзүнүн кайсы бир жери ачышып жатканын баамдады... Сол колу Садыктын кекиртегинде, канжар кармаган колу Садыктын канжар кармаган колунун үстүндө... Атабек бар күчүн топтоп, кекиртекти кыса баштады. Садык кырылдап кыйналса да колундагы канжарды таштабайт. Эшик жактан Хамид да көрүнүп калды... Атабек Садыктан көөдөнүн көтөрүп, канжарлуу колун бошотту. Ошол эле маалда Садыктын канжары бир-эки жолу алсыз гана мунун аркасына келип тийди. Канжар менен эки жолу урганда Садык бошошуп, колунан канжары түштү.

– Хамид акеңе өтө боорукер экенсиң, Садык! – деди басып жаткан Атабек. – Жаныңды да ага курмандыкка чалдың! Садык онтоп койду.

– Онтогон ким? – деди жакындашып калган Хамид.

– Тезирээк келиңиз, Хамид аке, Атабекти өлтүрдүк! – деди шашылып Атабек.

– Ах! – деп жакындай берди Хамид.

Атабек Садыкты калтырып, Хамиддин канжар кармаган колун кармап алды.

– Мутал өлдү. Садык да өлүм алдында. Эми сиз экөөбүз гана калдык!

Хамид колун бошотууга урунуп жатканда, Атабек токтоолук менен: – Артыкча шашылбаңыз, Хамидбай, азыр мен сиздин канжар кармаган колуңузду коюп жиберем, оболу эки ооз сөзүм бар!

Хамид жан талашып канжарлуу колун бошотуунун алегинде.

– Күчөнбөңүз, Хамидбай!

– Март жигит болсоң, колумду коюп жибер!

– Шашылба, коюп жиберемин, – деди Атабек. Ушул учурда аяк астында жаткан Садык көтөрүлүп-көтөрүлүп койду. Атабек Садыктан арыраакка Хамидди алып кетти. Хамид каалабай, аргасыз жылды. Канжар кармаган колу менен тешилген дубал жакты көрсөтүп, Атабек сөз баштады:

– Сиз менден дагы жакшы билесиз, ушул үйдө сизди канчалык убарагерчиликке салган, чексиз жанкечтиликке жетектеген жана эсепсиз



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

алтын сарп эткизген, акырында ушул абалга келтирип токтоткон бирөө уктоодо. Эгерде сиздин менин атымдан жазып берген талак катыңыз туура деп эсептелбесе, бул уйкудагы менин күнөөсүз аялым болуп, эки жылдан бери мен дагы анын күйүтүндөмүн.

Демек сиз менен менин ортобузда ушул бирөө үчүн күрөш жүрүүдө. Бирок сиз ушул маалга чейин менин үстүмдөн жеңишке жетип келдиңиз: кара чапанчы деп, дар астына чейин алып бардыңыз. Мусулманкулдун колуна тапшырдыңыз, мындай иш-аракетиңиздин пайдасы тийбеген соң, сыртымдан талак катын уюштуруп, эки жыл бою сүйгөн жарымдан кол үзүүмө жетиштиңиз, ушул эле учурда күнөөсүз бир жигитти да өлтүрдүңүз. Акырында уурулук жолуна түшүп, кызматкер эки жигитиңиздин менин колумдан каза табуусуна себепчи болдуңуз. Эми мага жооп бериңизчи, ушунчалык караөзгөйлүктөрдү жасоого акыңыз бар беле?

– Акым бар эле! – деди Хамид, булкунуп канжар кармаган колун бошотту да, чалкасынан кулады. Ал колун бошоткон кезде Атабек өз ишин бүтүргөн эле, – Хамиддин кардын шыр эткизип жарып салган. Хамид жерде алсыз болуп жаткан кезде, аны беш кадам арыда карап турган Атабек ичтен түйүлүп: «Акың бар беле?» – деп сурады. «Акым бар эле!» – күчөнүп жооп берген Хамид колундагы канжарды Атабекке карай ыргытты, канжар Атабектин алдына келип түштү...

Атабек турган жеринен эшикке карай козголгон эле, Хамидден беш-алты кадам арырааста жаткан Садыктын «хм-м-м» деген үнү угулду. Атабектин көңүлү бузулуп, аянттан чыкты...

## Суроолор жана тапшырмалар

1. Жазуучунун өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө дагы эмнелерди билесиңер?
2. Үзүндүдө баяндалган сюжет кинодогуга окшош бекен? Окшобосо, себебин түшүндүргүлө.
3. Атабек менен Хамиддин окуя болор алдындагы акыбалын баяндагыла.
4. Атабек менен Хамид эмнеге талашкан?
5. «Итке ит өлүмү» дегенди кандай түшүнөсүңөр?
6. «Тууралык, адалдык ар дайым жеңет» деген темада дилбаян жазгыла.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ЧОЛПОН

(1898–1938)

Өзбек адабиятынын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири Абдулхамид Сулайман уулу Чолпон 1898- жылы Андижан шаарында туулган.

Жаш кезинен эле жергиликтүү медиресе-билимканаларда, орус-тузем мектептеринде билим алган. Ал өз эне тилинен сырткары араб, фарсы жана орус тилдеринде да эркин сүйлөп, жаза билген.

Чолпон көрүнүктүү акын гана эмес, чоң прозаик катарында да ондогон публицистикалык макалалар, очерк жана аңгемелер, «Кар койнунда кызгалдак», «Жоо» повесттери, «Түн жана күн» сыяктуу романдарды жараткан таланттуу жазуучу да болуп таанылган. Ошону менен бирге ал өзбек адабиятында драма жанрында да орчундуу эмгектенген.

Өз мезгилинде таланттуу акындын «Ойгонуу», «Булактар», «Таң сырлары», «Саз» аталыштагы ыр топтомдору жарык көргөн. «Түн жана күн» романы өзбек көркөм сөз өнөрүнүн классикасына айланган. Куру жалаалардан улам акын-жазуучу 1938-жылы 4-октябрда атылган.

## КӨКТӨМ КЕЛЕТ

Көктөм – сүйкүм жолго чыккан, көктөм жолун жалгады,
Көк көйнөгүн кулпуртууга текубакыт калбады!
Аба тунук... Көк койнунда кудум аппак көшөгө –
Ак булуттар анда-мында, бийлегендей өзү эле.
Учкун бүркөн жаз илеби, жалт-жулт көздү уялтып,
Күндүн нуру сагындырган эңсөөлөрдөн бүткөндөй.
Кубангандай бүт даректар бүчүрлөрүн булайтып,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Көктөмдүн шул келер кезин чыдоо менен күткөндөй.
Каргалар бул, кышта кылган тополоңун унутуп,

Кечиримден кур калгандай учуп, шашып кетүүдө.
Сезимдерди кытыгылап, гүлдөр жыты буркурап:
«Биз да жолго чыкканбыз!» – деп, көк майсалар өсүүдө.
Гүл жыттардан жан-жаныбар кыш уйкудан ойгонуп,
Гүү-шаа түшө бак аралай, теребелге шаң берер.
Көк шиберден жибек көйнөк миң кубула толгонуп,
Кутман Жердин көкүлүнөн сылап-сүйүп тургандай,
Келеркиде берекеси ашып-ташар мол болуп.
Жер эне бул берекесин аябастан төгөр, чын –
Жазды коштой шул журтумда жаңылануу келсинчи,
Жан дүйнөгө жүрөк козгор көктөм жытын берсинчи,
Дилдерге да аба сындуу көктөм руху көнсүнчү!..

## КӨҢҮЛ

Көңүл, сен мынчалык сыздап
Кишендерге ДОС болуп кеттиң?
Же ызалык, же өксүүң бардай
Жалгыздыкка коштолуп кеттиң?

Азаптуу дилди оорутпай,
Аруулук жолун кылсачы?
Кишендер түгөл үзүлүп –
Кылычтын баары сынсачы?!

Тирүүсүң, өлбөгөнсүң,
Сен деген адам, мээримге бөлөнгөнсүң.
Кишенди ыргыт,
Башыңды ийбе,
Бул жашоого сен дагы Эркин төрөлгөнсүң!

* * *

Кыял, кыял... жалгыз кыял супсулуу,
Кут-чындыкты көздөрүнөн табамын.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Кыялдагы жылдыздарым бул – алдоо,
Күйүт отун алар үчүн жагамын...
Сулуу-жан, башыма гүлдү чач, оо!
Самоо-тилектерим – өмүрүм-бактым!

*Которгон Турабай ЖОРОЕВ*

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Чолпондун өзбек адабиятына сиңирген эмгеги жөнүндө, анын тагдыры жөнүндө сүйлөп бергиле.
2. Акын «Көктөм келет» деген ырында көктөмдөгү күндү элдин кандай турмушуна салыштырат?
3. Чолпондун поэзиясынын башкы идеясы кандай? Анын проза жана драма жанрындагы кандай чыгармаларын билесиңер?

## КАЛК

Калк – деңиз да,
Калк – толкун.
Калк – көчтөр.
Калк жаралуу,
Калк жалын да, калк – өчтөр...
Калк козголсо, күч жок эч токтотор,
Кубат да жок, калк эңсөөсүн мокотор.
Калк демине – эзчү бийлик кулады,
Калк эңседи – таажы, тактар урады...
Калк эңсөөсү – өлкө азат жөнөсө!
Кетсин андан баш айлантар көлөкө.
Бир козголот, бир толкундап бороилоп,
Бир умтулуп, бир ташкындап, бир ойноп,
Жоктукту да, ачтыкты да жок кылган
Журтун, элин баарысына ток кылган...
Бардык күчтү калк ичинен алалы,
Кучак жайып калк ичине баралы!



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# АБДУЛЛА АРИПОВ

**(1941–2016)**

Абдулла АРИПОВ 1941-жылы – Кашкадарыя областынын Касан районундагы Некуз айылында төрөлгөн. Ташкент Мамлекеттик университетинин өзбек филологиясынын журналистика бөлүмүн бүткөн. «Хамза» жана «Алишер Наваий» атындагы мамлекеттик сыйлыктардын лауреаты. Өзбекстан Республикасынын Гимнинин автору, Өзбекстан Эл жазуучусу жана Баатыры наамдарынын ээси, өзбек поэзиясынын классиги, мамлекеттик жана коомдук ишмер

Абдулла Арипов алгачкы ырларынан баштап эле улуттук поэзияда жаңы поэтиканы өнүктүрүү жолунда изденип, элдин рухий дүйнөсүндөгү өзгөрүүлөр, умтулуулар, жаңы ачылыштар акындын ырларынын идеялык мазмунун белгилеп берди

## ТУЮМ

Жаштык кезди өзгөчөлөп турганы,
Көздө кайрат, дене-бойдо чымыр күч.
Ал кайратты туңгуюкка урбагын,
Улуу иштер алдың тосор жүгүрүп.

Турмушуңда алчы-таалуу кездерге,
Туш келесиң, көздөрүңдү жаш чайган.
Токтото бил, төгүлбөй да, эчкирбе,
Керек болот кубанычта кашкайган.

Таасын күндөй туюм зарыл өмүргө,
Таза дилден өнүп чыккан гүлбурак.
Асылзаадам, азаптарга чөмүлбө,
Аруулукка рухуң турсун шынаарлап.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## АЙРЫЛБА

Энчиңди алып турмуш мөөнөттөрүнөн,
Жашап жүргүн өз ааламың аярлай куруп.
Бирок да, сааты келсе көшөкөрлөнгөн,
Айрылып калбагын тирүүлөй туруп.

Түмөндөгөн тааныш-билиш арала,
Кайсы ким садакага жан салат.
Улуу касам ичкен дос да аманат,
Айрылып калбагын жүрөк жаралап.

Ооматыңдын жылдыз көзү ымдаса,
Ар-ар кимдер көшөгөсүн жапса да,
Дабаагерлер уюп турар жадыңда
Дарыгерден тирүү туруп айрылба.

## БАЙКАРА

Сепил курган кооз, көркөм багында
Сөөлөт күтүп эмирлерче сайрандап,
Кээ-кээсинде чүйгүн тамак тандамал,
Аш жээр эле сыпаа султан Байкара.

Кокусунан көкүрөгү кысылды,
Кокус жерден бейкуттугун учурду.
Бир кочуш аш, ичинде анын сөөк туруп,
Тамагына тыгылды да, бүтүрдү.

Кыйын табып ошол замат шыпаа издеп,
Сыйкырчылар таң калышып турушту.
Көз жашы агат дайра болуп диркиреп,
Араң алган султан деми угулду.

Оо, ал жылдар өтүп кетти акырын,
Эл да буга көнүп кетти жайма-жай.
Туюк дарт бар өлтүрбөгөн, сабылтып
Кыяматка дейре коштойт калтырбай.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Уккан досу азабынан кан жуткан,
Нааразылык сезим болгон жөн элде.
Ал - султандын өзү өлүмгө буюрган
Небереси Момун Мырза сөөгү эле.

## АЛИШЕР

Ааламда адам нени ыйык туткан,
Элесиң баарына тең эй, ойчул алп.
Беш жүз жыл мурун эле күйүп турган
Нур төгүп нур жүздөргө дал ошол зат.

Кеменгер-ал уулуңду сүйүп дилден,
О, калкым, таазим кылсаң арзыйт баары.
Алишер наамы менен бирге бүткөн
Дүйнөгө өзбек элдин улуу наамы.

Байкара күйүп-жанып эрк атында,
Дүйнөгө аттангандай бир алдуу шер –
Гераттын дарбаза жак канатында,
Ырлардан аскер түзгөн Мир Алишер.

Дүйнөгө бирар даңкта калуу үчүн
Журт бузуу шарт эмес дейт, калетсиз кеп.
Бирөөлөр кезегинде найза учун
Алишер куш калемин көрсөткөн дейт.

Түн же таң боло берчү көнгөн адат,
Шараптайт, же коштошуу күнөмдөрбү.
Адамдар бирөөлөрдү күндөй баалап,
Жүрүшөт күндө каргап бирөөлөрдү.

О, тыңша бүгүн сөздү журтуң жактан,
Алыскы Герат айлын жердеген эр!
Кабар бул, билип алгын ушул таптан,
Ар эки неберенин бири Алишер.

Окууга кошо барат жел да кайып,
Жыйынга чейин жаттап сүйлөмдү да.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Суктанттың сен өзүңө бир ажайып,
Миллиард мартабалуу дүйнөнү да.

Адепсиз эл алдында чоң күнөөкөр,
Бир гана өлүм көмөт кургурду дейм...
Мусанын ишеничи сымал өтөр,
Тур тоосун чындык көркkө тундурду бейм.

Дүйнөнүн чокусуна чыкты Алишер...
Макта, күн, сүйүнчүлө, бол, ылдам, шаш.
Беш жүз жыл кеппи ага, ал анык шер,
Дал миңге кадам койду жыйырма беш жаш.

## КҮЗ ЭЛЕСТЕРИ

Талаа мени тартат, кел дейт – келемин,
Жалбырактар бүт күбүлөт окшоду.
Оо, бул күздүн жалбырагы дебегин,
Жүрөгүмдүн жерге түшкөн оттору.

Бутактарда жөргөмүш тор жылтырап,
Шыбырашат алсыз менин ырларым.
Жо-жок, жаңкы торлор эмес жылтырак,
Алар менин кыйыры жок сырларым.

Күн да көккө чыга келди тынымда,
Өрттөп ийбе, көрө элексиң кастыгын.
О, досторум, ал күн эмес, чынында,
Ал махаббат, алыс калган жаштыгым.

*Котпоргон Советпбек УРМАМБЕТОВ*

### Суроолор жана тапшырмалар

1. А. Ариповдун өзбек адабиятынын көрүнүктүү өкүлү, мамлекеттик жана коомдук ишмер катарындагы орду жөнүндө эмнени билесиңер?
2. Акындын «Байкара» жана «Алишер» аттуу ырларында кандайдыр байланыш барбы? Мында акын алардын кайсы сапаттарына көңүл бурган?
3. Беш жүз жыл кеппи ага, ал анык шер,
Дал миңге кадам койду жыйырма беш жаш.
– деген ыр саптарында акын кандай пикирди баяндап, корутундулаган?
4. А. Арипов өмүр, жашоо элестери, адамдын ой-кыялы жөнүндө кайсы ырларында баяндайт?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# АМАН МАТЧАН

(1943)

Таланттуу өзбек акындарынын бири Аман Матчан 1943-жылы Харезм областынын Гурлан районундагы Базар-Коргон айылында туулган. Самарканд Мамлекеттик университетинин филология факультетин бүткөн. Аман Матчан 60-жылдардан баштап газеталарда өз ырлары менен тааныла баштайт. Анын өзбек поэзиясынын казынасын байыта алган бир нече ыр жыйнактары жарык көргөн. Аман Матчан котормочу катарында да боордош жана чет элдик адабияттарынын көптөгөн чыгармаларын өз эне тилине чеберчилик менен которо алган. Хамза атындагы мамлекеттик сыйлыктын лауреаты. 2006-жылы Өзбекстандын эл акыны деген ардактуу наам берилген.

## ПОЕЗДДЕ

Казак сахарасында бир үйүр булут
Үркккөн аргымактардай чаң-тополоң,
Желип кеткен жолунда чагылып от —
Кылымдар бул кеңдикке туткун болгон.

Көңүлүндө эмне бар, не билгени,
Неден улам коркунучка мынча батты?!
Ала-Тоодо кар күчү ушунчабы,
Же колунда Жамбулдун домбурасы?!

Алматыга уландар бүт чогулуп,
Чакырдыбы улак тартыш оюнуна?!



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Булуттар да ал тойдон кабар угуп,
Баратабы айланып ак аргымакка?!

Ар бир журттун башында өз булуттары,
Өз тактысы, чөлү бар берген белги.
Керек кезде бириге калат баары
Бир сөз менен чакырса Мекен өзү/

Казак сахарасында бир үйүр булут,
Үркköи аргымактардай чаң-тополоң.
Желип кеткен жолунда чагылып от –
Доор мейкиндигине бута болгон.

## ҮЧҮНЧҮ ДАРЫЯ

Барып калсам Сырдарыя жээгине,
Көңүлүмө конот сезим кызыктай:
Көрүнбөгөн жакын ушу жерде эле
Сырдан да чоң бир суу агып жаткандай!

Турсам Аму дайра боюнда улуу,
Харезмде да абалым ушундай.
Сүрдүү Жайхун дайрадан да айбаттуу,
Агып жаткан сымал бир суу аркырай.

Бу эмине?!
Кандай сырдуу агым бу?!
Жерденби, же көктөн келген шоокумбу?
Топурактын эң алдында көрүнбөй,
Агуудабы Үчүнчү дайра улуу?!
Биле албадым.
Калбайт менден бул сезим,
Жаңырыктап үнү сырдуу терең де!
Бийик дагы Рухум сымал бу кезиң,
Денем туят жер тыңшагыч немече...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## АЛИМХАН ЭМИРДИН
## АКЫРКЫ КЕРЭЭЗИ

Бухардагы алтын тактысынан алыста,
ал жердеги ызы-чуулардан да алыс,
каруусуз арып-карыган эмир жанына
уулдарын чакырды минтип кайрыла:
«Жээгине Жейхун дайранын алпаргыла...
Акыркы ирет дүйнөнү бир караганга...» –
кошумчалады анан да:
«Көз жумарда бир дем тартып алайын,
дарыямдын шоокумунан таптаза,
толкун менен жетээр акыры мага,
эл ичинен ким бирөөнүн үнү да...»
Каны-жини аралашкан тарыхта,
Кандай сезимде болдуң, о Бухара,
күнү бүтүп бараткан өкүмдарга...
Аядыңбы сен аны,
же жек көрдүң көз жашын эң акыркы?
Кан какшаган эл ичинде шапар тээп
жашоо болчу бир кезекте адаты.
Элден алыс эле ал тактысында,
нени көздөйт баары эбак өткөндө,
таштап кеткен жерин да эчак эле?
Залимдин көз жашы аны куткарбайт,
эл менен ал эки башка мезгилде.
Анын муздак жүрөгү жибите албайт,
күндөй ысык эл жүрөгүн
кабыргада толкуп турган.
Бирок капыс айтылса:
«Эмир келди!» –
көккө карай атып бардык азап-шор,
дарга үстүндө айланышкан каргалар
эң биринчи желкесинен чокуйт го?
О, элим! Эгер даңк бул – көздү май басуу болсо,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

белек кылчы өтө аярлык менен,
эгер антип көрбөй калса жээлиге,
тизелеткин Аму дайра жээгине!

*Которгон Алтынай ТЕМИРОВА*

### Суроолор жана тапшырмалар

1. Аман Матчан өзбек адабиятында кайсы жанрлар боюнча эмгектенген жана кайсы чыгармаларын билесиңер?
2. Акындын «Поездде» деген ырында поездде баратып эмнелерди туйгандыгы, жолдогу күзөткөн ар бир элдин бири-бирине байланыштырган сезимдери кандай сезим?
3. «Үчүнчү дарыя», «Алимхан эмирдин акыркы керээзи» аттуу ырларында кандайдыр бир байланыш барбы? Алимхан эмирдин акыркы керээзи кайсы?
4. Акындын кайсы ырлары ырчылар тарабынан ырдалып келе жатат?

## АДАБИЯТ ТЕОРИЯСЫ БОЮНЧА V – IX КЛАССТАРДА АЛГАН МААЛЫМАТТАРДЫ ЖЫЙЫНТЫКТОО

Быйыл да адабият теориясы менен байланышкан кээ бир маселелер менен жалпысынан тааныштык. Эми ошол бизге тааныш жалпы маалыматтар боюнча алган билимди жыйынтыктап, бир системага келтирүү зарыл болуп турат. Эң эле биринчи көркөм адабияттын илимий адабияттардан негизги айырмачылыгы – анын образдуулугу менен эмоционалдуу, экспрессивдүүлүгүндө экенин эстен чыгарбоо керек. Негизинен турмуштун ар кандай учуру адамдын көз алдына элестелип, ачык, даана, жандуу түрдө сүрөттөлсө, ал образдуулук деп аталары силерге белгилүү.

**Образ жөнүндө.** Чыгармага катышкан адамдардын бардыгы жалпысынан адабий каарман деп аталат. Бирок адабий каармандардын бардыгы эле образ боло бербейт. Адабий каарман образ болуу үчүн анын башка каармандардан өзгөчөлөнгөн, жекече өз башына гана таандык ачык-айкын кулк-мүнөзү, кыял-жоругу, салт-санаасы, түр-түспөлү болууга тийиш. Мисалы, «Саманчынын жолу» повестиндеги Толгонайдын иштеген иштери аркылуу жогорку идеал, эл-жер үчүн



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жанын кыюуга даяр турган карапайым кыргыз аялынын ачык-айкын образы берилген. Ага жалпы кыргыз аялдарына таандык бардык мыкты касиет, сапаттар топтолгон.

Адамдын эң сонун сапаттары, ошондой эле тескери кыял-жоруктары көркөм адабиятта гана жеткилең, таасын, элестүү баяндалат. Ошондо гана же аябай сүйгөн, же аябай жек көргөн оң жана терс образдар пайда болот. Мисалы, Бектурган менен Бөкөнчүнүн, Ажар менен Чырдын, Курманбек менен Тейитбектин, Жаңыл менен Түлкүнүн... образдары мына ушундай. Бул кейипкерлердин биринчилерине окурман жан тартып жакшы көрсө, экинчилерин көрөйүн деген көзү жок болуп, алар менен кайнаса каны кошулбайт.

**Адабияттын түрлөрү, тектери жана жанрлары.** Көркөм адабият бүтүндөй адам тагдырын даана көрсөткөн өзүнчө бир чоң күзгү, турмуштун окуу китеби. Ал эми турмуш болсо көп кырдуу, көп сырдуу жана татаал. Анда бир кичинекей окуя, тарыхый же адамзаттык окуя менен жеке бир адамдын тагдыры бүт элдин, жалпы адамзаттын тагдыры менен тогошуп, байланышат. Кээ бир окуялар көз ачып-жумганча аз гана убакыттын ичинде өтүп кетсе, айрым окуялар айлап-жылдап созулат. Түпкү теги бир болгон менен мына ушуга байланыштуу адабий чыгармалар бир катар окшош белгилерине карай: лирика, эпос, драма деген үч негизги түргө бөлүнөт.

**Лирика** – көркөм адабияттын негизги бир чакан түрү. Турмуш шарттарынын натыйжасында пайда болгон акын-сүрөткердин ой-пикири, ички толгонуулары, ага ылайык көңүл жайы, акыл-сезимдери, кубаныч-кейиши көбүнчө лирикалык чыгарма аркылуу берилет. Ал адабияттын «атка жеңил, тайга чак» түрү деп аталып, адатта ыр түрүндө жазылат. Анткени ыр аркылуу адамдын кайгы-кубанычы, аны элеп-желеп кылып, алып учкан санаа-ойлору, күйгүлтүккө салган көңүл-жайы даана боёктор менен тартылат.

Лириканын тематикасы өтө бай жана ар түрдүү. Ал: саясий, философиялык, граждандык, пейзаждык жана сүйүү лирикасы делип бешке бөлүнөт.

Чакан аңгемеден баштап романга чейин эпостук чыгарманын түрүнө кирет. Ачыгыраак айтканда, жөө жомок, эпос (дастандар), тамсил, аңгеме, повесть, поэма, романдын баары **эпикалык чыгармага** жатат. Булардын ар бири боюнча V класстан баштап алгачкы түшүнүк берилген. V–IX класстарда өтө көп эпикалык чыгармалар окулат. Алар ыр менен да, кара сөз түрүндө да жазылат. Эпиканын



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ыр түрүндөгүсү баллада, поэма, ыр менен жазылган роман деп аталса, кара сөз түрүндөгүсү аңгеме, новелла, эссе, повесть, роман деп аталат. V–IX класстарда «Жетим менен сыйкырчы», «Күч бирдикте», «Эненин жүрөгү», «Чептен эрдин күчү бек», «Энем», «Каракчынын трагедиясы», «Ажал менен Ар-Намыс», «Эшимкандын тереги», «Ким болду экен?», «Өлүп тирилгендер» сыяктуу поэмалар окулат. Эгер роман жанры **тарыхый, социалдык-турмуштук, психологиялык, өмүр баяндык** ж.б. болуп бөлүнсө, поэма менен повесттер да шарттуу түрдө ар кандай түргө бөлүнүшү ыктымал. Мисалы, жогорудагы поэмалардын биринчи бешөө элдик оозеки чыгармалардын негизинде жазылган поэмалар же дастандар деп аталса, «Энем» поэмасында социалдык-турмуштук да, психологиялык да касиеттер бар. Ал эми калган акыркы бешөө согуш темасына арналып, турмуштун ар кандай жагдай-кырдаалдарын камтыган поэмалар. Булардан тышкары V класстан баштап кара сөз түрүндөгү жөө жомоктор менен эпостор, тигил, бул романдын үзүндүлөрү, бир нече аңгеме, повесттер милдеттүү түрдө окууга сунуш кылынган. Эске алчу бир нерсе, маани-мазмуну, камтыган окуясы, көтөргөн проблемасы, кейипкерлердин саны ар башка болгону менен жөө жомоктон – эпоско, баллададан – поэмага, аңгемеден – романга чейинки көркөм дөөлөттөрдүн бардыгы эпикалык чыгармалар деп атала берет.

Адабияттын үчүнчү негизги түрү – **драма**. Драмалык чыгармаларда турмуштук окуялар, каармандардын мүнөздөрү, лирикалык, эпикалык чыгармалардагыдай автордун баяндоосу аркылуу сүрөттөлбөстөн, кейипкердин сүйлөгөн сөздөрү (диалог, монологдору), иштеген иштери, кылык-жоруктары аркылуу ачылат. Ошондуктан драмалык чыгармаларда ар бир каармандын сүйлөгөн сөзү, ички-тышкы монологу зор мааниге эгедер. Драманын эң негизги өзгөчөлүгү ал адегенде эле жетилген окуядан, курч конфликттен башталат. Анын каармандары драматургдун мүнөздөөсүнө, баяндоосуна, сүрөттөөсүнө муктаж эмес. Тагыраак айтканда, анда өзүнө-өзү мүнөздөмө берүүчү кейипкерлер сахнадан чыга келет. Ал каармандардын диалогдору, монологдору, репликалары, мимика-жаңдоолору аркылуу ишке ашат. Драмалык чыгарма негизинен сахнага коюу үчүн жаралат, андагы окуялар өткөн турмушту көрсөтүп жатса да, көрүүчү аны эми эле болуп жаткан окуядай кабыл алат. Бирок драманын кең жана тар маанисиндеги түшүнүктөрү бар. Кең маанисинде жалпы эле драмалык чыгармалар, тар мааниде драмалык чыгармалардын



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

бир гана түрү туурасында айтылат. Ал негизинен трагедия, комедия, драма деп үч топко бөлүнөт.

Трагедиянын каарманы өзүн өлүмгө дуушар кылуучу турмуштун бөтөнчө айласыз кырсыктуу кырдаалдарына, адамдын чаркы жеткис кыйын абалдар менен аябай катуу кармашчу аёосуз күрөштөргө кириптер болот. Натыйжада трагедиянын каарманы өзүнүн адилеттүү ак иши үчүн өлүмгө башын байлайт.

Комедияда сөз жана кыймыл-аракет аркылуу көбүнчө адамдын мүнөзүндөгү жат көрүнүштөр, алардын тескери нравасы менен кыялжоругу катуу шылдыңдалып келекеленет. Кээде адамдын оң сапаттары да турмуштук кызык ситуацияларга кириптер болгон учурлар кездешет. Мындай окуяга да көрүүчү таң калып, күлкүсү келет. Комедиялык чыгармалардын чыныгы классикалык үлгүсүнө Н.В. Гоголдун «Текшерүүчүсү» кирет.

Бардык эле драмалык чыгармаларда көбүнчө оң менен терстин, жакшы менен жамандын, ак менен каранын, адилеттик менен адилетсиздиктин, акылдуу менен наадандын ортосундагы айыгышкан күрөш көрсөтүлөт. Бирок мында окуя бардык эле учурда трагедиядагыдай каармандын өлүмү менен бүтө бербейт. Тематикалык жагынан да драмалык чыгармалар өтө бай жана ар түрдүү.

**Юмор жана сатира.** Жазуучу адамдар ар кандай турмуш окуялары жөнүндө баяндаганда аны туш келди жаза бербестен, белгилүү бир көз караштын, турмуш талабынын негизинде жазары белгилүү. Коомчулуктун жүзүнө көө жаап, кара так түшүргөн, адамды уялткан, кордогон, ыза кылган турмуштун түрдүү тескери жактары, адам мүнөздөрүнүн, кылык-жоруктарынын ар кандай начар, жан кейиткен учурлары да кездешет. Турмуштун, адамдын мындай кемчиликтерин, начар жактарын көркөм чыгарма таасын, таамай көрсөтүп, ага каршы күрөшө да алат. Андай кемчиликтер менен кейиштүү көрүнүштөргө каршы адабият күлкү, шылдың, шакаба, келеке менен күрөш жүргүзөт. Буга байланыштуу юмордук, сатиралык чыгармаларды жаратуу зарылчылыгы туулат.

Көркөм чыгармадагы күлкү эки түрдүү мааниге ээ. Биринде күлкү, шылдың менен келекелөө максатын көздөйт да, андай күлкүнүн «кермек», ачуу даамы болот. Экинчиси – «ачуусу» жок, «жазыксыз» күлкү. Юмордук мүнөздөгү чыгармалардын күлкүсү – дал ушундай «ачуусу» жок, «жазыксыз» күлкү. Жазуучу кээде жамандыгы жок, кала берсе өзү жакшы көргөн кишилердин кээ



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

бир кылык-жоруктарын күлкүлүү кылып көрсөтөт. Бирок анын бул күлкүсү – жазыксыз, сүйкүмдүү, жумшак, жагымдуу күлкү. Мисалы, Чаргындын айрым кемчиликтерин жазуучу дал ушундай сүйкүмдүү, жумшак юмор менен берген.

Айрым эл жомоктору менен ылакаптары да юмордук мүнөздө айтылат. Апенди туурасындагы ылакаптар, Куйручук менен Шаршендин, Жоошбай менен Бекназардын кылык-жоруктары жөнүндөгү аңгемелер элдик юморго жатат. Сатирада адамдардын мүнөзүндөгү ар кандай тескери, начар сапаттар катуу сындалып, шылдыңга алынат. «Биздин замандын кишилериндеги» Чегирткенин образы дал ушундай сатиралык мүнөздө жазылган. Ар кандай адабий чыгармалардын дээрлик баары (роман, повесть, аңгеме, пьесалар, ырлар, жомоктор) сатиралык да, юмордук да өңүттө жазыла берсе, анын кээ бир түрлөрү, мисалы, тамсил менен комедия турмуштун тескери, начар жактарын көрсөтүп, алар же юмордук, же сатиралык мүнөздө гана жазылат.

**Чыгарманын темасы жана идеясы.** Кандай гана чыгарма болбосун, ал турмуш окуяларынын негизинде жаралат. Башкача айтканда, көркөм чыгарма белгилүү бир турмуш фактыларын, окуяларын, адамдын тагдырын, жекече мүнөзүн баяндайт. Адабий чыгармада көрсөтүлгөн ошол белгилүү турмуш окуялары чыгарманын темасы деп аталат. Ачыгыраак айтканда, жазуучу эмне тууралуу жазса, ошол нерсе чыгарманын темасы болот.

Жазуучу турмуштун белгилүү бир учурун, адамдардын тынчын алган маанилүү, омоктуу маселелерди, чечилбей жаткан олуттуу проблемаларды көтөрүп чыгып, көрсөтүү менен бирге, ага байланыштуу өзүнүн толгонууларын да билдирет, алар жөнүндөгү өзүнүн корутунду – баасын да чыгарат. Адам турмушу, жаратылыш сүрөттөрү аркылуу, каармандардын мүнөзү, кыял-жоруктары, алардын түйшүк-кубанычтары аркылуу айтылган жазуучунун ой-пикири чыгарманын идеясы болот. Башкача айтканда, чыгармада сүрөттөлгөн турмуш окуялары аркылуу жазуучунун айтайын деген негизги ою – идея деп аталат.

**Көркөм чыгарманын композициясы жана сюжети. Композиция** – көркөм чыгарманын түзүлүш-курулушу, анда сүрөттөлгөн турмуш окуяларынын өз ара карым-катышынын жана байланышынын белгилүү тартиби. Чыгарманын композициясында кокусунан кирип калган артыкбаш материалдар болбошу керек. Анын ар бир бөлүгү, андагы ар бир окуя кадиксиз чындыкты ырастап, жазуучунун берейин деген



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

идеясын, ой-сезимин, толгонууларын даана, ачык түшүнүүгө жардам берүүгө тийиш. Композициянын негизги элементтерине: лирикалык чегинүү, эпизод, портрет, психологиялык мүнөздөмө, монолог, диалог, пейзаж, буюм-тайым (интерьер) кирет.

Өз чыгармасында автор ар кандай маселелер боюнча ой-максатын, сезимин билдирет. Бул **лирикалык чегинүү** деп аталат. Мындай чегинүү эпикалык чыгармаларда гана болот, драмада дегеле автордук сөз (речь) болбойт, ал эми лирика бүт бойдон автордун көңүл жайын билдирет. Лирикалык чегинүүнүн мааниси ар түрдүү. Мисалы, «Жеңишбек» поэмасында А. Осмонов адегенде эле кыргыз көлүн сүрөттөйт. Бул лирикалык чегинүүгө автор чоң жүк жүктөйт да, ал чегинүү чыгарманын башкы каарманы Миңбай чалдын оор кайгысын, мүнөзүн тереңирээк ачып берүүгө шарт түзөт.

Композиция көбүнчө өз алдынча бүткөн окуядан жана эпизоддордон түзүлүп-куралат. Бардык эле эпикалык чыгармаларда сюжет боюнча тутумдашып бириккен окуялардын ичинен өз алдынча белгилүү даражада бүткөн бир кичине бөлүк **эпизод** деп аталат.

Ар кандай кейипкерди сүрөттөөдө жазуучу анын мүнөз белгилеринин улам жаңы касиет-сапатын көрсөтүп жүрүп отурат. Акырында биз ал каармандын мүнөзүн толук билүүгө мүмкүндүк алабыз. Жазуучу адамдарды мүнөздөп жатып анын сырткы түспөлүн, кийген кийимин да сүрөттөйт. Бул **портрет** деп аталат.

Каармандардын мүнөзү бири-бири менен болгон мамилелеринде, маек, кеп-кеңештеринде, сүйлөшүүлөрүндө ого бетер белгилүү боло берет. Сүйлөшүүнүн мындай түрү **диалог** деп аталат. «Ажар» повестиндеги Айткулу менен Сагындын, «Жараланган жүрөктөгү» Бектурган менен Бөкөнчүнүн, Бектурган менен Супа молдонун, «Биринчи мугалимдеги» Дүйшөн менен Алтынайдын, Дүйшөн менен Сатымкул кераяктын же Картаңбайдын диалогдорунда аталган кейипкерлердин мүнөздөрүнүн негизги белгилери дагы даанараак көрүнөт. Монолог менен диалог драмалык чыгармалардын композициялык түзүлүшүндө өзгөчө мааниге ээ. «Жаңыл» жана «Курманбек» драмаларындагы Жаңыл, Курманбек, Тейитбектин монологдору, Жаңыл менен Түлкүнүн, Курманбек менен Тейитбектин диалогдору буга ачык мисал боло алат. Драмалык чыгармалар көбүнчө эки же андан ашык кейипкерлердин сүйлөшкөн диалогдорунан курулат.

Көркөм чыгармаларда окуялардын жогорудагыдай татаал түзүлүшү жана алардын жайгаштырылышы адам мүнөздөрүнүн мындай тартип-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

те ар тараптан, ар кыл жол менен ачылышы **композиция** деп аталат. Кандай гана жанрдагы чыгарма болбосун анын белгилүү композициясы жана ар бир жазуучунун өзүнүн композициялык принциби болот. Бирок чыгарманын структуралык негизин конфликт түзөрүн унутпоо керек. Ар бир чыгарма өзүнүн композициялык түзүлүшүнө жараша сюжеттүү да, сюжетсиз да боло берет. Мисалы, лирикалык чыгармада сюжет болбойт. Ошентип, мейли чоң-чоң романбы, мейли кичинекей лирикалык ырбы өзүнүн мазмунуна ылайык композициялык курулушка ээ.

Чыгарманын композициясы андагы адам мүнөздөрүнөн ажыратылбай бирге каралууга тийиш. Тигил же бул адам мүнөздөрүн кантип жазуу, алардын бири-бирине болгон мамилелерин кандайча көрсөтүү, чыгармадагы окуяларды кандайча жайгаштыруу, алардын кайсынысын биринчи планга алып чыгуу, буга байланыштуу чыгарманын сырткы структурасын (бөлүм, глава, эпизоддорго бөлүштүрүү) кандайча түзүү керектигин жазуучу өзү билет. Мына ушунун баары чыгарманын композициялык принцибин аныктайт. Адамдардын башынан өткөргөн белгилүү бир турмуштук окуяларды, ал адамдардын бири-бирине болгон мамилелерин, кыял-жоруктарын кынаптап көрсөтүүнүн негизинде кандайдыр бир мазмун пайда болот. Композициянын мындай формасы **сюжет** деп аталат. Ошентип, композиция да, сюжет да адам мүнөзүн ачуучу негизги каражат катары каралышы зарыл.

«Ажар» повести Ажардын энесинин мүрзөсүнө келип, жалооруп ыйлап турган **прологдон** башталат. Бул боло турган окуянын келип чыгыш себептерин түшүндүрүү максатында берилген жазуучунун алгачкы сөзү. Мындан кийин Ажар эмне үчүн мынчалык жапа чегишинин себептери ачылууга тийиш. Анын себептери дароо эле ачыла койбойт. Анткени бул окуянын келип чыгышынын далай себептери бар. Чыгарманын 2-бөлүмү көлөмдүү. Анда Ажардын ата-энеси, 16-жылдагы бөштондук кыймыл, Айткулу менен Жапаркулдун, Көбөгөн абышка менен кемпиринин өлүмү, качкан кыргыздардын бөтөн жер, бөтөн элге барышы, Батма менен Козубектин үй-бүлөсүнүн Сабитахун деген байдын ат сарайында баш калкалашы баяндалат. Мына ушунун баары негизги окуянын башталышына себепкер болгон чыгарманын киришүү бөлүмү. Повесттин 3-бөлүмүндө Кытай жериндеги оор турмуш көрсөтүлүп, Ажардын энеси өлөт. Бул окуянын андан ары өнүгүп, чиелене башташы, Козубектин Ажарды Сабитахунга сатышы, андан Чырга башы байланышы – окуя ырбап отуруп жогорку чекке жеткени.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Мындай азаптуу турмуштан кутулуунун жолун издеп, Чырдыкынан качып чыккан Ажардын өлүмү менен окуя чечилет. Ошентип каармандардын мүнөзү, көз карашы сюжетте берилген окуялар, турмуштук кырдаалды көрсөтүү аркылуу ачылат. Башкача айтканда, сюжет – адабий чыгармалардын мазмунунда берилген окуялардын өз ара тыгыз байланышы, алардын ырааттуу өсүп-өнүгүшү.

**Адабий чыгарманын баяндалыш ыкмалары жана тили.** Адабий чыгарманын баяндалыш ыкмалары: баяндоо, сүрөттөө, диалог түзөт. Бирок чыгарманын баяндалыш ыкмаларына портрет менен пейзаждык сүрөттөөлөрдүн да, диалог менен монологдун да тиешеси бар. Баяндоонун бул ыкмаларын чыгарманын сюжеттик-композициялык түзүлүшүнөн да ажыратууга болбойт. Ошондуктан жогоруда портрет, диалог, монолог жөнүндө кадыресе сөз болгону да табигый иш. Мындай болгондон кийин мурда айтылгандарды кайталабай, маселенин ток этер жерине токтолуп, айрым аныктамаларды тактоо гана зарыл болуп турат.

Окуялардын өнүгүшү жөнүндө жазуучунун системалуу, ырааттуу түрдө сүйлөп, айтып, жазып бериши **баяндоо** деп аталат. Чыгарманын сюжети негизинен баяндоо аркылуу түзүлөт, бирок сюжет куруда сүрөттөө менен диалогдун да мааниси зор. Каармандардын өңтүсү, сын-сыпаты, окуя жүрүп жаткан жер жана жаратылыш, кейипкерди курчап турган турмуш-шарттарынын бөтөнчөлүктөрү белгилүү бир тартипте ырааттуулук менен жазылса – бул **сүрөттөө**. Анын да: пейзаждык, портреттик сүрөттөөлөр, автордук мүнөздөмөлөр, турмуш шарттарынын сүрөттөлүшү деген түрлөрү бар.

Турмуш көрүнүштөрү менен шарттарынын сүрөттөлүшү каармандын ал-жайын, түшүнүгүн, билим жана маданий деңгээлин, дүйнө таанымын, эмнени жакшы көрө тургандыгын билүүгө жардам берет. Каармандын турмуш жагдайынын сүрөттөлүшү анын ички дүйнөсүн, психологиялык бөтөнчөлүгүн ачууга да шарт түзөт. Кээде каармандардын моралдык сапатын, эмнеге кызыгарын, мүнөзүн, дүйнөгө көз караштарын жазуучу өзү баяндайт. Мындай сүрөттөө **автордук мүнөздөмө** деп аталат.

Адабий чыгармада эки кишинин же бир нече кишинин бири-бири менен сүйлөшкөнү **диалог** деп аталат. Диалог да баяндоо, сүрөттөө сыяктуу эле чыгарманын каармандарынын мүнөзүн, алардын бири-бири менен болгон мамилесин ачууга чоң өбөлгө түзөт. Диалог драмалык чыгармалардагы эң негизги ыкмалардын бири. Ал эми каармандардын



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

өз алдынча, же башка адамдарга сүйлөгөн сөзү, көрүүчүлөргө кайрылып өз оюн айтышы монолог деп аталат.

Ар кандай жазуучу элдик тилден кеңири пайдаланат. Тилдин негизги каражаты сөз экени белгилүү. Сөз түз жана өтмө мааниде колдонулат. Анын мындай мааниде колдонулушу жалпы жолунан **троп** деп аталат. Троптун жана элестүү сөз каражаттарынын салыштыруу, гипербола, аллегория, кейиптештирүү, эпитет, метафора ж. б. түрлөрү бар.

**Салыштыруу** – өтмө мааниде айтылуучу элестүү сөздөрдүн жөнөкөй бир түрү. Бир нерсени ачык, даана мүнөздөш үчүн дагы бир экинчи нерсенин кандайдыр бир өзгөчө белгиси менен салыштырылып, алар бири-бирине жакындаштырылып айтылса, ал салыштыруу болот. Мисалы, «карагаттай көзү мөлтүрөп» десек, мында карагаттын капкаралыгы жана анын мөлтүрөгөн көрүнүшү аркылуу адамдын көзү өтө бир ачык, даана, элестүү түрдө сүрөттөлүп жатат. Кыргыз тилинде салыштыруу көбүнчө – **«дай»** мүчөсүнүн жардамы менен түзүлөт (карагаттай, анардай, тоодой, көлдөй, кымындай). Мындан башка да **бетер, сыяктуу, сыңары, сындуу, окшош, түстүү** деген жардамчы сөздөрү аркылуу да салыштыруулар жасалат. («Макмал түстүү кулпунат» – Ж. Бөкөнбаев).

**Гипербола** – өтмө мааниде айтылуучу элестүү сөздүн бир түрү. Сөз болуп жаткан окуянын же заттын кандайдыр бир касиети (сапаты, саны, ал-жайы) апыртылган түрдө ашыра мүнөздөлсө, гипербола деп аталат.

Астына сала бергенде
Ажыдаардын түрү бар.
Аркасынан карасаң,
Алтымыш эрдин сүрү бар.
Көзү көлдүн быткылдай,
Көрүнгөндү жуткандай.

Мында көркөм чыгарманын табиятына ылайык Манас баатырдын сырткы келбети, кайрат-күчү өтмө мааниде айтылып жатат. Мындай гиперболалык салыштыруулар поэзияда, айрыкча элдик чыгармаларда көп кездешет.

Кейиптештирүү да – көркөм адабияттагы турмушту сүрөттөп көрсөтүү ыкмаларынын биринен. Жаныбарларды, жансыз заттарды жаратылыш кубулуштарын сүйлөтүп, ойлонтуп, кубантып, кейитип, адам-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

дын кейпине келтирсе, ал **кейиптештирүү** деп аталат. М. Горькийдин ошол «Шумкар жөнүндөгү ырындагы» шумкар менен жыланга же жогорку эле чыгармадагы Ажал менен Ар-Намыска, «адамдан акылдуу» Гүлсаратка, дүйнөдөгү бүт кайгы-кубаныч, жакшы-жаманга ортоктош Жер энеге, тукуму үзүлүп, биротоло жер жүзүнөн жок болуп баратканарына жандары жай таппаган Ташчайнар менен Акбарага адамдын касиети берилип сүрөттөлүшү кейиптештирүүнүн чыныгы үлгүсү боло алат. Кейиптештирүү өзгөчө жомок, тамсилдерде колдонулуучу сүрөттөөнүн негизги ыкмасы.

Өтмө мааниде айтылып, сүрөткер көп колдонуучу сөздүн дагы бир түрү – эпитет. Кеңири мааниде айтканда, кандайдыр бир нерсенин же заттын өзгөчө бир бөтөнчөлүгүн мүнөздөп, аныктап, тактап түшүндүргөн сөздөр **эпитет** болуп эсептелет. Бул жагынан алганда сын атоочтун бардыгы эпитеттин милдетин аткарат. Эгер «асман», «суу» деген зат атооч сөздөрдү «тунук», «көк кашка» деген сын атооч сөздөр менен бирге айтсак, анда асмандын ачыктыгы менен суунун өтө тунуктугу жөнүндө айтылып жатканы белгилүү болор эле. Демек, эпитет ар бир заттын, нерсенин же окуянын бөтөнчөлүгүн мүнөздөп көрсөткөн көркөм сөз каражаты экен. Эпитет жалаң сын атооч сөздөрдөн гана эмес, башка сөз түркүмдөрү аркылуу да жасалат.

Шаңшытып чалып комузду,
Сайраттың булбул добушту.
Саймалап турат жаңылык,
Шибердүү жаңы конушту.

Бул ырдагы «шаңшытып» деген этиш сөз, «булбул» деген зат атооч эпитеттин милдетин аткарып жатат. Ошону менен бирге, бир зат бир гана эпитет эмес, эки түрдүү эпитет менен мүнөздөлгөндүгүн да көрүүгө болот. «Конуш» деген сөз «шибердүү» «жаңы» деген эпитет менен эмес, бир нече эпитет менен да мүнөздөлүшү мүмкүн.

Кээде эпитет мазмунунан ажырап, өзү мүнөздөгөн сөзү менен бир маанилеш болуп да кетет. Мисалы, ак сакал, алтын баш, кара жол. Бул сыяктуу өзү мүнөздөгөн сөзүнө биротоло байланып бирге айтылып калган эпитеттер – туруктуу эпитеттер деп аталат. Туруктуу эпитеттер көбүнчө кыргыздын элдик поэзиясында, айрыкча «Манас» эпосунда көп кездешет.

**Метафора** – өтмө мааниде айтылуучу сөздөрдүн негизги бир түрү. Кандайдыр бир затты же окуяны мүнөздөө үчүн башка бир заттын,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

же окуянын окшоштугун же бөтөнчөлүгүн ачык, даана көрсөтүү максатында метафора пайдаланылат. А. Осмоновдун «Россия» деген белгилүү ыры бар. Ошол ырда акын Россияны «бир боор энем» деп, өтө сүймөнчүлүк менен өтмө мааниде айтат. Өзүн тоолук жигит деп атоонун ордуна «тоо кушу» деп, Россия элинин, жеринин кеңдигин, бейпилдигин көрсөтүү үчүн «койнуң кенен» деген сөз топторун колдонот. Метафора жөнөкөй да, татаал түрдө да кездешет. Эгерде ал бир гана сөздөн куралган болсо жөнөкөй метафора, ал эми эки же андан ашык сөз өтмө маанидеги түшүнүктү туюнтса, ал татаал метафора деп аталат. «Күмүш зымдар» деген А. Токомбаевдин ыры буга ачык мисал боло алат. Мында убакыт өткөн сайын өмүр да өтүп, чач агарып, бетке бырыш түшүп, адамдын карый бергендигин акын өтмө мааниде мындайча жазган:

Күмүш зымдар көрктөгөндөй башымды,
Жаркыратса, секунд уурдайт жашымды.
Жыбыраган секунддардын жебеси,
Тордоп жатат кабак менен кашымды.

Жогоруда айтылгандардан башка да троптун: **метонимия, синекдоха, литота, символ** сыяктуу түрлөрү бар.

### Суроолор жана тапшырмалар

1. 9-класста окуган чыгармаларды тек, түр, жанр боюнча классификациялап дептериңерге жазгыла. Ошол эле чыгармалардан эпитет, метафора, литота, гипербола, салыштырууларды таап, көчүргүлө.
2. Окуган чыгармалардын темасын, идеясын айтып бергиле.
3. Образ, каарман, образдуулук деген түшүнүктөрдү чечмелегиле.
4. Адабият терминдеринин сөздүгүн пайдаланып, быйыл окуган адабият теориясынын маалыматтарын тереңдеткиле.

## АТА ЖУРТУҢ – АЛТЫН БЕШИГИҢ

### *(Соңку сөз ордуна)*

Таң атып келатат...

Таңкы салкын шамал табияттын эрке баласындай тоо-талааны өпкүлөйт, бүт ааламды түнкү уйкусунан желпип ойготот. «Таң атты, турмуш-тиричиликтин көзү, өмүрдүн өзөгү – Күндү күтүп алгыла!



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Күндүн алгачкы нуруна чөмүлгүлө! Ысык мээрим, ууз сезим ушул Күндүн нурунан жаралган! Тургула, дагы бир таң атты, жаңы бир күн башталды! Күндөн таралган отту бойго сиңирип, ийги ой-тилектер менен Жаңы күнүңөрдү баштагыла! Силер Жер деген бешикке бөлөнгөн Күн перзентисиңер! Күн перзентисиңер! Э-э-й, Күн перзенттери! Ойгонгула! Ойгонгула! Күндүн нурун жүзүнө сүртүп, алтын түскө боёлгон ай-ааламга карагыла! Силер дагы өзүңөрдүн көз ирмем кыска өмүрүңөрдө айлана-чөйрөңөргө Күнгө окшоп, нур чачкыла, ысык тараткыла! Күндү жараткан Алла таалага ыйман келтиргиле!

Таң атып келатат...

Куштар кубана үн кошушат. Жалбыректар дирилдеп, өздөрүнүн ысык сүйүүсүн сүйүнө билдиришет. Ай-аалам каракөк жамынчысын серпип таштап, жылаңач денесин Күнгө тосуп, улуу, ыйык махабатын айгинелейт: «Кош келдиң, Жаңы күн! Кош келдиң, жалын махабатым!»

Таң атып келатат...

Жер бешиктен бел баласы – адамдар дагы бирөө-экөө, бирөө-экөө болушуп, акырын-акырын көбөйүшүп, Чыгышка жүзүн бурушат: «О-О, улуу Кудурет, Күндү, Айды, Жерди, биз билбеген он сегиз миң аламды жаратканыңа жандуу-жансыз, жакшы-жаман дебей бардыгын нурга бөлөгөн айкөлдүгүңө, бүт дүйнөнү бир бүтүн, бир туташ деп карап, бөлүп-жарбаган кемел пейилиңе, мээрим-шапаатыңа миң бир таазим!»

Таң атып келатат...

Жүз жыл, миң жылдар мурда биздин тээ байыркы ата-бабаларыбызды нурга бөлөгөн, кубаныч-шаттык сыйлаган Күн, мынакей, бүгүн бизге оттуу жанарын кадайт: «Жети атаңды, жетимиш атаңды да көргөмүн, алардын кылык-жоруктарына күбө болгонмун. Миң-миң жылдардан бери өсүп-өнүп, укумдан-тукумга уланып, бүгүнкү күнгө жеткен силер кимсиңер, кандайсыңар?! Бабаларыңдын үмүтү акталдыбы? Ата Журтунда айланып жүргөн ата-бабаларыңдын арбагы ыраазыбы? Бүгүнкү күндөн эртеңки күнгө эмне калат силерден? Бүгүнкү күнүңөрдү кантип өткөрөсүңөр?»

Таң атты. Дагы бир жаңы күн башталды...

Биз кече бүтпөгөн ишибизди, кече түптөп аяктабаган оюбузду бүгүн андан ары улантабыз...

Куштар сайрайт, жалбыректар дирилдейт ...

Көккө көтөрүлүп бараткан Күндүн нуруна чайынып, ойго батасың...

«Ата журтунда ата-бабаларыңдын арбагы айланып жүрөт...»

«Киндик каның тамган жер сенин Ата Журтуң...»



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

«Ата Журт деген эмне? Кай жерде өсүп-өнсөң, кайсы жерде курсагың ток, үстүң бүтүн болсо, ошол жердин суусун ичип, отун оттойсуң...»

Жалпы алганда, туулган жер, Ата Мекен тууралуу жогоркудай түрдүү ой-пикирлер көп. Баарынын астарында, түп негизинде бир чындык жатат. Ата-бабаларыңдын сөөгү коюлган, өзүңдүн киндик каның тамган, бала-чакаң өсүп-өнүп, урпагың уланган жер – эң ыйык, эң касиеттүү жер!

Бирок, бүгүнкү цивилизациянын шартында канчалык ыйык көрсөң дагы бир жерге байланып кала албайсың. Күтүлбөгөн түрдүү жагдайлар, кызмат шарты дегендей, кандай жерлерге таманың тиет, өзүң дагы алдын ала билбейсиң. Бир тутам кыска өмүрүңдө кандай бейиш багын аралаба, акыр түбү айланып түп казыгыңа келесиң. Анткени, сени ата-бабаларыңдын руху жөн койбойт, – эгер сен ата сыйлап, эне сыйлап өскөн перзент болсоң! Ал эми, эне сүтүн эмбеген, тууган жеринин ысыгы таманына өтпөгөн болсо, андайларга айла жок!

Казакстан жана Кыргыз Республикасынын эл акыны Мухтар Шаханов «Төрт эне» деген ырында Ата Журт жөнүндө өз пикирин мындайча билдирет:

Тагдырыңды тамырсыздык илдетинен корголот,
Мазмунуңа мазмунсуздук кирип алса кор болот.
Ар адамда өз энеден бөлөк да,
Өмүрүнө таяныч да, жөлөк да
Ар бири үчүн алар жаны өрттөнө,
Болуу керек кудуреттүү төрт эне:
ТУУГАН ТИЛИ – байлыгы, гүл азыгы,
ТУУГАН АДАТ, САЛТ-САНААСЫ – тиреги
Эртеңине шоола чачып кирери,
Жана ТУУГАН ТАРЫХЫ!
Эске алууга бул сага,
Канча оор, муң-кайгылуу болсо да
Кудурет жок төрт энеге тең келер,
Ансыз жаның камгак окшоп сенделер.
Өзгө эненин улуулугун түшүнбөс,
Өз энесин сүйө албаган пенделер.
Төрт энеге канат жалгай албаган,
Тамырсыздын башы кайда калбаган?!
Төрт энесин коргобогон калктын,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Эч убакта бак жылдызы жанбаган.
Касиеттүү бул төрт эне тагдырындын сулуусу,
Төрт эне үчүн болгон күрөш – күрөштөрдүн улуусу!

*(Казак тилинен которгон Бактыгүл Чотурова)*

Жерине жеткирее айтылган акындын сөзүн жетесиз гана түшүнбөс! Бул ырдан кийин Тууган жердин ыйыктыгы жөнүндө дагы да кеп кылуу артыкча.

Туран дейбизби, Түркстан же Орто Азия дейбизби, айтоор, ушундай чалкып жаткан кең мейкиндикти ээлеп, жашап өткөн биздин ата-бабаларыбыздын улуулугун бийик тоолорго карап, жан дүйнөсүнүн сулуулугун бак-гүлзарларына, айкөл көңүлүн алп талаасына карап баалайсың. Бир булактан суу ичип, бир жайлоодо малын багып, бир талаада катарлашып эгин салып, бак өстүргөн бир тууган ага-ини, боордоштор чек ара эмне экенин билишкен деле эмес. Кийинки кылымдарда гана башталган бөлүнүү, атайлап бөлүү саясатынан келип, азыркыдай боордош эгемендүү мамлекеттер пайда болгонун айтуу жаңылык эмес. Мына ушул мамлекеттүүлүктүн өзү бир атанын балдары үйлүү-жайлуу болуп, өзүнчө түтүн булатканындай эле кубулуш. Ал ата-эне балдарына кандай мамиледе болот: уулу да, кызы да, чоңу же кичүүсү да алар үчүн перзент! Бардыгын бирдей мээрим менен өстүрбөйбү?!

Мамлекетти бир үй-бүлө деп алсак, Кыргызстанда кыргызга кандай шарт жасалса, өзбек же тажикке дагы ошондой шарт жасалган. Ал Өзбекстанда дагы ушундай: бардык улут өкүлдөрү бирдей мүмкүнчүлүккө ээ, мыйзам бардыгыбызга тең. Ар ким, ал кандай улут өкүлү болбосун, өзүнүн иш-аракетине, боюндагы касиетине, чама-чаркына карап турмуштан өз ордун тапкан: илимдин соңуна түшкөн кыргыздар илимдин кандидаты, илимдин доктору, ал эми өнөр жайда, чарбаларда жетекчи кызматта жүргөндөр канча!

Өзбекстандык кыргыздар эчен-эчен кылымдар бою ушул аймакта жашап өткөн калктын бүгүнкү мууну. Алар башка жактан көчүп келишпеген. Ата-бабаларынын сөөгү ушул өлкөдө, азыр балдарынын балдары – небире, чөбүрөлөрү ушул өлкөдө өсүп-өнүп жатат! Демек, ушул мекенде жашоочу кыргыздардын түп казыгы – Ата Журту – Өзбекстан! Ар бир кыргыздын тагдыры Өзбекстан тагдыры менен туташып кеткен – бөлүнбөйт, эч ким эч качан бөлө албайт!



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Мынакей, силер 9-класска арналган «Адабият» окуу китебин да окуп бүттүңөр. Арийне, дүйнөлүк адабиятты деңиз деп билсек, кыргыз адабияты ошол деңиздин тамчылары гана. Силер Өзбекстанда туулуп өстүңөр, ошондуктан кыргыз адабиятынан там-тумдап гана маалымат алдыңар. Эгер силерде адабиятка деген кызыгуу, куштардык ойгонсо, анда кыргыз же өзбек адабияты болобу, казак же орус адабияты болобу, дүйнөлүк адабияттан котормолорбу, кыскасы, колуңардан келишинче, мүмкүндүгүңөр болушунча көп окууга аракеттенгиле. Анткени канчалык көп окусаңар, көп билсеңер, силердин биринчиден, инсан эсебинде ой-жүгүртүүңөр кеңейет, жакшы-жаманды ылгай аласыңар.

Силерге өмүрлүк бакыт-таалай каалап,

*Авторлордун атынан М. Парпиев*



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МАЗМУНУ

Киришүү ..... 3

### XX кылымдын биринчи жарымындагы кыргыз адабияты

К. Тыныстанов ..... 6
Ала-Тоо ..... 10
Манас күмбөзү ..... 11
С. Карачев ..... 13
Эрксиз күндөрдө ..... 15
А. Токомбаев ..... 21
Мезгил учат ..... 23
К. Баялинов ..... 38
Ажар ..... 39
Эркиндик эңсеген кыздын тагдыры ..... 50
Адабият теориясынан: көркөм чыгармадагы пролог жана эпилог ..... 52
К. Жантөшев ..... 53
Курманбек ..... 54
«Курманбек» драмасы ..... 73
Адабият теориясынан: драмалык конфликт ..... 78
М. Элебаев ..... 79
Кыйын кезең ..... 81
Кыйын кезеңдеги турмуш ..... 90
Ж. Турусбеков ..... 92
Энем ..... 93
Каракчынын трагедиясы ..... 97
Адабият теориясынан: поэма жөнүндө түшүнүк ..... 101
Ж. Бөкөнбаев ..... 102
Ажал менен ар-намыс ..... 105
Адабият теориясынан: символ жана шарттуулук ..... 110
К. Маликов ..... 112
Жаңыл ..... 113
«Жаңыл» драмасы ..... 124
А. Осмонов ..... 127
Бөбөккө ..... 128
Тирүүлүк, Адамзат ..... 130
Ата Журт, Коштошуу ..... 131
Мен кыргыздын акыны ..... 133
Пушкинге ..... 134
Шота Руставелиге ..... 135
Музыка ..... 136
Эшимкандын тереги ..... 137



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Өлүп тирилгендер ..... 141
Адабият теориясынан: салт жана жаңылык ..... 148

## XX кылымдын экинчи жарымындагы кыргыз адабияты

Ч. Айтматов ..... 150
Чыңгыз Айтматов жана өзбек адабияты ..... 155
Саманчынын жолу ..... 158
Адамзаттын жолу жөнүндөгү баян ..... 178
Кылым карытаар бир күн ..... 184
Адабият теориясынан: көркөм шарттуулук түшүнүгүн тереңдетүү ..... 186
Н. Байтемиров ..... 188
Календардын барагы ..... 190
К. Каимов ..... 192
Анарбайдын көпүрөсү ..... 194
«Анарбайдын көпүрөсү» – жаңы салттын уланышы ..... 199
А. Саспаев ..... 201
Татым туз ..... 203
Сарала ит ..... 206
С. Жусуев ..... 210
Кубаныч ..... 210
Ө. Даникеев ..... 218
Кыздын сыры ..... 219
Ш. Садыбакасов ..... 232
Ак боз ат ..... 233
Ш. Дүйшеев ..... 240
Кайран тил ..... 240

## Боордош жана дүйнөлүк адабияттын үлгүлөрүнөн

Кабус-наама ..... 242

## Өзбек поэзиясынын башаты

Алишер Наваий ..... 255
Сүйүү гүлдестеси ..... 257

## Өзбек-кыргыз адабий байланыштары

Абдулла Кадырий ..... 270
Дүйшөмбү күнү кечинде ..... 271
Чолпон ..... 276
Абдулла Арипов ..... 279
Аман Матчан ..... 283
Адабият теориясы боюнча V–IX класстарда алган маалыматтарды жыйынтыктоо ..... 286
Ата Журтуң – алтын бешигиң ..... 296



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*O'quv nashri*

**PARPIYEV MERGEN, ALIMOV BEKTURSUN**

# ADABIYOT

*Umumta'lim maktablarining 9-sinf o'quvchilari uchun darslik*

*(Qirg'iz tilida)*

To'rtinchi nashr

Редактору *Р. Жуманазарова*
Көркөм редактору *Х. Кутлуков*
Техн. редактору *Л. Хижова*
Компьютерде даярдаган *Б. Душанова*

Басманын лицензиясы AI 158.14.08.2009. 2019-жылы 27-февралда басууга уруксат этилди. Форматы 70×90$^{1}/_{16}$.Офсеттик кагаз. «Таймс» гарнитурасы. Офсеттик басма усулда басылды. Шарттуу басма табагы 22,23. Учёттук басма табагы 21,92. Нускасы 817. Келишим № 19-178.

Өзбекстан Республикасы Президенти Администрациясынын алдындагы Маалымат жана массалык коммуникациялар агенттигинин «O'zbekiston» басма-полиграфиялык чыгармачылык үйүндө басылды. 100011. Ташкент. Наваий көчөсү, 30.

Телефон: (371) 244-87-55, 244-87-20
Факс: (371) 244-37-81, 244-38-10.
e-mail: uzbekistan@iptd-uzbekistan.uz
www.iptd-uzbekistan.uz

http://eduportal.uz

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал

| № | Окуучунун аты, фамилиясы | Окуу жылы | Окуу китебинин алынган-дагы абалы | Класс жетекчисинин колу | Окуу китебинин тапшырыл-гандагы абалы | Класс жетекчиси-нин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |
| 6 | | | | | | |

Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын аягында кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан төмөнкү баалоо критерийлеринин негизинде толтурулат.

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебинин биринчи жолу пайдаланууга берилгендеги абалы |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, окуу китеби негизги бөлүгүнөн ажырабаган. Бардык баракгары бар, жыртылбаган, беттеринде жазуу жана сызуулар жок. |
| Канаат-тандырарлык | Мукабасы эзилген, четтери жыртылган, окуу китебинин негизги бөлүктөн ажыралуу абалы бар, пайдалануучу тарабынан канааттандырарлык даражада калыбына келтирилген. Кээ бир беттерине сызылган. |
| Канаат-тандырарлык эмес | Мукабага чийилген, жыртылган, негизги бөлүгүнөн ажыралган же бүтүндөй жок, канааттандырарлык эмес даражада калыбына келтирилген. Беттери жыртылган,баракгары жетишсиз, чийип-боёп ташталган. Окуу китебин калыбына келтирүүгө болбойт. |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE